КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ.

ТАРБИЯ НАЗАРИЯТЫ

(Окуу китеби, Педагогика, 3—бөлүм)

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 1995—жыл 24-октябрдагы № 0210/1455 макулдук билдирүү сүнүн негизинде жогорку жана орто окуу жайлардын студенттери үчүн окуу китеби, мугалимдер жана ата—энелер үчүн колдонмо катары басмага сунуш кылынган.

67599
БИБЛИОТЕКА
Ошский государственный университет
ИНВ. № 790421

Ош—1996.

Жооптуу редактор Аскар Чукутаевич Какеев, Кыргыз улуттук академиясынын академиги.

Пикир жазгандар:

Нурила Имаева, КМУУнун профессору. Токтосун Аттокуров, ОшМУнун профессору.

Автор: БЕКЕМБАЙ Апыш

Окуу китеби педагогика (3—бөлүм) курсунун программасына ылайык мугалимдик адистикке даярдалып жаткан студенттер, мектепте иштеп жаткан мугалимдер жана ата—энелер үчүн, ошондой эле, эки баскычтуу жогорку окуу жайлардын түндүү адистиктеги бакалабрияттары үчүн жазылган.

Кыргыздын элдик педагогикасынын бай материалдарын азыркы илимий педагогикалык ой жүгүртүүнүн негизинде талдап, эне тилибизде аздыр—көптүр ырааттуу баян эткен тунгуч окуу китеби.

Автордун «Жалпы дидактиканын негиздери» (Бишкек, «Мектеп» 1991, нускасы 15000), Педагогика (Ош, 1993, нускасы 20000) деген окуу куралдары студенттер менен мектеп мугалимдери үчүн элдик педагогиканын залкар идеяларынын маңыз маанисин илик теп үйрөнүүдө, педагогикалык илимий ойлордун, алдыңкы иш тажрыйбаларынын акыркы жетишкендиктерин аңдап түшүнүүдө туура багыт көрсөтүүчү эне тилиндеги бирден бир булак болуп калды.

СӨЗ БАШЫ

Кыргыздар дүйнөдөгү эң эле байыркы элдерден экендиги жөнүндө кары тарых бетинде баян этилет. Көчмөн турмуштун жана жашоонун түрдүү катаал шарттарынын кырдаалында чоң тарыхый жазма эстелик же атайын кооз имараттар калтырбаганы менен кыргыздар көптөгөн кылымдар бою Ата журттун эркиндиги үчүн каны-жанын аябай, Мекенди, элдин ынтымак биримдигин, ата-бабалардын нарк-нускалуу салттарын, улуттун намыз-ариетин ыйык сактап, бийик туткан тектүү, түптүү калк экендигин чагылдырган, тээ тарыхтын түпкүрүнөн бери бейпил тиричилигинде жана жоокердик күндөрүндө мүлдө кыргыз башынан кечирген кубаныч—шаңы менен кайгы—муңун көркөмдөп элестүү баян эткен Улуу сөз Сепилдерин укумдан-тукумга мурас кылып калтырган. Түгөлбай Сыдыкбек уулу айткандай, бул улуу мурас сууга жуулбайт, отко күйбөйт, алааматтарда кыйрабайт.

Ата—бабалардан калган бул асыл баалуу руханий кенчти канчалык терең изилдеп үйрөнүп, туура баалап, чеберчилик менен пайдалана билген сайын алар бизге өзүнүн укмуштуудай купуя сырларын улам жаңылап ачып бере берет.

Элди бүткүл дүйнөлүк цивилизациянын бүгүнкү деңгээлинде кайра жаратуу—эркин кыргыз өлкөсүнө мезгилдин койгон талабы! Ар кандай эле өлкөнүн өркүндөп өсүүсүн улуттук маданияттын гүлдөшү камсыз кылат. Анткени улуттук маданият элдин тарыхын, салт-санаасын, оозеки адабиятын, тилин, дилин, динин, жашоо тиричиликтеги тажрыйбасын, акыл-ой корутундуларын, улуттук өнөр ажарын өзүнө камтыйт. Дал ушундай көп кырдуу маданияттын каймагын калпып өзүнүн тулку боюна сиңирген, ар бир улуттун руханий дүйнөсүнүн мерчемдүү түйүнү—бул элдик педагогика. Кылымдарды карытып кырындыдан чогулган бул кудурети күчтүү руханий дараметти ата-бабалар жаш муундарды

тарбиялоодогу туура багытты көрсөтүүчү Алтын Казык жылдыздай ориентир алгандыгынын натыйжасында гана кыргыздар Ата журт үчүн кашык канын аябаган атуулдук, адал эмгеги менен элдин жүгүн көтөргөн ак ниеттик, кара кылды как жарган калыстык, ата салтты сактаган нарктуулук, кең пейилдүү жоомарттык, адамзатка райымдуу айкөлдүк, ыйманы аруу адептүүлүк, абийири күчтүү намыскөйлүк өндүү адамдык асыл касиеттерди ыйык туткан жоокер, кыраакы, маданияттуу, даанышман элге айланган.

Бүгүнкү реалдуу чындык болуп калган тиричилик турмуштун көп кубулуштарын кыргыздар миңдеген жылдар алдын ала кыялында таамай элестетип туя билишкен (Жер тыңшаар Мамыт, угар кулак Мамыт, Көрөөр көз Мамыт, Куюн көтөн Мамыт ж.б.)

Демек, элибизди кайра жаратуу ишинин уюткусун кыргыздын элдик педагогикасы менен азыркы дүйнөлүк илимий педагогиканын орошон ширетмеси түзүүгө тийиш. Дүйнөлүк цивилизациянын туу чокусуна чыккан бүгүнкү америка, жапон, англис, француз, немис элдеринде тек ушундай педагогика элдин баары үчүн—мугалимдер үчүн да, кызматчылар үчүн да, ата-энелер үчүн да өтө зарыл илимге айланып калган. Ал элдердин руханий дүйнөсүнүн да, жүрүш-туруш маданиятынын да өзөгүн ошол илим түзөт.

Дүйнөнүн бүгүнкү маданияттуу элдеринин баарында педагогикага болгон ыклас, биздин ата-бабаларыбыздын элдик педагогикага болгон астейдил ыкласындай эле өтө күчтүү.

Биз колубузга алган эмгек (окуу китеби) кыргыздын элдик педагогикасындагы залкар идеяларды азыркы илимий педагогиканын жетишкендиктери менен туура айкалыштырып, ырааттуу ой жүгүртүүгө болгон эң алгачкы далаалат десек болот.

Кыргыз тилинде биринчи чыгып жаткан окуу китебинде педагогикалык айрым терминдердин котормосу, тунютмалардын кээ бир таржымалдары бара-бара тактала берүүгө тийиш. Ошондуктан, бул китеп бүт камтыган маселелерди даана баяндаган, телегейи тегиз эмгек деген бүтүм чыгаруудан оолакпыз.

Мезгилинде орус тили биздин экинчи эне тилибиз болуп калды, педагогика, психология өндүү илимдерди кыргыз тилинде изилдеп өнүктүрүүнүн зарылдыгы деле жок деген ойго келип калганбыз.

Натыйжада эне тилибизде педагогика жаатында элибиздин улуттук өзгөчөлүгүн эсепке алган колго алаарлык эч нерсебиз

жок алакан жайып олтуруп калдык. Бул эч качан орду толбой турган өксүк. Бул окуу китеби ошол бөксөнү, аз да болсо, толук тоого болгон аракет. Бул багытта көп иш жүргүзүүгө тийишпиз. Мындай окуу китептеринин бир нече атаандаш варианттарын кыска мезгилде иштеп чыкпай туруп, педагогика илимине болгон элдин ыкласын ойготуу кыйын. Ал ыклассыз педагогикалык ой жүгүртүү өнүкпөйт. Ал эми педагогика ар кандай эле улуттун маданий дараметинин көрсөткүчү, адеп-ахлагынын таянычы. Элдин маданий жүрүш-турушуна педагогдор үлгү көрсөтүп, ал эми илимий мекемелер менен окуу жайларында педагогика үлгүлүү илим катары болбогон элге келечек бүдөмүк.

Жооптуу редактор: А.Ч. КАКЕЕВ.

1—БАП
ТАРБИЯ ЖАРАЯНЫНЫН МАҢЫЗ МААНИСИ ЖАНА МЫЙЗАМ ЧЕНЕМДҮҮЛҮКТӨРҮ.

Назарият (теория) —объективдүү чындыктын буюмдарынын, кубулуштарынын маанилүү касиеттерин жана алака мамилелерин чагылдыруучу түшүнүк, жобо, мыйзам жана категориялардын системасы, илимий ой жүгүртүүнүн бийик формасы. Назарият фактыларды байкап иликтөөнүн, анын үстүнөн сынамык өткөрүүнүн жана баяндап жазуунун, аларды түркүмдөштүрүүнүн жана жалпылоонун натыйжасында келип чыгат.

Тарбиянын назарияты дегенде биз балдардагы инсандык касиет **терди калыптандыруу жараянынын мазмунун жана маңыз маанисин аныктап, тарбия ишин максатка ылайык туура багытта уюштуруп башкаруу мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү окууну түшүнөбүз.** Тарбия үй-бүлөдө, мектеп жана булардан тышкаркы чөйрөлөрдө деле тынымсыз ишке ашып турууучу кубулуш.

Тарбия назариятынын жардамы менен өткөн муундардын жашоо тиричилигиндеги алгылыктуу иш тажрыйбаларды өздөштүрүп, өз мезгилине мүнөздүү адеп—ахлактын нормаларына ылайык жүрүш—туруш үйүтүн үйрөнүп, жаштар коомдо өмүр сүргөн идеологияны аң-сезимине сиңиришет

Тарбия—адам коомунун эң негизги функциясы. Бүткүл адамзаттын иштеп чыккан материалдык жана руханий байлыгын улуу муундар улам кийинкилерине тарбия аркылуу берет, улам кийинки муундар өткөндөрдөн калган мураска тарбия жараянында ээ болушат. Тарбия жараянынын маңыз мааниси так мына ушунда.

Улам кийинки муундар тарбия жараянында ээ болгон материалдык жана руханий байлыктарды андан ары байытуу менен коомдогу прогрессти камсыз кылышат. Демек, тарбиясыз коомдо өсүү болбойт. Коом тарбиясыз бир ачкан жаңылыгын кайра-кайра ачып, бир деңгээлде өйдө көтөрүлбөй, бир орунда тура бермек. Коомду жана анын прогрессин дайыма тарбия жараяны жандап жүрөт. Ушул жагдайды эске алып, тарбия адам коомун дайыма коштоп жүрүүчү түбөлүк категория деген корутундуга келген В. И. Ленин (14)[1]

Коомдогу прогрессти өндүрүштүн өнүп өсүүсү камсыз кылса, өндүрүштү алдыга жылдырып, ага дем берүүчү күч—бул өндүргүч күч. Ал эми негизги өндүргүч күч—бул эмгекчи эл, букара. Демек, тарбия элдин жыргалчылыгы үчүн зарыл материалдарды өндүрүүнү өркүндөтүүгө жөндөмдүү эмгек адамдарын даярдоого багытталуусу ылазым. Ошентип, коомдун келечек тагдырын тарбия

[1] Кашаанын ичиндеги цифра китептин аягындагы адабияттардын тизмедеги иретин, үтүрдөн кийин коюлган цифралар китептин бетин көрсөтөт.

аныктайт.

Тарбия жараянынын маңыз маанисин аныктоодогу дагы бир көрүнүш—муундардын бири-бири менен байланышындагы прогресивдүү салттарды, алгылыктуу тажрыйбаларды өркүндөтүү аркылуу коомдогу прогресстин камсыз болуусуна өбөлгө түзүү. Демек, тарбия жараянынын маңыз маанисин анын улуттук ажары да аныктайт. К.Д. Ушинский бул жагдайды өтө баса белгилеп, ар бир улуттун өзгөчө тарбия системасы болот. Ар кандай эле улут бала тарбиялоодо бөтөн бир улуттун системасын пайдалана албайт деген ойду баса белгилейт. Анткени улуттун маданий салт-санаасы, эмгектик тажрыйбасы, тили, дили, көркөм өнөрү жаш муундарга тарбия жараянында берилет (33).

Дүйнөнүн бардык элдери сыяктуу эле кыргыздардын да эч бир кайталангыс улуттук өзгөчөлүгү, элибизди кылымдар бою тарбиялап келген руханий—ыймандык булактары бар. Ата-бабаларыбыз билгичтик менен чебер пайдаланып, муундан муунга өркүндөтүп өткөрүп келген ошол асыл булактарды империялык—тоталитардык мезгилде үй-бүлөнүн жана мектептин амалиятында колдонбой коюп, тарбия жараянын улуттук уюткудан кур жалак калтырдык жана мектептерибизди эл тамырынан ажыраттык. Эл тамырынан ажыраган мектеп эч качан элдик мектеп боло албайт. Толук кандуу улуттук мектеп гана элдик боло алат. Мындай мектеп улуттук маданиятты түптөп аны коргойт жана жалпы дүйнөлүк маданияттын эсебинен аны байытат. Улуттук маданияттын эсебинен дүйнөлүк маданият да байыйт. Улуттук мектептин жүзүн билим берүүнүн мазмуну аныктайт. Анын өзөгүн эне тили, адабияты, элдин тарыхы, маданияты, эл, жер тааануу өндүү окуулуктар түзөт.

Орус элинин: «Уул тарбияласаң—эркекти, кыз тарбияласаң улутту тарбиялайсың»—деген накыл сөзү нукура эле акылдын каймагы. Анткени, кыз келечек колукту, эне, чоң эне! Ал эми энелер—тубаса тарбиячы, болгондо да табийгый, мээрбан тарбиячы. Ар кандай улуттун ажары да, касиети да кызда—эне, чоң эне, таенеде. Энелер—аялзаты—улуттук тарбия системасынын өзөгү. Ошондуктан биздин ата-бабаларыбыз аялзатынын табият жана коом алдындагы миссиясынын улуулугуна баш ийип, таазим этүү менен энени, аялды ыйык тутуп, үй-бүлөдө аларды культ катары көргөндүгүнө Каныкей, Айчүрөк, Жаңыл Мырза, Қишимжан, Акылкарачач жана башкалардын көркөм элестери далил.

«Қыздын кырк чачы улуу» —деп ага өтө урматтап мамиле кылуу менен катар «Қыздуу үйдө кыл жатпайт», «Қызга кырк үйдөн тыюу», «Эшигин көрүп төрүнө от, энесин көрүп кызын ал» деп, кыз тарбиялоого талапты катуу коюп, биздин бабаларыбыз

кыздарды социалдык жактан тезирээк жетилдирүүгө умтулушкан.

Кыз балага—9 жашынан, уул балага —12 жашынан орозо, намаз буйруйт деген жамы мусулмандардагы талаптын коюлушу, балдар ушул куралтан эле социалдык жактан бойго жете баштайт дегенди түшүндүргөн. Турмуштун татаал маселелерине кыраакылык менен мамиле жасаган бабаларыбыз жаш муундарын эч качан социалдык инфантилизмге кириптер кылган эмес. Балдардын социалдык жактан бойго жетүү курагы, алардын биологиялык (жыныстык) жактан бойго жетүү курагынан дайыма алдыда жүргөн. Бүгүнкү цивилизациалуу элдерде окумуштуу педагог, социологдорунун башын маң кылып, чоң түйшүккө салып жаткан татаал проблеманы—«балалык проблемасын»—карапайым эле жөн, жай эле, өтө ийгиликтүү чечип коюшканына биздин ата-бабаларыбыздын тажрыйбасы эң сонун далил.

Бала өз алдынча бой токтотуп, аягына тыкан тура алган учурунан баштап эле үй-бүлөнүн тиричилигине активдүү катышкан. «Кылганың биз үчүн, үйрөнгөнүң өзүң үчүн, балам»—деп, балдарды үй тиричилигине кол кабыш кылбай көчөдө ойноп, далагай жүрүшүнө ата-эне жол койгон эмес.

Алсак, уул балдар 5—6 жашынан баштап эле отун алып, от жаккан, кышында мал сугарып, байлап, ага от салып, малканаңы тазалаган, кар күрөгөн, жаз, жай, күз айларында мал кайтарган, көгөнгө козу, улак байлап, желе тарткан, мингич атты сууткан, таң ашырган, отко койгон, аны тушаган, аркандаган, токуган, жайдактаган, меймандын атын алып жайлаган, колго суу куйган, нан сындырган, чай куйган, союш сойгон, жиликтеген, бышырган, аны конокко тарткан ж.б.у.с. иштерди аткарууга бой тарткан сайын көнүгө берген.

Ал эми кыз балдар өтө жашынан эле суу ташуу, казан асуу, идиш—аякты таза тутуу, дасторкон салуу, төшөк салуу жана жыюу, үйдү таза кармоо, оюп чийип сайма саюу, кийим бычып тигүү, жандыкты, малды саап сүт бышыруу, айран уютуу, сүт, айранды бышып май алуу, аны сызгыруу, сүзмө куюу, курут кайнатуу жана кургатуу, бээ саап кымыз бышуу, ийик ийрип жип чыйратуу, жүн тытып сабоо, өрмөк куруу, согуу, аркан эшүү, кийиз басуу, чий токуу ж.б.у.с. иштерди аткарып көнүшкөн.

Ошентип, турмуш тиричилиги менен көзүн ачкан бала ата-эне си менен жакындарынын көңүлүнө толгудай ишти көбүрөөк жасоого умтулган, өзү жөнүндө үйдөгүлөрдүн кам көрүүсүн күтпөстөн, алар жөнүндө өзү көбүрөөк кам көргүсү келген балада айкөлдүк пейил түптөлүп, адептүүлүк маданият өсөт. Мындай бал

дар кийинки турмушундагы ар кандай кыйынчылыкты кебелбей жеңип, эч кимге көз каранды болбой, өз оокатына тың болот. Жашоодогу жеңил жолду издеп адепсиздикке эч качан барбайт. Кыргыздагы кең пейилдик, ашкере жоомарттык, нарктуу түптүү лүк, намыз ариеттүүлүктүн башаты ушундай улуттук тарбиянын өзгөчө системасында жатат. Бул системадагы эң баса белгилей турган жагдай—тарбия жараянындагы жыныстык өзгөчөлүктү эске алуу. Акыркы мезгилде биз уул бала менен кыз балдардын ортосундагы айырмачылыкты жокко чыгарып жибердик. Мындан тарбия жараянынын натыйжасыздыгы күчөдү. Анын үстүнө или мий техникалык жана социалдык прогресс элдин үй тиричилигин (айрыкча шаардыктардын) өтө жеңилдетип жиберди. Жеңил турмуш балдардын ойноп далагай жүрө турган курагын чексиз эле узартып жиберди. Бир мезгилде үй—бүлөнүн бүт тиричилигин толук мойнуна алган куракгагы балдар бүгүн көчөдөгү түрдүү оюн—шоокко удургуп, үй оокаттын камы алардын үч уктаса түшүнө бир да кирбей турган болду. Бекерпоздук—инсандык сапат ты мойсоп түгөтүүчү илдет оорунун бири.

Бул жерде коомдук прогрессти айыптап, «Феодализмге карай артка», «Жашасын феодализм»—деген ойду айтып жаткан жери биз жок! Социологдордун маалыматына караганда азыркы кыздар 13 жашында толук бойго жетип, эне болууга даяр, уул балдар 15 жашында ата боло алышат. Бирок, алар үй-бүлө, балачака багуу быякта турсун, өзүнүн кара жанын эптеп багуу мүм күнчүлүгүнө кудурети жете турган орточо курак 25 жаштан өйдө. Коомго жат, толуп жаткан көрүнүштөрдүн тамыры ушундай жаштарыбыздын социалдык инфантилизмге кириптер болгондугунда экендигин баамдап түшүнүүгө, ошондой эле, эл тамырынан ажырап калган мектептеги таалим, тарбиябыздын жугумсуздугунун себеби ата—бабаларыбыздан калган асыл баалуу үлгүлөрдү таназар албай, бөтөн элдин тарбия системасына өгөйлөбөй эле баш оторбуз менен кирип алгандыгыбызда экендигин боолгоп туюууга акыл дараметибиз жетпей калгандыгында!

Тарбия жараянынын табиятын жана анын маңыз маанисин түшүнбөй туруп педагогикалык амалиятты жемиштүү уюштуруу мүмкүн эмес. Ошондуктан тарбия назарнятын үңүлө иликтеп, терең үйрөнүүнүн мааниси өтө зор.

Тарбия назарияты жөнүндөгү ойлордун өнүгүшү.

Ар бир эле доордун коомдук тиричилик турмушунда эски жана жаңы көз караштардын ортосундагы талаш-тартыштар тарбия жараянынын назариятына да таасир тийгизип, алардын багытын түрдүү жакка бурат.

Эң байыркы жана эң кеңири таралган багыттардын бири, авторитардык (зомбулук) тарбия назарияты, кул ээлөөчүлүк доорунда башталып, феодализм доорунда өзүнүн апогейине жеткен. Ал эми анын калдыктарынын саркындысы бүгүнкү мектептерде деле сакталып келе жатат.

Диний мектептердеги (кайсы дин экендигине карабастан) окуу тарбия иштери авторитардык тарбиянын принциптерине негизделген XVI кылымда пайда болуп, Испанияда, Латын Америкасынын кээ бир өлкөлөрүндө, АКШда анча-мынча калдыктары бүгүнкүгө чейин жашаган иезуиттердин католиктик мектептерин де авторитардык тарбия өкүм сүргөн.

Биздин ата—бабаларыбыз деле балдарын мектепке бергенде—: «Эти сеники, сөөгү меники»—деп мугалимдин колуна тапшырышкан.

Айрым педагогдор зомбулук тарбияны илимий негизге таёого далалаттанган. Алсак, белгилүү немис педагогу Иоганн Фридрих Гербарт: «Балага жапайы шайкелең оюнкарактык тубаса берилет»—деген жаңылыш жобону ойлоп чыгып, оюнкарактыкты жөнгө салуу назариятын түзүүгө аракеттенген. Анын пикири боюнча, баланын жүрүш-турушун жөнгө салуу сырткы тартипти камсыз кылат. Жөнгө салуунун ыктары деп, Гербарт балдардын жүрүш турушун к а т у у көзөмөлгө алып, аларды коркутуу, катуу буйрук берип, тыюу салынууну эсептеген. Тартип бузган балдар үчүн мектепте жана үйдө айып тартгыруу журналын ачууну сунуш эткен. Мунун таасири менен тарбиянын амалиятында туюу салуунун: балдарга тамак бербей коюу, бурчка тургузуп коюу, карцерге камоо, айып тартуу журналына жазуу өндүү жазалоо системалары пайда болгон (7)

Прогрессивдүү педагогдор авторитардык тарбия амалиятын да, назариятын да түрдүү жактан катуу сынга алышкан. Тарбия берүүдөгү авторитардуулук Чыгышта да, Батышта да өз апогейине жетип турган учурда биринчи болуп Фараби, Ибн Сина, Беруни, Жусуп Баласагын өндүү орто кылымдын окумуштуу—энциклопедиячыл ойчулдары мугалим менен окуучулардын мамилесиндеги гумандуулукту жана демократиялуулукту талап кылышкан.

Алар мугалим окуучуларын кемсинтпей, сый-урмат менен, ага ишенич көрсөтүп мамиле кылуусу зарыл деп эсептешкен. Даанышман бабаларынын осуятын урматтаган биздин ата-бабарыбыз баланын адамдык беделин көтөрө чалып: «Баланын көөнү—паашанын көөнү»—деп, аны кемсинтпей, кордобой мамиле кылган. Ушундай тарбия гана чыгармачыл ою өнүккөн, билерман, намыскөй, элдин, уруунун, ата тегинин ариетин ойлоп, уятты өлүмдөн катуу көргөн инсандарды калыптандырган.

Курманжан даткадай, Шабдан, Байтик, Чыйбыл баатырлардай тарыхый инсандардагы айкөлдүк, жоомарттык, даанышмандык касиеттерди ушундай улуттук ажары төгүлгөн таалим—тарбия системасы гана калыптандыра алат. Ар бир эле «мен кыргызмын» деген пенденин канына сиңип калган: жетим балага карата мээр бандык мамиле—бул элибиз сыймыктана турган улуу гуманисттик, демократиялуу нарк, ата салтка айланган нуска. Байбы, кедейби, бийби же карапайым адамбы, бир жактан алып келген ырыскыны же белек-бечкекти өз балдары менен турган жетимге биринчи узатат эле. Анткени, ал өксүк экендигин сезбеши керек. Кандай айкөлдүк! Кандай жетиктик! Бүгүн элибиз бул касиетин жоготуп жаткансыйт. Аттиң.. Жетим бала жесир катындын өксүктүгүн сездирген инсанды байлыгына, бийлигине карабастан бейадеп, эч нерсе көр бөгөн пас адам деп баалайт, чыныгы кыргыз. Бишкек шаарында 1992-жылы чыккан «Шабдан баатыр» деген китептин 45-бетинде ги Абдрасул Осмоновдун эскерүүсүнөн үзүндү окуп көрөлү:

—Шабдан жети жашар кези экен. Жантай бир топ кишилер менен карагайдын көлөкөсүнө, суунун жээгине шырдак салдырып, дасторкон жайдырып коюп, Күрөңкөйгө комуз черттирип отурган экен. Шабдан атасынын жанына келип:

—Ата, сизден бирдеме сурасам бересизби?—дейт.

—Бере турган нерсе болсо берейин. Айтчы, эмне сурайсың?

—Ата, бир семиз кой бериңизчи?

—Ошол элеби? Аны эмне кыласың?

Досум Зайнидиндин апасы үч күндөн бери ооруп төшөктө жатат. Суук тийиптир. Эт жеп, шорпо ичсе эле айыгып кетет дейт. Зайнидин жетим эмеспи.. ыйлап отурат. Жантай шашкалаптап: —Ал балам, ала кой»—дегенде Шабдан учуп жөнөйт. Зайнидин досунун үйү абдан алыс экен. Ошого чейин тынбай чуркап барат. Жантай ыраазы болуп, «Буюрса балам боорукер болот тура», деп сүйүнгөн экен ...

Боорукерлик—ыйман, адептин өзөгү, чыныгы инсандын касиети.

Кыргыз элинин улуттук тарбия системасында мындай айкөлдүктү, мээрбандыкты, улуттук намыз, ариет үчүн өз жанын да аябаган жоомарттыкты тарбиялай турган салт өтө эле көп. Элдик

тарбиядагы бул жагдайды баамдаган даанышман педагогдор: Ян Коменскийдин, Януш Корчактын, Василий Сухомлинскийдин улуу идеяларынын кыргыздын элдик педагогикасынын тажрыйбалары менен үндөштүгүн атайын чыгынып аракеттенбеген киши дале көрүп турбайбы! Бул даанышман педагогдордун улуу идеяларына аалам эли баш ийип, таазим кылып жатса, ошондой улуу идеялар менен үндөш ата-бабаларыбыздын таалим—тарбиядагы тажрыйбасын таназар албай отурганыбызды кандай деп баалаcак болот? Түркөйлүктүн да чеги болот да! Бабалардын арбагы уруп кетип жүрбөсүн кыргыздын улан, кыздары! Ойлонгонубуз жөн го...

XVI кылымдагы Батыш Европанын гуманисттери жана буржуазиялык демократиянын айрым өкүлдөрү да авторитардык тарбияны өтө катуу айыптап, ага эркин тарбия назариятын (Жан Жак Руссо) каршы коюшкан. Руссо жана анын идеясын жактоочулар баладагы өсүп келе жаткан инсанды урматтап, андагы табигый шык жөндөмдүн эркин өсүүсүнө өбөлгө боло турган чөйрө түзүүнү, ага эч кандай кысым жасабоону талап кылышкан. Орустун төңкөрүшчүл—демократтары Н.Г.Чернышевский, Н.А:Добролюбовдор авторитардык педагогиканын тарбия жөнүндөгү чыныгы илим менен эч кандай чатагы жок деген тыянакка келишкен. Добролюбовдун ою боюнча, авторитардык педагогика Россиядагы крепостнойлук тарбия системасын түптөп, элден Молчалиндер, Обломовдор, Митрофанушкалар өндүү дөдөй кулдардын чыгышына өбөлгө түзгөн.

Адегенде, авторитардык тарбияга каршы нааразылык көрсөтүү үчүн пайда болгон эркин тарбия назарияты, бара-бара бала тарбиялоодогу башаламандыкты көтөрө чалып, чаржайыт стихиялуулукту даңазалоого өткөн эле. Бул багыттын «бөрк ал десе, баш алган» жактоочулары системалуу тарбия, билим бере турган мектептерди жоюп, ачык мектеп деп аталган, эч кандай программасы, жөнгө салынган окутуу иштери жок, үстүртөн гана жалпы түшүнүк бере турган утурумдук топтордун окуусун уюштурууну сунуш кылышкан. Бул педагог сөрөйлөрдүн ою боюнча, балдар амилияттык маданий жана социалдык турмушунда эле билимге ээ боло алышат.

Бул көрүнүштөр акыркы эгемендүүлүк учурда биздин жумурия тыбыздын турмушунда деле пайда боло баштады. Бул педагогикалык сабатсыздыктын, тарбия жараянына карата дөдөйлүк мамиленин натыйжасы. Өз улуттарынын элдик тарбия салттарындагы жана Ибн Сина, Кей Кавус, Жусуп Баласагын, Коменский, Песталоцци, Руссо, Ушинский өндүү даанышман педагогдордун чыгармаларындагы демократтык, гуманисттик идеяларга таянып Януш Корчак менен В.А.Сухомлинский бүгүнкү учурдагы күйүмдүү педагогиканын назариятын илимий жактан өтө ынанарлык

далилешип, өзүлөрүнүн иш тажрыйбаларында бул идеяларды ийгиликтүү ишке ашыруунун эң сонун үлгүлөрүн көрсөтүштү. Алсак, поляк элинин улуу педагогу Я. Корчак Экинчи Дүйнөлүк согуш учурунда Геттодогу еврей жетим балдарга тарбиячы болуп иштеген. Гитлердик гестапочу келип: «Еврей жетимдерин Треблинктеги печкада өрттөйбүз. Жашагың келсе кала бер, өлгүң келсе балдар менен барууну өзүң чеч»—деген сөзүнө ойлонбой туруп эле: «Мен булар менен барбасам болбойт»—деп, алдыга түшүп, балдарды ээрчите жөнөйт. Треблинкке жетейин деп калганда гестапочу ага дагы кайрылып: «Гольшидт төрөм, сизди жакшы дарыгер катары билебиз. Согуш жүрүп жатканда элге керексиз. Треблинкке сиздин барышыңыз зарыл эмес» дегенине «Мен адамдык абийиримди сата албайм»—деп жооп берип, жарык дүйнөгө келип эч бир пендеге кыянатчылык кылбаган нарис телердин ай менен күндөй аруу жүрөктөрү өлүм коркунучун күтүп сабыркап, жарык дүйнө менен суз коштошпосун деген ойдо, ааламда тендеши жок баатырдык жасаган улуу айкөл педагог, наристелерге кызыктуу аңгеме, күлкүлүү окуяларды айтып берип, алаксытып олтуруп, алар менен печкада кошо күйүп кетет. Я.Корчактын бул эрдигин укканда кийин анын баскан жолу мага үлгү болуп калды, менин педагогикалык ишмердүүлүгүмдү шыктан дырды. Мен ошондо гана балдардын чыныгы тарбиячысы болуш үчүн аларга өпкө—жүрөгүндү садага кылып чаап жиберишиң керек экендигин түшүмдүм деген ойду баса белгилеп жазат, заманыбыздын тендеши жок улуу айкөл педагогу В.А.Сухомлинский. (27,) Ал, өзүнүн өпкө—жүрөгүнүн айланасын октун майда сыныктары каптаган оор жаратына карабай, эч бир аябастан күнү-түнү күйүп—бышып иштеп, балдар үчүн кубаныч—шаңдын мектебинин жарчысы болуп жүрүп өттү. Бул улуу даанышмандардын идеяларын Ш.А.Амонашвили, Б.Н. Никитин өндүү жаңычыл педагогдордун бир тобу чыгармачылык шыктануу менен амалиятка ашырып жатышат. Я. Корчак менен Сухомлинскийдин педагогикалык залкар идеялары, барыдан мурда, зомбулук педагогиканы күйүмдүү педагогикага айландыруу. Күйүмдүү педагогика тарбия чыдан баладагы адамды көрө билүүнү, ар бир баладан келечекте жакшы адам чыгаарына шек келтирбей ишенүүнү, тарбияланууучудагы адамдын беделин түшүрүп, аны кемсинтип, кордоого жол койбоону, андагы болочок жакшы адамды урматтап, ага тең ата мамиле кылууну талап кылат. Тарбиячы баланы ата-энесинин сыңары, кылчандабай, жан-дили менен сүйүп, алардын ички дүйнөсүнө үңүлүп кире ала турган чыйырды аныктоого жөндөмдүү болууга тийиш деген талапты коюшкан. Демек, болочок мугалимди, тарбиячыны тандоодогу эң негизги нерсе баланын жан дүйнөсүнө

үңүлүп кирүүчү чыйырды аныктай билүү жөндөмдүүлүгү. Ансыз келечекте биз окутуп тарбиялаган адистерден жакшы тарбиячы чыкпайт.

Тарбия жараянынын табиятынын татаалдыгы

Тарбия жараянында социалдык, психологиялык жана педагогикалык кубулуштардын биримдиги камтылган. Анын табиятынын татаалдыгын мына ушулар мүнөздөйт. Тарбиячы менен шакирттеринин коомдук маданиятты жана элдин руханий асылзат баалуулуктарын өздөштүрүүгө болгон астейдил аракеттерин уюштуруп жаткан тарбия жараяны канчалык күчтүү чагылдырса, ал жараян мезгилдин социалдык талабына ошончолук деңгээлде жооп берген болот. Тарбия жараянынын борборунда өсүп, өнүгүп жаткан инсан турат. Бул инсандын психологиялык өзгөчөлүктөрүн, анын өсүп—өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн, эмоционалдык, интеллектуалдык функцияларын билбей туруп тарбияны ийгиликтүү уюштуруу мүмкүн эмес.

Тарбия жараянында социалдык максатты ишке ашырып, тарбиянын алгылыктуу тажрыйбасын түзүүгө шарт жаратып, белгилүү системаны аныктоо тарбиядагы педагогикалык жагдай болуп эсептелет. Тарбия жараянынын эбегейсиз татаалдыгын мына ушул кубулуштардын биримдиги айгинелейт. К.Д.Ушинскийдин баланы ар тараптан жетилдиргиси келген тарбиячы адегенде анын табиятын ар тараптан жакшы билүүгө милдеттүү деген залкар педагогикалык ою бүгүнкү күндө деле өтө актуалдуу. Анткени жарык дүйнөгө жаңы жаралып келген ар бир индивид табият берген эч бир кайталангыс шык, жөндөм, таланттын физиологиялык фондуна эгедер. Ген аркылуу берилген мындай эмоционалдык, интеллектуалдык функциялардын нукура адамга гана таандык биосоциалдык талаптары бар. Саат сайын, күнсанап өсүп жаткан бөбөктүн индивиди менен аны курчап турган чөйрөнүн жана коомдун биосоциалдык талап системаларынын ортосундагы карама-каршылыктар индивиддин эмоционалдык, интеллектуалдык функцияларынын өз алдынча өсүүсүнө түрткү берип, өркүндөп өнүгүп, өзгөрүүлөргө даушар болуусуна өбөлгө түзөт.

Так ушундай биосоциалдык табийгый талаптарды канааттандыруу үчүн ыңгайлуу чөйрө түзүп, тийиштүү шарт жаратууну ТАРБИЯ деп түшүнүүгө тийишпиз. Педагогикалык жараяндын табиятын илимий негизде туура андап түшүнгөн, ааламдын чыгаан окумуштуусу С.Выготский: «Тарбия—бул өзүн өзү тарбиялоо. Илимий жагдайда ой жүгүртсөк башка бирөөнү тарбиялоо тап такыр мүмкүн эмес»—деп жазган

Инсандын эмоционалдык, интеллектуалдык функциялары өзүн өзү туура жөнгө салуусу үчүн ыңгайлуу чөйрө түзүп, конкреттүү зарыл шарайытты жаратуучу ишмердүүлүктү тарбия деп баамдап так түшүнгөн бабаларыбыз: «Бала-таалим—тарбиянын субъек тиси»—деген нагыз илимий туура тыянакка келип: «Тиши чыккан балага, чайнап берген аш болбойт»»—деп, урпактарына залкар педагогикалык осуят калтырган.

Баланын аң-сезимине таасир тийгизүүчү ар кыл чөйрөлөр менен кубулуштардын айкалышуусундагы чар жайыт башаламандык тар, ансыз деле татаал тарбия жараянын ого бетер татаалдашты рып жиберет. Алсак, түрдүү маалыматтарга тынымсыз дуушар болуп, бала жашап турган өспүрүмдөр менен жаштардын социал дык кең (макро) чөйрөсү, ошондой эле күнүгө саат сайын ара лашып кагылышуунун натыйжасында бала белгилүү социалдык тажрыйбага ээ болуп тура турган тар (микро) чөйрө, бала өздөш түрүп алган ошол социалдык тажрыйбалардын айрымдарынын түзүктүгү, айрымдарынын бузуктугу да тарбия ишин оорлоштурат. Эмоционалдык—эрктик чөйрөсү, обьективдүү дүйнөнү таанып—билүү мүмкүнчүлүгү, түрдүү иштерди аткарууга түрткү бер ген каалоосу, ар кыл талаптарын канааттандырууга болгон турук туу аракети өндүү баланын ички күчтөрүнүн кээде атайын, кээде кокустан таасир тийгизүүчү сырткы күчтөргө дуушар болуп туруусу да тарбия жараянын ансайын татаалдаштырат. Тарбия жараянындагы дагы бир өзгөчө көрүнүш тарбиячынын иш аракетинин натыйжасы обьективдүү мыйзам ченемдүүлүккө гана жараша болбостон, анын инсандык касиетинин өзгөчөлүгүнө, кулк мүнөзүнө, балага жасаган мамилесине жана тарбиячылык чеберчилигине да жараша болот.

Тарбия жараянынын табиятынын өтө эле татаалдыгын айгине леген дагы бир жагдай—тарбия жараянынын натыйжасы окутуу жараянындагыдай кыска мөөнөттүн ичинде көрүнө калбайт. Кийинкинин натыйжасын түрдүү жолдор менен текшерип аныктаса болот. Ал эми тарбия жараянынын натыйжасын текшерип так тыя нак чыгаруу мүмкүн эмес. Окуучу мугалимдердин талаптарын так аткарып, сабактарын жакшы окуп, мектепте бир да тартип бузбаса дале аны жакшы тарбияланган инсан деп бүтүм чыгаруу кыйын. Балким, анын үй-бүлөсүндөгү жүрүш-турушу, тууганда рына, ата-энесине кылган мамилеси мындай эместир. Өспүрүмдүн тарбиясы жакшы же жаман экендигин аныктоо үчүн анын бул же тигил ишти аткаруусуна (жакшы же жаман кылык жоругуна) түрткү берип жаткан ички күчтү (мотивди) аныктап билүү керек. Алиги окуучу жөн эле директорго же мугалимдерге жаккысы келип, ата-энесинен бир нерсе өндүрүп алгысы келип, же сүйүп кал ган теңтушунун купулуна толуш үчүн, же дагы бир өзүмчүлдүк, ичи тардык мотив менен башкалардан айырмалануу га умтулуп

жаткандыр. Мындай мотивди дароо эле так биле коюу кыйын экендигин ан-дап түшүнгөн эл: «Мал аласы сыртында, адам аласы ичинде» деген тыянакка келген. Бул накыл сөз тарбия жараянын натыйжасын дароо эле аныктай коюу кыйын экендигин дагы бир жолу айгинелейт

Тарбия аркылуу инсандын толук калыптануу жараяны көп учур да өзүнүн өтө эле кыймылдуу, өзгөрүлмө, ийкемдүүлүгү менен айырмаланат. Бирдей педагогикалык кырдаал да өспүрүмгө бирдей жасалган мамиле, бирде өтө күчтүү таасир тийгизсе, бирде эч кандай натыйжасы жок кала берет, бирде так такыр тескери таасир тийгизет.

Тарбия жараянының диалектикасы карама-каршылыктардын биримдигине жык толгон. Алсак, баланын өз аракетиндеги карама—каршылыктар (анын өз алдынча эркин болууга умтулуусу, ошол эле учурда чоңдордун жардамынан ажырап калуу коркуну чунун туулушу, ошондой эле тарбиячынын мамилесиндеги оомал төкмөлдүк, оройлук же мунайымдык, каардуулук же көңүлчөк түк, катуу тыюу салуу же таптакыр бош коюп коюу). Тарбия жараянындагы диалектиканын инсанды калыптандыруучу негизги кыймылдаткыч күч болгон ички карама-каршылыктардын маңыз—маанисин тарбиячы ан-дап туура түшүнүүгө милдеттүү. Тарбия жараянындагы өспүрүм токтоосуз чечүүгө тийиш болгон карама—каршылык—социалдык мааниси зор, өтө татаал учур анын алдына курч койгон жаңы милдет менен аны аткарууга болгон ошол өспүрүмдүн турмуш тажрыйбасынын жеке даярдыгынын белендиги. Бала аткарууга жөндөмдүү мындай милдеттер улам та таалдашкан түрдө дайыма алдына коюлуп турбаса инсандагы өсүү токтойт. Мындай карама-каршылыктардан келип чыккан курч маселелерди чечүүгө инсанды тынымсыз даярдап туруу керек. Бала ниеттенген ой-санаасы жана тилеги менен ага тарбия жараяны койгон сырткы талаптардын ортосундагы карама-каршылык да анын жетилүүсүнө түрткү берет. Баланын ниети менен сырткы талаптын бирдей болушуна жетишүүгө умтулуу ар бир тарбиячынын негизги мүдөөсү жана идеялы,. Тарбия жараянын өз табиятына ылайык, туура уюштура билген тарбиячы сырткы талапты да, ички коюлган түпкү максатка умтулууну да тыным сыз өркүндөтүп олтурат. Тарбия иши түпкү максатка умтулган багытта жүргүзүлгөнүнө карабастан, чөйрөдө болуп жаткан түрдүү окуялардын стихиялуу таасири да инсандын калыптануусунда чоң роль ойнойт. Стихиялуу таасирлерге жеңдирбес үчүн бала дагы терс көрүнүштөрдү кабыл албай турган күчтүү иммунитетти калыптандыра турган деңгээлдеги тарбия жараянын уюштурууга жетишүү илазым. Айтылган карама-каршылыктарды өз табиятына мунасип четтетүү менен тарбия жараянын тынымсыз

оожалдыра берүү мүмкүн. Баланын өзүнүн активдүү ишмердүүлүгү анын инсандык мыкты сапаттарын калыптандырууда чечүүчү ролду ойнойт. Активдүү ишмердүүлүк жараянында гана инсан өз улутунун жана дүйнө элдеринин материалдык жана руханий дөөлөтү менен таанышып, турмуштук бай тажрыйбага ээ болот. Активдүү ишмердүүлүк жараянында гана инсан өзү жарата алга турган баалуулуктардын ыкмаларын өздөштүрүп, алардын мазмунун аныктай алат, инсандын эмгектик, адистик, өндүрүштүк камылгалары байып, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрү күчөп, кыймыл аракетинин өркүндөшү да, коомго пайда келтирүүгө умтулуусу да анын активдүү ишмердүүлүгүндө оожалат. Инсандын дүйнөгө болгон көз карашы, түрдүү коомдук жана табийгый кубулуштар жөнүндө ой жүгүртүп, аларга баа берүү жөндөмдүүлүгү да анын активдүү ишмердүүлүгүндө калыптанат. Инсандын көндүм болгон адаттарынын жана кылык жоруктарынын фонду да ошондой ишмердүүлүктө түптөлөт.

Чыныгы инсанды калыптандыруунун негизи—аны акылга тете ишмердүүлүктө көнүктүрүү. Мындай көнүгүүлөрдүн «Гимнастикалык сарайы» болуп тайпадагы адамдарга жасаган мамиле эсептелет деген ойго келген А.С. Макаренко (17): Тайпадагы мамиле ишмердүүлүктүн социалдык багыттуулугун айгинелейт Адамдык мамиле инсандын жан дүйнөсүн байытып, ишмердүүлүктүн мыкты үлгүлөрүнө ээ кылып, анын жүрүш-турушун жакшынукка салат. Адамдык мамиле гана чыныгы инсандык касиеттердин калыптануусу үчүн зарыл чөйрөнү негиздейт. Мыкты салтсанааны өздөштүрүп, жалпы маданияттын элементтерине эгедер болуусу жана инсандын идеалынын калыптануусу да анын адамдарга жасаган мамилеси аркылуу ишке ашат. Демек, баланын активдүү ишмердүүлүгүнүн коомго пайдалуулугу түпкү максатка канчалык ылайык келсе, андагы адамдык мамиле ошончолук акылга тете болот, баладагы инсандык касиеттин түптөлүү натыйжасы ошончолук жемиштүү болот деген ой пайда болот. «Бирден бир чыныгы рахат—бул адамдык мамилелердин рахаты» — деп жазат Сент—Экзюпери, француз элинин жазуучусу, «Адам болор киши бар, адам болор кишинин адам менен иши бар» — дейт кыргыздын эл макалы. Бул айтылган сөздөрдө чыныгы адам тарбиялоонун акылы жатат. Чыныгы тарбия адамдардын жан дүйнөлөрүнүн карым катнаш мамилелеринин натыйжасы экенин баамдан, туура түшүнгөн биздин байыркы эне, чоң эне, таенелерибиз балдары менен неберелерин жылуу, жумшак коюндарына катып алып, жан дили менен мээрим төгүп эркелетип, айланып, үргүлүп, өөп—жыттап, баланын жүрөгүн жылытып, денесин балкытып, магдырата алышкан. Эне жыты тулку боюна сиңген бала ата-энени жан дили менен сүйгөн. Ошондой шартта чоңойгон

730421

бала гана тууган—туушкандарына күйүмдүү, жалпы эле адамга боорукер болот. Боорукердик ыймандуулуктун өзөгү. Ыймандуу адамды, чыныгы инсанды тарбиялоо жолу мына ушундай. Тарбиялоонун түпкү максаты—инсан, чыныгы адам тарбиялоо.

Ошол эле энелерибиз балдары менен небере—чеберлерин коюндарына алып олтуруп эле аларга кызыктуу жомокторду, шумдуктуудай болумуштарды, табышмактуу окуяларды элестүү кылып көркөмдөп, эмоционалдуу кылып айтып берүү менен алардын аң-сезимин ойготуп, ой-чабыттарын өөрчүтүп, элдин интеллектуалдык потенциалын бийик көтөрүшкөн.

Калыгул менен Арстанбек, Сагымбай менен Саякбай, Молдо Нияз менен Женижок, Молдо Кылыч менен Барпы, Шабдан менен Курманжан Датка, Байтик менен Алимбек Датка, Нусуп менен Чыйбыл өндүү элден чыккан жүздөгөн, миңдеген залкарлар ошол даанышман энелерибиздин сыйкырдуу мектептеринде эле дарс алгандар.

Тарбия жараянынын мыйзам ченемдүүлүктөрү

Инсанды же б.а. чыныгы адамды тарбиялоо ишин уюштуруу да, ал иштин мазмунун, усулдарын жана негизги багытын аныктоодо тарбиячылар (ата-эне, мугалимдер) жетекчиликке алуучу идеялардын жана жоболордун жыйындысын тарбия жараянынын принциптери же мыйзам ченемдүүлүктөрү дейбиз. Тарбия жараяны принциптери обьективдүү негизге ээ. Тарбия жараянын туура уюштуруу үчүн ар кандай эле тарбиячы бул принциптерди кыйшаюусуз жетекчиликке алууга милдеттүү. Өспүрүмдөрдү жана жаштарды адептүүлүккө тарбиялоодо жетекчиликке алынуучу принциптерге кыскача мүнөздөмө берип, ар бирине үстүртөн болсо да токтоло кетели.

1). Тарбия жараянынын максаттуулук жана жогорку идеялуулук принциптери.

Бул принциптер бардык жүргүзүлгөн тарбиялык иштер түпкү максатка—ар бир пендедеги чыныгы инсандык касиеттерди (ак ниеттик, айкөлдүк, мээнеткечтик, ыймандуулук, калыстык, намыс ариеттүүлүк ж.б.), калыптандырууга багытталуусуна, ошондой эле ар бир пенденин түшүнүгү, ишениими, кылган иштеринин биримдигин (айткан сөзү менен кылган ишинин бирдейлигин) камсыз кылууга багытталуусуна жетишүүнү талап кылат. Бул талап ата-эненин үй-бүлөдөгү, мугалимдердин мектеп жана окуу жайларындагы, жаш өспүрүмдөр иштеп жана жашаган мекемелерде

ги тарбиячылардын уюштурган түрдүү тарбиялык иштерине бирдей эле деңгээлде тиешелүү .Ар бир ата-эне, тарбиячы жана мугалимдер өзүнүн күндөлүк ишинде тарбия жараянынын принцип терин кыйшаюусуз жетекчиликке алып, тарбия жараянын түпкү максатка багыттап уюштурууга милдеттүү. Ансыз тарбиячынын жүргүзгөн иштери эч кандай натыйжа бербейт.

Тарбия жараянын уюштурууда жогорку идеялуулук принцибин кыйшаюусуз жетекчиликке албаган тарбиячы же ата-эне эч качан баланы ыймандуу кылып тарбиялай албайт.

Тарбия ишин уюштуруу амалиятында бул принципти одоно бузган тарбиячылар өтө эле көп кездешет. Алсак, ата-энелер жана мугалимдер балдарга кайрылып: «Жалган айтуу, бирөөнү алдоо—бул адепсиздик. Калп сүйлөп көнбөгүлө, бул өтө жаман адат»—деген акыл насаатты көп айтышат. Ошол ата-энелер өзү үйүндө туруп телефонго же издеп келип сырттан чакырган кишиге» мени үйдө жок деп койчу, балам» деп өтүнүшөт. Ошол эле мугалим өзү буркурата тамеки тартып туруп: «Балдар, тамеки ден-соолукка өтө зыяндуу. Тамеки тартпагыла»—деп үгүт жүргүзөт.

Эгерде багбан гүл өстүргөн жерге коко тикендин уругун сээп, аны өтө астейдил аспеттеп багып өстүрсө «Мен муну жакшы карап жатам, ошондуктан роза гүлү ачылышы керек»—деп үмүт кылса, биз андай багбанды сөзсүз эле жиндиге чыгарабыз. Бирок, көптөгөн ата-эне менен мугалимдердин тарбия ишиндеги мындай көрүнүштөргө анчейин маани бере билбейбиз. В.А.Сухомлинский өз иш амалиятында болуп өткөн бир окуяны мындайча баяндайт. Ата-энелер чогулушунда класс жетекчинин үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо жөнүндөгү доклады узак окулат. Доклад бүтөөрү менен айылдагы өтө эмгекчил, кадырман киши сөзгө чыгып:

—Кызым, жакшы бала тарбиялаш үчүн минтип көп сүйлөштүн зарылчылыгы деле жок. Баланы үй тиричилигиндеги эмгекке чегүү керек. Эмгек эң сонун тарбиячы. Ата-эне өздөрү да жакшы эмгектенүүсү зарыл. Менин уулумдун тарбиясына нааразылыгы нар барбы? Мен силерге айтып жаткандай кылып эле баламды жакшына тарбиялап жатам—деп компое сүйлөйт. Кийинки чогулуштарда өз тажрыйбасын көбүрөөк айтчу болот.

Согуштан кайткан бир офицер бүтүргөн мектебине магнитофон белек кылат. Ал кезде биздин өлкөдө али магнитофон чыгара ал

гыдай боло элек. Ал магнитофон бүт мектептин сыймыгы. Аны бүт жамаат көздүн карегиндей сактап жүрүшөт. Бир күнү күтүл бөгөн каргаша болуп, бүт мектепти дүрбөлөңгө салат. Сакталган шкафтын айнегин талкалап, магнитофондун эң керектүү тетиктерин бирөө уурдап кетет. Ууруну бүт жамаат жабыла издеп жүрүп табышат. 7—класстын окуучусу, жакшы бала тарбиялоодогу тажрыйбасын элге дайыма айтып мактанып жүргөн, заводдун иштерман жумушчусу, кадыр барктуу кишинин уулу уурдаган болуп чыгат. Роза гүлү ачылышын күтүп жүргөн атанын кокотикенди көргөндө эси оойт. «Элдин урмат—сыйына ак эмгеги менен ээ болгон кишинин үйүнөн ууру чыкканына мен да аябай таң калып, мунун себебин иликтей баштадым. Баласына уурулук ту атасы үйрөткөнүнө акырында көзүм жетти. Көрсө, ал адам жумуштан үйүнө эч качан кур кол кайтпай, мык—сык, бурама, темир—тезек кармай келчү экен. Көп учурда атасы алып келген ди үйүндөгү устакананын текчелерине жайгаштырып жатып «Муну эмне кыласыз? —деп сураса, атасы «ээ балам, тиричиликке кереги тийип калат» деп жооп берчү экен. Демек, коомдук буюмдан жеке чарбага керектүүсүн жөн эле ала берсе боло берет тура деген түшүнүк балада калыптанып калган»— деп корутунду чыгарат В.А.Сухомлинский (29).

Келтирилген мисалдарда тарбиянын жогорку идеялуулук принциби өтө эле одоно бузулгандыгы айдан ачык көрүнүп турат. Кокотикендин уругун сепкен ата-энелер менен мугалимдер өтө арбын. Ал эми мектеп жетекчилери менен жергиликтүү бийликтеги атка минерлер мындай антипедагогикалык иштерди бүгүнкү күндө буйрук менен аткарылуучу мыйзам деңгээлине чейин жеткизип алышты. Алсак, текшерүүчү келээринде мектепти, анын айланасын тазалатуу, өкмөт адамдары келээрде кыштактын, шаардын көчөлөрүн тазалатуу өндүү көз боемочулук иштерди аткаруу га окуучуларды катыштыруу—коко тикендин уругун себүү болуп эсептелет. Мктептердин жана айрым үй-бүлөлөрдүн таалим—тарбия иштериндеги кожо көрсүнгө аткарылган ар түрдүү чаралар бүт эле себилген коко тикендин уругу экенин паамдап түшүнүүгө акыл дараметибиз алсыздык, аң сезимибиз чабалдык кылып жатат. Бул маселелердин үстүнөн акыл калчап ойлонуп, туура жыйынтык чыгаруу зарыл.

2). Тарбия жараянынын турмуш менен, жашоо тиричилигинин амалияты менен байланышта болуу принциби

Бул принцип тарбия жараянында жаш өспүрүмдү күндөлүк же кече жана коомдук жашоо тиричилигинин амалиятына даярдоо ну талап кылат.

Советтик мектеп балдар биздин келечегибиз, ошондуктан алар ды келечектеги жашоого даярдашыбыз керек деп көпкө дөөрүп жүрө берди. Тарбиябыз турмуш менен, коммунисттик коомду ку руунун амалияты менен бекем байланышта деп өзүбүздү өзүбүз гипноздогондой алдап, жаш жеткинчектерди тиричилик менен көз ачтырып, кайнаган турмушка аралаштырбастан эндей кылып, жашоодогу ар кандай эле кыйынчылык алдында эки колун тең көтөрө турган алсыз бечара кылып чоңойто берген элек. Бүгүнкү

өткөөл мезгил мындай жаштардын көбүн түрдүү жосунсуз жорук тарга түртүп, жеңил турмуш үчүн ар кандай ишке даяр, жүрүш турушу куник, ыймандын жуткан шылуундарга, ал эми айрымда рын берсең ичем, урсаң өлөм деген жатып ичер жанбактыга айландырып жиберди. Үй-бүлөлүк жана коомдук турмушка жашы нан эле күнүгө активдүү катышкан жеткинчектин көзү турмуш менен ачылат. Ал тиричилик турмуштун ачуу, таттуусун башынан кечирген болот. Ошондук тан катаал турмушка дуушар болуп калса андай бала өтө эле майышпайт. Мындай турмушка жана ишкердикке балдарды жа шынан бышыктыруунун эң сонун үлгүсүн бизге мурас кылган ата—бабаларыбыз: «Баланы—жашынан, катындын—башынан»-де ген осуят калтырышкан.

Бала келечек турмушка даярдык көрүп эле окуп жүрө бербес тен учурдагы турмушта да жашап, тиричилик күн кечирет. Ошондуктан коомдогу ар бир инсандын жашоо турмушун байкап үйрөнүп, келечекте жашоого гана даярданбастан, бала бүгүнкү кайнап жаткан турмуш менен көзүн ачып, анын ысык, суугуна бышый бериши керек. Балдардын тарбиясын жашынан эле кайнаган турмуштун чордонунда уюштуруунун мааниси баа жеткис.

Балдарга өндүрүмдүү эмгек жана эмгек адамдары жөнүндө айтып берүү аздык кылат. Аларды өндүрүмдүү эмгек майданына жашынан эле тартуу зарыл. Алгачкы коомдун балдары ойноо курак деген эмне экенин билбей калуу себеби, ата-энелер алар ды ойнотпой эле, өзүлөрү жасаган эмгекке тамтың баскан кези нен баштап аралаштырып жиберишкен.

Балдарды өтө жашынан эле үй-бүлөдөгү түйшүккө жана коомдук иштерге активдүү катыштыруу—тарбия жараянынын бул принцибин ишке ийгиликтүү ашыруунун кепили экендигин

ата—бабаларыбыздын тарбия жараянындагы тажрыйбалары бизге ачык эле айгинелеп турат.

3. Балены эмгекте жана активдүү ишмердүүлүктө тарбиялоо принциби.

Эмгектин тарбиялык кудурети чексиз. Адамды эмгек жараткан деген сөздө калет жок. Тарбия жараянынын бул принциби балдарды жашынан эмгекке чегип, кайнаган эмгек майданындагы активдүү ишмердикте өстүрүүнү талап кылат. Эмгектин натыйжасында адамдардын жашоо тиричилигине өтө зарыл материалдык байлык жыйналат. Ал эми эмгектин ички руханий, адамды жаратуучу күчү гана, инсандык нарктын, адамдык беделдин, на мыс ариеттин булагы болуп эсептелет.

Ошондуктан, инсан өз эркн менен эмгектенип, эмгегинин натыйжасына рахаттанып, аны менен канааттанган учурда гана эмгек инсандын зоболосун көтөрөт.. Ал эми бирөөгө аргасыздан, кысымдын күчү менен иштеп берген эмгек адамды чүнчүтүп, жан дүйнөсүн жардылантат, адеп—ахлагын бузуп, ыйманын мой сойт. Эмгек, албетте, алаксый турган оюн эмес. Ар кандай эле эмгектин мээнети күч. Бир максатка жетүүнү көздөп, ар кандай кыйынчылыкты жеңген адам гана эмгектин үзүрүн көрө алат.

Адам болууну эңсеген бала аягына тик тура алгандан баштап бүт өмүр бою эмгектенүүгө тийиш.

Эмгектенбеген адам инсандын деңгээлинде өйдөлөй да, ал тур мак, бир калыпта туруп тура да албайт, ал сөзсүз кедээри кетет. Анткени, адамдын денеси, жүрөгү жана акылы эмгектенүүнү талап кылат. Бул ушунчалык өжөр деп мүнөздөйт—К.Д.Ушинский, эмнегедир адам эмгектенбей калса ал жашоодогу түз жолунан ада шып, анын ордуна эки түрдүү өлүм жолу: бири—турмушка тажа ган нааразылыктын, көңүл чөккөн капалыктын, учсуз-түпсүз жадап зеригүүнүн жолу, бири—эрке баланын кесирденүүсүндөй же айбандын рахаттануусундай өзүнө өзү билинбей өз эркн менен жоголуунун жолу Эки жолдо тең адам тирүүнүн өлүгүнө айланат, анткени адамдын өз эркн менен эмгектенүүсү анын инсан катарында жашап жаткандыгынын белгиси. Чыныгы инсан—эмгектин натыйжасы (33,289).

4. Баланы жамаатчылыкта тарбиялоо принциби.

Бул принцип баланы ынтымак, иштиктүү жамаатта тарбиялоону талап кылат. Анткени инсандын коом алдындагы,, эл алдындагы милдетин сезүү, тапшырылган иштин натыйжасы үчүн жооп керчилик сезүү, башка бирөөлөр жөнүндө кам көрүү, жолдошчулук тилектештик өңдүү баалуу сезимдери жамаат менен жүргөн учурда гана өнүгөт.

Балдар жамааты жакшы уюштурулса, алардын коомдук пикири тарбиячыга чоң көмөк көрсөтөт. Жакшы уюшулган жамаат

чылык инсанды мойсоп койбойт, тескерисинче анын ар тараптан жетилүүсүнө жакшы өбөлгө түзөт.

К.Маркс менен Ф.Энгельс: «Индивид өз талантын бардык жагынан жетилдире ала турган каражатты жамаатчылыктан гана ала алат»—деп жазышкан. (15).

Бул принципти өркүндөтүүдө А.С.Макаренко, В:А.Сухомлинскийлердин ролу өтө чоң.

Жамаатта, жамаат үчүн жана жамаат аркылуу тарбиялоо деген индивидуалдык иш жүргүзүү керек эмес дегендикти түшүндүрбөйт. Тескерисинче ар бир бала менен жекече иште көбүрөөк жүргүзүү аркылуу алардын ар биринин ар тараптама шык жөндөмдөрүн өркүндөтүүгө эң сонун өбөлгө түзүлөт.

Түрдүү талант шыктар бирин-бири толуктап, биринин өркүндө шүнө экинчиси өбөлгө түзүп, жамааттын жашоосун романтикага айландырып,, көпчүлүктүн ойлоосун тереңдетип, бири—бирине тийгизген таасирин күчөтөт, ар кандай чечимдерин чечкиндүү, күлкүсүн шандуу, жоопкерчилигин күчтүү кылат.

Жамаатка айтылган пикир анын ар бир мүчөсүнө өз таасирин тийгизсе, ар бир жеке инсанга айтылган кеңеш, коюлган талап жамааттын бардыгын ойлондуруусу мүмкүн. Көпчүлүк менен кыйынчылыкты жеңүү оңоюраак, кубанычты бөлүштүрүү шаншөкөттүүрөөк болот.

5. Балага талап коюу менен бирге анын адамдык беделин урматтоону туура айкалыштыруу принциби.

Бул принципти көрүнүктүү педагог А.С. Макаренко негиздеп келип, эгерде менден педагогикалык бүт назарияттык билимиңди, амалияттык иш-тажрыйбаңды жыйынтыктап келип кандай жыйынтык чыгарар элең деп сураган кишиге мен: «Адамга талапты канчалык көп койсоң, аны ошончолук көп урматта»—деп жооп берер элем деп жазат. Коюлган талап менен сый урматтын туура айкалышуусу—окуучуну мугалимдин терең баалоосунун, окуучунун мүмкүнчүлүктөрүнө чын дилинен ишенүүсүнүн, окуучунун өркүндөп өсүүсү үчүн мугалимдин аталык кам көрүүсүнүн кепили. Бул принциптин тарбия жараянындагы жобо каталары сакталышы баланын адеп, ыйман жагынан жетилүүсүнө мыкты өбөлгө түзөт. Эгерде тарбиячы баланын мүмкүнчүлүгүнө жараша, кудуретине чын жан дилинен ишенич көрсөтүп, ага сый—урмат менен мамиле кылса, анда бала ал ишеничти сөзсүз актоого аракеттенет, анын өз күчүнө болгон ишеними пайда болот жана күчөйт. Ал эми тарбия жараянынын амалиятында, тилекке каршы, тарбиячылар көп учурда баланын жүрүш—турушундагы кемчиликтерге бөтөнчө көңүл буруп, тарбияны ал жетишпе пегендиктерге каршы күрөшкө айландырып жиберет. Тарбиячынын чеберчилиги баланын жүрүш—турушундагы, мүнөзүндөгү жакшы жактарды көрө билип, ал жакшы сапаттарга таянуу аркылуу

балдардагы жаман кылык—жоруктарды жогото билүүсүндө.

А.С.Макаренко жакшы тарбиячы баланы жазалабайт: Ал эми жазалай турган учур келип калса аны жазасыз калтырбайт деген ойду баса белгилесе, В.А.Сухомлинский жакшы тарбиячы баланы эч качан жазалбайт. Чебер тарбиячынын жазасы дайыма анын запасындагы уктап жаткан арыстандай болууга тийиш деген тыянакка келет.

Бул айкөл педагогдордун ою боюнча тарбия жараянындагы ар кандай эле жаза тарбиячынын педагогикалык маданиятынын төмөндүгүн, жан дүйнөсүнүн жардылыгынын, тарбиячы катары алсыздыгынын күбөсү. Эки-үч жашар баланы көчүккө шапалак тап жаткан эне, же 2—3—класстын окуучусуна бакырып—өкүрүп опузалап «2» деген баа коюп жаткан мугалим—экөө тең эле тарбиячы катары алсыздыгын балдар алдында мойнуна алып, мындан башка эч нерсе колубуздан келбеген бир бечарабыз деп жаткандыктарын көрсөтөт. В.А.Сухомлинский тарбиячынын ишин дарыгердин ишине салыштырып төмөндөгүдөй ой жүгүртөт. Жүрөк оорусу катуу кармаган кеселди ооруканага алып келди дейли. Кексе хирург дароо операция кылып жибербесе кесел өлүп кетээрин сезип, ага дароо операция жасап жиберди. Операция көңүлдөгүдөй жүрүп жатат эле, бир оокумда эшик ачылып касап кирип келди. Бираз карап тургандан кийин хирургду сыртка карай түртүп жиберип, белин де илинген балта менен жүрөккө жасалып жаткан операцияны уланта баштаса...натыйжа эмне болоору баарына маалим: Мугалимдин окуучуну опузалап кыйкырышы, ага ызырынып катуу тилдеши, кол көтөрүшү—касаптын балтасы! Балта кеселди физически өлтүрсө, опуза, кыйкырык, муштум баланы моралдык жактан өлтүрөт. Баланын көңүлүн калтырып тилдеп, опузалап, кээде кол тийгизип, кемсинтип кордоп коюп, азыраак убакыт өткөн дөн кийин ага тишин көрсөтүп ылжыя күлүп койсо эле бала баарын унутуп калат деп ойлогон тарбиячылар өтө эле көп. Бул чоң жаңылыштык экендигин турмуш эчен жолу далилдеди го..

6. Тарбия жараянындагы системалуулук, ырааттуулук жана тарбиялык таасирдин биримдүүлүк принциптери

Тарбия жараянынын көп кырдуу татаал маселелери кыска мөөнөт ичинде дароо эле чечиле койбойт. Аларды талапка ылайык чечүү үчүн ыраат менен системалуу иш жүргүзүү керек.

Тарбия жараянында окутуу жараянындагы сыяктуу танапис, же дем алыш күн, же каникул деген болбойт. Бул үзгүлтүксүз жараян. Анын системалуу ырааты бузулбоого тийиш. А.С.Макаренко ата-энелерге кайрылып, сен баланды мандайына олтургузуп алып, андай бол деп талап коюп жатканда гана тарбиялап жатам деп ойлобо. Сен бирөөлөр менен маектешип жатсаң деле,

ал турмак үйүндөн алыс бир жакка кетип калганында деле, оокат танып жатканында деле, өзүнчө иш кылып жатканында деле, ге зит же китеп окуп жатканда деле, уктап жатканда деле баланды тарбиялап жаткан болорунду унутпа деп эскертет. (17).

Ата-энелер менен мугалимдер балдарга бирдей талап коюу менен бирдей тарбиялык таасир тийгизүүсү да бул принциптин максатына туура келет. Балдарга тарбиялык таасир тийгизүүдө гү чар жайыт багыт, оомал—төкмөл мамиле тарбиянын түпкү максатын ишке ашырууга бөгөт болот.

Мектеп менен үй-бүлө жана коомчулуктун бир максатка умтул ган, бирдиктүү тарбия системасы ырааттуу амалиятка ашырылбаган жерде тарбия жараяны эч кандай оң натыйжа бербейт. Бул принципти ишке ашыруу жамы—журттун педагогикалык сабаттуулугун талап кылат. Буга көзү жеткен кыраакы педагог В.А.Сухомлинский: «Педагогика бардык адамдар үчүн, мугалимдер үчүн да, ата—энелер үчүн да зарыл илимге айланууга тийиш», деп жазат (28).

Тарбия жараянындагы педагогикалык сабатсыздык тарбиянын мыйзам—ченемдүүлүктөрүнүн одоно бузулушуна өбөлгө түзөт.

Педагогикалык илимдин жетишкендиктерине негизделген тар биялык иштердин ырааттуу системасын ата-энелер менен мугалимдердин биргелешип ишке ашыруусу бул принциптин ийгилик түү натыйжа берүүсүнө шарт түзөт.

7. Балдардагы өз алдынчалуулук жана демилгелүүлүктү өркүн дөтүү менен педагогикалык жетекчиликти туура айкалыштыруу принциби.

Татаал тарбия жараянына ата-эне жана мугалимдер жетекчилик кылышат. Балдарда турмуштук тажрыйба жетишерлик эмес, ошондуктан аларга жол көрсөтүп багыт берүүчү жетекчилик дайыма керек. Ошону менен бирге балдарда өз алдынча болууга жана түрдүү демилгелүүлүктү көрсөтүүгө болгон умтулуу өтө чоң.

Бул принцип педагогикалык жетекчилик кылуу менен бирге тарбия жараянындагы балдардын өз алдынчалыгын жана демилгелүүлүгүн басмырлабай, алардын аракетин мугалим жан дили менен колдоого алуусун талап кылат. Мугалим менен ата энелер турмуштук тажрыйбага бай адамдар, алар тарбия жарая нына багыт берип жетекчилик кылуу менен бирге балдарга өзү лөрүнүн бай тажрыйбаларын үйрөтүү аркылуу алардын өз алдынчалыкка болгон умтулуусун жана түрдүү демилгелерин кол дойт.

Бул принципти кыйшаюусуз жетекчиликке албай туруп ар кандай кубулушка карата өз алдынча пикири бар, ар кандай

ишке чыгармачылык менен мамиле жасаган, демилгечил, активдүү, эркин инсанды калыптандыруу мүмкүн эмес.

8. Баланын жаш курагын жана жекече өзгөчөлүгүн эсепке алуу принциби.

Тарбия жараянын уюштурууда балдардын жаш курагын эске алуунун маанисн өтө зор. Үй—бүлөдө чоңоюп калган балдар өз алдынча аткара турган иштерди, ата-энелер көбүнчө жаш балдары менен чогуу иштешип, андай жумуштарды аткаруунун ык, машыгууларына балдарды акырындык менен ээ кылышат. Мектепте класс жетекчилери деле жогорку класстын окуучуларына өзүлөрү аткаруусун ишенип берип койгон иш чараларды майда класс окуучулары менен өзү кошо аткарышат..

Сабак өтүүдө деле мугалимдер окутуу усулдарын окуучулардын жаш курагына карап тандашат. Алсак, лекция жогорку класстарга гана колдонулат. Ал эми аңгеме усулу бүт класстарда эле колдонулат. Бирок майда класстардагы аңгеме эмоционалдуулугу, элестүүлүгү жана конкреттүүлүгү менен айырмаланат. Окуучуларга түрдүү талаптарды коюуда да жаш курагы сөзсүз эске алынат.

Ошондой эле тарбия жараянында ар бир баланын жекече өз гөчөлүктөрүн эске алуунун ролу өтө чоң. Анткени ар бир баланын өсүп жетилүү жолунда биринкине бири окшобогон, эч качан кайталангыс касиеттер, мүнөздөр түптөлөт. Ошондуктан ар бир мугалим жана ата-эне баланын нерв иш аракеттеринин тибин, акыл жөндөмдүүлүгүн, кызыгуусун, шыгын, бул же тигил жүрүш—турушка түрткү берип жаткан мотивин жакшы билүүгө милдеттүү. Ансыз балдарды туура жолго салып, ийгиликтүү окутуп, тарбиялоо мүмкүн эмес. В.А:Сухомлинский: «Жакшы мугалимдин бир эле сабагында бир окуучу беш татаал маселени иштеп чыгаргыча экинчи бирөө бир жөнөкөй маселени зорго иштейт. Ар бир окуучу маселе чыгарууда, өз алына жараша алдыга жылат»—деген ойду айтуу менен окуу, тарбия ишинде балдардын жекече өзгөчөлүктөрүн толук эске алуунун өтө зарылдыгын баса белгилеген. (29).

Өзүн өзү тарбиялоо жана кайра тарбиялоо.

Тарбия жана өзүн-өзү тарбиялоо бирге ишке ашат, булар бир дей максатка умтулуп, бирдей талапка жооп берет.

Коомдо жашап, эмгектенүү үчүн зарыл сапаттарды калыптандыруу максатында инсандын өз үстүнөн жакшы ниетте, пландуу жана аң-сезимдүү иш жүргүзүүсүн өзүн өзү тарбиялоо дейбиз. Ал эми өзүндөгү жаман кылык жоруктардан, жаман адаттардан кутулбай туруп, инсан жакшы сапатка ээ боло албайт. «Жакшы ниет—жарым ырыскы»—дейт эл макалы, ниетин оңдоп, өз үстү

нөн жашынан тынбай иштеген адам көп нерсеге жетишээрин тур. мушта көрүп эле жүрөбүз.

Адам—активдүү, ишмер жан, ал чындыкка улам терендеп сүңгүп кире берет, улам сырткы дүйнөнүн купуя сырларын көбү рөөк жана тагыраак билген сайын табиятты өзүнүн ыңгайлуу жашоосу жана өсүп өнүгүүсү үчүн ылайыкташтырууга умтулат. Инсандын коомдо жашап эмгектенүү зарылчылыгы адамдын өзүн—өзү өстүрүүгө болгон талабына түрткү берет. Адам жашоо үчүн эмгектенүүсү зарыл, ал эми эмгектенүү үчүн ал эки жактуу мамиле: табият менен да, адамдар жана коом менен да мамиле жасоосу зарыл.

Коомдо жашоо, эмгектенүү жана ишмердүүлүктү камсыз кылуу адамга белгилүү талапты коет. Адам жакшы жашап ишмер дүүлүгүн ийгиликтүү оожалдыруу үчүн эмгек каражаттары менен өз мүмкүнчүлүктөрүн жөнгө салууга тийиш. Адам жарык дүйнөгө даяр билим, ык, машыгуулар менен келбейт, аны адамча жашоого турмуш өзү даярдайт. Инсанды калыптандырууда тарбиянын ролу өтө зор. Тарбия адамдын өзүн өзү тарбиялоого болгон зарыл касиеттерин—психологиялык, адептик, таанып билүү жана эрктик касиеттерин даярдайт. Өзүн өзү тарбиялагысы келген кишиде: жашоонун белгилүү талабына жооп бере ала турган алгылыктуу ниети (планы) болууга тийиш, инсанга коюлган сырткы талапты жана өзүнүн ички жекече мүмкүнчүлүктөрүн ар бир адам жакшы билүүгө тийиш. Умтулган максатка толук жетишүү үчүн өзүн—өзү башкара билүүсү да өтө зарыл. Адам баласы табият берген шык, жөндөм, таланттын потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн эч качан толугу менен чындыкка айландыра албайт. Акылынын, эске сактоосунун жана эрк күчтөрүнүн шум дуктуудай өөрчүгөндүгү менен башкалардан өтө эле өзгөчөлөнүп турган инсандарды табият атайын ошондой кылып жараткан эмес. Эмоционалдык, интеллектуалдык, жалпы эле психикалык функцияларынын потенциалдык мүмкүнчүлүктөрү таалим, тарбия жараянында чындыкка айлануусу үчүн зарыл шарттар жаралбай калган адамдардан гана алар өзгөчөлөнүп көрүнөт.

Социолог, психолог, педагог изилдөөчүлөрдүн маалыматына караганда адамзат акыл потенциалынын мүмкүнчүлүгүн 4% (пайыз) гана чындыкка айландырат. Эгерде ар бир пенденин акыл күчүн 100% өстүрө турган усул табылса, адамзаттын акыл дарамети 25 эсе көбөймөк.

Жакшы ниет менен тилек кылып, алдыга бийик максат коюп, аны ишке ашырууга чын ыкласы менен киришкен инсандар өз акылын, шыгын жана талантын шумдуктуудай өстүрүүгө жетиште алганына далил боло турган фактылар тарыхта өтө көп кезде шет. Алсак, Александр Македонский армиясындагы 30 миңдей солдаттын ар бирин өнүнөн таанып, атын атай алган. Белгилүү

орус шахматчысы Алехин бир мезгилде 30—40 партия оюнчулары менен беттеше алган. Немис профессору Геестерман 132 чет тил билген.

Ааламга белгилүү математик жана кибернетик Роберт Нейман дын эсептөөсү боюнча адамдын мээси 10_{20} даражасындагы маалымат бирдиктерин өзүнө сыйдырууга жөндөмдүү. Бул СССР деги эң чоң В.И.Ленин атындагы библиотекада сакталган бар дык томдордогу маалымат бирдиктерине барабар.

Бул ажайып шумдукка толук ишенүүгө да негиз бар. Анткени акыркы изилдөөлөрдүн натыйжасына караганда адамдын мээси нин 17 миллиард клеткасында түрдүү маалыматтар жазылат.. Ал эми ар бир клетканын миллиондогон молекулаларынын ар бири жүздөгөн биллион маалымат бөлүкчөлөрүн чагылдырып жазууга жөндөмдүү. Демек, адамдын мээсинин өсүп жетилүүсүн дө эч кандай чек жок. Ошондой эле денесин өстүрүп өркүндөтүү аркылуу адам көп нерсеге жете алат. Адам баарына жөндөмдүү. Элдик жомоктордогу, эпостордогу, болмуштардагы фантастика лык сыйкырдуу кубулуштардын илимий негизи бар кыялдануу экендигине шек келтирбесе да болот.

Туура таалим, тарбия алып, өз учурунда өзүн өзү тарбиялоо нун перспективалуу программасын түзүп, аны ийгиликтүү ишке ашырса, адамдын зоболосу бийик көкөлөп көтөрүлөт. Мындай жол менен чоң-чоң ийгиликтерге жетип, ааламга даңкы кеткен инсандар сан жеткис. Алсак, Ибн Сина, Беруни, Кампанелла, Линкольн, Сагымбай, Саякбай, Чернышевский, Горький, Толстой, Ушинский, Ленин, Сухомлинский ж.б.ус.лар өтө эле көп:

Инсандын өзүн өзү тарбиялоо мектебине Отто Юльевич Шмидт тин жашоо жолу эң сонун үлгү боло алат. Адамзаттын кылымдар бою өнүккөн акыл—ою менен өзүнүн жан дүйнөсүн байытуу ну максат кылган жаш Шмидт өз алдынча иштөөнүн так програм масын түзүп мындай деп жазат: «Математик эмесминби. Олту руп эсептеп чыктым. Программада белгилеген ишими аткаруу үчүн миң жыл талап кылынат экен. Миң жыл жашап ал ишти аткаруу мүмкүн эмес. Өтө кызыктуу, керектүү, бирок ансыз деле иштей берсе боло турган көп нерселерди программаман чыгарып таштаганга аябай жаным кейиди. Илим жолунда ансыз таптакыр болбой тургандарын гана калтырдым...Ошондо 250 жылда аткарыла турган иш калды».

Мындай эбегейсиз чоң программаны ийгиликтүү ишке ашыруу менен Отто Юльевич инсанда шумдуктуудай мүмкүнчүлүк бар экендигин дагы бир жолу далилдеп көрсөттү. Легендардуу Шмидт бир эле мезгилде—көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, математика боюнча чоң—чоң фундаменталдык ачылыштардын автору, чоң совет энциклопедиясынын Баш редактору, теориялык

геофизика академиялык институтунун түзүүчүсү, жер шары жана планеталардын келип чыгышы жөнүндөгү теориянын автору, советтик полярдык экспедициянын жетекчиси, Москва университетинин окутуучусу болгон.

Айрым инсандардын бардык жөндөм, шыгы жашынан эле бай калбайт. Альберт Эйнштейин мектепте начар окуган. Абасы Яков аны: «Эч нерсе эмес, Альберт, бардыгы эле профессор болмок беле, сен дале бир адам болоорсун»,—деп көөнүн жубатып, сооротчу экен.

Исаак Ньютон мектепте окуган учурунда физиканы начар өздөштүргөн. Чарлз Дарвинди атасы таптакыр жөндөмсүз деп эсептеген. Гоголь сочинениени араң «3» деген баага жазчу экен.. Буларга окшогон көп инсандар өзүн—өзү тарбиялоонун натыйжасында ааламга аттын кашкасындай белгилүү боло алышкан.

Ар кандай эле тарбия баланын жашы белгилүү куракка жеткенде өзүн өзү тарбиялоого айланып кетүүсү ылазым. Антпесе тарбиядан эч кандай кажет чыкпайт, ал өзүнүн максатына жетпей калган болот. Анткени тарбия—бул өзүн—өзү тарбиялоо экендиги жөнүндө өйдө жакта кеңири токтолбодук беле.

Тарбия жараяны дайыма эле өз максатына жете бербегендигин турмушубузда өтө эле көп кездештиребиз. Кээде тарбиянын мындай натыйжасына көчөдөгү жаман чөйрө таасир этсе, кээде ата-энелер, мугалимдер туура эмес тарбия жүргүзүшөт, кээде тарбия системасында көп мүчүлүштөр кетет. Натыйжада көп балдардын жүрүш—турушу куник, кулк мүнөзү чатак, көз караштары теске ри болуп калат. Ошондуктан жалпы балдарды тарбиялоо менен катар жүрүш—турушу айныган балдарды кайра тарбиялоо зарылдыгы келип чыгат. Инсандагы коомдук талаптардын нормаларына туура келбеген касиеттерди, кулк мүнөздү, үйрөнгөн үйүттү, көнгөн адатты оңдоп, кайрадан калыптандырууга багытталган тарбия системасын кайрадан тарбиялоо дейбиз.

Кайрадан тарбиялоо көпчүлүк учурда узакка созулган, татаал жараян. Тарбиялоого караганда кайрадан трбиялоо өтө эле татаал., анткени тарбиячы калыптанып калган адаттардын, көз караштардын жана кулк мүнөздөрдүн стереотибин бузуп, булар га таптакыр окшобогон жаңы сапаттарды калыптандырат. Кайрадан тарбиялоонун татаалдык деңгээли начар сапаттар баланын көнүмүш адатына айланып, анын инсандык касиетине жуурулуп аралашуусуна жараша болот.

Ийри өсүп калган даракты түзөш мүмкүн болбогон сыяктуу эле, кээде кайра тарбиялоо эч кандай натыйжа бербей коюушу мүмкүн.

Бирок кылмышка дилгирлик, тартипсиздик, бузук мүнөздүүлүк, адеп-ахлаксыз жоруктар адамдарга тубаса берилбестигин,

инсандагы андай сапаттар туура эмес тарбиянын, жаман чөйрө нүн таасири экендигин эстен чыгарбоого тийишпиз. Тарбиясы айнып бузулган ууру, кеси, баш кесер ааадандарды кайра тар биялап, аларды коом үчүн керектүү инсандарга айландыруудагы А.С.Махаренконун иш тажрыйбасы ааламга белгилүү.

2—БАП

ТАРБИЯ ЖАРАЯНЫНЫН ЖАЛПЫ УСУЛДАРЫ

Төгөрөктүн төрт бурчуна белгилүү окумуштуу психиатр В.М. Банщиков адамдардын жашоо үчүн күрөшүндөгү жөндөмдүүлүгү миңдеген жылдар бою булчун күчү менен жана өжөрлүк, кайрат туулук, мыкаачылык өндүү нерв системасынын жапайы касиетте ри менен аныкталып келген. Акыркы 2—3 кылымдардан бери карай адамдардын жашоого ийкемдүүлүгү нерв системасынын өтө назик, өтө татаал механизмдерине гана көз каранды болуп калды. Бул механизмдер өтө эле өлөсөлүү, морт деген ойду баян дап жазган эле. (Знание-Сила, 1965, №11, с.39). Окумуштуунун ою балдарга тарбиялык таасир тийгизүүнүн өзгөчөлүгүн андап түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

Тарбиялык иштердин максаты жана мазмуну бала өспүрүм ке зинен эле, анан бойго жеткенде анын чыгармачылык эмгекке бол гон талабы инсандын адептик наркын түптөп, коом үчүн, эл үчүн аткарган иши аркылуу өзүнүн атуулдук активдүүлүгүн сезүүсү нө өбөлгө түзүүгө тийиш.

Бүгүнкү айрым мугалимдер жана ата-энелер азыркы учурда балдарды (бөтөнчө өспүрүмдөрдү) тарбиялоо кыйын. Алардын мектептен башка булактардан алган маалыматтары өтө эле көп, аны талдап түшүнүп, «сиңириши» керек. Анын үстүнө, өспүрүм дөрдүн өз жан дүйнөсүнө көңүл буруулары аябай курчуп бара жатат дешет. Изденип, чыгармачылык менен иштеген устат педа гогдор бул факторлорду өтө чеберчилик менен пайдаланып, окуу чулардын интеллектуалдык байлыктары менен сезимталдык ма даниятынын шайкештигин камсыз кылуу аркылуу чоң ийгилик терге жетишип жатышат. Билими менен сезимталдык маданияты шайкеш келишпеген балдар гана түрдүү пастыкка дилгир болу шат.

Көп учурда ата-эне, мугалим балага: билишиң керек, үйрөнү шүң керек, аткарышын керек, ансыз жакшы болбойт деп келечек ти айтса, балага ал келечек өтө эле бүдөмүк, ал эми учурдагы жашоо, анын түйшүгү ачык көрүнүп турат. Бул карама—каршы лыкты Ш.А:Амонашвили «Тарбиянын негизги трагедиясы» дейт.

Тарбия жараянында мындай трагедия, комедиялар өтө эле көп кездешет. (2)

Ошондуктан мугалим—тарбиячы психология, педагогика илим дөринин жетишкендиктерин иш амалиятында чыгармачылык менен пайдалануу устаттыгына ээ болуусу зарыл.

Өзүн сыйлабаган адамдын ыйманы таза, жан дүйнөсү бай болбойт. Тарбиячынын колундагы эң маанилүү педагогикалык курал—тарбияланууучунун инсан катары көрө билип, анын беделин урмат сыйлоого болгон жөндөмү. Бул куралды туура пайдалана билген тарбиячы гана баладагы али өтө эле морт, аябай назик сезимди—жакшы болууга умтулуу сезимин пайда кыла алат. Мындай сезим эч качан, эч кандай балада өзүнөн өзү пайда болбойт. Тарбиянын тийиштүү усулун чеберчилик менен пайдалана билген педагог же ата—эне гана бул назик сезимдин алсыз, үлпүлдөгөн үмүтүнүн жалынын өтө күчтүү бороон—чапкын да өчүрө алгыс алоого айландыра алат.

Тарбиянын усулдары дегенибиз баладагы чыныгы инсандын касиеттерин калыптандыруу максатында аны менен тарбиячынын биргелешип иш—аракет жасоосунун жолдору жана ыкмалары.

Тарбияланууучу балдар тарбия жараянынан четтеп, ага катыш пай кала беришпейт. Алар түрдүү педагогикалык таасирлерге дуушар болушуп, тарбиянын объектиси гана эмес субъектиси катары да роль ойнойт. Эгерде тарбиянын алгылыктуу усулу пайдаланылса, балдардын ага жасаган оң мамилеси тарбия маселелерин оң чечүүгө өбөлгө түзөт. Мындай учурда балдардын акылы өсүп, сезими байыйт, жүрүш—туруштун жосундуу ык, машыгуулары калыптанып, жакшы адаттары түптөлөт. Ошентип, тарбия усулу тарбиячы менен балдардын бирдиктүү иш чараларынын комплекси болуп эсептелет. Тарбия усулдарынын таасири астын да балдардагы көп инсандык касиеттер калыптанат. Тарбиянын ар бир усулу балдардын сезимине, акылына жана жүрүш—турушуна таасир тийгизип, алардын көп-кырдуу ишмердүүгүн уюштурууда тарбиячы чеберчилик менен пайдалана ала турган жарак катары эсептелет. Тарбия жараянын уюштуруу формасы—бул жараяндын түрдүү элементтерин, тарбиячылар менен балдардын мамелелерин мүнөздөгөн ички байланыштарын чагылдырат. Кеңири мааниде караганда тарбия ишин уюштуруу жеке тарбиялык иш чараларды эмес, жалпы эле тарбия жараянын уюштурууну мүнөздөйт. Бул көз карашта окутуу жараянында, класстан жана мектептен тышкаркы иштерде, үй—бүлөдө, балдар уюмдарында тарбиялоо деп айтсак туура боло берет.

Педагогикалык адабияттарда жана тарбиянын амилиятында тарбиянын усулдары, формалары деген түшүнүктөр менен катар тарбиянын каражаттары деген түшүнүк да көп колдонулат.

Тар мааниде тарбиянын каражаттарына китептер, кинофильм дер, көркөм өнөр чыгармалары, мугалимдин жандуу сөзү жана башкалар кирет. Ал эми сөздүн кеңирирээк маанисинде инсандын калыптануусуна таасир тийгизүүчү ишмердүүлүктүн: окуу, коом дук ишмердүүлүк, оюн, түрдүү ийримдердеги иштер, спорттук оюндар, өздүк көркөм чыгармачылык өндүү түрлөрү да тар биянын каражаттарына кирет. Балдардын курак жаш өзгөчөлү гүнө карап түрдүү ишмердүүлүктөрдүн катнаш мамилелери, ал бетте, өзгөрүп турат.

Тарбия назариятында да, амалиятында да тарбиянын ыкмала ры деген түшүнүк көп кездешет. Тарбиянын ыкмалары дегенде биз тарбия усулдарынын составдуу бөлүгүн же өзүнчө бир дета лын түшүнөбүз. Ыкма деген тарбиянын усулдарынын белгилүү кырдаалда конкреттүү пайдалануусун камсыз кылат. Тарбиянын ыкмасы сейрек көрүнүштө бир дем менен аткарылуучу нерсе. Ал эми тарбиянын усулунда ар түрдүү ыкмалардын системасы, тарбиянын түрдүү каражаттары кеңири пайдаланылат.

Алсак, мактоо усулунда жактыруу, алкыш айтуу, сыйлык бе рүү, баланын аброюн көтөрө чалуу өндүү ыкмалар колдонулат.

Тарбиянын усулу анын максатына жана мазмунуна жараша бо лот. Тарбия инсанды калыптандырууга жана өркүндөтүүгө багыт талган, ошондуктан баланын же балдар жамаатынын жетилүү деңгээлин бул же тигил усулду пайдаланаарда сөзсүз эске алуу ылазим. Эгерде тарбиялануучу сунуш кылынган ишти толук атка раарына көзү жетпесе, тарбиячы андай талапты балага койбой эле турса түзүк болот..: Адеп—ахлак тарбиясынын, эмгек, эстети калык, акыл, дене тарбияларынын усулдары, ошондой эле окуу системасында тарбиялоо, мектептен, класстан тышкаркы жана коомдук иштерде, түрдүү балдар уюмдарынын иштеринде тарбия лоо усулдары жөнүндө кеп кылса да болот. Бирок түрдүү мазму нуна карабастан колдонула берүүчү тарбиянын жалпы усулдары да бар. Аларга үйрөтүү, көнүктүрүү, ишендирүү, аңгемелешүү, үлгү көрсөтүү, коомдук иш аткаруу өндүү негизги, мактоо, сый лоо, айыптоо, жазалоо өндүү көмөкчү усулдар кирет.

Бул усулдардын ар бирине кыскача мүнөздөмө беребиз.

1. Үйрөтүү усулу.

Чыныгы тарбия үйрөтүүдөн башталат. Балдар өтө кичине ке зинде эле убагында жатып уктоого, убагында туруп жуунууга, ба ра—бара төшөгүн өзү жыюуга, буюмдарын таза, тартипте сактоо

го, улуулардын айткандарын аткарып, аларга сый урмат менен мамиле кылууга үйрөнөт. Ал мектепке келгенде жүрүш—турушу на башка талап коюлуп, жашоонун башка учуру башталат. Муга лимдер аны жашоодогу жаңы шартка биринчи күндөн эле үйрө түүгө киришет.

Жүрүш—туруштун адатка айланган зарыл нормаларын калып тандыруу максатында балдарга тийиштүү эреже, жоболорду кый шаюусуз аткартып, алардын майда чүйдөсүнө чейин так ойлонул ган жашоосун, эмгектенүүсүн жана эс алуусун уюштурууну үйрө түү усулу дейбиз.

Ата-эне жана баштооч класстардын мугалимдери үйрөтүүнү бул же тигил жүрүш—туруштун мыкты үлгүсүн сүрөттөрдөн көр сөтүп, же китептерден эмоционалдуу кылып окуп берип, же кино дон, же адамдардын жүрүш—турушунан байкатат. Мындай муга лимдин эмоционалдуу мамилесинин, кооз элестүү көргөзмөлүүлүк түн натыйжасында балага жагып, анын делебесин козгоп, мами лесин пайда кылган жүрүш—туруштун үйрөтүүчү мааниси өтө зор. Үй-бүлөнүн, класстын же мектептин жамаатындагы атмосфе ра үйрөтүүдө чечүүчү роль ойнойт.

Эгерде бала жамааттагы ар биринин жүрүш—турушу жөнүндө коркпой өз пикирин айтып, өз баасын бере алса, ата-энеге же му галимге ар кандай суроо менен кайрыла алса, мындай кырдаал жүрүш—туруштун жаңы эреже жана нормаларына баланын туу ра мамиле жасоосуна өбөлгө түзөт. Балдардын жүрүш—турушу на ата-эне жана мугалимдердин көзөмөл жүргүзүүсү өтө маани лүү. Мындай көзөмөл сөзсүз үзгүлтүксүз, системалуу, өтө тыкан жүргүзүлсө жакшы жүрүш—туруш нормалары балдардын көнү мүш адатына айланып калат.

Балдардын курак жашына жана түрдүү кырдаалга карата үйрөтүү усулу өзгөрүүлөргө дуушар болот. Кээде андай бол, мындай бол дебестен эле түрдүү тапшырмаларды аткартуу аркылуу (тай пада күзөтчү болуу, тазалыктын сакталуусун көзөмөлдөө ж.б.у.с:) бала тийиштүү жүрүш—туруштун нормаларына ээ болуп калуу су ыктымал. Кээде балдардын сылык, кичи пейил болуусун ачык эле талап кылса болот. Мындай учурда балдар туурооо жан дили менен аракеттене турган кылып конкреттүү образды элестүү жана эмоционалдуу айтып берүүнүн мааниси да өтө зор.

Эмоционалдуу айтылган жомок, болмуш, түрдүү окуялар жү рүш—туруштун бул же тигил нормаларын үйрөнүүгө болгон ара кетти да пайда кылат. Кызыктуу окуяларды, жомок, болмуштар ды эмоционалдуу кылып окуп берүүдөн балдарды акырындап өз

алдынча китеп окууга үйрөтүү керек. Өз убагында ар бир окуучу ну өз китеби менен жолуктура билген мугалим же ата-энелер га на чебер тарбиячы боло алат. Анткени андай бала китепти үзбөй окууга үйрөнөт, жүрө—жүрө китеп дүйнөсүнө баш оту менен ки рип кетет. Бул усулду ишке ашырууда балдарды үй—бүлөнүн күндөлүк турмуш тиричилигине жашынан активдүү катыштырып, алардын көзүн турмуш менен ачуу чечүүчү роль ойнойт.

Октябрь төңкөрүшүнөн мурдагы кыргыздардын тарбия система сында алгылыктуу тажрыйбалар көп болгон. Кийинки учурда алар ды эч кандай негизсиз эле тарбия ишибизде пайдаланбай койдук. Натыйжада таалим, тарбиябыз улуттук жүзүн жоготту. Бала тар биялоодогу ата-бабаларыбыз өтө чоң маани берген жыныстык жа на курак жаш өзгөчөлүктөрдү биз эстен таптакыр чыгардык. Ата бабаларыбыз балдардын үй—бүлөлүк турмушка жашынан тыкан тарбиялаган. Эмгекчил, ыймандуу адамды тарбиялоо бүгүнкүдөй чуулгандуу проблемага айланган эмес. Анткени биздин ата-баба ларыбыз балдардын көзүн турмуш менен ачышкан. Балдар эмгек майданында улуулар менен кошо жүрүп, иштеп жашоону үйрөнүш көн.

Биздин тарбия системабыздагы эң чоң жаңылыштыгыбыз ушу ларды баалай албагандыгыбызда. Андан да ашкан одоно ката лык, Совет доорунда, баланын көзүнүн агы менен кошо айланып, ал жөнүндө кам көрсөк, балабыздын балалыгы бактылуу болот деп жаңылыш ойлогондугубуз. Баланы бузгуң келсе, анын көзү нүн агы менен тең айланып, кежирленген түрдүү талабын аткара бер деген даанышман бабалардын осуятын унуткандыгыбыз —өтө чоң, одоно каталыгыбыз.

2. Көнүгүү усулу.

Көнүгүү усулу окутуу жараянында өтө кеңири колдонулаары баарыга маалым. Көнүгүүлөрдү иштөө жараянында окуучулар окуунун бул же тигил ык, машыгууларына эгедер болушат жана ларды андан ары өркүндөтүшөт. Тарбия жараянында көнүгүү лөрдү колдонсо болобу? Айрымдар балдарды чынчылдыкка, ак пейилдикке, ак ниеттикке көнүгүү аркылуу үйрөтүү кыйын дешет. Чынында эле ошондойбу? Тарбия адамдардын жүрүш—турушу нун бүт тармактарын жана багыттарын өз кучагына алат. Адам дын кылык жоругу кээ учурда таптакыр кайталангыстай болсо, кээде болор болбос өзгөрүүлөр менен туруктуу мүнөздө кайтала нып турат.

Сылыктык, кичи пейилдик, тыкандык, тартиптүүлүк өндүү көп мыкты сапаттар бул же тигил эрежени гана бекем өздөштүрүүдөн эмес, адамдын жүрүш—туруш амалиятында узакка созулган, кээ

де атайын көп кайталап көнүгүүнүн натыйжасында адатка айла нат. Албетте, тарбия жараянындагы көнүгүү окутуу жараянында жазуу, окуу, эсептөө, маселе чыгаруу өндүү ык, машыгууларга ээ болуучу көнүгүүлөрдөн таптакыр башкача болот. Бул өзгөчөлүк тарбия жараянындагы көнүгүүнүн ролун жокко чыгара албайт.

Тарбия жараянындагы көнүгүүлөрдүн өзгөчөлүгү, баарыдан мурда, алар, күндөлүк турмуштагы түрдүү кырдаалдарда балдардын жашоосун коштоп жүрөт. Мисалы, эрте менен турганда бетин колун жууп, төшөк ордун жыюу, киши келсе эшик ачып учурашуу, үйгө кирүүнү сунуш кылуу, мектепке барган күнүнөн баштап эле мугалимдер менен саламдашуу, сабакка мугалим киргенде ордунан туруп тосуп алуу, мугалимдин суроосуна сабак учурунда ордунан туруп жооп берүү өндүү көп кайталануучу кырдаалдарда көнүгүү балдарды жакшы жүрүш—туруштун ык, машыгууларына ээ кылат. Бирок, балдар мындай ык, машыгууга атайын көнүгүү жаткандыгын окутуу жараянындагыдай толук байкабай деле калышат.

Инсанды калыптандырып өстүрүү максатында балага түрдүү кыймыл аракетти жана амалияттык иштерди пландуу түрдө ыраатты менен аткарууну уюштуруу тарбия жараянындагы көнүгүү усулу деп аталат. Тарбия жараянындагы көнүгүү усулунун максаты балдарды жакшы жүрүш—турушка үйрөтүү.

Үй-бүлөдөгү жана мектептеги жакшы салтка айланып калган турмуш—тиричиликтин ырааттуу агымы, түрдүү туруктуу режимдер балдарды жакшы жүрүш—турушка көнүктүрүүдө чоң роль ойнойт. Денени жана ден—соолукту чыңдоодо спорттук көнүгүү кандай роль ойносо, балдардагы жакшы жүрүш—турушту алардын адатына айландырууда жакшы иштерди көп аткарып көнүгүүнүн ролу ошондой эле. Тарбия жараянынын амалиятында көнүгүүнүн төмөндөгүдөй түрлөрү колдонулат:

а. Ишмердүүлүккө көнүгүү.
б. Режимдик көнүгүү.
в. Атайын көнүгүүлөр.

Балдарды жакшы кылык жорукка ээ кылуу үчүн үй-бүлөдө жана мектепте аларды түрдүү ишмердүүлүккө тартышат. Мисалы, үйдө деле, мектепте деле балдарды бак тигүүгө, аны сугарып, асырап карсоого катыштырат. Балдарды жашынан үй тиричилигинин күндөлүк түйшүгүнө үйрөтөт. Ал эми мектепте болсо түрдүү ийримдердин ишине, окуучулардын бригадаларынын, курулушчуларынын ишине, из кубарлардын ж.б. иштерге активдүү катыштыруу, түрдүү коомдук тапшырмалар берүү өндүү ишмердүүлүктөрдө көнүктүрүшөт.

Үйдө, мектепте түрдүү режимдерди сактоо, атайын көнүгүүлөрдү ырааттуу аткаруу жараянында балдар жакшы адаттарга ээ болушат.

3. Ишендирүү усулу.

Инсандагы жаман жоруктарды четтетип, жүрүш—туруштун жакшы адаттарын анда пайда кылуу максатында балдардын акылына, аң сезимине, эрктик мүнөзүнө ар тараптан оң таасир тийгизүүнү ишендирүү усулу дейбиз. Бул усулду ата-энелер жана мугалим, тарбиячылар адеп—ахлактын эреже жоболорун балдарга түшүндүрүү жолу менен амалиятка ашырышат. Бул усулдоозеки түшүндүрүүлөр менен гана чектелип калбайт. Анткени балдарды жакшы тажрыйбалар да, амалияттар да, конкреттүү иш чаралар да, адамдардын үлгү көрсөтүүсү да ишендирет. Бул максатта китеп окуу, кино, теле көрсөтүү, радио уктуруу да кеңири пайдаланылат.

Тарбиячылар ишеним аркылуу балдардын акылына, аң сезимине таасир тийгизип, алардын турмушка болгон туура көз карашын калыптандырып, өзүлөрүнүн иштерине жана жүрүш—турушуна карата жоопкерчиликтүү мамилени калыптандыра алышат.

Авторитардык педагогика бийликтеги эзүүчүлөрдүн кызыкчылыгын колдоп, карапайым элдердин балдарын айтканды кынк этпей аткаруучу кул кылып тарбиялоо максатында балдарды басмырлап, кынк этпей тартипке баш ийүүгө үйрөтөт. Гербарт баш болгон педагогдор балдардагы жаман жоруктарды жоюп, жакшы жүрүш—турушка аларды көнүктүрүү үчүн алардын баскан—турганын катуу көзөмөлгө алып, талапты катуу коюп, катуу жазалоону сунуш кылышкан. Ал эми, эркин тарбия назариятынын өкүлдөрү авторитардык педагогикага каршы чыгуу менен бала эч кандай атайын уюштурулган педагогикалык таасирсиз эле өзүнөн өзү өнүгүп өсөт жана өзүн өзү тарбиялайт дешкен. Чындыгында ишендирүү усулу аркылуу балдардын аң сезимине жана акылына максатка ылайык педагогикалык таасир тийгизип, аларды адеп—ахлактык жана түрдүү саясий—идеялык билимдер менен куралдандырабыз. Ал билимине таянып балдар өзүлөрүнүн жүрүш—турушундагы туура жолду аныктап, жолдошторунун жана төгөрөктөгүлөрдүн туура, натуура жоруктарын сынга ала алышат.

Балдарды ишендирүү иштерин үй—бүлөдө жана мектептерде амалиятка ашыруу жолдору өтө эле көп кырдуу. Алсак, ата-эне, үй—бүлөдө, айлана—чөйрөдө болгон окуялар менен балдарды тааныштырып, ал окуяларга адеп—ахлактын нормаларынын, жосундуу жоруктардын эрежелеринин негизинде баа берүү аркылуу көп ишенимге ээ болушат. Мектепте жана үйдө улуу дааныш мандардын өмүр баяны менен таанышып, алардын түрдүү идея-

ларын үйрөнүү, мектепте түрдүү ийримдерге катышуу, китеп окуу, гезит—журналдардагы жаңылыктар менен таанышуу ж.б. ишендирүүнүн формалары жана каражаттары өтө эле көп.

Ишендирүүнүн дагы бир кеңири колдонулган формасына түрдүү темадагы аңгемелешүүлөр, лекциялар, китеп окурмандарының талкуу—конференциялары, окуучулар уюмдарынын чогулуштары, класстык саат, дубал гезиттери, окуучулардын эки жактан кат кабар алуулары, кадырман адамдар менен жолугушуулар, класс тан тышкаркы окуулар жана түрдүү темадагы диспуттар кирет.

Алсак, диспуттар жогорку класстарда көп колдонулат. Диспут балдарды адеп—ахлак жана саясий жактардан тарбиялоонун эң татаал, бирок эң жемиштүү формасы, жүрүш—туруштун көп маселелерине балдарды талаш—тартышсыз ишендирүү кыйын. Муну өткөрүүдө сакталуучу эрежелерге: талаш—тартышта катышкандардын баарынын укугу бирдей, эч ким өз пикирин таңуулабайт, анда жөнөкөй калыс байкоочу жок, талашка баары активдүү катышат, талашаардан мурда өз оюңду абдан тактап ал, талашта бирөөнүн пикирин бурмалабай чынчыл бол, өз оюңду ак ниетиң менен баянда, өзүң коргой турган жобону адегенде так айтып кой, оюңду өз сөзүң менен айт, оюңдун жаңылыштыгын далилдесе, катаңды мойнуңа алып, жолдошуңдун ою тууралыгына тан бере бил, сүйлөп бүткөндө жыйынтык чыгарып, кыска корутундулай бил деген өндүү кеңештер кирет. Бул эрежелерге ар бир диспуттун катышуучусу баш ийүүгө милдеттүү.

Ишендирүү жемиштүү болсун үчүн төмөнкү талаптар коюлат; ишендирүү баланы ошол ишенимине үйрөтүү, көнүктүрүү жарая ны менен кошо кетүүсү ылазим. Булардын ортосундагы ар кандай эле ажырым баланын ыймандуулугуна өтө чоң доо кетирет. Экин чиден, ишендирүү баланын жашоо тиричиликтеги тажрыйбасына таянса гана жемиштүү натыйжа берет. Үчүнчүдөн, ишендирүүчү материал балага жеткиликтүү жана түшүнүктүү болууга тийиш ж.б.у.с:

Ишендирүү адептүүлүккө тарбиялоонун эң негизги усулу, Баладагы жаман адаттардын зыяндуу экендигине аны толук ишендирбей туруп ал адаттардан баланы куткаруу мүмкүн эмес.

4. Аңгеме усулу.

Жаш жеткинчектерди адеп-ахлактын эрежелерине, салабаттуу жүрүш-туруштун нормаларына ишендирип, алардын акылын байытып, сезимин ойготуудагы активдүү усулдардын бири-аңгеме усулу. Аңгеме аркылуу ата—эне жана мугалимдер балдарга турмуштагы, саясаттагы, көркөм өнөрдөгү, техника жана спорттогу жаңылыктарды баяндап, алардагы нравалык түшүнүктөрдү калыптандырат. Аңгеме жеке бала менен, бир нече балдардын тобу менен да, тайпа менен да өтүлө берет.

Тарбия амалиятында кеңири колдонулуучу, өтө жүгумдуу аңгемелердин түрүнө—этикалык аңгеме кирет. Тема тандап, аңгеме ге жакшы даярдануунун мааниси баа жеткис.

Адеп-ахлак нормаларынын жоболору математика жана грамматиканын эрежелери сыяктуу өтө такталган эмес. Ал жоболорду балдардын аң—сезимине жеткизүү өтө кыйын. Ошондуктан этикалык аңгемени өтүүдө көргөзмөлүүлүктү, ачык фактыларды, мисалдарды, диафильм, сүрөттөрдү пайдалануу өтө маанилүү.

Азыркы көп үй-бүлөдө жана мектептерде өтүлүүчү аңгемелер, айрыкча жеке бала менен маектешүү эч кандай даярдыксыз, ой келди эле өтүлүп жүргөнүн дайыма кезиктиребиз.

В.А. Сухомлинский окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоонун 2017 этюддан турган кодексин түзгөн. Алардын көбү жомок формасында баяндалган. Этикалык аңгеме өтө турган тарбиячы үчүн даанышман педагогдун ар бир этюду эң сонун үлгү боло алат. Алардын бирине токтолуп көрөлү.

...:Эки эгиз бир туугандар—эмгекчил жана жалкоо—жашашкан экен деп башталат жомок. Эмгекчил күнүгө керели кечке иштесе, жалкоо таң атканда башка жамбашына оодарылып алып, түшкө чейин уктайт, эч кандай иш аткарбайт. Эки бир тууган бүт өмүр бою ошентип жашашат. Карылыгы жетип, күндөрү бүткөндө Алла Таала өзүнө чакырып:—Жарык дүйнөдө канча жыл жашадыңар? —Токсон тогуз—дешет.—Жакшы, мага келээр маалыңарды көрсөткүлө. Эмгекчил:—Мына менин жылдарым—деп тунжураган токойду көрсөтөт. Ал бүт өмүрү өткүчө күнүгө бак отургузуп, талааны түнт токойго айландырган экен. Алар токойду аралап бир күн жүрүшөт, токой калыңдагандан калыңдай берет, бир апта жүрүшөт, бир жыл жүрүшөт, токойдун баш—аягы көрүнбөйт. Тигилердей чал болуп алган Кудай акыры чарчап жерге отуруп калат. Эмгекчил:—Дагы бара берелиби?—дейт. Кудай колун кезеп жалкоого:—Эми сен көрсөт, жылдарыңды—дейт. Ал эмнесин көрсөтөт эле. Жалкоо тиншийип туруп берет. Кудай жерден онтолоп өйдө туруп;—Эми бул—Кудай (эмгекчил). Дүйнөнүн кооздугун ушул жаратты. Сен, жалкоо, дагы токсон тогуз жыл жашап, мынабу Кудайга—бир тууганыңа келип, жашаган жылдарыңды көрсөтөсүң—дейт (29,301—302).

Адам өлөт, а бирок ал чыныгы адам болсо, анын жашаган жылдары калат...

Этикалык аңгеменин темасын балдардын жаш курагына жарашa тандап, аны эмоционналдуу кылып айтып, балдарга берилүүчү суроолорду так коюу өндүү педагогикалык талаптарга В.А. Сухомлинский өтө чоң маани берген.

5. Үлгү көрсөтүү усулу

Үлгү көрсөтүү усулу—ишендирүүнүн эң күчтүү каражаты, адеп-гүүлүккө тарбиялоонун мыкты усулу. «Энени көрүп кыз өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт»—дейт кыргыздын эл макалы. Бул тарбия жараянындагы үлгү көрсөтүү усулунун маанисин элдик педагогика өтө жогору баалагандыгынын далили.

Айлана—чөйрөдөгү улуулардын жүрүш—турушу жаш балдарга чоң таасир тийгизет. Билим даремети, ишеними жана турмуштук тажрыйбасы жетишпегендиктен жаш балдар көргөн кишилеринин кылык жоруктарын туурооого умтулушат. Чөйрөдөгүлөрдүн жүрүш—турушун балдар аңдап түшүнүүдөн мурда андайларды туурап үйрөнөөрүн даанышман педагогдор эбак эле баамдашкан.

Үлгүнүн таасирдүүлүгү—чөйрөдөгүлөр балдарга өз көз караштарын, кылык—жоруктарын тануулашпайт. Балдардын аларга өзүнчө көзү түшүп, кызыгышат жана өзүлөрүнүн жүрүш—турушу үчүн аны үлгү кылууга умтулушат. Бирок алар балалык кылып, кээде чөйрөдөгүлөрдүн тартипсиздигин —кайраттуулук деп, кежирлигин—туруктуулук деп, кокон пешин—эрдик деп кабыл алуусу да мүмкүн экендигин унутууга жарабайт.

Балдардагы нравалык идеалды жашынан калыптандыруунун мааниси өтө чоң. Балдар ата-энелери менен мугалимди өтө көп туурашат. Ошондуктан мугалим жана ата-энелер өзүнө болгон талапты күчөтүүсү ылазим. Балдарына калыптандыргысы келген инсандык асыл сапаттарды мугалим менен ата-эне адегенде өзүн дө калыптандырууга милдеттүү.

А.С.Макаренконун ою боюнча балдарды адамдар да, буюмдар да, кубулуштар да тарбиялайт. Бирок, баарыдан мурда, баарыдан көп таасирди адамдар тийгизет. Анын ичинен ата-энелер, тарбиячылар, жолдоштору балдарга көп таасир этишет.

Көркөм адабияттардагы, кинофильмдердеги белгилүү персонаждардын, улуу инсандардын үлгүсү да балдар үчүн өтө таасирлүү. Л.Толстойдун пикири боюнча, турмуш менен үлгүнүн өңү алыстан көрүнөт, үнү ыраактан угулат (31)

6. Балдардын турмуш тиричилигиндеги ишмердүүлүктөрүн уюштуруу усулу.

Инсан баарыдан мурда көп кырдуу ишмердүүлүк жараянында калыптанат жана өнүгүп өркүндөйт. Ошол ишмердүүлүктү туура уюштура билүү жакшы тарбиянын негизги шарты. Үй-бүлөдөгү жана мектептеги коллективдүү ишмердүүлүк бул жашоо тиричилигинин анык мектеби. Айрыкча өндүрүмдүү эмгектеги ишмердүүлүктүн ролу баа жеткис. Эмгек адамдын адам болуусунун жана өркүндөшүнүн негизги шарты. «Бүткүл дүйнөлүк тарых дегени—

бул адамдын эмгегинен инсандын төрөлүшүнөн башка эч нерсе эмес»—деп жазышат К.Маркс менен Ф.Энгельс (15). Балдардын амалияттык ишмердүүлүктөрү өтө эле көп кырдуу. Окуучулардын негизги ишмердүүлүгү—бул окуу эмгеги. Ага окуучулар көп убак тысын, эрктик, интеллектуалдык энергиясын жумшашат. Андан тышкары окуучулар коомдук пайдалуу эмгекке, кээде өндүрүмдүү эмгекке да катышышат.

Окуучулар өзүн—өзү тейлөө ишмердүүлүгүнө, спорттук оюндар га, өздүк көркөм чыгармачылыкка жана оюн ишмердүүлүктөрүнө катышышат. Жаш жеткинчектерди тарбиялоодогу оюндун ролуна маани бербеген мугалим тарбия жараянында ийгиликке жетише албайт. А.С. Макаренконун айтышында, чоңдор үчүн жумуш же кызмат, же ишмердүүлүк кандай роль ойносо, балдар үчүн оюн так ошондой эле роль ойнойт. Бала оюнда кандай болсо, чоңойгон до эмгекте деле ошондой болот. Ошондуктан келечек ишмер оюн да тарбияланат. Тарбия ишинин амалиятында түрдүү кыймылдуу, техникалык, адабий—театралдык оюндар, аттракциондор да кеңи ри колдонулат. Баланын турмушунда ролдук оюндардын мааниси чоң. Алар чоңдордун мамилелерин оюн жараянында өз алына жа раша кайталап үйрөнүшөт. Оюндун эрежелерин аткаруу аркылуу жүрүш—туруштун ык, машыгууларына ээ болушат. Окуунун баш талышы менен оюн экинчи планга сүрүлөт, бирок окуу оюнду тап такыр жокко чыгара албайт, анын мүнөзүн өзгөртөт.

Окууга келген күнүнөн эле мугалим балдарды түрдүү коомдук тапшырмалар аркылуу ишмердүүлүккө тартууга аракеттенет. Тапшырма мезгилдүү да, туруктуу да болушу ыктымал. Тапшыр манын максаты балдарды коомдук иштерди аткарууну жана эл менен туура мамиледе болууну үйрөтүү болуп эсептелет. Андан тышкары балдарды жарыштыруу аркылуу алардагы чыгармачы лык, демилгелүүлүк, активдүүлүк касиеттерди калыптандыруу ылазим.

Биз жогоруда тарбиянын негизги усулдарына кыскача мүнөздө мө бердик. Бул усулдар тарбия жараянында кеңири колдонулат.

Ал эми айрым учурда тарбиянын көмөкчү усулдары да колдо нулат. Тарбия жараянынын табиятын туура түшүнгөн, педагоги калык жактан сабаттуу ата—эне, тарбиячылар көмөкчү усулдар га сейрек кайрылышат. Айрыкча жазалоо усулун колдонбоого аракеттенишет.

7. Мактоо усулу.

Бул баланын кылган ишинин туура экендигин кубаттоону бил дирет. Туура пайдаланылган жактыруу балдардын демине дем ко шуп, эргитип, жакшы жүрүш—турушту колдойт, баланын көңүлүн көтөрүп, адамдык наркын бекемдеп, зоболосун бийиктетет. Жак-

шы тарбиячы бул усулду тарбия амалиятында сейрек колдонот. Мактоо усулун негизсиз колдонуу, баланы обу жок мактоо, алар дагы ата-энеге жана мугалимге болгон ишенимди жоготот.

Үй-бүлөнүн жана мектептин турмушунда кээ бир үйлөрдө дайыма эле мактап, сыйлай берген учурлар кездешет. Бул, албетте, тарбия ишине зыян келтирет. Мындай учурда бала өзүн башкача баамдап, манчыркай түшөт, ал эми жамаатта нааразылык пайда болот. Кээде мактоо усулу опсуз эле көп пайдаланылат. Мындай учурда балдар буга көнүп калып, усул өз таасирин таптакыр жоготуп коюшу ыктымал.

Тарбия амалиятында жактыруу, алкыш айтуу, сыйлоо, жакшы баа коюу, ишеним көрсөтүп, сыйлуу тапшырма берүү, күмүш, алтын медалдарды тапшыруу өндүү чаралар көп колдонулат.

Бул усулду колдонууда төмөнкү педагогикалык талаптарды эстен чыгарууга жарабайт: баланын жүрүш—турушу калыс баалануп, баага татыктуу болууга тийиш, ага карата субъективдүү пикирге жол коюлбашы ылазим, сыйлыкты бүт жамаат колдосо, анын тарбиялык ролу жогорулайт.

Сыйлаарда баланын жаш курак жана жекече өзгөчөлүктөрү толук эске алынуусу зарыл. Алсак, биринчи класстын баласы «5» деген баага кандай реакция жасайт? Ал эми онунчу класстын баласы кантет? Бир бала коомдук ишке жетекчилик кылууда бүт жоопкерчиликти сезсе, экинчиси кичине эле ийгилиги бардык иш ти жасай берүүгө укук берет дегендей дердейген мамиле кылат.

8. Жазалоо усулу.

Жаза көмөкчү усул экендигине карабастан тарбия амилиятын да көп колдонулат. Жаза туура колдонулса гана бала өзүнүн кылык—жоругуна канааттанбастан, андай нерсенин кайталануусуна жол койбоого далалаттанат. Эгерде бул усул туура эмес колдонулса, же ашыкча пайдаланылып кетсе көп учурда баланын кыжырын келтирип, өчөштүрүп коюшу да ыктымал. Анда, сөзсүз натыйжа тескери болот. Педагогикалык маданияты жогору тарбиячы бул усулду пайдаланбоого умтулат. Өз амалиятында жазалоо усулун бир да пайдаланбастан балдарды тарбиялоодо чоң ийгиликке жетишкен ата—энелер жана даанышман педагогдор көп. Я. Корчак, А.Макаренко, А, Сухомлинский, В.Волков, Ш. Амонашвили, Никитин ж. б.:

Тарбия жараянынын амалиятында баланын кылган ишин жактырбай коюу, айыптоо, тилдеп нааразылык көрсөтүү, сөгүш берүү өндүү жазалар көп колдонулат. Гербарттын системасындагы жазанын калдыктары да колдонулуп, авторитардык педагогиканын саркындылары пайдаланылган учурлар да кездешет. Жаза усулун колдонууда жаман ишти баланын жасоосуна өбөлгө түзгөн шартты, баланы ага түрткөн мотивди жакшы билип, жаза

ны толук негиздеп колдонуу керек, жазаны бүт жамаат жана коом дук пикир толук колдоого тийиш, айыптууну жазалоо керектиги жөнүндөгү демилгени балдар өзү көтөрсө жакшы болот.

В.А.Сухомлинский 1968—жылы 25—марттагы «Правда» гезитин де жарыяланган «Жазалоосуз тарбиялоо» деген макаласында: «Жазалоо, айрыкча адилеттүүлүгү шектүү болгон жазалоо (үй бүлөдөгү жаңжалдардын басымдуу көпчүлүгүндө да дал ушундай болот), адамдын жүрөгүн ташка айландырып, каардандырат жа на катаалдандырат:»—деп жазат.

Өзүнүн уулуна жазган каттарынын биринде В.А.Сухомлинский, Уулум, мен бирөөгө бирөө кыйкырып опузалайт деген эмне, бирөө гө бирөө кол көтөрөт деген эмне экендигин адамдар билбей тур ган, алардын өз ара мамилелери мамур—жумур болгон мезгилдин келишине ишенем. Андай мезгилдин келиши үчүн тарбия жарая нында жазалоо эч качан колдонулбоого тийиш деген ойду баса белгилейт. Олуядай даанышман бабаларынын таалим, тарбия жө нүндөгү осуяттарын ыйык туткан биздин ата—бабарыбыз жаш өспүрүмдөрдүн жосунсуз жоруктарын атайын көрмөксөн болуп, жүрүш—туруштарынын жакшы жактарына айрыкча көңүл бөлүү менен эле жаштардагы «жакшы адам болсом», «мени айлана—чөй рөдөгүлөр жакшы дешсе» деген талапты калыптандыра алышкан. Мындай илгери үмүт, ак ниет, аруу максат балдардын иммунитети не айланып калса, алардагы осол кылык—жоруктар өзүнөн өзү эле жоголо бериши мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Кыргыздын элдик педагогикасынын даректерине караганда, биздин ата—бабаларыбыз үй—бүлөдө бала тарбиялоо жараянын да тарбиянын көмөкчү усулдары болгон—мактоо жана жазалоо усулдарын (айрыкча жазалоону) өз амалиятында көп пайдаланыш кан эмес. Эл камын ойлогон, намыз-ариеттүү, айкөл, жоомарт инсан адамдык беделин түшүрбөй, кемсинтпей, баланы тең ата кылып чонойткон үй—бүлөдөн гана чыгаарын эл акыл калчап түшүнгөн. Мындай шартта чоңойгон бала бири бирине ызырынып, кыйкырып—өкүрүп мамиле кылышкан башка бир үй—бүлөнү көрсө адегенде өтө таң калат. Анткени, адам өз табияты боюнча катаал, мыкаачы эмес. Аны, өз табиятына мунасип уюштурулбаган тарбия ошондой кы лып коет.

Инсандагы ырайымсыздык касиеттин тамыры баланы жазалоо усулунда жаткандыгын акыл калчап түшүнгөн ата—бабаларыбыз аны тарбия системасынан чыгарып таштоого далалаттангандык тарын далилдей турган мурастар элдик педагогикабыздын жобо лорунда өтө көп кездешет.

Коомго, элге чыгаан инсан тарбиялап берген үй—бүлөдө тапта кыр колдонулбай, жазалоо усулу дайыма уктап жаткан арыстан

дай болуп, запаста турганын төмөнкү мисал ачык көрсөтө алат.

Чебер тарбиячы мээрбан эне уул, кыздарын (көпчүлүк учурда уулдарын) атасына, элге начар кылык—жоругун көрсөтүүгө болбойт. Баласындагы мындай куник жорукту көргөн ата ачууга алдырып, баласын каргап жибериши ыктымал. Анда бала атанын назарынан калат. «Ата каргышы —ок» Атанын назарынан калган бала эч качан эр жарытар кул болбойт, ал сөзсүз элдин да назарынан калат. «Элдин назары—Кудайдын назары»—деген ишеним ге ынандырган.

Бул жерде «ата назары»—тарбия жараянында пайдаланылбаган жазалоо усулу. Ал усул дайыма запаста турган. Андан бала уктап жаткан арыстанды чочутуп ойготуудан айбыккандай корккон. Мына, тарбия жараянындагы устаттык! Мына, тарбиянын амалиятындагы чеберчилик! Тарбиянын бардык усулдарын эле өз тажрыйбасында өтө эпчилдик менен туура пайдаланып, эң сонун натыйжага жетишкендиктерин өткөн тарыхыбыз, маданий мурастарыбыз толук айгинелеп турат.

Жогоруда биз кыскача мүнөздөмө берген тарбия усулдары бири биринен ажыралып, өзүнчө жеке колдонулбайт. Тескерисинче алар бири бирине тыгыз байланышта пайдаланылат. Окуучулардын коомдук ишмердүүлүктөрү жактыруусуз, жактыруу балдарды ар түрдүү ишмердүүлүккө тартуусуз ишке ашпайт. Усулдардын бири—бири менен байланышы, албетте, ар түрдүү болот. Бирок ишендирүү менен балдардын түрдүү ишмердүүлүгүнө жетекчилик кылуунун жана балдардын жүрүш—турушунун ортосундагы бекем байланышсыз тарбия жараянында эч кандай натыйжа болбойт. Балдардын амалияттык иштери менен байланышпаган лекция, ангеме, талкуулар деле, маанисин талдап түшүнбөгөн окуучулардын ар кыл ишмердүүлүктөрү деле тарбиянын түпкү максатына ылайык натыйжаны камсыз кылбайт.

Тарбия ишинин тыянагын туура чыгарып, туура баа берүүнүн мааниси зор. Реалдуу тарбиялык милдеттерди алдыга коюп, жакшы план менен тарбияны туура уюштуруу үчүн жамааттын жана ар бир инсандын калыптануу жана өркүндөө деңгээлин так билүү зарыл. Жетишкен деңгээлге таянбай туруп, тарбия жараянын ийгиликтүү уюштуруу мүмкүн эмес. Педагогиканын негизги жобосу баланы тарбиялоо үчүн аны да, жамаатты тарбиялоо үчүн жамаат чылыкты да ар тараптан терең иликтеп билүү ылазим. Ансыз тарбия иши, ошондой эле окутуу иши дале, акырындап барып орто саар балага калган бут балдарды теңөөгө умтулууга жана шаблондуулук, трафареттүүлүккө жетишүүгө жасаган далалатка айланып калат.

Тарбия ишин жыйынтыктоодо балдардагы жакшы жүрүш-туруштун ык, машыгуу жана түрдүү адаттары калыптангандыгын аныктоо

тоонун мааниси өтө чоң. Анткени адамдын ким экенин анын кылган ишин, айткан сөзү менен аткарган ишинин байланыш деңгээли аныктайт. Окуучуларды жана алардын жамаатын үйрөнүү жолдору өтө көп кырдуу. Буга окуу китебинин дидактика бөлүмүндө кеңири токтолгонбуз.

3—БАП.
МЕКТЕПТЕГИ ОКУУЧУЛАР ЖАМААТЫ.

Жамаатчылык инсандын коомго жасаган мамилесинин негизин аныктайт, ошону менен бирге, өзүнүн коомдогу оордун да тактайт. Инсанды жамаатчылык аркылуу тарбиялоо коомдун өнүгүү мыйзам ченемдүүлүгүнө туура келет. К.Маркс менен Ф.Энгельс адамдын маңыз мааниси— коомдук мамилелердин жыйындысы деп карап, ал эми ар бир пенде коомдук жаныбар болуп эсептелет деген пикирге келишкен. Бул оюн корутундулап келип «жеке адам өз шык, таланттарын ар тараптан жетилдирген каражаттты жамаатчылыктан гана ала алат, демек, жеке адам жамаатчылыкта гана өзүн эркин сезе алат» деген тыянакка келишет (15)

Мектептеги окуучулардын жамаатчылыгы —инсанды калыптандыруунун эң маанилүү фактору болуп эсептелет. Көп мектептеги тарбия—таалим иштеринин негизги кемчилигинин себебин ан дагы окуучулардын бирдиктүү, ынтымак, иштиктүү жамаатчылыкка баш кошо албагандыгы менен түшүндүрсө да болот. Окуучулар жамаатчылыгы—бир максатка умтулуп, бирдиктүү коомдук пайдалуу ишмердүүлүктө ынтымакташкан окуучулардын туруктуу уюму. Окуучулар жамаатчылыгынын мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп анын ишинин идеялык максатка умтулгандыгы, жамааттын ишмердүүлүгүнө катышкан бардык окуучулардын бири—бири менен бекем байланыштуулугу иштеги жалпы жоопкерчилиги, жамаатын ар бир мүчөсүнө коюлган жогорку талаптуулук эсептелет.

Окуучулар жамаатчылыгы —бул өз алдынча демилгелүү уюм. Ал тарбиянын объекиси гана эмес, субъектиси да болуп эсептелет. Чоң кишилердин жамаатчылыгынан айырмасы анын ишмердүүлүгүндө оюндун түрдүү кооздук, романтикалуу, балдарды кызыктыруучу элементтери көп.

Иштиктүү, ынтымак жамаатчылыктын негизги өзгөчөлүгү болуп жогорку, аң—сезимдүү тартиптүүлүк эсептелет. А.С.Макаренко тартиптүүлүк жамаатчылыкты чырайына чыгарат деген тыянакка келген. Ошону менен бирге ал тартиптүүлүк дегенди бир ишти жасоодон баш тартуу гана деп эсептебестен, алдыга тынымсыз умтулуу, жаңылыктарга жетишүү үчүн тоскоолдуктар менен күрөшүү деп да эсептеген (17).

Ынтымак жамаатчылыктагы окуучулардын түрдүү мүнөздөрү, ар кыл шык, жөндөмдүүлүк, кызыгуулары бирин бири толуктап,

алардын баштан өткөргөндөрүн элестүүрөөк, жүрүш—турушу үчүн жоопкерчилигин күчтүрөөк, ой чабыттарын тереңирээктей сездирет. Ошентип, мектеп жамаатчылыгы окуучулардагы коом дук талаптарды калыптандырып, талант шыктарды ачып, жөндөм дүүлүктөрдү түптөй турган социалдык чөйрө болуп эсептелет.

А.С:Макаренко балдарды жамаатта, жамат аркылуу жана жа маат үчүн тарбиялоо системасын иштеп чыгып, жамаатчылык деген түшүнүккө илимий аныктама берген. Ошол учурдагы айрым педагогдордун жамаатчылыкка «чогуу аракеттенишип, бул же тигил дүүлүктүрүүчү таасирге бирдей жооп кайтаруучу адамдар дын тобу» деген аныктамасын жаңычыл педагог катуу сынга алып, бул аныктамадан он чакырымдай жакындаганда эле биологизм жыттанып турат деп мыскылдап, бул аныктаманы полиптер үйү рүнө же колониясына колдонсо болушу мүмкүн, бирок адамдар жамааты үчүн жараксыз деген ойду баса белгилеген. Эгерде му ну адамдарга карата пайдалана турган болсок, анда жамаатчы лык деп бары жокту айта берсек болот. Трамвайдын вагонунда кетип аткандарды деле, көчөдө ичип алып мушташып жүргөн мас тарды деле жамаат деп караса боло бермек. А.С:Макаренко соц иалисттик принципке негизделип баш кошкон адамдардын социал дык биримдигин гана жамаат дешке болот деген ойду баса белги леген (17).

Тарбия амалиятында баарына маалым жана педагогикалык назарияттта түзүгүрөөк изилденген жамаатчылыктын баштапкы уюму болуп класс жамааты эсептелет. Андан тышкары жалпы мектеп жамааты жөнүндө да көп айтылат.

Мектеп жамааты—мектеп окуучулары эле эмес. Ага педагогика лык персоналдар да кирет. Окуучулар менен мугалимдер жамаат чылыктары—ар бири өз мыйзам ченемдүүлүктөрү менен уюмда шып, өркүндөп өсүп жашай турган, бир—бирине толук сиңип, бир дей болуп кетпей турган, ошол эле учурда бири—биринен ажырап турган көзгө көрүнөө чеги да жок уюмдар.

Окуучулар жамаатын уюштуруу принциптери.

Мектептин ынтымак, иштиктүү, мугалим менен окуучулардын бирдиктүү жамаатчылыгын уюштуруп, окуу, тарбия иштеринде чоң—чоң ийгиликтерге жетишкен жетекчилери көп. Алардын таж рыйбаларын терең иликтеп үйрөнүп, жалпылап назарияттык тыя нак чыгаруу зарылдыгы педагогикалык амалиятта пайда болгону на көп мезгилдер өттү. Андай эмгек биздин жумуруятыбызда али бери пайда боло койчудай эмес.

Өзү директор болуп иштеген мектебинин көп жылдык ищ таж рыйбасын талдап, мектеп жамаатчылыгын өркүндөтүп өстүрүү аркылуу окуу, тарбия иштеринин көп маселелерин илимий негизде

нуктап, көп амалияттык сунуштарды иштеп чыккан айыл мугалими В.А.Сухомлинскийдин иш тажрыйбасына окурмандардын көңүлүн бурууну туура деп таптык.

Улуу педагог өзүнүн иш амалиятында төмөнкү илимий принцип терди кыйшаюусуз жетекчиликке алган:

Жогорку идеялуулук. Мектеп өзүнүн көп кырдуу ишмердүүлүгүн дө элдин түпкү максатын, мүдөөсүн чагылдырууга тийиш. Идеялуулук—бул ой мүдөөнүн, ишенимдин, ар—сезимдин, ишмердүүлүктүн гармониялык биримдиги. Ушундай биримдик бар жерде гана жамаатчылыктын жана ар бир инсандын туруктуу ишеними пайда болот. Алардын ойлогон ою, ишеними жана жасаган иштеринин ортосунда ажырым болбойт. Бул принцип бузулган жерде бирди сүйлөп, башка бир ишти жасай турган эки жүздүүлүк өкүм сүрөт. Башка элдер сыяктуу биздин эл деле эки жүздүүлүктү өтө катуу айыптайт. Анткени эки жүздүү адамда инсандык касиет өлөт.

Мектеп жамаатынын идеялык жана уюштуруучулук негиздеринин биримдиги. Мектеп жамаатынын ишинин мазмунун жана формаларын идеялык жактан туруктуу, руханий бай, турмуштук тажрыйбадан үлгүлүү идея чыгарууга жөндөмдүү, кекэе адамдар аныктап, аларга багыт берип, жаш муундардын жашоосун туура уюштуруусу зарыл. Туура жашоого үйрөтүү—бул өтө назик илим. Бул илимдин алиппеси: ар бир окуучу эртең эле эмне кылаарын билбестен, ал бир жылдан кийин, беш жылдан кийин эмне кылаарын да алдын ала билүүсү, жамааттагылардын бири бири менен карым—катнаштары эмнеге негизделгендигин, ар бир адам жан дүйнөсүн байытуу үчүн жамаатчылыктан эмнени алаарын жана ага эмнени берээрин да так билүүсү ылаазим.

Акыл эстүү педагогдун жетекчилик ролу. Адептүүлүгү өтө бийик, акылы терең, турмуштук тажрыйбасы бай, идеялык тажрыйбасы бай, идеялык ишеними күчтүү жетекчи—директор шыктандырган мектеп жамаатчылыгы гана тарбия берүүчү күчкө айланат. Мектеп директору 1—2 жыл иштеген жерде жамаатчылык, анын тарбиялык ролу жөнүндө эч кандай сөз болуусу мүмкүн эмес. Ошондой эле окуу, тарбия ишиндеги педагогикалык маданияты төмөн жерде да тарбия, жамаатчылык жөнүндө кеп кылуунун кажети жок. Жамаатка жетекчилик кылып, анын ишине туура багыт бере турган мектеп башчылары жана тарбиячылар ар бир окуучунун психологиялык, руханий, интеллектуалдык өзгөчөлүктөрүн жакшы билүүгө тийиш.

Окуучулар менен мугалимдердин, окуучулар менен окуучулардын жанан мугалимдер менен мугалимдердин карым катнаш мамилеринин байлыгы.

Бала мектепте окуп эле жүрбөстөн жашап да жатканын эстен чыгаруу жарабайт. Эгерде мугалим, тарбиячылар бул чындыкка көз жуумп коюшса, окуу иши балдарды тажатып жүдөтүүчү оор түйшүккө айланат. Окуу балдардын көп кырдуу руханий жашоосунун бир кыры сыяктуу болгон жерде гана кызыктуу жана көңүлдүү болот. Идеялык, граждандык, интеллектуалдык, эмгектик жана эстетикалык мамилелер өкүм сүргөн жамаатчылыкта гана адамдардын бай, толук баалуу руханий жашоосу бар. Андай жамаатчылыкта адамдын адамга жасаган мамилеси инсандын көп кырдуу кызыгууларына негизделет. Мектеп өзүнүн мазмундуу, кызыктуу турмушу менен окуучуну өзүнө магниттей тартууга тийиш. Ошондо гана окуу иши баланы өзүнө магниттей тартат.

Окуучулар менен тарбиячылардын руханий жашоосунун ачык—айкын граждандык чөйрөсү.

Мугалим менен окуучу—бири сабак окутуп, билим берип, таң шырма текшерип, баа койгон киши болуп, экинчиси партада отуруп анын суроосуна жооп берип, айтканын аткарып, билим алган киши болуп, класста сабак учурда гана жолугушуусу таптакыр жетишсиз. Андай учурда жамаатчылык тарбиялоочу күчкө айланбайт. Мугалим—окуучу эки гражданин катары бирге аракеттенсе гана бири тарбиялап, экинчиси тарбияланат. Мектеп турмушунда адам адам үчүн жоопкер экенин, адам коом алдында жоопкер экенин сезген система күчүндө болууга тийиш. Адам, жамаатчылык, коом деген мамилелердин системасы өкүм сүрсө гана жамаат активдүү коомдук ишмерди, граждандык, коомдук маселелерге кайдыгер эмес, өлкөнүн кызыкчылыгы, мүдөөсү менен жашаган гражданды тарбиялай алат.

Жамааттын ар бир мүчөсү тарбия жараянына активдүү катышканда гана өздүк ишмердүүлүк, чыгармачылык, демилгелүүлүк өсөт. Балдар билимди сабакта жана окуу китептеринен гана өздөштүрсө, алардын жан дүйнөсү толо болбойт. Бала активдүү коомдук ишмердүүлүктө гана идеялык жактан байыйт. Идеялык деңгээл билим деңгээлинен эч качан артта калбооого тийиш. Ансыз окуучулардын интеллектуалдык байлыгы күчөбөйт, ансыз алар өз алдынча ой жүгүртүүгө жөндөмсүз болушат.

Мектеп жамаатчылыгынын тарбия берүүчү күчү окуучуларда кандай руханий талаптар, кандай кызыгуулар калыптанып, бул талап, кызыгуулар окуучулардын каалоолору менен гармонияласуу деңгээлине жараша болот. Мындай гармония жок мектептеорто жана жогорку окуу жайларында жаштардын жан дүйнөсү

өтө жарды болот. Жаштар мындай руханий талап болбогондук тан, алар секс—фильмдерди көрүүнү, рок музыка, ажыкыздардын бийин бийлөөгө, түрдүү жеңил ойлуу оюн—шоокко баруу менен убакытты өлтүрүүнү каалашат.

Жакшы салт—санаа түзүп, аларды камкордук менен коргоп, муундан муунга руханий дарамет катары өткөрүү.

Салт—бул ар бир муун өзүнүн кичине үлүшүн кошуп олтуруп бай кенчке айланган руханий мурас. Бул кенчти опсуз коромжу лукка учуратпастан, жаңы баалуулуктар менен байытып, жаш муундарды руханий жактан жетилдирүүдө чеберчилик менен пайдалануу үчүн жүрөгү жалындаган, акылы токтоо жетекчи ке рек.

Мектеп жамааты коом үчүн материалдык жана руханий байлык ты өндүрүп жаткан жамааттар менен бекем байланышта болуп, окуучулар коомдук байлыкты өндүрүп жаткандардан үлгү алып, адамдын жашоо максаты эмнеде экендигине акыл жүгүртүп түшүнсө гана тарбиянын натыйжасы жакшы болот. Андай учурда окуучулар «мүмкүн», «туруксат эмес», «керек» деген сөздөргө туура маани берип, аң—сезимдүү тартипти сактоо үйүтүн үйрөнөт.

Мектеп жамаатчылыгында түрдүү турмуштук, адептик деңгээлдеги тажрыйбалары бар, түрдүүчө талап, кызыгуу, удургуу жана ар кыл жөндөмдүүлүктөрү бар, түрдүү курактагы адамдар бар. Онунчу класстын жана биринчи класстын окуучуларын, ошондой эле, буурул чач болуп калган педагогду бирдей деңгээлде кызыктыра турган ишти уюштуруу кыйын, андай жумуш болушу мүмкүн эмес дешет көптөгөн мектеп жетекчилери. Ошол эле учурда теңтуштары жөнүндө, өзүнөн кичүү же улгайган, камкордукка, жардамга муктаж адамдар жөнүндө тынчсыздануу маанайында иш жүргүзүүнү камсыз кылган мектеп жетекчилери да бар. Коллективизм деп аталган кубаттуу дарыянын биринчи булагы жамааттагы ар бир инсан өзүнөн башка жамаатташтарынын кубаныч, бактысы үчүн өз руханий күчүн сарптоосунан башталат. Тарбиячынын чеберчилигин окуучуларга бирөө үчүн кылган пайдалуу ишине ырахаттануу жөндөмүн ойгото билүү усулунун өркүндөгөндүгү көрсөтөт. Башка бирөө жөнүндө кам көрүү—балдардын идеялуулугунун алиппеси—балдарды уюмдаштыруучу чоң руханий күч. Балдардагы инсандын мындай мыкты касиетин калыптандыруу үчүн адамды андап сезүүнү, анын жан дүйнөсүндөгүнү акылы менен гана эмес, жүрөгү менен да туюуну үйрөтүү зарыл. Балдардагы мындай жөндөмдүүлүктү өстүрбөй туруп жамааттын руханий жашоосу жана андагы карым—катнаш мамилелерин байлыгы жөнүндө сөз кылуу кажетсиз. Камкордукка муктаж

бечераның кубанычы же кайгы—муңунун башка бирөөлөрдүн жүрөгүнөн орун алышына жетишүү—бул жамаатчылыктын чоң тарбия берүүчү күчкө айланганынын далили болуп эсептелет. Демек, адамдын адам жөнүндө кам көрүүсү, адамдын жамаатчылык, коом алдындагы жоопкерчилиги—жамааттагы ар бир инсан үчүн (1 класстын окуучусубу же бүтүрүүчү класстабы, же буурул чач ардагерби) бирдей мааниге ээ. Жамааттын алдында ушундай милдет дайыма турса, жамаатчылыктын инсанды тарбиялоочу мүмкүнчүлүгү оожала берет.

В.А.Сухомлинскийдин мектеп жамаатынын амалиятындагы иш тажрыйбаларынан бир—эки ушундай мисалды келтирип көрөлү.

—Жаңы жыл жакын калды эле—деп баштайт В.А.Сухомлинский—балдар майрамды шаңдуу күтүп, түшүнө да кирип атат. Жаңы жылга бир апта калганда Оленка ооруп калды. Балдардын жүрөгүндө Оленкага боору ооруган толкунданууну ойготпосо, алардын жүрөгүндө кам көрүү, тынчсыздануу болбойт. Мен балдардын эсине Оленканы салып: биз балатыны айланып, жыргап бийлеп жатканда, ал үйүндө жалгыз сабыркап ооруп жатат да. Досуңардын кейиштүү абалын эптеп оңосок болбойбу?—балатыны жасап алып Оленканын үйүнө алып барып орнотпойлубу? —деп кайрылдым балдарга. Ошого балатаны кантип даярдап алып барабыз деп ойлоно баштаган минутадан тартып алардын жүрөгүнөн кичинекей курбусу орун алды. Балдар өз түйшүктөрүн унутуп, балатыга кагаздан үкү, мамалак, коён, бөлтүрүктөрдү жасашып, курбусунун үйүнө алып келишти. Бир бала электр лампочкаларын алып келген экен, анын күйбөгөнүнө аябай ачуусу келип, кыжыл болду. Ар бири эптеп Оленканы кубантууга аракет теништн: (29,214). Жакын көргөн курбусуна жакшылык кылууну эңсөө адамдын жамаат алдындагы, коом алдындагы жоопкерчилигинин эң күчтүү көрүнүшү. Бирөөгө мындай жакшылык кылуу ар бир баланын кубанычына айланууга тийиш.

Өспүрүм жана бойго жетээр алдында бала мүмкүн болушунча башка бирөөлөргө көбүрөөк күчүн жумшаганы жөн. Жакшы пейил, көркөм ой, изги тилек менен эле баладагы айкөлдүк калып танбайт. Адамдагы жакшы касиет өз ниети менен аракетин, катуу түйшүк, кара күч эмгеги менен айкалыштырганда гана калыптанат.

Менин окуучуларым граждандык согуштун партизаны, улгайган жалгыз адам—Антон Андреевич менен көптөн бери ынак болук жүрүшөт.—деп, баштайт В.А.Сухомлинский. Окуучулар биринчи мектепке келген жылы эле Антон Андреевич үйүнүн жанын

да өсүп турган чиени жан дили менен аспептеп карап жүргөнүн байкашкан. Кийинчерээк балдар аны Ата Мекендик согушта курман болгон уулу эккендигин билишкен. Менин окуучуларым VIII классты бүткөн жылы жазында чие гүлдөбөй калды. Антон Андреевичти санаа басты. Кечиндеси чиеге жакын сөөрүсүнө отуруп алып аны көпкө карай берет. Жазда кайра көктөп кетсе ажеп эмес дегенсип, анын түбүнө кышы менен көп суу куйду. Биз ал бир жолу куурап калганын, кайра көгөрбөсүн билгенбиз. Баласынан калган сүймөнчүк дарагынын куурап калышы Антон Андреевич үчүн күчтүү күйүт болбогой эле деп көоптоно баштадык. Жаз алды менен ынак адамыбыз ыраакка айылдап кеткен күнү куураган чиени казып таштап, ордуна мектептин багындагы ошого окшогон чиени көчүрүп барып эгип койдук. Муну жасаш көп эле түйшүктүү болду, бирок ынак досубуздун кубанычы биздин мээнетти жүз эсе актайт да (29).

Ошентип балдардагы чыныгы коллективизимди калыптандыруу деген аларга ааламдагы эң негизги нерсени—адамды көрө билүүнү, анын кубаныч, бактысы үчүн өзүнүн руханий жана кара күчүн аябай сарптоону үйрөтүү болуп эсептелет. Адамдын арасында жашоо жана адамдар үчүн жашоо—бул өзүн граждандын көзү менен көрүү, өзүн коомдун кызыкчылыгынын көз карашынан баалоо дегенди түшүндүрөт. Өнүккөн граждандык намыскөйлүк— коллективизимдин каны менен жаны. Өзүн башка бирөөлөрдө жаратчуудай бардык жакшы жактарын аларга сарптап, жамааттын чыгармачылык ишинде жашынан калыптанган балада гана жогорку дай сапат түптөлөт. Андай балдар башка бирөөлөрдү тарбиялоо жараянында өзүн да тарбиялайт. Жамааттын ушундай өзү жаңып турган мүчөсү гана башкаларды тутандыра алат. Башкаларды тутандыра албагандар өздөрү да өчөт. Жамаатчылыктагы тарбиянын логикасы мына ушундай.

Класс—мектеп жамаатынын негизи.

Мектеп жамааты ондогон баштапкы жамааттардан (класс жамаатынан) турат. Алардын арасында түрдүү карым катнаш мамилелер мектеп жамаатынын руханий жашоосун байытат. Алсак, VIII—IX класстын (кээде VI—VII класстын) окуучулары II—V класстын окуучуларынын түрдүү предметтик ийримдерине жетекчилик кылышат. Жамааттын руханий турмушу байып, акыл жактан кызыгуулар достук, жолдоштук кызыгууларга аралашып кетип, жамааттын ынтымагы күчөйт. Ой жүгүртүүсүз, акылдын кызыгуусусуз, таанып билүүгө болгон умтулуусуз жамааттагы мамиле бай болбойт. Жогорку класстын окуучулары жаш балдарга өз билимин берүү жараянында акылын байытышат. Ушун

дай кырдаалда гана балдардын билимге болгон чыныгы чанкоосу, таанып билүүгө болгон күчтүү талабы пайда болот. Бара-бара жогорку класстын балдары төмөнкү класс окуучуларынын алдын да доклад, лекциялар менен чыга башташат.

Мектеп жамаатында окуучулардагы коомдук активдүүлүктү өркүндөтүү үчүн ар бир жогорку класс окуучусу өзүндөгү идеялык граждандык баалуулуктарын майда класстын окуучуларына берүүгө тийиш. Түрдүү эмгек жамаатындагылар менен мектеп жамаатынын байланышы балдарды өндүрүштүк ык, машыгууларга ээ кылат. Өндүрүштө иштегендер жана жогорку класс окуучулары жаш балдардын түрдүү чыгармачылык ийримдерине жетекчилик кылышат. Ошентип руханий көп кырдуу, бай жашаган жамаатчылыкта улуулар кичүүлөрүнө билимин, турмуштук тажрыйбасын, коомдук активдүүлүгүн, идеялык ишенимдерин, граждандык түрдүү баалуулуктарын берүүнүн формалары өтө эле көп.

Бала жарык дүйнөгө келип, көзүн ачкан биринчи минутадан баштап эле коомдук жаныбар. Ошондуктан анда адамдык касиет түптөлөт. Өзүнүн катуу айкырыгы менен, буту—колун, бүткөн боюн таштап, тыбырчылоо менен апасынын, таяне, чоң эне, аталарынын ар кандай зарыл ишин токтоттуруп коюп, өз талабын аткартууга жетишкен бала (бөбөк) өзү үчүн чоң ачылышка душар болуп, ага таңданат, каалаганымды заматта аткарта алам деген эгоистик сезимди биринчи баштан кечирет. Баланы туура эмес социализациялоо, аны инсандык касиеттен ажыратып бузуу мына ушундан башталат. Мындай учурда бала өзүн—өзү тааныу ну теңирден тескери жагынан баштайт. Анткени ал жашынан өзүнүн талабын аткаруу менен башкаларды (эне, атасын, жакындарын, бара—бара тегерегиндеги жат адамдарды) кыйнап жатпайбы, аны туюп, бара—бара түшүнүүсү ылазым. Тарбияланып жаткан кичине бала башка бирөөнүн кайгы муңун акылы менен гана эмес, жүрөгү менен да кабыл алып, ал кайгыны бөлүшө билип, ызаасына чыдай албай ыйлап жиберсе, баланы социализациялоо туура чыйырга түштү деп, көңүлүн ток боло берсин. Социализациялоо туура эмес башталган 5—6 окуучу биринчи класска чогулса, анда ал класста жамаатчылыкты уюштуруу өтө кыйын. Алиги балдардын ар бири шилтеген кадам жамаатчылыкка жарака кетире берет. Ошондуктан жаш балдардагы эмоционалдык сезимди өстүрүү—аларды туура тарбиялоонун негизги шарты. Балдардагы мындай сезимди тийиштүү деңгээлге көтөрүүдө тарбиячылар пайдалануусу үчүн В.А.Сухомлинский 2017 этюддардан турган этикалык ангеменин хрестоматиясын түзгөн. Аларды тарбия жараянын да чеберчилик менен пайдалануу окуучулардын иштиктүү, ынты

мак жамаатчылыгын уюштуруп, тарбиялоодо чоң мааниге ээ.

Туура уюшулган, ынтымак, иштиктүү жамаатчылыкта балдар акыл, адеп, маданий, саясий, идеялык жактан жетилишет. Жамаат чогулушунда бирөөнүн жүрүш—турушун талкуулап, ага берилген оң же терс баа балдардын баарына таасир тийгизип, коюлган талапка карата өз мамилесин өзгөртүүгө аргасыз кылат. Ал эми жолдошторуна койгон моралдык талабын туура деп эсептегендер ал талапты өздөрү толук өздөштүргөндөр болуп эсептелет. Ошен тип коомдук таза пикир балдардагы баалуу моралдык сапаттарды калыптандырат. Балдар чогуу жашап, «бирөө баары үчүн, баары бирөө үчүн»—деген эреженин талабын ишке ашырууну үйрөнүшөт.

Окуучулар жамаатын уюштуруп тарбиялоо жараянында анын ар бир мүчөсү да тарбияланат, аларга жамаатчылык да өз таасирин тийгизет. Жамаатчылыкка таянып тарбия ишинде жеткен ийгиликти ар кандай эле таланттуу педагог өз алдынча камсыз кыла албайт. Окуучулардын жамаатчылыгындагы ынтымакчылыкты чыңдоо үчүн аларга мугалимдер жамаатчылыгы, ата-энелер жана коомчулук койгон талап бирдей болуусуна жетишүү өтө маанилүү. Жамаатчылыктын ишине окуучуларды активдүү катыштыруу мак сатында алардын ар бирине коомдук тапшырма берүү керек.

Жамаатчылыкты туура уюштуруп, окуучуларды тарбиялоочу чоң күчкө аны айландыруучу негизги факторлордун бири болуп активдерди туура талдоо жана туура жайгаштыруу эсептелет. Активдердин составы канчалык көп болсо жамаатты уюштуруу ошончолук жеңиштүү болот. Балдардын арасында түрдүү уюштуруучулук иштерди жан дили менен чебер аткара ала турган ишмерлер болот. Жамаатчылыктын активин ошолор түзөт. Алар жамаатчылыктын ишинин айрым жактары үчүн жоопкер болгондуктан жамаат аларга талапты өтө жогору коёт.

Перспективалуу багыт назарияты.

Окуучулардын жамаатчылыгын уюштуруунун жана чыңдоонун күчтүү каражаты болуп анын алдына кызыктуу перспективаларды коюу эсептелет. Перспектива—ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн чечкиндүү күрөшүп, жамааттын баары жетүүгө уюштурулган кызыктуу окуя, жакшы ниет, тилек, максат. Жамаат жетүүгө умтулган перспектива окуучулардын ишмердүүлүктөрүнүн жеңиштүүлүгүн арттырып, темпин күч алдырат. Эртеңки жакшылыкка умтулган үмүт жамаатты алдыга жетелейт.

А.С.Макаренко тынымсыз алдыга умтулуу—жамаатчылыктын жашоо мыйзамы. Жамааттын ишинде токтоо болбос керек. Жамаатчылыктын ишиндеги ар кандай эле аялдама—бул жамаатчылыктын өлүмү болуп эсептелет. Ошондуктан анын алдына кызык

туу перспектива, түрдүү милдеттер тынымсыз коюлуп турууга тийиш.

Адамды тарбиялоо деген анын эртеңки кубанычы жайгаша турган перспективалуу жолдорун тарбиялоо болуп эсептелет. Адамдын жашоосуна түрткү берүүчү чыныгы күч—анын эртеңки кубанычы. Чындыгында эле жамааттын алдына коюлган ар кандай эле перспектива окуучулардын демилгесин күчөтүп, ынтымагын чындайт. А.С.Макаренко перспективалуу линиялардын назариятын иштеп чыгуу менен перспективанын үч түрүн аныктайт. Алар: жакынкы, ортоңку жана алыскы перспективалар. Жакынкы перспективага, алсак, класс жамааты алдыдагы чейректи ийгиликтүү аяктоого ниеттенсе, ортоңку перспектива—мектепти ийгиликтүү бүтүп, жогорку же атайын орто окуу жайына кызыккан адистиги боюнча өтүүгө үмүттөнүү. Ал эми алыскы перспектива—жакшы адис, жакшы жубай, жакшы ата—эне болуп, элге кызмат өтөп, бала тарбиялоо, элдин, ата-эненин, мугалимдердин үмүтүн актоо. Алыскы перспективасы жок киши бул начар адам деген корутундуга келет. А.С.Макаренко (17). Чыгаан педагогдун бул идеясынын улуулугу—элдик педагогиканын залкар идеялары менен үндөштүгүндө. «Жакшы ниет—жарым ырыскы»—дейт эл макалында. «Жаштын тилегин Кудайым берет»—дейт. Бул макалдарды таржылмалдай турган болсок, аларда бай педагогикалык мазмун жатат. Демек, жашынан алдына алыскы перспективаны—жакшы ниетти коюп, ага жетүүгө жан дили менен аракеттенип умтулса, ар бир адамдын андай тилеги сөзсүз ишке ашат. Анткени ак тилеги, изги ою бар бала эч качан жаман ишке барбайт, өзү жөнүндө гү элдин пикирин өтө жогору баалайт. Эл мени жакшы десе деген күчтүү талап аны элдин оор түйшүгүн кебелбей көтөрүүгө дем берет. Элдин алкышына шыктанып, бирөөлөргө кубаныч, бакыт алып келүүчү ишти аткарууга кара күчүн да, акыл дараметин да аябайт. Андай жаштарга эл ыраазычылык билдирип алкыш айтат, ак пейилинен бата берет. Элдин купулуна толгон жаш улан же кыздын зоболосу көкөлөп бийиктей берет. «Элдин назары—Кудай назары»—дегендин түпкү жагдайы ушундай деп айтсак болот.

Бүгүнкү күндө жаш улан, кыздарыбыз массалык түрдө жаман жолго түшүп, ичимдикке берилип, бангичиликке алдырып, аягы суюк сойкулукка удургуп, уурулук, мыкаачылыкка барып жаткандыктарынын педагогикалык—психологиялык негизи так ушунда—алардын эртеңки кубанычы жайгаша турган перспективалуу жолдорун толук тарбиялоого маани бербей жаткандыгыбызда. Дээрлик көпчүлүк жаштарыбызда алыскы перспектива тургай, ортоңку перспектива жөнүндө эч кандай түшүнүк жок. Алдыга койгон

максаты, жакшы тилеги, тагыраак айтканда, кудайдан үмүтү жок жаштар жан дүйнөсүндөгү бошукту түрдүү убактылуу удургуулар менен толтурууга аргасыз болушат. Ар кандай эле бузулган бирөө жүр деген жакка эч нерсени ойлобой кете берет. Барган жеринде ичкилик ичип, акылынан ажыраган соң, өзүнчө «баатыр» болот. Аягы эмне болоорун ойлобой туруп ар кандай ишти жасай берет. Кыздар абийиринен, балдар кадыр-баркынан ажырап жатканын сезишпейт. Түрдүү уятсыздыктарга, адепсиздиктерге, кылмыштуулуктарга жаштарыбыз ушинтип дуушар болуп жатышат. «Пейилиңди оңдо», «Ниетиңди оңдо» —деген ата—бабаларыбыздын осуятын таназар албай жүрүп, ушуну көрүп жатабыз го!..

Жамааттын калыптануу баскычтары.

А.С.Макаренко окуучулар жамаатчылыгынын өсүү жараянын төрт шартуу баскычка бөлгөн.

Биринчи баскычта коомдук талапты окуучуларга мугалим коёт. Ал эми окуучулар ар кимиси өзү үчүн гана жооп берет. Алар өз жолдошторуна талап коюуну али билишпейт. Тарбиячы жалгыз аракеттенет. Мындай кырдаалда педагогикалык жамаат окуучуларга талапты бирдей, катуу койбосо, окуучулар коомдо чогуу жашоонун нормаларын мугалимдин жеке каалоосу катары кабыл алуусу ыктымал. Ошондуктан жамаатты уюштуруунун бул баскычында талап катуу, ырааттуу, эч кандай келишимсиз коюлуусу ылазым. Бирок бул балдарга карата орой, алардын үшүн алып мамиле кылуу керек дегендикке жатпайт. Тескерисинче балдарга ачык маанай менен жагымдуу мамиле жасалса, жүрүш-туруштун катуу талап коюлган нормалары жамаатчылыктын жыргалчылыгы үчүн зарыл деп кабылдашат балдар. Жамаатта жалпы тартип түүлүктүн нормалары ишке ашып, жаңы чыккан актив жамаатка мугалимдердин талабын коё баштаган учурда биринчи баскыч негизинен аяктайт. Бул жамаатчылыктын жетилүүсүндөгү экинчи баскычты токтоосуз улантууга өбөлгө түзөт.

Экинчи баскычта жамаатка коомдук талапты мугалим гана коюбостон актив окуучулар да коё башташат. Бул баскычта актив өтө чабал, туруктуу абалга жете элек. Бирок, кантсе да тарбиялык милдеттерди ишке ашырууда мугалим жалгыз эмес. Жамаатчылыктын органдары да пайда боло баштайт. Тарбиячылардын милдети окуучулар арасынан бул органдарды башкарууга жөндөм дүү балдарды тез аранын ичинде таап, окуучуларга жардам көрсөтүү. Активдер жамааттын муктаждыктарын билип, милдеттерин түшүнүп, күндөлүк жетекчиликтин ык, машыгууларына ээ болуу-

суна мугалимдер күндөлүк көмөк көрсөтүп турууга милдеттүү. Негизгиси—активдердин принциптүү болуп, жамааттын ишине астейдил берилүүсүн камсыз кылууга жетишүү. Анткени окуучулар активдердин ушундай сапаттарын гана урматтап, алардын ар кандай талаптарын аткарышат.

Үчүнчү баскычта жамаатчылык гүлдөй баштайт. Коомдук талапты жамаатка көпчүлүк коёт. Мугалим менен активдерди окуучулардын көбү колдоп, коомдук пикирди ошолор түзөт. Көпчүлүк учурда окуучулар досторунун жүрүш—туруштарын мугалимдин жардамысыз эле туура баалай алышат. Жамаатчылыктын ийгиликтери, коомдук пикирдин женгендери салт—санаага айланып, жамааттагылардын жашоо нормаларын аныктай баштайт.

Төртүнчү баскыч үчүнчү баскычтын уландысы, анда окуучуга коомдук талапты жамааттын ар бир мүчөсү коё баштайт. Ар ким өзүн—өзү көзөмөлгө алып, өз уяты менен коомдук талапты аткара берет. Эч ким талап кылбаса деле өз каталыгын өзү оңдоого умтулат. Жамааттын өсүүсүндө көзгө ачык уруна турган чек бай калбай калуусу да мүмкүн, анткени бул өтө татаал, бир эле багытта кете бербей турган жараян.

Окуучулар жамаатын уюштурууда курак жаш өзгөчөлүктөр эске алынат. Төмөнкү класстарда жамааттын уюшуусу өзгөчөрөөк өтөт. Айрыкча биринчи класстын балдары класс менен жалпылыгын сезбейт, жүрүш—турушунун бири бирине көз карандылыгын анчалык байкабайт, бирок мектеп жана классындагы көп нерселер аларды дайыма кызыктырат. Алардын активине да көз көрүнөн жардам керек. Мугалимдин таасири күчтүү, анын койгон баасын окуучулардын баары колдошот. Ал эми III—IV класстагылар жолдошторунун пикирине кызыга башташат.

Окуучулардын жамаатчылыгынын ынтымагын чыңдап, иштин түзүлүшүн өркүндөтүүдө мурда окуучулардын өзүн—өзү башкаруу органдары чоң роль ойночу эле. Окуучулар уюму—учком, пионер уюму отряд, дружина, комсомол уюму—комсомолдун комитети, секратарлары. Бул органдар окуучулардагы демилгелүүлүктү, активдүүлүктү күчөтүп, коомдук пайдалуу ишке астейдил берилген, көп чоң—чоң уюштуруучуларды, мамлекеттик ишмерлерди жаштардын ичинен өстүрүп чыгаргандыгы жалпыга маалим. Окуучулар жамаатынын өзүн—өзү башкаруу органдарынын ишин деги романтикалуулук жана балдардын курак жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу, ошону менен бирге, биз жогоруда азыноолак кеп салган маанилүү принциптердин жоболорун окуучулар жамаатынын ар кандай иштерин уюштурууда кыйшаюусуз жетекчиликке алуу бул органдарды мезгилинде, коомдук элдин ишине жан

дили менен берилген, жалындуу патриот, ак ниет ишмерлерди тарбиялоонун анык мектебине айландырган эле.

Бирок, кийинки чейрек кылым ичинде, бара—бара, учкомдун, отряд, дружиналардын жана комсомол комитеттеринин ишин уюштурууда көп принциптер бурмаланып, ыйык жоболор бузула берди, мектептин өзүн—өзү башкаруу органдарынын иши формализмге айланып, отчёт үчүн, көргөзмө үчүн өткөрүлчү боло баштады. Натыйжада балдар жамаатынын ишиндеги романтикалуулук жоголду. Бул көрүнүш балдардагы демилгелүүлүктү, активдүүлүктү суу сепкендей жоготту. Мектептин өзүн—өзү башкаруу органдарынын ишин уюштурууга жетекчиликке эч кимдин шайлангысы келбей калды. Улам жогорку класска өткөн сайын окуучулар башкаруу органдарына шайлануудан качып, алардын түрдүү иштерине катышуудан баш тартчу болушту. Бул органдарды, негизинен, бүт эле кыздар башкарчу болуп, эгер эркек балдарды тартуу керек болсо, көпчүлүк учурда колго жоош—момун бечаралар тийчү боло баштады. Ал эми, мектептерде пионер, комсомол уюмдарын жоюу ансыз эле ыдырап турган мектеп коллективдерин биротоло шалдайтып таштады. Акыркы мезгилде мектептерде балдардын демилгелүүлүгүн, активдүүлүгүн өстүрүүнүн педагогикалык —психологиялык негиздерин иштеп чыгуу максатында жер жерлерде түрдүү багыттагы иштер күчөй баштады. Алардын иш тажрыйбаларындагы алгылыктуу жактарды иликтеп үйрөнүп, жалпылоо жана жайылтуу бир топ мезгилди талап кыла тургандай көрүнөт.

Ар бир окуучунун адам, анын тагдыры жөнүндө кооптонгон сезими анын жүрөгүн же жайнап ачылган гүлдөй назик, же куураган дүмүрдөй жансыз кылып коюшу окуучулар жамаатынын руханий, интеллектуалдык жашоосунун идеялык деңгээлине, жараша болоорун мугалимдер коллективи, ата-энелер жана коомчулук түк эсинен чыгарбоосу зарыл.

4—БАП

ОКУУЧУЛАРДЫН ДҮЙНӨГӨ БОЛГОН ИЛИМИЙ КӨЗ КАРАШЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ ЖАНА АКЫЛ ТАРБИЯСЫ

Көз караш жөнүндө түшүнүк.

Көз караш дегенибиз адамдын чындыкка: социалдык чөйрөгө, табияттын кубулуштарына, адамдын бири—бири менен жана коом менен карым—катнашына карата мамилелерин көрсөткөн дүйнөгө болгон көз караштарынын системасы болуп эсептелет.

Жеке инсандын көз карашы менен коомдогу таптардын көз караштарын айырмалоо керек. Таптын көз карашы анын жалпыланган коомдук ан—сезиминен жана идеологиясынан байкалат. Ал эми инсандын көз карашы анын ой—толгоолорунда, сезимин-

де, эркинде, ишмердүүлүгүндө байкалып, анын субъективдүү абалын көрсөтөт.

Илимий көз караш дегенибиз тарыхта такталган билимдердин тыянагына негизделип, элдин түрдүү ишмердүүлүктөрүнөн көрүнүп турган, адамдын коомго жана табиятка карата болгон материалисттик көз караштарынын системасы болуп эсептелет.: Бүтүндөй пролетардык идеологиянын, демек көз караштын, илимий лүүлүгү адамзаттын билиминин бардык материалына таянаарын В.И.Ленин баса белгилеп көрсөткөн. (14).

Көз караштын структурасы, негизги белгилери

Билим (элес—булас тааныштык, түшүнүк) көз караштын структуралык бөлүктөрүнүн баарынан мурда пайда болот. Алган билим чындыкты чагылдырса, дүйнөгө болгон көз караш да туура болот.

Адамда көз караштык билимдин гана болушу аздык кылат, ал билимдин чындык экендигине адам шек келтирбей ишенүүсү зарыл. Ишеним—көз караштын экинчи структуралык бөлүгү. Ишенимдин мааниси өтө зор, анткени адамдардын ишмердүүлүгү ишенимге таянат.

Билим менен ишеним экөө бирдей боло бербейт. Мисалы биз идеализм эмне экенин билебиз, бирок бул көз караштын чындык экенине ишенбейбиз.

«Чындык» менен «ишеним» деле бирдей эмес. Адам жалган нерсени чын деп ишенүүсү мүмкүн (мисалы ырым—жырымга), тескерисинче чын нерсени жалган деп ишенбей коюусу да мүмкүн. Жалганды чын деп кабыл алганда сокур ишеним пайда болот. (Ырым, бакшы, бүбүгө ишенүү).

Дүйнөгө болгон көз караштын эки түрү бар: бири илимге каршы (идеалисттик), экинчиси илимий (материалисттик).

Идеализм менен метафизика илимге каршы көз караштын назарияттык негизин түзөт. К.Маркс менен Ф.Энгельс: «материалисттик көз караш табиятты, сырттан эч нерсе кошумчалабастан, жөн эле болгонунча түшүнөт»—деп жазышкан. (15).

Илимий көз караш башка көз караштар менен келишпес күрөш жүргүзөт. Ал күрөштөгү позициясы—коргонуу эмес, дайыма чабуул коюу.

Илимий көз караш кудайдын кудуретинин күчүнө ишенбейт, атеисттик багытта иш жүргүзөт.

Илимий көз караш адептүүлүк норманын талаптарына ылайык ишке ашат. Аны менен тыгыз байланышта.

Акыл тарбиясы жана илимий көз караштын калыптанышы. Илимий көз караштын калыптанышы илимий билимдердин негиздеринин эң башкы идеялары болгон: дүйнөнүн материалдуулугу, аны терең үйрөнүп таанып билүү мүмкүндүгү, айлана -чөйрө дөгү чындыкты адамдын өзгөртө алуу мүмкүнчүлүгүнүн мыйзам ченемдүүлүгү, коомдук кубулуштардын маңыз маанисин жана себептерин билүү мүмкүндүгү, эксплуататордук коомдо эзүүчүлөр менен эзилүүчүлөрдүн кызыкчылыктарынын келишпес карама каршылыгы өндүү түшүнүктөрдү жаштардын кабыл алып, терең аңдап түшүнүүсүнө жараша болот. Адамдын дүйнөгө болгон көз карашы кубулуштардын маңыз—маанисин түшүндүрө билүү менен гана чектелбестен, анын амалияттык ишмердүүлүгү менен күндөлүк эмгегинде да көрүнүп турушуна жетишүү—тарбия жараянынын негизги милдети болуп эсептелет.

В.А.Сухомлинскийдин мектебинде окуп жаткан учурунда ар бир окуучу табияттын күчүн өзүнө багындыра ала турган бир нече тапшырмаларды аткаруунун үстүнөн эмгектенишкен. Алсак, дан эгиндеринин айрымдарынан бир жылда эки түшүм алышкан, атайын жер семирткичтерди пайдаланып айрым өсүмдүктөрдүн жетилүүсүн тездетишкен, селекция жолу менен буудайдын суукка чыдамдуу сортун чыгарышкан, бир нече чарчы метр эч нерсе өспөгөн топурагы бар жерди көкала майданга айлантышкан, кызылчанын канттуулугун ашырышкан ж.б.у.с: көп иштерди аткарышкан Мындай тажрыйбалар жараянында чындыкты дагы терең-рээк таанып билип, адам өзүн өзү да жакшылап таанып, табигаттын сокур күчтөрүнүн колундагы оюнчук эмес экендигине ишене баштайт. (28,217).

«Индивиддин чыныгы руханий байлыгы анын чыныгы мамилелеринин байлыгына толук көз каранды»—деп жазышкан К.Маркс менен Ф.Энгельс. (15). Жогоруда биз мисал келтирген окуучулардын тажрыйба, эксперимент жана эмгектенүүлөрү алардын чыныгы мамилелеринин байлыгынын маңыз маанисин айгинелейт. Мындай кырдаалда ар кандай идея жеке ишенимге, көз карашка тез айланат. Окуучулардын көз караштык ишенимдери алардын активдүү ишмердиги жараянында калыптануусу өтө маанилүү. Мындай учурда адам өтө зирек, көп билүүгө кунт койгон мүнөзгө ээ болот. Мындай адамдар табияттын кубулуштарындагы себепнатыйжа байланыштарынын татаал айкалышууларын аңдап түшүнүүгө умтулат, күч эмгегин сүйүшөт, ага интеллектуалдык баш талыштарды кийирүүгө далалаттанат. Алар бирге эмгектенгендерин бир да кубулушту калтырбай үйрөнсө болот деп ишендире алат. Бала чындыкты өз эмгеги менен ачып гана тим болбостон, ал чындыкты аңдап түшүнүп, кыйынчылыкты жеңип, жаңылыкты

ачуунун рахатын башынан кечирсе гана сырткы дүйнөнү активдүү көрө алат. Ошондо гана ал үчүн чындык жакын, ал үчүн чындык кымбат болот. Ошондо гана ал эч качан чындыкты бурмалабайт жана башкалардын бурмалоосуна жол койбойт.

В.А.Сухомлинский: «Таанып билгенди—далилдөө жана далил дегенди—таанып билүү так ушул эмгек менен ой толгоонун биримдигинде акыл тарбиясы менен көз караштын биримдиги турат»—деп жазат. (28,217).

Табияттын жана адам коомунун мыйзам ченемдүүлүктөрү чагылдырылган окуу предметтеринин мазмунунда илимий көз караштарды калыптандыруунун жана акыл тарбиясынын көп мүмкүнчүлүк төрү жатат. Илимий көз карашты калыптандыруу үчүн тарбиячы, балдардын жан дүйнөсүнө терең ойлонуу менен үңүлүп кирип, алардын ой—чабыттарына, сырткы дүйнөнү таанып билүүсүнө, эмгектеги ишмердүүлүктөрүнө кылдат педагогикалык жетекчилик кылуусу ылазим.

Тынымсыз окуп изденүү баланын көп кырдуу интеллектуалдык жашоо чөйрөсүнүн бир бөлүгү катары анын эркин менен акыл дараметинин оюнуна айланса, окуп изденүү ага ааламга көз чаптыра турган терезени ачып берсе, ааламдан бала көп кызыктарды, азгырууларды көрсө, өзүн толкундаткан суроолорго жооптуу ал китептерден, табияттын өзүнөн жана айлана—чөйдөдөн издесе гана өздөштүргөн билими анын дүйнөгө болгон илимий көз карашын калыптандыруучу факторго айланат. «Окуучудагы билимге болгон чанкоо—деп жазат В.А.Сухомлинский,—жакшы уюштурулган окутуунун гана натыйжасы эмес, илимий көз карашты калыптандыруу жараянынын накта маңыз мааниси» (28,218) Окуучу жашкезинде көп нерсе жөнүндө кабардар болуп, аларды билип алары жалпыга маалым. Өзүн курчап турган сырткы дүйнөнүн жашыруун сырларына жана мыйзам ченемдүүлүктөрүнө карата окуучунун мамилесин мугалим кандай уюштура алса, окуучунун билимге карата жекече мамилеси так ошондой болот. Ошондуктан башталгыч класстын мугалимдери ар бир окуучусу мектептеги биринчи кадамынан баштап эле билимди өз алдынча өздөштүрүүгө активдүү катышып, сырткы дүйнөнү таанып билүүдөгү чындыкты ачуу окуучудагы теңдеши жок кубаныч сезимин пайда кылып, аны аябай толкундатып, эмоционалдык эргүүсүн камсыз кылуусуна жетишүүгө умтулуусу ылазим. Окуучудагы ушундай абал гана анын көп билүүгө болгон каалоосун, билимге болгон чанкоосун ойготуучу негизги булак.

Билимдин кайра өзгөртүп жаратуучу күчүн өз тажрыйбасында таанып билген бала билимге карата активдүү позицияда болот. Эмгек жараянында ал канчалык көп таанып билсе, эмгектин сезимди толкундаткан рахатын башынан ошончо терең кечирет, ал

ошончолук көп билүүгө умтулат, ошончолук билимге болгон чанкоону, зиректикти, билүүгө болгон кунттуулукту баштан көбүрөөк кечирет. Табият жөнүндөгү илимдердин негиздерин окуп үйрөнүүнүн жүрүшүндө балдар акырындык менен дүйнөгө болгон көз караштары таяна турган илимдеги негизги идеяларга түшүнүүсү акырындап тереңдей берет. Ал идеялар: айлана чөйрөдө жандуу жана жансыз жаратылыштын эч качан тыныгууну билбеген, түбөлүктүү карым—катнашы болуп турат, табияттын күчү жансыздан жандууну—жашоонун булагын—органикалык заттарды жаратып турат, жандуу жаратылыш жансыздан органикалык заттарды түзүү үчүн биринчи материалды алат.,заттардын алмашуусун пайда кылат. Адам өзү табияттын бир бөлүгү болуп туруп, анын татаал жараянын байкап, иликтеп үйрөнүп, таанып билүү менен чектелип калбастан, тартынбай ага зордуктап киришип, жашоо кубулуштары күч алуусу үчүн ыңгайлуу шарт жаратып, рганизмдер үчүн чөйрө түзөт жана аны өзгөртөт.

Башталгыч класстарда окуучулар өсүмдүктөр жана топурак, жашоо жараяны, минералдык жана органикалык семирткичтер, жашоо жараяндары үчүн шарт жаратуучу эмгектин ролу жөнүндөгү биринчи маалыматтарды талдап түшүнө башташат. Бирок бул түшүнүк—балдардын акыл жагынан жетилүүсүнүн бир эле жагы. Бала колу иштегенде ой жүгүртө, ой жүгүрткөндө колун иштете билүүсү ылазим. Ушундай кырдаалда гана билим ишеним ге айланат, бул баланын табиятынын талабы: эмгек жараянында баланын акыл операциясы өтө айгинеленет, баланын өз эмгегинде далилденген илимий түшүнүк анын терең сезимдерин ойготот. Ал сезимдер адамдын жүрүш—турушунун эң күчтүү түрткү берүүчү себеби.

Физика, химия, астрономия, математика сабактарын окуу менен окуучулар: материянын түбөлүктүүлүгү, аны бирөө жаратпагандыгы, анын жоголбостугу, ааламдын чексиздиги, кыймыл, убакыт жана мейкиндиктин материалдуулугу, материанын өнүгүүсүнүн эң жогорку этабы болгон адамдын аң—сезими жөнүндөгү негизги илимий чындыктарды ача башташат.

Мектептин педагогикалык жамааты илим менен техниканын орчундуу маселелерине канчалык көп кызыгып, көп окуп, көп ой толгоосун тартып, интеллектуалдык баалуулуктар жөнүндө көбүрөөк пикир алмашылса, окуучулардын алдында илимий билимдердин горизонту ошончолук кенен ачылып, ошончолук узактан көрүнөт.

Илимдин тарыхый өсүп өнүгүү жолун, андагы материализмдин караңгылыкты колдогон ырым—жырымдар менен, ошондой эле идеализмдин түрдүү көрүнүштөрүнө каршы күрөшүн, акылдын өркүндөп өкүм сүрүшү үчүн күрөшүн көрсөтүүнүн илимий көз карашты калыптандырууда ролу өтө чоң. Инсанияттын билимге

умтулган жолу кыйынчылыктуу, катаал болгондугун, көптөгөн окумуштуулар ал жолдордо чыныгы эрдик көрсөткөндүктөрүн, прогресс үчүн болгон күрөшкө түрткү берген баатырлар катары тарыхка киргендиктерин окуучулар билишет. Мындай окумуштуулардын өмүр баянындагы урунтуу жерлерин сабакта окуучулардын аң-сезимине жеткизе, эмоционалдуу кылып баяндап берүүнүн мааниси да өтө зор. Элестүү, таасирдүү кылып илимдин өнүгүшүндөгү идеялардын күрөшүн окуучуларга баян этүү—диалектикалык—материалисттик идеялардын тууралыгын жана гумандуулугун окуучулардын аң-сезимине терең жеткизип, билимге, маданиятка карата алардын эмоционалдуу мамилесин пайда кылат. Ибн-Сина, Беруни, Фараби, Жордано, Бруно, Томмазо Кампанелла, Галилей, Коперник, Дарвин, Саякбай, Сагынбай, Адышев, Ахунбаев, Токтогул, Молдо Нияз, Чыңгыз Айтматов, Рысбай Абдыкадыров ж.б. өндүү адамдардын өмүрү жана эмгектерине байланыштуу кечелер, конференциялар мектепте өткөрүлүп туруушу керек.

Окуучулардын акылын өстүрүп, көз карашын калыптандыруудагы окуулуктардын ролу.

Окуучуларга гуманитардык сабактарды окутуунун негизги максаты—Ата Мекенин сүйгөн патриотту, элинин жыргалчылык турмушу үчүн активдүү күрөшүүчү атуулду тарбиялоо. Тарых, адабият өндүү илимдерди окуган бала коомдун мурда, азыр жана келечекте өсүп өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн аңдап түшүнүп, адамзат түзгөн руханий байлыкты жан дили менен сүйүп, аны иликтеп таанып билүүгө умтулуусу зарыл.

Адамзат, эл жана инсан,, анын ички руханий дүйнөсү, умтулуусу жана кубанычы, талабы жана коркунучу—булардын баары накта таанып билүүнүн көп кырдуу тармактары, окуучу адамзаттын өсүп өнүгүүсүнө таасир тийгизген эң улуу окуяларды таанып билүү менен бирге жекече инсандын жан дүйнөсүн, сезимин, ой санаасын жана башка баштан кечирген окуяларын таанып билет.

Окуучу коом жөнүндөгү илимий билимдерди сырттан жөнөкөй гана байкоочу катары кайдыгер кабыл алып, жөн гана маани бербестен, өз жумуриятынын гүлдөп өсүшүнө жан дили менен берилген кишидей, өлкөсүндөгү элдердин ынтымактыгын, тынчтыгын, достугун каалап, адамды кемсинтүүчү нааандыкты, уятсыздыкты, адепсиздикти жоготуп, адамдардын мамилесиндеги сулуулукту орнотуучу инсан катары түшүнүүсү ылазим.

Башталгыч жана жогорку класстардын мугалимдери гуманитардык сабактардын мазмунун чагылдырган билимди баяндоодо адамзаттын тагдырын баланы толкундатып, өз элинин өткөнү, азыркы учуру жана келечек тагдыры анын жан дүйнөсүн козгоп, генин кызыткыдай болууга тийиш.

Алсак, окуучуларга мугалим кыргыз элинин тарыхындагы ил

гери өткөн окуялар жөнүндө—XIII кылымдагы монголдордун жор туулунда көчмөн, таланган элдин көргөн азап тозогун айтып, 1219—1220—жылдары монголдун жырткычтары Орто Азия элдерин бүлгүнгө салып, элди кыргынга дуушар кылгандыгын, басып алган жерлерин Чынгыз хан улустарга бөлгөнүн, Кыргызстан Жагатай улусунун составына киргенин, монголдор бүлүнгөн кыргызды ырайымсыз эзгенин айтат. Окуучулар баскынчылардын зомбулугун көргөн элдин кор болгон абалын элестетишет. Бүлгүнгө учурап, кордук көргөн эл бара—бара ынтымакка келип, өзүнчө мамлекет түзүп, элден чыккан баатырлар өлкөнү баскынчылардан коргоп калганын окуучуларга айтып берген мугалим балдарга кайрылып: «Силер элибиздин биримдигин, намызын, эркиндигин сакташ үчүн каны—жанын аябай күрөшкөн бабаларыңардын баатырдыгына сыймыктана аласыңар»—десе балдардын эл—жерге карата атуулдук сезими ойгонуп, адам коомун дагы акыйкатсыздыкка карата кыжырлануу сезими пайда болот.

1873—1876—жылдардагы кыргыздардын Пулатхан (Исхак Молдо Хасан уулу) баш болгон Кудаярхандын залимдигине каршы Пулатхан, Абдурахман Афтабачы, Абдылдабек, Чыйбыл өңдүү баатырлардын орус колонизаторлоруна каршы күрөштөгү элдин кыргынга учураганын укkан окуучулардын патриоттук сезими ойгонбой койбойт. Жергебиздин ар бир бурчу Ата Мекенди коргоо үчүн өз жанын курмандыкка чалган баатырлардын каны на жуулган, ыйык экендигин ошондо баамдашат. Элдин көз каранды болбой, эркин жыргап жашашын камсыз кылуу үчүн каныш төккөн баатыр бабаларыбызга биздин жаштарыбыздын койгон эстелиги болуп —жашыл бак менен гүлзарга оронгон айыл, кыштак, шаарлар, чайпалып бышкан арпа, буудай өндүү дан өсүмдүк төрү, элдин камы үчүн аккан пешене тер эсептелерин ар бир окуучу түшүнүүсү ылазим. Тарыхый окуяларга, фактыларга, кубулуштарга карата окуучунун өзүнүн жеке пикири болуп, андан чыгарган айрым идеялар ага өтө кымбат сезилип, аларды коргоого жан дили менен тике турса, айрым идеяларды жек көрүп, алар менен таптакыр келише албаса гана окуучунун тарыхий жараян жөнүн дөгү билими анын бекем ишенимине айланат. Бекем ишеним—дүйнөгө болгон көз караштын өзөгү.

Н.Г.Чернышевскийдин ою боюнча адабият турмушта жашоонун окуу китеби болуп калууга тийиш. Ал үчүн жакшылыктын, намыс ариеттин жана чындыктын көркөм образда чагылдырылган идеалы чыныгы сулуулуктун идеалы катары окуучулардын көңүлүн өзүнө буруп, алардагы аруу, ак, чырайлуу жана таза жашоого болгон умтулуусун козгоосу ылазим. Адабият сабагы балдардын жүрөгүндөгү жакшылыктын, намыскөйлүктүн, чындыктын, сулуулуктун идеалына таңыркоо сезимин козгоосу керек. Өз алдынча

көркөм чыгармаларды окуу жана коомдук, адеп—ахлак, эстетика лык курч маселелердин үстүнөн ой жүгүртүү, элинин жана жеке өзүнүн келечегин ойлоо ар бир окуучунун талабына айлануура тийиш.

А.М.Горькийдин айтуусу боюнча адабият идеянын каны менен жаны. Адабиятты өздөштүрүүдө негизги маани субъективдүү факторго көркөм формада кооздолуп көрсөтүлгөн эстетикалык принциптер, социалдык жана нравалык идеялар ар бир окуучунун ички дүйнөсүндө, ишениминде жана жүрүш—турушунда канчалык терең чагылдырылгандыгында болуп эсептелет.

Элдик оозеки чыгармалардагы жана жазма адабияттардагы персонаждар: Манас, Бакай, Каныкей, Айканыш, Курманбек, Семетей, Сейтек, Төштүк, Айчүрөк, Данияр, Бостон, Султанмурат, Чаргын ж.б.у.с.—элдин идеалында тарбияланган, төгөрөгү төп келишкен, өркүндөгөн инсандар. Алардын жашоосундагы негизги максат—элге кызмат өтөө, элдин жүгүн көтөрүү. Алардын көркөм элестери ар бир окуучунун идеалы болуусу үчүн адабият сабагын окуучулардын жүрөгүнө жеткирип, сезимин козгоп, жан-дүйнөсүн эргите турган деңгээлде элестүү кылып окутууга жетишүү зарыл. Адабиятты математика же биология сабагындай өтсөк—окуучулардын дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырууга адабият мугалимдери кайдыгер мамиле жасагандыктарынын белгиси. Андай өтүлгөн адабият сабагы балдардын жүрөгүн жылытып, акылын өстүрбөйт. «Эмоция катышпаган адабият сабагындагы акыл уйкуда болот»—деп жазат балдардын жан дүйнөсүнүн белдүү билерманы В.А.Сухомлинский (29).

Адабият мугалимдери биздин чыгаан ойчулдар, көркөм сөз чеберлери, акылман тек, кубары, бабаларыбыздын ак—сезимин, эң жогорку интеллектуалдык потенциалын камсыз кылган чебер тарбиячы даанышман энелердин балдарына, небере, чеберелеринө жомок, табышмак, жаңылмач, апыртма, кошок, болмуш, жаныл ма, эпостордон үзүндү айтып берүүдөгү өтө ийкемдүү усулдук ык маларынын психологиялык—педагогикалык негизин үйрөнүүлөрү зарыл. Ал бийиктикке көтөрүлбөй туруп адабиятты турмуш тириччиликтин окуу китеби кылуу мүмкүн эмес. Ансыз адабият жаштардын дүйнөгө болгон көз карашын калыптандыруудагы эң сонун мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарып жиберет.

Математика—табиятты жана коомдук турмушту иликтеп үйрөнүп, илимге терең үңүлүп кирүүчү көз караштык предмет. Математикалык ой жүгүртүү сандардын, чондуктардын, геометриялык фигуралардын арасындагы сандын, мейкиндиктин жана функционалдык көз карандылыктарды гана түшүнүү эмес, чындыкка карата болгон өзүнчө бир башка мамиле, табияттын фактыларын жана кубулуштарын изилдөөнүн башкача усулу, кубулуштар арасын

дагы себеп—натыйжалык байланыштарды талдоонун өзүнчө ык малары дөсек болот. Математикалык ой жүгүртүүсү өспөгөн окуу чу бүт сабактарын жакшы өздөштүрүп окуусу кыйын. Математи калык жөндөм—бул акылдын жаркын сапатынын көрүнүшү. Ал сапат инсан ааламды таанып билүүдө жана эмгек ишмердүүлүгүн дөгү чыгармачылыктын өркүндөшүн камсыз кылууда өтө чоң роль ойнойт.

Мектептин жана мугалимдердин эл алдындагы, коом алдында гы эң жооптуу милдети—ар бир окуучудагы математикалык шык жөндөмдү өстүрүү жөнүндө кам көрүү.

Математиканы жакшы билип, аны инсандагы асыл сапатты калыптандыруунун каражаты катары чебер пайдалана билген муга лим окуучуларын өз оюн илимий даана, так айта билүү мадания тына ээ кылып, айткан оюн ынанаарлык негиздеп, андан туура логикалык жыйынтык чыгарууга үйрөтөт. Математикалык ой жү гүртүү—бул сулуу, көркөм ойлоонун төркүнү. Математика саба гын талапка ылайык окута алсак, илимий көз караштын негизин түптөгөн болобуз. Окуучунун физика, химия, астрономия сабакта рынан өздөштүргөн билиминин анын илимий көз карашын калып тануруга кандай таасир тийгизээрин окуучу материянын, заттар дын, энергиянын, кыймылдын касиеттерин жана мыйзамдарын канчалык бекем үйрөнүп, материалдык дүйнөнүн биримдиги жө нүндөгү идеянын жана адамдын акыл күчүнүн чыгармачылык, кайра жаратуучулук жөндөмү жөнүндөгү идеялардын ашкерлениш деңгээлине жараша болот.

Бул идеяларды аңдап түшүнгөн окуучуда билимге болгон чаң коо калыптанат. Адам билимдин биринчи башатына терең үңүлүп кирип, материянын жана заттардын түзүлүшүн, жашоонун келип чыгышын, жандуу организмдердеги биохимиялык жараяндарды канчалык терең өздөштүрсө, анын билимге болгон кызыгуусу ошончолук күчтүү болот. Бул сабактарды окуу жараянында акыл дын күчү материянын жашырын сырларын таанып билүүгө багыт талган болсо, окуучу мектепти бүткөндө көп билүүгө умтулган, зиректик касиетке ээ болот, өзүнчө окууну эч качан токтотпойт, күч эмгегиндеги интеллектуалдык деңгээлди жогорулатып, өз жан дүйнөсүн байытууга умтулат.

Ботаника, зоология, анатомия, физиология сабактарынын или мий көз карашты калыптандыруудагы ролу окуучулардын аң се зиминде жандуу организмдердин жашоосунун маңыз мааниси— материянын кыймылынын эң жогорку формасы катарында экенди ги, жашоо жараянынын материалдуулугу, адамдын бул жараянга киришүүгө мүмкүнчүлүгүнүн бардыгы жөнүндөгү илимий ишени мдин деңгээлине жараша болот. Жеткинчектердин, жаштардын илимий чындыкка, билимге, чыгармачыл эмгекке, жекече терең

мамилесин күчөтүүчү, көп билүүгө кунттуулуктун, зиректиктин, акылдын күчүнө тан берүүнүн булагы так ушул ишеним. Балдар мектепти бүткөндөн кийин жалпы эле эмгекке, айрыкча айыл чарбачылыгындагы эмгекке кылган мамилелери, алар окуп жүргөндө жашоо жараянынын негиздерине жасаган мамилелерине жараша болот.

Ошондуктан биологияга кызыккан ар бир окуучу мектепте биологиялык эксперимент жүргүзсө өтө жакшы болот. Эксперимент мектеп окуучуларынын эмгегин интеллектуалдык жактан байытуу үчүн эң күчтүү каражаты, анда күч эмгеги ойлоо менен, талдоо жүргүзүү менен айкалышат.

Интеллектуалдык, эмгектик, чыгармачылык кызыгууларды тереңдетип, илимий билимдерди өздөштүрүүгө болгон окуучулардагы умтулууну ойготкон билим менен эмгектин биримдигин камсыз кылууга өбөлгө түзгөн кырдаалды мектепке түзүү талап кылынат. Мугалимдердин илимий билимдерин тынымсыз толуктап туруусу окуучулар жамаатынын бай интеллектуалдык чөйрөдө жашоо шартын түзүп, илимий билимдердин негизин окутуунун бийик деңгээлин камсыз кылат.

Ушундай кырдаалда гана мектепте уюштурулган илимий-предметтик ийримдерге катышкан жогорку класс окуучулары илимий булактарды тынбай окуп, табият таануунун курч маселелери менен таанышышат. Алар окуучулардагы илимий көз карашты калыптандырууда мугалимдерге көп көмөк көрсөтүшөт. Окутуудагы негизги максат—окуучулардын билимди өздөштүрүү жараяны алардын жалпы жетилүүсүнүн оптималдуу деңгээлин камсыз кылса, окутуу жараянындагы жалпы жетилүү—окуучулардын билимди ийгиликтүү өздөштүрүүсү үчүн өбөлгө түзүүсүнө жетишүү. Ал эми окутуунун усулдарынын жемиштүүлүгү, бир жагынан, балдардын жалпы акылынын өсүү жараянына канчалык деңгээлде түрткү бергенине, экинчи жагынан, окутуу жараяны, канчалык деңгээлде, ошол эле учурда илимий көз карашты калыптандыруу жараяны боло алгандыгына карата бааланат.

Айрым башталгыч классты ийгиликтүү аяктаган окуучулар жогорку класска баргында көп сабагынан жетиште албай калат. Буга кээ бир мугалимдер таң калышса, кээлери кооптонушат. Эмне үчүн мындай болду? Билимди өздөштүрүү менен баланын акылын өстүрүүнүн байланышы үзүлүп калган, анткени билимдин белгилүү көлөмүн өздөштүрүүнү айрым мугалимдер окутуунун максаты катары карап, окутуу өнүккөн акылды тарбиялоонун да каражаты болгондо гана бала билимдин улам жаңы көлөмүн өздөштүргөн сайын ага окуу жеңил болооруна маани беришпейт. Билимди өздөштүрүү менен акылды өстүрүүнүн ортосундагы байланыштын үзүлүшүнө жол койбоо—ийгиликтүү окутуп, тарбиялоонун негиз-

ги шарты, илимий көз карашты калыптандыруунун бирден бир каражаты.

Көз караш жана акыл ишмердүүлүгү.

Дүйнөгө болгон көз караш инсандын мүнөздөмөсүндөгү негизги нерсе. Көз карашы жок инсан болбойт. Дүйнөгө болгон көз караш инсандын жалпы багытын: анын жүрүш-турушун, ишмердүүлүгүн, ошону менен бирге адамдын бардык башка сапаттарын: адебин да, сезимин да, эмгекке болгон мамилесин да аныктайт.

Дүйнөгө болгон терең көз карашы жок адам өз жашоосунун мааниси эмне экенине түшүнбөй, ой келди аракеттерди жасай берет.

Адамдын айрым билгендери, алсак фактылар, мисалдар, иллюстрациялар, анын көз карашынын эмпирикалык негизин, кандуу тамырын түзөт. Ал билимдер күндөлүк амалияттык милдеттерди чечүүгө көмөк көрсөтүп, инсанды белгилүү иш аракетке багыттайт.

Адамдагы башка билимдер—мыйзамдар, идеялар, принциптер, нормалар, эрежелер түрүндө дүйнөнү назарияттык таанып билүүнүн негизин түзөт. Бул билимдер инсандын жүрүш—турушунун пландарын жана перспективаларын аныктайт.

Андап түшүнүп жасаган иш аракеттеринин конкреттүү фактыларын жалпылоонун негизинде баланын ак сезиминде анын мамилелеринин жана үйрөнгөн адаттарынын тажрыйбаларында бекемделген жалпы идея келип чыгат. Ошол учурда гана коомдук тажрыйбаны кабыл алып өздөштүрүүгө база түзүлөт. Ошол идеялар инсандын жүрүш—турушун аныктаган ишеним болуп эсептелет. Ошол ишенимге айланган идеялардын эстүүлүк менен эмоционалдык жаңырыгы баланын дилине орун алып, мүмкүн болушунча өз тажрыйбасы менен же бала ишенип урматтаган улуулардын тажрыйбалары менен байланышта болуусу зарыл. Ошондо гана баланын ак сезиминин түзүлүшүндө белгилүү өзгөрүү пайда болот. Ансыз ал идеялар баланын ак сезиминде бейтарап билим, ооз көптүрмө сөз бойдон кала берет. Мындай кырдаалда ал идеялар менен баланын адеп—ахлактык тажрыйбалары катар жашай берет.

Идеяларды кыйкырыктуу декларациялар үчүн пайдаланса, адам адеп—ахлактык тажрыйбаларын турмуштун амалиятында жетекчиликке алат. Ошентип инсандын айткан сөзү менен жүрүм—турумундагы ажырым, ыйманын жуткан эки жүздүүлүк пайда болот. Мындай адамдарды биз айрым үй—бүлөлөрдөн, мектептерден, мекемелерден көп эле кезиктиребиз. Ал эми мамлекеттик аппараттагыларда андайлар андан да көбүрөөк кездешет.

Мындан биз балдардагы илимий көз карашты калыптандыруу га үй—бүлө, мектеп, коомчулук жана мамлекеттин тынымсыз көңүл буруусу зарыл деген мыйзам ченемдүү тыянакка келебиз.

Илимий көз караш жана атеизм.

Динге ишениш, ишенбеш ар кимдин өз эркн. Жумуриятыбыздын конституциясында дин мамлекеттен, мектеп медреседен ажыратылган. Илимий көз караштын калыптанышы атеисттик тарбия менен тыгыз байланышта ишке ашат.

Атеисттик тарбия дегенди динсиз тарбия деп түшүнүү туура эмес. Дин элдин кылымдарды камтыган маданиятынын өзүнчө чагылдырылышы. Ошондуктан ар бир жаш жеткинчек диндин тарыхын, социалдык тамырын иликтеп үйрөнүүгө тийиш.

«Ашынган атеист» сөрөйлөр окутууда жана окуу китептеринде кудайды оозго албай койсок эле окуучуларыбыз атеист болуп чыга калат деген чолок этек назарияттуу ойлоп чыгарышкан. Натыйжада андан эч нерсе чыкпай калды.

Атеист боло турган адам, барыдан мурда, диндин тарыхын, социалдык тамырынын илимий негизин жакшы түшүнүп, дүйнөгө карата илимий көз караштa болуусу ылазим. Бара бара илимий көз караш жалпы мүнөзгө ээ боло баштаганда атайын атеисттик тарбия жүргүзүүнүн зарылдыгы жоголо берет.

5—БАП.

АДЕП—АХЛАК ТАРБИЯСЫ.

Адеп—адамдардын коомдогу жана жеке турмушундагы бири-бири менен, коом менен мамилелеринин жана жүрүш—туруш нормаларынын тарыхый жыйындысы. Адептүүлүк адамдардын жеке мамилелерине, коомго жасаган мамилелерине, бири—бири менен жана коом менен карым—катнашына жакшылык—жамандык, абийирдүүлүк—уятсыздык, айкөлдүк—карапиеттик деген түшүнүк төрдүн негизинде баа берет. Коом адеп—ахлак нормаларын иштеп чыгат жана коргойт. Ага илим, дин, саясат, философия, юриспруденция, көркөм өнөр өндүү коомдук аң сезимдер да өз таасирин тийгизет. Адептүүлүк нормаларды адамдардын кыйшаюсуз сактоосун көзөмөлгө алуучу эң күчтүү каражат—коомдук пикир, элдин назары. Үй—бүлөдө жана мектепте балдарды адептүүлүккө тарбиялоонун милдети инсандагы идеялык өзөктү—жарандык (граждандык) көз карашты, ишенимди, сезимди, жүрүм—турумду, сөз менен иштеги биримдикти калыптандыруу. Инсанды мындай идея менен шыктандыруу—педагогикалык маданияттын башаты да, ошол эле учурда тарбиячылык чеберчиликтин туу чокусу да болуп эсептелет.

Балдар үчүн идея инсандан ажырагыс. Жакшы көргөн мугалим дин айтканын балдар жек көргөн, жат адамдын айтканынан тап такыр башкача кабыл алат.

Адеп тарбиясы инсанияттын моралдык, маданий идеялына умтулуу деген эмне экендигин балдар али баамдап түшүнгүдөй болло электе, өтө жашынан, алардын жүрөгү эмоционалдык таасирге бат бериле турган мезгилден башталат. Анын алиппесин үйбүлө бере баштайт.

Жалпы инсаниятка тиешелүү адептүүлүктүн алиппесин граждандык активдүүлүк жана ишмердүүлүк менен шыктандырбай туруп, адептүүлүк тарбиясында ийгиликке жетишүү мүмкүн эмес. Бала эмне жакшы, эмне жаман экендигин билип эле тынчып калбастан, өлкөнүн өркүнү өсүүсү үчүн ал жакшы аракет кылууну үйрөнүү, өзүнүн ыйык, парзым деп эсептөөгө тийиш.

Мектепке балдар адептүүлүк жөнүндөгү түшүнүктөрү түрдүү деңгээлде келишет. Кээ бир балдар бат эле башкалар менен тил табышып, ынтымакташып ойноп кетет, керек болсо, колунда барын бөлүшөт. Айрымдары четтешке аракеттенет. Мектепте бул багытта белгилүү системада иш жүргүзүлүп, жаш муундардын адеп—ахлагына таасир тийгизет. Мектепти бүткөндөн кийин көбүнчө ал сапаттар андан ары өркүндөйт, алардын кээ бирлери оңолот, мектепти бүтүргөн жаштар дайыма эле жаңы адептүүлүк сапатка ээ боло бербейт. Ошондуктан мектепте адептүүлүк тарбиянын маз муну көп нерсени камтууга тийиш.

Адеп —ахлактын тарыхый жана таптык мүнөзү.

Адеп—ахлак тарыхый мүнөзгө ээ. Түрдүү тарыхый кырдаалга ылайык өзгөрүүгө учурап турат. Ошондой эле адептүүлүк таптык мүнөзгө да ээ. Бардык мезгил үчүн, бардык элдер үчүн бирдей өзгөрбөгөн адеп нормасы болууга мүмкүн эмес. Ф.Энгельс.» Жакшылык жана жамандык жөнүндөгү түшүнүк элден элге, кылымдан кылымга ушунчалык өзгөрүүлөргө учураган дейсиз, көп учурда алар бирине бири тике карама—каршы мүнөзгө өткөн деген ойго келет (25).

Немис социал—демократы А.Бебель «Социализм и женшина» деген китебинде: «Адеп жөнүндөгү түшүнүк, дин сыяктуу эле, элдин социалдык абалына жараша болот. Каннибал адамды адам жегенин адептүү көрүнүш деп эле эсептеген, гректер менен римдиктер кулчулукту деле ошондой деп эсептешкен, азыркы капиталистерге жалданма эмгек, аял менен балдарды эксплуатациялоо да өтө эле адептүү сезилет..:»—деп жазган: Демек, коом өзгөрүп, адамдардын коомдогу мамилелери, социалдык абалы алмашкан сайын адептүүлүктүн нормалары да өзгөрүүгө дуушар болуп

турат. Кечөө эле социализм куруп жаткандагы адептүүлүктүн көп нормалары бүгүн таптакыр башкача болуп өзгөрүп кеткенине өзү бүз күбө болуп олтурабыз.

Адептүүлүктүн негизи

Инсандын адептүүлүк аң—сезими анын жүрүш—турушу менен ишмердүүлүгүнө өз таасирин тийгизет. Андай аң—сезимдин калыптанышы балдар мектепке келеринен бир топ илгери үй—бүлөдө эле башталат. Адептүүлүк аң—сезимдин калыптанышы өтө татаал жараян. Балдар адам коому жөнүндөгү, андагы адамдардын мамилелери, тууган—уруктардын бири—бири менен карым—катнашы жөнүндөгү түшүнүккө адегенде үй—бүлөдө ээ болушат. Алар мектепке келиши менен бири—бирине тоскоолдук кылбай окушу үчүн ар бирине ыңгайлуу шарт жаратууга умтулуп иштөө талап кылынат. Алардагы жүрүш—турушка таасир тийгизе турган аң—сезим бара—бара кеңее берет. Бул жараян карама—каршылыксыз, түз кете бербейт. Алсак, эмгек бардык жыргалчылыктын булагы экендигин, ар бир адам эмгектенүүгө милдеттүү экендигин ар ким билет, бирок, баары эле эпкиндүү иштей бербейт.

Ошондуктан жакшы жүрүш—турушка, үзүрлүү эмгектенүүгө түрткү бере турган күчтүү сезимди ойготуучу идеялык ишенимди балдарда калыптандыруу милдети келип чыгат. Балдардагы мындай ишенимди жакшы ойлонуп, жакшы пландалган идея менен эле калыптандыруу мүмкүн эмес. Ал идея адамдын ишениминен, анын жеке тажрыйбасына айланган болууга тийиш. Балдардын ишенимин иш жүзүнө ашырып тажрыйба жыйнай турган кырдаал түзүлбөсө, ал ишеним инсандык сапатка айланбайт.

Балдардын жүрүм—турумуна алардын сезими чоң таасир тийгизет. Тарбия жараянында сезимге таянуунун мааниси зор. Баланын сезимин улам өркүндөтүп, улам байытып олтуруу талапкылайык келет. Жолдошторунун же адабий персонаждын эрдигин айтуу менен эле баланын сезимин ойготуп, курчутуп ийүү мүмкүн эмес. Алсак, бөлмөдө отуруп эле Ата Журттун аймагынын кооздугу, байлыгы же сулуулугуна балдарды тамшандырып, суктандырып, сезимин толкундатып жиберүү кыйын. Окуучуларды Ысык-Көлгө, Соң—Көлгө, Чатыр—Көлгө, Жети—Өгүзгө, Кара—Алмага, Арстанбабга, Сары—Челекке экскурсияга алып барып, табияттын кооздугуна, байлыгына балдардын тандануу, сыймыктануу сезимдерин ойготуп гана тим болбостон, мугалим ал сезимдерди окуучуларында бекемдейт, алардын эл, жерин сүйүүсүн, аны менен сыймыктануу сезимин пайда кылат.

Адеп тарбиясынын жемиштүүлүгү окуучуларды жакшы жүрүш-туруштун адат, машыгууларына көнүктүрүүгө жараша болот. А. С.Макаренко айткандай, окуучулар өздөштүргөн адептүүлүк нор

ма, эреже, жоболор менен алардын жүрүш—турушунун ортосунда боштук бар. Ал боштукту адептүү жүрүш—туруштун адаттары, машыгуулары өндүү элементтер менен толтуруу зарыл. Улуулар тарбиялоого тийиш экенин окуучу билет, бирок тарбия жалаң эле балдарга үйрөтүү жана тапшырма аткаруудан турса, бала өзүнө карата педагогикалык кубулуш катары мамиле жасагандарга кызыры келип, мүмкүнчүлүгүнө жараша аларга каршылык көрсөтүүгө умтулат. Окуучунун күнүмдүк жашоо тиричилиги рационалдуу уюштурулса, анда жакшы адаттар жана машыгуулар өзүнөн—өзү эле калыптана берет. Андай адаттарды өзүндө бекем дөө үчүн жасаган аракетин окуучу кээде сезбей деле калат.

Бала тарбияга моюн сунуп, өз эркн менен анын таасирине ынаң баса, адептүүлүк сапатка ээ боло албайт. В.А.Сухомлинскийдин айтуусу боюнча өзүн бактысыз, шор пешене деп сезген баланы жогорудагыдай жол менен тарбиялоо мүмкүн эмес. Анүчүн баланы бакыт менен кубанычка ээ кылуу ылазым. Бактысыз баланын акылы менен сезими адептүүлүктүн сулуулугуна суктанууга жөндөмсүз. Баланын жүрөгү башка бирөөлөр жөнүндө кооптоно баштаса, ал бирөөгө сөзсүз жакшылык кылгысы келип, кам көрүп, боорукер инсан болуп жетилет. Бала адам катары толук ишенип, тыянак кыла турган, үлгү ала турган инсан менен чогуу жашашы зарыл. Жакшына мамилелер курчаган чөйрөдө жашаган балада жакшы болууга умтулуу талабы калыптанат.

Адеп—ахлак тарбиясы өтө татаал, көп кырдуу карама—каршылыкка бай жараян. Тарбия жараянында тукум—куучулук, чөйрө жана тарбиячылардын талаптарынын ортосундагы карама—каршылыктар, балдардын көнүмүш адаты менен тарбиянын талабынын ортосундагы карама—каршылыктар көп кездешет.

Алсак, мугалимдер жана ата—энелер балдардын талаптарын дайыма эле туура түшүнүп, туура канааттандырууга умтулушпайт. Көпчүлүк учурда алардын каалоосуна тыюу салышат. Катуу жазадан корккон бала убактылуу каалоосун тыят, бирок карама—каршылык жоюлбай кала берет,. жаза коркунучу жоголору менен бала алиги каалоосун дароо канааттандырууга умтулат. Мындай кылыгы чондорго жакпасын билип, түрдүү куулук—шумдукту ойлоп таап, жалган айтып, чондорду, ата—энелерин алдай баштайт. Алсак, кыштакта ата—энеси эркин койбогон балдар, айрыкча кыздар, шаарга келгенде бат эле жаман жолго түшүп кетип жатышат. Буга баарыбыз эле күбө болуп олтурбайбызбы. Мындай карама—каршылыктарды жоюунун эң коркунучтуу дагы бир жолу—баланын бүт талабын аткаруу. Даанышман бабаларыбыз баланды бактысыз кылам десең, анын бүт талабын аткара бер деп осуят калтырган. Бул ар бир тарбиячынын жана ата—энени терең ойлондурууга тийиш.

Адеп тарбиясы үзгүлтүксүз жараян, ал бала төрөлгөндөн эле башталып, инсандын бүт өмүрү бою улантылат. Балдар чоңоюп, адеп жөнүндөгү түшүнүгү кеңейген сайын, аларга коюлуучу талап терендей берүүгө тийиш.

Айкөлдүк, ыймандуулук касиеттердин башаты—жөнөкөй эле боорукерлик.

Жаш балдарга ооз көптүрмө, кыйкырыктуу сөздөрдү көп айта берүүнүн кажети жок. Андай сөздөрдүн, көп учурда бала үчүн мааниси толук түшүнүксүз болгондуктан, алардын кыжырын келтирет. Алсак, сен патриот, интернационалист, гуманист, революция чыл болууга тийишсиң, болушуңар керек деген талап коюлуп, чакырыктар таштала берет.

Немис элинин чыгаан ойчул акыны Гёте: «Боорукер пенде улуу инсандан кем эмес»—деген экен. Ошондуктан Ата Мекенине жан дили менен берилген патриотту, бардык элдердин маданий дараметин сүйүп, ал элдин өкүлдөрүн урматтаган интернационалисттти, айкөл гуманистти тарбиялай турган адам жөнөкөй эле боорукер, мээрбан, жан жаныбарга камкор пендени тарбиялоого тийиш.

Тарбия жараянынын амилиятында боорукердик инсандагы өзүнөн өзү эле пайда боло бере турган касиеттей сезилет. Боорукердик, мээрмандыкты кээ бир камбылдар жоош, момун адамга теңеп, «Жамандын бир аты—жоош» —деген тыянак чыгарышат да, андайларды кемчонтой катары карашат. Боорукердик же мыкаачылык—бул жөнөкөй мүнөз же инсандык сапат гана эмес. Бул адамдын турмушта тутунган жолу. Анын жүрүш—турушуна багыт берүүчү жарандык жолу. Ар бир адамдагы бул багытты туура нукка салуу—үй—бүлө менен мектептин эң маанилүү педагогикалык милдети. Адегенде адамдарга камкор, жапакеч болуп, бөлөк бирөөнүн капасын бөлүшүп, ар кандай эле акыйкатсыздык көрүнүшкө кыжыры кайнаган боорукер адам болууну үйрөнбөй туруп, бала чыныгы патриот, интернационалист, коллективист, гуманист болушу мүмкүн эмес деген жөнөкөй түшүнүктү В.А.Сухомлинский өтө ынанаарлык, негиздүү бийиктикке көтөрүп, кышкы бороондо буюккан чымчыкка боору ооруп, аны өлүмдөн сактап калган бала, жол боюнда өсүп жаткан көчөттү коргоого аракеттенген жеткинчек эч качан адамдарга карата мыкачылык кылбайт деген корутундуга келет. Ал эми өсүмдүктөрдү үзүп жулкуп ыргытып, курт-кумурскаларды былжырата тебелеп мооку канган жеткинчек, эң биринчи, өз жакындарын кордогон, кызыл камчы мыкаачы болот деген ойду улантат, улуу педагог (29).

Балдардагы патриоттук, интернационалистик, гуманисттик, коллективисттик сезимдерди өстүрүп тарбиялоодо, албетте, оку-

туу жараяны чоң роль ойнойт. Элдин, Ата жүрттун өткөнүн, учурун окушат, даанышман бабаларынын осуяттары менен таанышат, элдин жүгүн көтөргөн баатырлар, окумуштуулардын өмүр баяны менен таанышат. Элдик оозеки чыгармачылыкты үйрөнөт. Элдин руханий дараметин иликтейт. Элине, жерине болгон сүйүү, өткөнүнө, учуруна сыймыктануу сезими ойгонот. Өз элинин маданий баалуулуктарынын океанын сүзүп өтүп, инсанияттын руханий кен чине карк болбогон окуучуда чыныгы инсандык касиет—адептүүлүк калыптанбайт. Жан дүйнөсү жарды адамдын жашоодо тутканжолу куник, андайлардын кызыгуусу осол, адепсиз, жапайы мүнөздүү, мыкаачы болот.

Адептүүлүк —жан дүйнөнүн байлыгы.

—Мен —деп жазат В.А.Сухомлинский,—460 кылмыш иштеринин материалдары менен таанышып, үйрөнүп көрүп, коомго укук тартибин бузган же кылмыш кылган балдарды берген ар бир үйбүлөдө ар кыл мандемдин бардыгын байкадым. Мындай үй—бүлөдөгү кээ бир адамдар, сырттан түзүк эле көрүнгөнү менен, өз балдарын ата—эне катары такыр билишкен эмес. Мындай үй—бүлөлөрдүн көбүндөгү адамдык мамилелеринде руханий жардылык өкүм сүргөн. Кылмышкерлер окуган мектептердеги мугалимдер, класс коллективи бул балдардын жашоодогу талабы эмне, кызыгуусу эмне, мүдөөсү эмне экендигине көңүл буруп да коюшкан эмес (27,273).

«Чакан, бейпил шаарчада болгон бир трагедиялуу окуяны айтып берейин. 14 жашар өспүрүм коньки тээп атат. Сегиз жашар баланы көрөрү менен өзүнө чакырып:» Тигил жерге барып теп—музу жакшы, тегиз»—деп музу оюлуп калган жакты жансап көрсөттү.

Бала барып музу оюлган жерге түшүп кетип. өлдү Өспүрүм дагы бир саатча муз тээп, анан шаарга барып, баланы кантип алдаганын жолдошторуна айтып берди. Күйүткө мөгдөгөн ата—энеси өспүрүмдөн: «Баланы кайда жиберип жатканыңды билип туруп, жүрөгүң кантип түттү?»—деген суроосуна, өспүрүм кебелбей туруп: «Мен аны ал жерге түртүп ийгеним жок. Ал жакка ал өзү барды. Мен анда барып теппейсиңби деп кеңеш салгам, ал жердин музу тегиз эле»—деп жооп берди. «Чуркап келип бизге айтсаң, баланы сактап калбайт белек»—деген ата—эненин сөзүнө өспүрүм: «Мен эмнеге жүгүрмөк элем. Ар ким өзү үчүн жооп берет да!»—деди (29,272).

Мен өспүрүм менен да, ата—энеси менен да, мугалимдери жана пионервожатыйы менен сүйлөштүм—деп улантат В.А.Сухомлинский.—Адамдын ындынын өчүрүүчү кыжаалатчылыкка дуушар болдум. Ата—энеси менен жалгыз уулунун бир да адамдык руха-

ний талабы жок. Балада канааттануу жана канааттанбоо деген эки гана сезим болгон. Үй—бүлөнүн эки эле мүдөөсү бар: жакшы тоюш жана жатып укташ. Адам менен маектешип рахаттануу талабы эмне экендиги жөнүндө, бирөөнү кубантып же бактылуу кылууга умтулуу талабы эмне экендиги жөнүндө түшүнүк баланын үч уктаса түшүнө да кирген эмес. Мектептегилер баланын эки деген баа албай, тартип бузуучу катары көзгө илинбегенине ыраазы (27,272—273).

Балдары укук тартибин бузган же кылмыш кылган 460 үй—бүлө менен таанышканда муну көрдүм—деп улантат В.А.Сухомлинский. Жасаган кылмышы канчалык оор, аны арттыруудагы мыкаачылык, аңкоолук, наадандык канчалык күчтүү болгон сайын үй-бүлөнүн интеллектуалдык, эстетикалык, нравалык кызыгуулары, жалпы эле жашоо талабы ошончолук жарды экендигине көзүм жетти. Ал үйлөрдүн биринин да, кичине болсо да, библиотекасы жок..: Кылмышкер өспүрүмдөрдүн бири да симфониялык, же опералык музыкалык чыгармалардын бирөөнүн да атын атай алышпады Алардын бири да классик же замандаш композиторлордун биринин да ысымын билбейт. 460 кылмышкердин баарына П.И. Чайковскийдин «Ак куу көлү» балетинен «Майда ак куулардын бийи» жана Э.Григдин «Эльфтердин бийи» деген эки музыкалык чыгарманы угузуп көрдүк. Бул чыгармалардын көркөмдүгүн түшүнүп баамдоо, өспүрүмдүн эстетикалык өтө эле жупуну маданиятынын белгиси болуп эсептелет. Музыкалык образдар менен композиторлор кандай окуяны сүрөттөп жаткандыктары жөнүндө өспүрүмдөр бир сөз да айта алышпады. Музыкалык обондор алигилердин биринин да кандайдыр сезимин ойготуп, баштарынан кечирген бир нерсени да эсине түшүрбөгөндүгү көздөрүнөн көрүнүп турду (27,272)

Бул айтылган ойлордон улуу педагогдун чыгарган тыянагы биздин даанышман бабабыз Жусуп Баласагындын мындан 10 кылымга жакын мурда айткан ою менен үндөш.

Анда: «Наадан көрбөйт, сокур анда көкүрөк,
Ач көзүндү, билимге умтул тезирээк» (8.58) —

деп, наадан, жан дүйнөсү жарды адам ар кандай адепсиздикке, жапайы мыкаачылыкка жөндөмдүү экендигин байкаган кыраакы аалым адамды андай пас, ыпластыктан куткаруунун жолу анын жан дүйнөсүн байытуу экендигин түшүнүп, жаштарды билим алууга, өз табиятын түшүнүүгө, жашоонун мазмунун жана максатын аныктап, так билүүгө үндөгөн:

«Кырк жашында бир өзүн билбеген жан,
Айырмасы жок болот анын малдан...
«Ким өткөрсө өмүрүн көөдөк бойдон,
Андайды адам дебей, —мал деген он! (8)—

деп, Жусуп бабабыз элдин жашоо турмушундагы акылга тете тажрыйбанын жыйынтыктаган корутундусу—элдик педагогиканын соолубас кенчи экендигин көрсөтөт. Эгерде биз элдин тарбия жөнүндөгү мындай даанышман идеяларын илимий негизге таяп пайдалана билсек, биздин тарбия жөнүндөгү жугумсуз курулай назарияттарыбыз жанданып, гүлдөп, өз жемишин бере баштаганы турат.

«Жакшы болуу аста—аста, жаман болуу бир паста»— деген эл макалы бар. Жакшылыкка баланы жашынан тынымсыз үйрөтүү зарыл экендигин, адептүүлүк тарбиянын мыйзам ченемдүүлүгү мындай талапты өтө катуу коёрун эл учурунда туура түшүнгөн. Эгерде баланы жакшы жөрөлгөлөргө акыл менен, туруктуулук менен, катуу талап коюп чебер тарбияласа натыйжасы жакшылык болот. Бала адептүү, айкөл, жоомарт, чыныгы инсан болуп жетилет. Баланы жашынан жаман жөрөлгөлөргө үйрөтсө (кээде, тилекке каршы, ушундай да болот). натыйжасы сөзсүз жамандык болот. Ал эми жакшы жөрөлгөлөргө деле, жаман жөрөлгөлөргө деле үйрөтпөй тим койсо, бары бир натыйжасы жамандык болот. Антпесе ни пенде жарык дүйнөгө даяр адам болуп келбестен, адам болууга жөндөмдүү бир жандуу организм катары келет. Эгерде жерди пешене тер менен тынымсыз иштеп эгин, бак—дарак, гүлзар өстүрбөсө, аны сөзсүз уйгак басат. Уйгактын уругун эч ким сеппеген сыяктуу эле, баланын жан дүйнөсүн жамандыктан коргоп, жакшылыктын үрөөнүн учурунда сээп калбаса, жамандык—эч ким сеппей эле дүркүрөп өскөн уйгактай оожалат.

Жакшылыктын үрөөнүн өз учурунда сээп, жан дүйнөсү баай жетилген жигит бирөөлөрдү өлүмдөн, көпчүлүк учурда тааныбаган бирөөнү сактап калып, өзүн майып кылат, же өлүмгө дуушар болот. Ошол эле учурда алиги жамандыктын үрөөнү уйгактай бас кан жигит өзүн аспиеттеп багып чоңойткон энесин же өзү сүйүп алган аялы менен балдарын таштап, кара курсагынын айынан башка бир аялдын үйүнө кирип барат. «Аалам» гезитинин 1995—жылкы №3 (100) 5—бетиндеги Б.Бакееванын «Кайран сүйүүм» деген макаласын оку. Ушундайларды чынында эле, кантип адам дешке болот? Өз үйүндө аялы менен, балдары менен маектешип, жан дүйнөлөрүнүн карым—катнашынын рахатын көчөдөгү же бирөөнүн үйүндөгү бир рюмка аракка, түрдүү азгырууларга, дейди, ушак сөзгө алмаштырган кишини кантип күйөө же ата дешке болот? Чынында эле аны: «мал деген оң!» (Жусуп Баласагын).

Жан дүйнөсү жарды, жашоодогу кызыгуусу осол адам рухундагы боштукту ичимдик, бангилик, уурулук, каракчылык, мыкаачылык, сойкулук өндүү түрдүү азгыруулар менен толуктоого умтулат. Инсандагы адептүүлүк касиеттин патриоттук, интернационалисттик, гуманисттик, чынчылдык, акыйкатчылдык, уяттуулук,

намыскөйлүк сапаттарын балдарга калыптандырууну үй—бүлөдө жана мектепте максатка ылайык үзгүлтүксүз жүргүзүү зарыл.

Жыныстык тарбия.

Адептүүлүктүн чордону, адеп—ахлак тарбиясынын данакери—бул жыныстык тарбия. Немис элинин улуу ойчул жазуучусу Томас Манн, инсан, периште менен жырткыч айбандын так ортосунда турат. Периштеден ыраактап жырткычка жакындаса айбан сыяктуу наадан болушу, жырткыч айбандан алыстап периштеге жакындаса периштедей таза, касиеттүү инсан болушу анын жыныстык тарбиясына жараша болот деген ойду баса белгилеп көрсөткөн.

Жаштарды жыныс жагынан туура тарбиялоонун эң негизги шарты—үй—бүлөдө да, мектепте да эненин культунун (энени биник, ыйык көрүп, ага таазим этүүнүн) өкүм сүрүшү деген ойду баса белгилеит. В.Сухомлинский. Эненин, аялзатынын табият жана коом алдындагы миссиясынын улуулугуна таазим этип, баш ийип тан бербеген инсан ыйманы пакиза, адептүү болууга жөндөмсүз деген тыянакка келген улуу педагог мектепте окуучулар үчүн эненин эң сонун культун түзгөн. Мектептин короосуна киреберишгеги рабат дарбазанын үстүнө алтындын буусун жалаткан тамгалар менен М.Горькийдин «Инсандагы бардык жакшы касиет эненин сүтү менен күндүн нурунан пайда болот. Энесиз баатыр да, гений да, акын да болбойт!»—деген сөзүн жаздырып койгон. Андан сырткары мектептин ичиндеги көрүнө дубал беттерине акын дар, ойчулдар жана көрүнүктүү мамлекеттик ишмерлердин эне жөнүндөгү жылуу айтылган сөздөрүн да жаздырып койгон. Эгерде ушуну менен эле чектеле турган болсо, бүт адамзатты сөзү менен сүйгөн куу чирендер чыкмак.

Мектепте жана үй—бүлөдө эненин культун камсыз кылуу үчүн баланын өз энесине кубаныч, бакытты тартуулай турган түйшүктүү эмгегин уюштуруу зарыл экенин акыл калчап түшүнгөн кыраакы педагог В.А.Сухомлинский, биринчи класска келген ар бир окуучусуна мөмөлүү даректын көчөтүн берип, аны өстүрө турган жерди мектептин айланасынан көрсөтүп, жакшылап өстүрүп, мунун биринчи мөмөсүн апана бересиң деген сөзү аларды күжүрмөн эмгекке шыктандырган. Алар кээде кумдуу, таштуу, суусуз жер тийип калса, көчөт өсө турган топуракты алмаштырып, сууну ташып, аны жан дили менен көгөртүүгө жетишкен. Андан тышкары класстын окуучуларына атайын орун бөлүп берип, бул жерге кооздоп гүл—зар, көлөкөлөй турган дарак өстүрүп, апанар мектепке келгенде эс алып отура турган отургучтар жасайсынар деген жалпы тапшырма да берген. Коюлган максатты ишке ашыруудагы ар кандай кыйынчылыкты жеңүүдө балдарга дем берүүчү күч—

эмгегинин натыйжасы апасына алып келе турган кубаныч менен бакыт!

Мындай кырдаалдагы эмгек жараянында канчалык татаал жана көп тоскоолдорду жеңген сайын баланын жүрөгү ошончолук тазаланып, андагы чыныгы инсандын адеби, адамдык касиет калыптанат. Анын апасына гана эмес, бүт тууган—туушкандарына, жалпы эле адамга карата жүрөгү мээримдүү болуп жетилет. Мындай бала башка бирөөгө эч качан жамандык санабайт. Эненин культу өкүм сүргөн үй—бүлөдө жана мектепте таалим, тарбия алып чоңойгон жигит бойго жеткен кызды көрсө, биринчи ал кыздагы өз энеси сыяктуу болочок энени көрөт. Эненин культуна башын ийип таазим этет. Ал кызга карата жаман ой ал жигиттин үч уктаса түшүнө да кирбейт. Көрдүңүздөрбү, жигиттин кызга карата мамилеси периштедей пакиза! Т.Маңдын генийинин улуулугу мына ушул психологиялык жагдайды андагандыгында! Ал эми эненин культу өкүм сүрбөгөн кырдаалда таалим, тарбия алган жигит бойго жеткен кызды көрсө, андан эң биринчи өзүнүн жапайы инстинкттик талабын кандыруунун обектисин көрүп, сөзсүз ал кызга кыйшаңдап тийишет. Эгерде кыз жигитке карата анча—мынча эле ыржаңдай баштаса, ал кызды жигит соо койбойт. Мүдөөсүн ишке ашырып алган соң андай жигит акырындык менен экинчи, үчүнчү...: кыздарга өтүп, инстинкттик чексиз талабын канааттандырууга умтулат. Мындай жигиттин жырткыч айбандан же бука менен текеден эмне айырмасы бар?...

Окуучуларды жыныстык жактан тарбиялоодогу В.А.Сухомлин скийдин мугалимдер жамаатынын тажрыйбасын мектептерге жайылтуу жаштардагы адептүүлүк сапатты калыптандырууда чоң маанияге ээ болор эле.

Биздин мектептин тажрыйбалуу, токтонгон аялдары жогорку класстардын кыздарындагы: —Мен кызмын. Күйөөгө тием, бала луу болом. Балдарым аркылуу өзүмдүн жана өзүм сүйгөн кишимдин жарык дүйнөдөгү жашоосун улантам. Ошондуктан балдарым менен алардын атасынын алдында менин жүзүм дайыма жарык болууга тийиш—деген психологияны калыптандырууга умтулушат деген ойду айтып келип В.А.Сухомлинский, —аны үчүн кыз баладан бул маселе боюнча жүз эсе акылдуурак болууга тийиш. Андан акылы азыраак кем болсо эле кыз балага алдатып коёт. Кыздагы эки касиет, биринчиден, жогорудагыдай акылдуулугу, экинчиден, жигиттердин колу жеткис бийиктиги өтө жогору бааланууга тийиш. Жигит өзүнө өмүрлүк жубай издегенде кыздагы так ушул эки касиетти табууга умтулууга тийиш. Кыздын чырайы эмес, акылы жана кол жеткис бийиктиги анын зоболосун көтөрөт. Колун сунган эле жигиттин колтугуна түшүп калган кызда—кыз-

дын абийири да, адамдын наркы да болбойт. Эстүү жигитке андай кыз жубай боло албайт.

Эркек баладагы үч касиет жогору бааланат—бул жигиттин абийири, жигиттин наркы жана жигиттин жоопкерчилиги. Жоопкерчиликтин эң күчтүүсү—жигиттин жубайы менен балдарынын алдындагы жоокерчилик деп баса белгилейт даанышман педагог (29).

Бул жагдайларды кыргыздын элдик педагогикасы да дайыма эске алган. Кыздагы улуу педагог айткан касиеттерди калыптандырууга бүт калайык—калк жапырт киришкен. Кыздын абийири бир гана үй—бүлөнүн же ата—эненин үлүшү эмес, бүт уруунун, бүт жамааттын, бүт элдин абийири катары эсептелген. Ал абийири үчүн кыз, энеси жана жеңеси—үчөө бүт эл алдында өзүнүн керт башы менен жооп берген. «Уят —өлүмдөн катуу»—деген макал айткан ата—бабаларыбыз эл алдында уяты чыгып, абийири төгүлгөндөн көрө өлүмдү өйдө көргөн. Элдик педагогика жигиттеги зарыл касиеттин эң биринчиси—жигиттин абийири деп эсептеген, «Эрди —намыс, коёнду—камыш өлтүрөт!» Жигит өзүнүн жүрүш—турушу менен, аялдарга эле жасаган мамилеси менен өзүнүн жана үй—бүлөсүнүн гана намызын коргобостон, бүт уруунун, элдин, ата—бабаларынын намыз ариетин коргоорун билген эл күйөөлөп келгенде аны өтө чоң сыноодон өткөрүшкөн. Элдин, ата бабаларыбыздын жигит менен кызга койгон талабын унут калтыруу менен биз элди адеп—ахлактын мыкты касиеттеринен кур жалак калтырып жатабыз. Азыркы жигит, кыз деле, алардын мойсопут ата—энелери деле элдин нарк нускасын унутуп, сыпаалык, сергектик, такыбаалык, манаптык, жоомарттык, айкөлдүк—нарктуулук касиеттерди биротоло жоготту. Кудалап барганда деле, ичимдик ичип мас болуу, уят—сыйытты унутуп, шайкеледик кылуу өзүнчө бир каада—салтка айланып бара жаткансыйт.

Генефонддун тагдыры жөнүндө күйүп бышып кам көрүп мамиле кылган ата—бабаларыбыз жаңы никелешкендердин ичимдик ичүүсүнө катуу тыюу салган. Анын тукумга тийгизүүчү зыянын акыл калчап туура түшүнүшкөн.

Бүгүнкү күндө жаштарыбыздын ичимдик менен бангиликке дилгирлиги— улуттун трагедиясы болуп бара жатат. Булардын айынан—кем акыл, мунжу, майып төрөлгөн балдардын саны күн санап өсүүдө.

Элибиздин: «Балалуу үй—базар, баласыз үй—мазар» —деп, баланы ыйык тутуп, ал жөнүндө жан—дили менен кам көрүп, өзүн курмандыкка чалган ата—бабаларыбыздын нускалуу мурастарын унутууга акыбыз барбы? Ичимдиктин тукумга тийгизүүчү зыянын 30 жылдан ашуун изилдеген окумуштуу дарыгер, публист, жазуучу Зорий Балаян бойго бүтүрөөр алдында ата—эненин биринин

эле ичкен 100 грамм арагы баланын кем акыл болуп төрөлүшүнө эң сонун өбөлгө түзөт деген тыянакка келген. Баласынын ден соолугун, акылын, тагдырын арак менен кошо ичип коюп жаткан жаш жубайлардын алкымына аяктай жара чыкканы түзүк болот эле го. Эгерде ичимдиктин тукумга мынчалык зыяндуу экенин толук түшүнсө, ошолордун көбү эле ичкиликти ичпей коёор эле деп ойлойбуз.

Ата—бабаларыбыздын нарк нускалуу, маданий, интеллектуалдык баалуулуктарын чагылткан, бир нече оңдогон кылымдар бою кырындыдан чогулган элдик педагогикабыздын мурастарына негизделген таалим, тарбия аркылуу жаштарыбыздын адеп—ахлагын оңдобой туруп, дүйнөлүк цивилизациянын деңгээлине көтөрүлө албасыбызды ар бир кыргыз баласы түшүнүүгө тийиш.

6—БАП.
САЯСИЙ—ИДЕЯЛЫК, ЭКОЛОГИЯЛЫК ЖАНА УКУК ТАРБИЯЛАРЫ.

Саясий—идеялык тарбиянын мазмуну жана милдеттери.

Идеялык —саясий жана адеп—ахлак тарбиясынын мазмун, милдеттеринде көп окшоштуктар бар, анткени саясий—идеялык жана адептик түшүнүктөрдүн түпкү негизи бир. Адеп—ахлактын жалпы нормалары жаштарды идеялык жактан тарбиялоонун негизги элементи болуп эсептелинет. (Бул жерде саясий—идеялык деген түшүнүктү куру саясатчылдык деп түшүнүү туура эмес) Эмгектин, тынчтыктын, теңдиктин жана бир туугандыктын идеалына негизделген, адептүүлүк сезими өнүккөн эл массасын тарбиялабай туруп укук мамлекетин түзүүнү, эркин коомду курууну ишке ашыруу таптакыр мүмкүн эмес. Жогорку идеялуулуктун негизги белгиси—чыныгы адептүүлүк.

Саясий—идеялык тарбиянын милдети жаш муундардагы жогорку идеялуулук менен адептүүлүктүн мыкты сапаттарынын бирдигин камсыз кылуу. Инсандын саясий—идеялык сапаттарына толук мүнөздөмө берүү кыйын. Бирок ал сапаттардын эң негизгилерин атап көрсөк болот. Алсак, адамдагы терең ишеним—анын кылган иши, жүрүш—турушу менен бирдей болсо, алардын арасында ажырым болбосо гана ал адамды биз жогорку идеялуу адам дей алабыз. Андан кийин адамдагы патриотизм, интернационализм, гуманизм, коллективизм, социалдык активдүүлүк, эмгекке болгон сүйүү, тынчтык үчүн күрөш жана башка касиеттердин калыптанышы анын идеялык—саясий сапаттарын түптөйт.

Тарбиянын түрдүү формалары жараянында идеялык жактан агартуу, жаштардын коомдук баалуу ишмердүүлүктөрүн уюштуруу, жаштардын жакшы жүрүш—туруштарын жактырып колдоо, тарбия ишинин бул багыттагы жемиштүүлүгүн иликтеп үйрөнүү өндүү усулдарды пайдаланып, идеялык—саясий тарбияны ийгилик

түү ишке ашырса болот.

Жогорку класстарда аңгеме айтып берүү, лекция өңдүү оозеки методдорду колдонсо да болот. Агартуу методун пайдалануудан жөн эле маалымат берүү менен чектелип калуу жарабайт. Балдарды кызыктырган, айрымдарын толкундаткан маселелерди талкуулап, диалог формасында өтүп, балдардын кайчылаш пикирлерин толук угуп, талкуулап жаткан маселеге балдардын көңүлүн толук буруу өтө маанилүү. Талаш—тартышта өз оюн угуучуларга ынанарлык кылып далилдеп берүү аларды өз түшүнүгүнүн тууралыгына толук ынандырат.

Агартуу усулун балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык колдук пайдалуу иштери менен айкалыштыруу тарбиянын жемиштүүлүгүн күчөтөт. Идея адамдын ишениминде, анын жан дүйнөсүндө гана жашайт. Ал идея менен баланын жан дүйнөсүнө таасир этүүбул башка адамга адамдын таасир этүүсү, же адамдын башка адамды тарбиялоосу десек болот. Адеп тарбиясынын маңыз маанниси—саясий нравалык идеялар ар бир окуучунун жүрүш—турушунун нормасына, анын кенчине айланып кетүүсүндө. Анүчүн ар бир окуучунун көп кырдуу руханий ишмердүүлүгүн камсыз кылуу зарыл. Ансыз адамда идеалга умтулуу болбойт. Ал эми руханий жашоо же көп кырдуу руханий ишмердүүлүктү камсыз кылуу бул өтө татаал нерсе. Аны жөнөкөйлөштүрүп кабыл алуу жарабайт. Эгерде жеткинчек коомго, жамаатка зарыл пайдалуу иш аткарса эле, анын жүрөгүндө айкөлдүк сезим пайда боло калат деп ойлоо натуура. Мисалы, тимуровчулардын командасындагы пионер жалгыз бой кемпирге жардам берип келип, чарчадым деп чалкасынан жатып алып, ошондой эле кемпир чоң энесине кийимдерин тазалаткан учурларды көп эле кезиктиребиз. Эгерде инсан бала, жеткинчек кезинде бирөөгө жүрөгүнүн буйругу менен астейдил жакшылык кылып көрбөсө, бирөөгө жакшылык кылууну сабакта берилген тапшырманы аткарган милдети сыяктуу сезсе, ал сөөзсүз нравалык жактан майып адам болуп жетилет. Анын жакшылыгы деле, жамандыгы деле—кокустук. Ал үйдөн чыгып кеткенде көчөдө бирөөгө жакшылык кылабы же жаман иш менен милицияга түшүп калабы—алдын—ала билип болбойт. Идея аны жаттап билип алганда эмес, адамдын ой—сезимин тереңинен орун алып, жүрүш—турушу менен аткарган ишине жетекчилик кылып, руханий дүйнөсүндө өкүм сүрсө гана, эч качан бузулбай турган ыйык ишенимге айланат. Нравалык, саясий идеялар—бул абстрактуу чындык, өлүк принциптер эмес, бул—тирүү инсандын жаны менен каны. Нравалык саясий идеяны баланын руханий кенчине айландыруу үчүн тарбиячы ага жөнөкөй эле бир нерсе жөнүндө маалымат берип жаткан кишиге окшобостон, балага айтып жаткан идея анын жан дүйнөсүн козгоп, ага тынчтык бербей жаткан маселе

катары талкууласа, окуучу тарбияланып жаткан бала экенин унутуп, тарбиячы мугалим экенин унутуп, экөө тең алиги нравалык, сайсий идеялар дүйнөсүндө чогуу жашап, экөө тең идеялар дүйнө сүндө бийлик кыла баштайт. Ошондо, алиги татаал руханий ишмердүүлүк ишке ашат, ошондо чыныгы өзүн—өзү тарбиялоо башталат.

Саясий идеялык тарбиянын айрым багыттарынын кыскача маз мунун мүнөздөөгө өтөлү.

Патриотизм—(грек) Ата журтка болгон сүйүүнү билдирип, бел гилүү иш аракетте байкалуучу адамдардын коомдук сезиминин комплекси.

Ата Мекенге болгон сүйүү: атуулдун өлкөсүнүн кызыкчылыгы жана тарыхый тагдыры жөнүндө кам көрүүсүн, ал үчүн керек болсо өзүн курмандыкка чалууга даярдыгын. Мекендин душма ны менен эч качан келишпестигин жана өз жергесине жан дили менен берилгендигин, өз элинин социалдык жана маданий жетишкендиктерине сыймыктануусун, коомдогу социалдык кемчилик терге кыжырланып, элдин кайгысын кошо тартуусун, элинин тарыхый өткөнүн жана андан мураска калган салттарын урматтап сыйлоосун, туулган жерин (кыштагын, районун, шаарын, облусун), Ата Журтун бүт ыкласы менен берилип ардактап сүйүүсүн өзүнө камтыйт.

Ата Журтка болгон сүйүү белгилүү мазмунга ээ болгондо гана адептүүлүктүн принциби боло алат. Демек, «Мекен», «Ата—Журт» деген эмне? Мекенге болгон сүйүүнүн акыйкат экендигин кантип аныктайбыз? деген өндү соболдор пайда болот. В.И.Лениндин ою боюнча, Мекен деп, инсан калыптанып жаткан саясий, маданий жана социалдык чөйрөнү түшүнсөк болот. Ал чөйрөгө, барыдан мурда, белгилүү географиялык кырдаал мүнөздүү. Ошондуктан кээ бирөөлөр үчүн Ата Журт деген түшүнүк адам төрөлүп, балалыгы өткөн б.а. ал инсан болуп жетилген жердин табигий шарты катары байкалат.

Адам төрөлгөн бир кичинекей тилке жер, таштакпы же саздак пы, бүтүндөй эл аны өздөштүрүү үчүн кара жанын карч уруп иштесе гана бирөөгө Ата Журт боло алат. Жамаатташ эмгекте пешене терин кошо агызган айылдашка же бир көчөдөгү кошунага гана адам ылым санайт. Мындай ылым санашуу канчалык кымбат, канчалык баалуу болбосун, аны толук кандуу патриотизм десе болбойт.

Патриоттук сезим—адамдар түрдүү, миңдеген тамырлар аркылуу бекем байланышкан карым катнашы бар, обочологон жерге жана анын элине болгон сүйүү.

Элине болгон мындай сүйүү Мекенин баскынчылардан куткаруу үчүн тайманбай эрдик көрсөткөн баатырларды күрөшкө шыктан-

дырат. Чет элдик баскынчыларга каршы күрөштө кашык канын аябаган кыргыз элинин патриоттук сезимин ааламга даназалаган! «Манас» эпосунун миң жылдыгын бүткүл дүйнөнүн элинин майрамдашы, 1995—жылды-н бүт жер шаарынын элдери үчүн «Манас» эпосунун жылы болуп жарыяланышы—бул кыргыз элинин патриоттук ыйык сезимине болгон инсаниятгын таазими. Элди, жерди душмандан коргоочулардагы кажыбас кайратты, тайманбас эр жүрөктү пайда кылган күч—эл массасынын Ата Мекенге болгон сүйүүсү. Чыныгы патриотизм—жалгыз жарым адамдын сезими эмес, эл массасынын сезими. Патриоттук сезимдин элдик мүнөзү мына ушунда. «Манас» эпосун өлбөс, өчпөс улуу чыгармага айландырып жаткан кудуреттүү касиет—элдик мүнөздөгү патриоттук сезим. «Курманбек», «Эр Табылды» өңдүү кенже эпостордогу, элдик оозеки чыгармачылыктын дагы башка жанрларындагы, ошондой эле Ата Журттун көз каранды эместиги үчүн жан аябай күрөшкөн тарыхый баатырлардын патриоттук сезимдериндеги негизги өзгөчөлүк—алар эл менен тыгыз байланышын сезип, элдин жүгүн кебелбей көтөрүүнү өзүнүн атуулдук парзы катары эсептегендигинде. Карапайым эмгекчи элдин патриотизми.— Ата Мекенин социалдык жана улуттук көз карандылыктан куткаруугa болгон алардын ак ниет аракети, өз элине болгон аруу сүйүүсү.

Азыркы эгемендүү кыргыз мамлекетинин мектептеринин негизги милдети—жаш муундардагы Ата Мекенинин гүлдөп өсүүсү үчүн, элинин тагдыры үчүн жоопкерчилик сезимин калыптандыруу. Ал үчүн жаш муундарга максатка ылайык патриоттук—согуштук тарбия берип, өлкөнү душмандардан коргоо үчүн аскерде кызмат өтөөгө аларды даярдоо.

Патриотизмге тарбиялоо—Ата Мекенди коргоп, анын душмандарына аёосуз мамиле кыла турган жоокерди даярдоо. В.А.Сухомлинский: «Душманды жек көрүү—патриоттук сезимдин сакчысы»-дейт. Душмандын кара ниет мыкаачылыгын айгинелеп, жаштардын саясий—идеялык, психологиялык жана согуштук—техникалык даярдыгын күчөтүп, аларды аскерде кызмат өтөөгө тартуу зарыл. Интернационализм (лат) Inter—аралык, nation—эл) деген сөзүнөн келип чыккан. Ар кыл улуттардын эмгекчил букараларынын психологиясындагы, идеологиясындагы, саясатындагы тилектештик, ынтымактык сезим. Феодалдар өз бийлигин кеңейтүүгө ар бири өзүнчө аракет жасаган, кулдар жана крепостной дыйкандардын ан—сезими өтө эле төмөн болгондуктан бардык улуттагы эзилген элдин тагдыры бирдей экендигин сезген биринчи тап буржуазия болгон. Бирок булардын тилектештигин, мамилесин толук бойдон интернационализм деп түшүнүү туура болбос эле. Анткени кээде пайданын кызыкчылыгы үчүн капиталист элине, ме-

кенине чыккынчылык кылып да жиберүүгө ыктымал. Ал эми чыныгы интернационализм патриоттук сезим менен айкалышкан сезим болууга тийиш. Бардык улуттардын жумушчу табынын кызыкчылыгынын бирдей экендигин көрсөткөн Интернационализм сезими, алардын улуттук жана улуттар аралык кызыкчылыктарынын туура чечилишин гарантиялайт. «Бардык өлкөлөрдөгү жумушчулардын абалы бирдей болгондуктан,—деп жазат Ф.Энгельс,—алардын кызыкчылыгы бирдей болгондуктан, алардын душманы да бирөө, ошондуктан алар чогуу күрөшүүсү керек». Интернационалист адам бардык улуттагы элдерге достук мамиледе болуп, ал элдердин маданиятын, салт—санаасын сыйлап урматтайт. Алардын ишенимин, тилин, дилин үйрөнүүгө далалаттанат. Канча тил билсең ошончо жолу инсансың деп жазат. Ф.Энгельс. Чыныгы интернационалист—патриот, чыныгы патриот—интернационалист болот. (15)

Эч ким интернационалист же патриот болуп төрөлбөйт. Ал тирүүлүктө ким болушу чөйрөгө, тарбияга жараша болот. Патриотизм жана интернационализм сезимдери жаштарда бирдей усул, бирдей форма менен уюштурулуп тарбияланат. Бул сезимдерди окуучуларда калыптандыруунун жемиштүүлүгүн арттырууда алардын аң сезимине, акылына, жүрөгүнө күчтүү таасир этүүчү маалыматтарды берүүнү (өз элинин жана башка улуттардын тарыхын, маданиятын, салт—санаасын, үрп—адаттарын толкунданып кабыл алып, аларды сый—урмат менен иликтеп үйрөнүүнү) башка улуттардын бөтөн элдердин өкүлдөрү менен бирдикте, карым—катнаш мамиледе эмгектенип, жашоону айкалыштыруунун мааниси өтө зор.

Бул жагдайда советтик мектептин иш тажрыйбасында жыйналган эң сонун салттар өтө көп. Алардын алгылыктуу жактарын окуучулардагы патриотизм, интернационализм сезимдерин калыптандырууда чеберчилик менен колдоно билүү өтө пайдалуу. Алсак, Совет доорундагы мектептерде патриотизм, интернационализм сезимдерин иликтеп үйрөнүү боюнча теориялык проблемалар жөнүндө сабакта лекция, доклад, аңгемелер өтүүнү, түрдүү элдердин өкүлдөрү менен жолугушуу кечелерин өткөрүү менен, мектептерде революциячыл, эмгектик, согуштук даңк музейлерин, элдердин социалдык жана улуттук эркиндиги үчүн күрөшчүлөрдүн музейин уюштурууну, пионер, комсомолдор элдерден чыккан баатырларды изилдөөлөрү менен согуштук, революциячыл даңкы чыккан жерлерге экскурсияга алып барууну ж.б. кеңири жайылтышкан

Окуучулардагы патриотизм сезимин калыптандырууда мамлекеттик Герб, Туу, Кыргыз Республикасынын Гимнин жакшы билип, алардын символикалык жактарын терең түшүнүүнүн маани-

си өтө зор. Республиканын, облустардын борбор шаарлары, алардын тарыхы жөнүндө да жакшы билүү ар бир окуучунун патриоттук парзы. Ошону менен бирге кыргыздарга тектеш, тагдырлаш элдердин борбор шаарлары, тарыхый белгилүү эстеликтери жөнүндө билүү да өтө маанилүү. Элдердин, мамлекеттердин арасындагы тынчтыкты сактоо үчүн бүт мүмкүнчүлүгүн жумшоо биздин мамлекетибиздин тышкы саясатынын негизи. Анткени, ар кандай эле ан—сезимдүү эл, азыркы согуш каражаттары пайдаланылган болсо, женген эл да, женилген эл да болбой калышын көз көрүнөө байкап турат. Ошондуктан балдардагы интернационалисттик сезимди тарбиялоонун милдети—эл аралык тынчтык жана достук духунда тарбиялык иштн тынымсыз жүргүзүү. Бул жагдай да совет мектептеринде салтка айланып калган тынчтык сабагынын мааниси өтө зор. Ал сабактын мааниси—ата—бабаларынын салтын улантып, эл аралык тынчтыкты сактоо үчүн күрөш ыйык парзы экендигин окуучулардын андап түшүнүшү. Ошол эле сабакта илим, техниканын, маданияттын өсүүсүндө дүйнөнүн бардык элдеринин эле салымы бар экендигин билүү менен, окуучулар, адам коомунун өнүгүү күчү—бирдикте, ынтымактыкта экендигин түшүнөт. Бул багытта мектептерде түрдүү формадагы класстан жана мектептен тышкаркы иштер да жүргүзүлөт.

ГУМАНИЗМ— (лат) адамды эң жогорку асыл баалуулук деп эсептеген моралдык принцип. Бул принцип адамдын жашоого, эркиндикке ар тараптын жетилип, инсан катары өркүндөп өсүүгө адамдык баалуу нарктуулукка болгон укугун коргойт. Гуманизм-адамчылык, адамгерчилик, аны сүйүп урматтоо дегенди түшүндүрөт. Гуманизм идеясынын тарыхы өтө эле узак. Адамгерчилик, адамды сүйүү, анын бактысы, калыстык, акыйкатчылык жөнүндөгү кыялдануулардын эң эле байыркы элдердин оозеки чыгармачылыктарынан да жолуктурабыз. Кайра Жаралуу доорунда гана гуманизм коомдук ой жүгүртүүнүн кеңири агымы, көз караштардын бүтүндөй бир системасы катары биринчи жолу өзүн көрсөткөн. Андан ары ал жөнүндөгү түшүнүктү 17—19—кылымдардагы буржуазиялык революциянын идеологдору өркүндөткөн. Гуманисттик тарыхый ойлордун жакшы жактарын жыйынтыктап келип бүгүн чыгарган тыянак—адамдын баалуулугундагы негизги идея анын инсандык касиети. Инсандык касиетке толук ээ болгон адам гуманист.

Адам—тарбияттын ажайып жаратылышы деп карап, гуманист инсан катары аны өтө урматтайт, ага көңүл бөлүп, жакшылык каалайт, өзү үчүн гана жашоого умтулбастан, ал бирөөлөр үчүн да жашагысы келет, өз кызыкчылыгын жамааттын, коомдун кызыкчылыгынан жогору койбойт.

К.Маркс, Ф.Энгельс инсандын наркын, адамдык беделин урмат

таган киши аны кемсинткен, эзип кордогон, алсыз, жек көрүндү катары көргөн мамилелерди түп тамырынан бери жулуп жоготууга тийиш деп эсептешет. (15).

Гуманисттик сапатты жаштарда калыптандыруу үчүн алардын коллективдик, коомдук пайдалуу иштерин уюштуруп, моралдык—этикалык маалымат берүүдө, адамгерчиликтүү мамилелердин үлгүсүн көрсөтүүнүн мааниси өтө чоң. Совет мектебиндеги тимуровчулардын ишин уюштуруп төмөнкү жаштагыларга улууларынын шефтик жардамын уюштуруу иштери, эмгектеги бири—бирине жардам берүү өз ара текшерүү иштери жакшы үлгү болоо алат. Гуманизмге тарбиялоо жаштардагы демократизм сапатынын калыптанышы менен тыгыз байланышта. Демократизм граждандык эркиндик, тендикти, коомдук пикирди, ар кимдин жекече пикирин да сыйлап, коллективди башкарууга активдүү катышууну тап алат. Коллективде активди тандоого, шайлоого катышуу, алардын ишин ачык бетке айтып, калыстык менен сындоо, коллективдин алдында аткарган иш тууралуу убагында отчёт берүү да демократтуулук сапаттарга кирет. Демократизм балдардагы коллективисттик сапатты тарбиялайт. Андай сапаты бар адам жамааттын кызыкчылыгына иштөөгө, коллективдин мүчөлөрүнө жардам көрсөтүүгө умтулат. Коллектив өз кезегинде ар бир адамдын жөндөмүнүн өсүүсү үчүн, анын кызыкчылыгын канааттандыруу үчүн кам көрөт. Окуучулар коллективге ишенип, аны колдоого тийиш. Бул мектеп турмушун демократташтыруунун шарттарынын бири болуп эсептелет. Инсанга таасир тийгизүү үчүн коллектив анын демилгелүүлүгүнүн, өз алдынчалыгынын өсүүсү үчүн шарт түзүп, ишке болгон анын чыгармачылык мамилесин калыптандырып, анын коллективде өзүн жетишерлик эркин, өзүнө коллективдин басым көрсөтүүсү жоктой сезүүсүнө өбөлгө түзүп, коллективдин турмушунда демократтык стиль өкүм сүрүүсүнө жетишүү зарыл. Ушул дай кырдаалда гана балдарда коллективисттик, демократтык сапаттар калыптанат.

Экологиялык тарбия

Адам табияттын бир бөлүгү. Ал табиятсыз жашап күн кечире албайт. Абадан дем алат, азык оокатты, жарыкты, жылуулукту, турак жайды да адам табияттан алат. Ошондуктан адам ага гумандуу мамиле жасап, аны коргоосу ылазим. Адамдын табиятка кылган мамилеси анын идеялык-адептик сапатына жараша болот. Байыртадан эле биздин ата—бабаларыбыз жаратылышты ыйык тутуп, ага өтө гумандуу мамиле жасашкан. Алсак, кыргыздар үйүнө кирип калган жыланды өлтүрбөстөн ак (сүт, айран, ун) чачып үйдөн чыгарышкан. Жан—жаныбарларга күйүмдүү мамиле жасоого арналган жомок, болумуштар өтө көп. Аларда адам жаныбарларга, курт—кумурскаларга, кээде жырт

кыч айбандарга ырайымдуу мамиле жасап, түрдүү коркунучтуу кырдаалдан куткарып, өлүмдөн сактап калат. Бирок алар адамдын башына иш түшкөндө жанын аябай, бүт мүмкүнчүлүгүн жумшап, өзүнө көрсөткөн жакшылыктын карымжысын адамга жүз эсе, миң эселеп кайтарат. Мындан биздин элибиз бийик идеялык, нравалык деңгээлде экендигин, өркүндөгөн инсанды жетилдирүү дөгү экологиялык тарбиянын ролун туура түшүнгөндүгүн көрөбүз: «Кожожаш» эпосу экологиялык тарбиянын өтө маанилүүлүгүн эл эбак эле түшүнгөндүгүн баяндаган чыгарма. Элдин түшүнүгүндө жаратылыш ыйык, аны коргоо инсандык парз. Табиятты кордоп, ал жөнүндө кам көрбөсө, анда жаратылыш адамды катуу жазалайт. Сур эчкинин Кожожашка эскертип айткан сөзү, бул экологиялык тарбиянын маңыз мааниси. Ч.Айтматовдун «Кыямат» романындагы карышкырдын баланы, кек алуу үчүн, ала качышы, адамдын табиятка ырайымсыздык менен кылган мамилеси үчүн тарткан азабы. Жаратылыш ыйык. Анткени адам тиричилигине зарыл нерсени ошондон алат. Ал жөнүндө кам көрүүнү эсинен чыгарбоосу керек. Элдин туюмунда адам жаратылыштын купуя сырларын тынымсыз иликтеп үйрөнүп, аны өзүнүн кызыкчылыгына кызмат кылдырууга умтулуусу да зарыл. Эл балдарды кичинесинен эле жан—жаныбарларга ырайымдуу болууга тарбиялаган. Балдардын табиятка болгон этият мамилесин тарбиялоо, аларды өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү менен тааныштырууда башталат. Күчүк, мышык, жөжө, козу, улак карап, аларды баккан бала, алсыз жандууларга көмөк көрсөткөнүнө жетине албай кубанат. Курт—кумурскалардын кыймыл—аракетин байкоо, көпөлөктү кууп ойноо, чегиртке, коңуздар жөнүндө кам көрүү балдарды кубанычка бөлөйт. Мектеп жана үй—бүлө балдарды айлана—чөйрөгө тааныштырууда табияттын ажайып кооздугун туура кабыл алып—түшүнүүсүн камсыз кылууга тийиш. Өсүмдүктөрдүн даректардын жазда бүрдөшүн, гүлдөшүн, күзүндө өзүнчө чырайына чыгышын, табияттын түрдүү кубулуштарын балдар таңданган сезим менен кубанычтуу кабыл алуусу ылазым. Табиятты кабыл алуудагы сулуулукка таңдануу сезими окуучуларды айлана—чөйрөнүн табиятын коргоого шыктандырат. Андай окуучулар гүлзарды, бакчаны, мектептин тажрыйба участогун ал жерде бак—дарак, түрдүү өсүмдүктөрдү өстүргөнү табият үчүн да, эл үчүн да пайдалуулугун сезип, ак ниети менен кызмат кылат. Эгин—тигинди, бакчаны, гүл өстүргөн аянтты карап, мал асыраган баланын экологиялык тарбиялануу натыйжасы жемиштүү болуп, билими экологиялык ишенимге тез айланат. Башталгыч класс окуучуларынын шартында табиятты коргоо проблемалары балдарга көп эле таануулабастан алардагы табиягый обьектилерге болгон кызыгууну ойготуп, жаныбарларга болгон жагымдуу мамилени

тарбиялоо болуп эсептелет. III—класс окуучуларына бакты, гүлзарларды көзөмөлдөтүп, Канаттуулар күнүн, Жашыл бак күнүн, Түшүм майрамын өткөрүү мүмкүн. Алар ата—энелердин жардамы менен табияттын кубулуштарын байкоо күндөлүгүн жүргүзүшөт.

Орто класс окуучулары өсүмдүктөрдүн азыктануу проблемаларын окушат, гидроэлектростанция курууда балыкты сактап калуу чаралары жөнүндө маалыматка ээ болушат. Химияны окууда жердин түшүмдүүлүгүн сактап калуу үчүн химиялык семиртkичтерди пайдалануу боюнча маалымат алышат. Биология, зоология маселелери өтө кеңири каралат. Окуучуларды табиятты коргоого даярдоодо алардын жаш өзгөчөлүктөрү толук эске алынат.

Укук тарбиясы.
Окуучулардын кылмыш ишине баруусунун алдын алуу.

Коомдук жана мамлекеттик турмуштун укуктук негизин бекемдөө үчүн күрөш, өлкөнүн мыйзамдарын кыйшаюсуз аткарууну талап кылуу жалпы элдин камы. В.И.Лениндин айтуусу боюнча мыйзамдын аткарылышын гана талап кылуу аздык кылат. Тынымсыз уюштуруучулук, тарбиялык, маданий иш жүргүзүү зарыл. Мыйзамды урматтап, аны куйшаюусуз аткарууга жетишүү үчүн узакка созулган тарбиялык иш жүргүзүү зарыл. Коомго зыяндуу кылмыштын болушуна негизги себеп айрыкча адамдардын укук сезиминин төмөндүгү, ошондой эле, коомдун материалдык жана руханий баалуулуктары жөнүндөгү элдин туура эмес түшүнүгү. Ошондуктан укук тарбиясынын милдети окуучулардын аң—сезимине укук нормаларынын талаптарын толук жеткизип, ал талаптар күндөлүк жүрүш—турушуна жол көрсөтүп, алардын инсандык касиетине айланып кетүүсүнө жетишүүбүз зарыл.

Укук нормалары коомдогу акыйкаттык жөнүндөгү түшүнүккө негизделет. Бул нормалар мамлекеттин, коомдун же жекече бирөөнүн кызыкчылыгына тийгизген зыяны үчүн адам жоопкер экендигин белгилейт. Жалпы кызыкчылык үчүн айрымдардын эркиндигин чектөө, бей—бечаралардын укугун коргоо калыстыгы мыйзамда чагылдырылууга тийиш. Ал нормаларды ар бир жаран сактоого милдеттүү. Аларды бузгандарды жазалап тартипке чакыра турган мамлекеттик органдар бар. Мыйзам нормаларын граждандардын көбү ошол органдардан коркkондугунан бузууга батына албайт. Ал эми адеп нормаларын адамдар өз уяты менен эле сакташат. Адеп нормаларынын сакталуусун көзөмөлгө ала турган күч коомдук пикир, элдин назары. Адеп нормалары менен мыйзам нормалары өтө жакын, алардын түпкү маңыз—мааниси бирдей. Мыйзамдын нормаларын деле адепсиз адамдар бузат, Адегенде инсандын адептик—эрктик касиети айнып, бурмалана баштайт, анан ал айныган касиети бара—бара туруктуу адатка жана көз

карашка айлана берет. Коомго зыяндуу максатты жана каражатты артык көрүүнү өзүнүн өзгөчөлүгүм деп эсептей баштайт, андан соң адептик—укуктук сезиминдеги бир ишти жасоого руксат же мүмкүн эмес деген талаптын ортосундагы чекти бурмалай баштайт, андан укук нормаларын бузууга бир эле кадам таштайт. Анан укук бузуу акырындап системага айланат, андан ары кылмыш кылганын адам билбей деле калат. Кичинекей адепсиздиктен жүрө—жүрө чоң кылмышкер пайда болот. Укук бузганга окуучуларда, адегенде, бурмаланган түшүнүк, билим, бурмаланган кызыгуу, талап, адамдарга, коомдук баалуулуктарга каратада бурмаланган мамилелердин, ошолорго таандык, жалпылыгы мүнөздүү. Окуучулардын адептик жана укуктук аң—сезимдеринин айнуусунун башаты көбүнчө үй—бүлөдө башталат. Үй—бүлөдө балдардын бузулушуна андагы чоң адамдардын инсандык касиеттеринин кедери кетиши ,(аракечтик, мушташ, соттолуш) гана эмес, сыртынан байкалбаганы менен үй—бүлөнүн шүйкүмүнүн бузуктугу, опсуз ачкөз сарандык, ар кандай уят—сыйытты жыйыштырып коюп эптеп баюунун жолун издөө. Бул атмосфера адегенде баланын окууга жана эмгекке жасаган мамилесин бузат, акырындык менен эмгекти жек көрө баштайт. Пайдасы чоң ишти издейт. Ошентип акырындык менен өз талабын канааттандырыш үчүн укук нормасын бузууга үйрөнөт. Андай балдар туура жүргөн окуучулардан, алардын тобунан четтей баштайт. Бузук чөйрөдөгүлөрдүн пикирин андай балдар ата—энесинин, мугалимдердин, жакшы жүргөн окуучулардын пикиринен өйдө, баалуу көрүшөт. Ушундай жолго түшүп кетип балдары укук нормаларын бузуп, кылмыш иштерин кылган 460 үй—бүлөнү изилдеп үйрөнүп, В.А.Сухомлинский төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарат. Балдар кылган кылмышы канчалык катуу, аны жасоодогу мыкаачылык, нааадандык, жырткычтык канчалык көп болсо, үй—бүлөнүн интеллектуалдык, эстетикалык, нравалык кызыгуулары жана талаптары ошончолук жарды. 460 өспүрүм балдары укук бузуп, кылмыш жасаган үй—бүлөнүн бирин де да, кичине болсо да, библиотека же жакшы обондор жазылган табак же тасма жок экендигин В.А.Сухомлинский таң калып, жан дүйнөсүн дүрбөлөңгө салып, толкунануу менен жазат. Коомго укук бузуучуну же кылмышкерди берген ар бир үй—бүлөдө кан дайдыр бир мандем бар экендигин байкаган педагог мындай тыянакка келет. Кээ бир ата—энелер өзүнчө түзүк эле адамдардай көрүнгөнү менен балдарынын кантип жашап, чоңойуп жатышканын билишкен эмес. Ал эми ата—энелердин көбүнүн адамдык мамилелеринде руханий жардылык өкүм сүргөн. Ал балдар окуган класс коллективдеринде, мектебинде, бул балдар эмнеге кызыгышат, алардын кандай талаптары бар, ал балдар жарык дүйнөдө

жашоонун рахаты эмнеде деп ойлошоорун эч ким (класс жетекчиси да, мугалимдер да, директор да) билген эмес. (27,273—274). Окуучулардын мындай жолго түшүүсүнүн алдын алуу үчүн мектеп төмөнкүдөй этаптарда иш жүргүзүүсү ылазым: Биринчиден балдардагы укук нормаларын бузууга өбөлгө түзүүчү жашоо, окуу кырдаалдарын балдардын ага ылайык жүрүш—турушу калыптана электе жоюу;

Экинчиден, окуучулардын жашоо, тарбияланууу шарттарын жакшыртып, жаман жүрүштөргө жол койбоо;

Үчүнчүдөн; укук коргоо органдарынын көңүлүн өзүнө буруп алган балдар менен туруктуу, максатка ылайык иш жүргүзүү;

Төртүнчүдөн; укук нормаларын дайыма бузуп, эми кылмыш кылууга жетейин деген балдардын арасында укук тарбиясына бөтөнчө көңүл бөлүү;

Бешинчиден; түрдүү кылмыш иштерин жасап коюп, ар кыл себеп менен балдар жамаатынан бөлүнбөй калган окуучулар менен терең ойлонулуп уюштурулган өзгөчө тарбиялык иштерди өтө кылдаттык менен жүргүзүү ж.б.

Бул иштерди көргөзмө үчүн эмес, чын ыклас менен астейдил уюштуруп, ал иштердин аткарылуусуна ошол окуучулардын өздөрүн активдүү катыштыруу жолдору менен окуучулардын укук нормаларын бузууларынын жана түрдүү кылмышкердикке баруулары нын алдын алса болот.

7—БАП.
ЭМГЕК ТАРБИЯСЫ ЖАНА САРАМЖАЛДУУЛУККА ҮЙРӨТҮҮ

Эмгек—тарбиянын эң күчтүү каражаты катары.

Эмгек менен адам эриш аркактай ажыралгыс. Эмгек адамдын дене жана рух жагынан жетилүүсүн камсыз кылып, айбанат дүйнөсүнөн аны көк мелжиген бийиктикке көтөрүп жиберди. Эң биринчи таштан, жыгачтан, сөөктөн жасалган эмгек куралынан космостук корабль жана компьютерге чейинки өсүүнүн гиганттык жолун адамзат өз тарыхында басып өттү. Эмгек, ошентип, адамды жаратты. Эмгек тарбиянын эң байыркы да, эң күчтүү да каражаты. Тарыхта эмгек тарбиясы ар кыл формада ишке ашып келген. Алгачкы коомдун жана байыркы дүйнөнүн ойчулдары Демокрит, Платон, Аристотель өндүүлөрдүн инсанды дене жана рух жагынан шайкеш өстүрүү жөнүндөгү идеяларын андан ары өркүндөтүшүп орто кылымдагы Жакынкы жана Орто чыгыштагы, Орто Азиядагы окумуштуу—энциклопедиячылар, биздин даанышман бабаларыбыз, —Беруни, Ибн Сина, Фараби, Омар Хайям, Кей Кавус, Махмуд Кашкари жана Жусуп Баласагындар инсандын жетилүүсүндөгү эмгектин ролун өтө жогору баалап, эмгек тарбиясынын назариятын илимий негизде иштеп чыгууга далалаттанышкан. Ибн Си-

на, Кей Кавус балдарды жашынан үй—тиричилигиндеги эмгекке чегип, турмушка даярдоо маанилүү деп эсептешкен. Жусуп баба быз:

«Тескеп тур, уул ишсиз —бош калбасын,
Бош болсо, текке кетер өмүрү чын» —деп эмгектенүү адамдын ыйык парзы деп эсептеп, эмгектин инсандагы адеп—ахлак сапаттарын калыптандырып, акыл күчүн оожалдыра турган касиетин баса белгилеген. (8,370) Бул идея энциклопедиячы окумуштуу бабаларыбыздын баарына мүнөздүү болгон.

Өндүрүмдүү эмгекти окутуу менен айкалыштыруу.

Карама —каршылык күчөгөн таптык коомдо эмгек тарбиясынын максаты тил алчаак элпек, момун букараны тарбиялоо болгон. Г.Кершенштейнер, андан соң Дж. Дьюи эмгек тарбиясы өз милдетин так, ак ниеттүү аткарып, өз ооматына тың, тартиптүү, ыймандуу адамды даярдоонун каражаты деп эсептешкен.

16—17—кылымдардын утописттери эмгек тарбиясы коомдун жыргалчылыгы үчүн эркин эмгектене турган адамды тарбиялоо болууга тийиш деген ойду айтышкан. Т.Мор өзүнүн «Утопия» деген эмгегинде эзүүчүсүз коомдун социалисттик идеалын жар салып даңазалаган. Ал коомдо баары эмгектенишет. Эмгектенүүгө аларды устаканаларда, талааларда жана мектептерде жашынан үйрөткөн. Кийинчерээк Т.Морду билбей туруп эле Т.Компанелла келечек коммунисттик коомду сүрөттөп, анда балдарды тарбиялоого бөтөнкө көңүл бөлөт. Анын тарбиясындагы негизги өзгөчөлүк эмгек окутуу менен айкалыштыргандыгында. Балдар илимди өздөштүрүү жараянында чоң кишилердин эмгеги менен, түрдүү кол өнөрчүлүк менен таанышышып, түрдүү эмгекке чегилишкен.

18—кылымдын агартуучулары шаар, кыштактагы элдин турмушун жеңилдетүү максатында окутууну эмгек менен айкалыштырууга чакырган. Ж.Ж.Руссо адистикке ээ болуу адамды материалдык көз карандылыктан бошотот деп ойлоп, балдарды айыл чарба эмгегине жана түрдүү кол өнөрчүлүгүнө чегип, «табиятта тарбиялоо» идеясын көтөргөн. Руссонун эркин тарбия жана эмгек тарбиясы жөнүндөгү идеялары И.Г.Песталоццинин прогрессивдүү педагогикалык ойлорунун өркүндөшүнө чоң таасир тийгизген. Руссонун идеяларын өркүндөтүп, ал кедейдин балдарын тарбиялоодо кара күч эмгегин окутуу менен айкалыштырган. Анын мектебинде балдар жалпы билимдин белгилүү минимумуна ээ болуп, устаканаларда эмгектенишип өз алдынча эмгектенүүгө даярданышкан. Мектеп өзүн—өзү камсыз кылып тейлөөгө умтулган. Өз тажрыйбасын жыйынтыктап келип Песталоцци окутуудагы эмгектенүү балдардын акыл жөндөмүн өстүрүп, чыгармачылык активдүүлүгүн күчөтөт, окутууну күч эмгеги менен айкалыштыруу адеп тарбиясы менен дене тарбиясын жакшыртып, жаштарды өндүрүмдүү эмгекке даяр

дайт, көз карандылыктан куткарып, аларды эркин кылат деген тыянакка келген. Мор менен Компанелланын идеяларын 19—кылымдагы социалист—утописттер Сен—Симон, Фурье андан ары өнүктүрүшкөн. Алар тарбиянын негизги максаты—жаштарды ийгиликтүү эмгектенүүгө даярдап, аларга билим берүү, ар тараптан жетилдирүү деп эсептешкен. Фурье балдарды оюн шоокто да эмгекке чегүүнүн усулун ийне жибине чейин иштеп чыккан, Социалист—утописттердин эмгек тарбиясы жөнүндөгү ойлордун биринчи болуп Р.Оуэн амалиятка ашырган. Анын мектебиндеги балдар үй—чарбасындагы коллективдүү эмгекке жашынан катышышкан. Жалпы жана адистик билимдин белгилүү үлүшүнө ээ болгон балдар окуп жатып фабрикада да иштешкен.

Орустун төңкөрүшчүл демократтары В.А.Белинский, А.И.Герцен, Н.Г.Чернышевский, Н.А.Писаревдер эмгек тарбиясынын назариятын иштеп чыгууга чоң салым кошушкан. Алар жаштарды тарбиялоону буржуазиялык коомдун шартына ылайыкташтырууга аракеттенген Руссо менен Песталоццини сынга алышкан. Оуэндин идеясын даңазалоо менен анын тарбия назариятындагы чабал жактары жөнүндө да өз пикирлерин айтышкан, ашыкча утопиялык жана тарбиянын ролун ашыра апыртып жиберген жерлерин сынга алышкан. Н.Г.Чернышевскийдин эмгек жана анын инсанды калыптандыруудагы ролу жөнүндөгү көз караштары орус педагогикасындагы эмгек тарбиясы жөнүндөгү проблеманын өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген. Тарбияеын буржуазиялык назариятындагы томаяк тардын балдары тубаса жалкоо деген пикирди Чернышевский катуу сынга алып, аны элге карата негизсиз жалаа жабуу катары айыптайт. Адамдын эмгекке талабы табигый экенин көрсөтөт. Эмгек тарбиясынын назариятын иштеп чыгуудагы чоң роль К.Д. Ушинскийге таандык. Ал өзүнүн «Эмгек, анын психикалык жана тарбиялык маанизи» деген илимий эмгегинде эркин күч эмгеги адамдын ар тараптан жетилүүсүнө өбөлгө түзүп, анын өз паркын жогору сезүүсүнө түрткү берет деп эсептеген. Жан талашып эмгектенүүнүн натыйжасында оокат тиричилиги жетишип калгандан кийин балдарын эмгек түйшүгүнөн бошотууга умтулган ата—энелерди Ушинский катуу айыптаган. Анын ою боюнча, мындай ата—энелер балдарынын бакыт таалайын өз колдору менен кыйратышып, аларды адеби айныган бактысызга айландырышкан (33).

Эмгек тарбиясынын маркстик—лениндик принциптери мурдагы алдынкы педагогикалык ойлордун өнүгүүсүнө негизделген. К. Маркс менен Ф.Энгельс эмгек тарбиясындагы негизги багыт политехникалык окууну иш-ке ашыруу, акыл эмгеги менен күч эмгегинин ортосундагы айырманы жоюунун бирден—бир жолу—билим берүүнү өндүрүмдүү эмгек менен айкалыштыруу деп эсеп

тешкен. В.И. Ленин К.Маркс менен Ф.Энгельстин бул идеясын андан ары өркүндөтүп:...жаш муундардын окуусун өндүрүмдүү эмгек менен айкалыштырбай туруп келечек коомдун идеалын көз алдына элестетүү мүмкүн эмес деген тыянакка келген (14).

Эмгек тарбиясынын системасы жана принциптери.

Эмгек тарбиясынын орчундуу маселелерине Н.К.Крупская, А.В.Луначарский, А.С.Макаренколор да өтө көп көңүл бөлүшкөн. Эмгек тарбиясынын принциптерин, уюштуруу формаларын жана усулдарын илимий негизде иштеп чыгууда В.А.Сухомлинскийдин салымы баа жеткис. Эмгек тарбиясы жаш муундарды коомдук өндүрүшкө катышууга даярдайт, ошону менен бирге адеп—ахлак, акыл жана эстетикалык жактан тарбиялоонун негизги элементи болуп эсептелет. Эмгек тарбиясынын натыйжасында берилип эмгектенүү адаты баланын жана окуучулар жамаатынын руханий дүйнөсүнө кирип кетүүгө тийиш. В.А.Сухомлинский мектебиндеги эмгек тарбияны төмөнкү принциптерге негиздеп уюштурган:

1. Эмгек тарбиясы менен инсандын жалпы адеп, акыл, эстетикалык жана дене жагынан жетилүүсүнүн биримдиги. Эмгек инсандын интеллектуалдык жашоосун байытып, анын жана жамааттын акылынын мазмунун, чыгармачылык кызыгуусун, адебинин бүтүндүгүн жандандырып, эстетикалык сулуулугун көкөлөткөндө гана тарбия берүүчү күчкө айланат. Ошондой эмгек гана адамды эмгектеги чыгармачылыкка умтулдуруп, эмгек маданиятына ээ кылат. Эмгек маданияты—инсандын руханий жетилүүсүндөгү коомдун жыргалчылыгы үчүн эмгектенүүсүз тура албай калган учуру. Андай эмгек инсандын ыйманын тазалап, жамааттын жашоосун руханий жактан байытат.

2. Эмгектеги жекече өзгөчөлүктү айгинелеп ачуу жана өстүрүү. Эмгек адамдын материалдык талабын канааттандыруучу каражат гана болбостон—анын шык, жөндөмүн өөрчүтүүчү каражатка айланганда гана ал эмгек инсандын кубанычынын булагы болуп калат. Ар бир окуучу өспүрүм жана бойго жеткен мезгилинде аеын эмгеги өзүнүн табыгый шык, жөндөмүн толук өөрчүтүп, ага руханий чыгармачылыктын бакытын энчилөөгө тийиш.

3. Эмгектин бийик адеби, анын коомдук пайдалуу багыттуулугу. Бала коомго пайда келтире турган эмгекке умтулуусун тарбиялоого жетишүү өтө маанилүү. Андай эмгек балдардын адебин чыңайт. Жашынан коомдун пайдасын жүрөгүнө жакын алган балада эл алдындагы өз милдетин сезүү жана уялуу касиети калыптанат. Ошондуктан балдарды өтө жашынан эле акысы төлөнүүчү эмгекке чегүүгө шашылуу жарабайт.

4. Өндүрүмдүү эмгекке жашынан чегүү. Эмгектин коомдук маанисин түшүнүүдөн мурда бала эмгектенүүсүз жашоо мүмкүн

эместигин, эмгек руханий жашоону, анын кубанычын камсыз кылаарын билүүгө тийиш. Бала коом үчүн, эл үчүн керектүү байлыкты өндүрүүгө катышып жатканына сыймыктанып, эмгек анын руханий жашоосуна жашынан киргени жакшы болот.

5. **Эмгектин түрлөрүнүн көптүгү.** Аткаруу ыгынын, усулунун өзгөчөлүгү ар кыл эки, үч, төрт эмгек ишмердүүлүгүн алмаштырып, айкалыштырып, аралаштырып иштөөгө умтулуу баланын табиятына мүнөздүү. Короодо түрдүү эгинди берилип өстүргөн, сакты караган бала, малды деле ошондой кызыгуу менен багып, жаш техниктердин ийримининин ишине дале астейдил катышпай ыктымал. Эки, үч түрдүү ишке катышкан бала түрдүү ык, машыгууга ээ болот. Мындай кызыгууну улам өркүндөтүп, бала бир эле өнөрдүн кулу болууга жол коюуга жарабайт.

6. **Эмгектин үзгүлтүксүздүгү жана туруктуулугу.** Эмгек тапшырмаларын аткарууну жылдын бир мезгилине же кийинки аптага которуп коюу туура эмес. Күнүгө, үзгүлтүксүз жүргүзүлгөн эмгек гана руханий жашоону байытат. Күнүгө кам көрүп, ой—мүдөө сүндө турган үзгүлтүксүз туруктуу эмгекте гана адамдын чыгармачылыгы өркүндөшү мүмкүн. Жаш багбандар 2—3 жыл бою үзгүлтүксүз иштесе гана улаган жемиш бактарынын натыйжасын көрүп, анын тыянагын чыгара алышат.

7. **Балдардын эмгегиндеги чондордун өндүрүмдүү эмгегинин белгилери.** Балдардын эмгеги коомдук маанилүүлүгү, эмгек жараянынын технологиясы жана техникалык жагынан чондорду куна окшоштугу мүмкүн болушунча көбүрөөк болууга тийиш. Чондордун эмгегине окшоштугу канчалык көп болсо, ал эмгектин балдарга тарбиялык таасири ошончолук күчтүү болот.

8. **Эмгектин чыгармачылык мүнөзү, акыл менен колдун ара кептерин айкалыштыруу.** Күч эмгегине адамды кызыктыруучу негизги күч ал эмгекти аткаруудагы кол менен акылдын аракетинин айкалышуусун айгинелөө максаты эсептелет. Мындай максат канчалык маанилүү болсо ар кандай эле жөнөкөй ишке болгон кызыгуу ошончолук күчөйт. Жумушту аткаруудагы чеберчиликке ээ болуп эмгектенүүдө изилдөөнү, эксперименттти, илимдин жетишкендиктерин канчалык көп колдонсо—бала аны түшүнүп, өзүнүн моралдык ийгилиги катары башынан кечирет. В.А.Сухомлинскийдин окуучулары бир кыл, кызыксыз көрүнгөн кант кызылчасын өстүрүүнү дале чыгармачылык эмгекке айландырып жиберишкен, анткени аларда изилдөө максаты (кызылчанын канттуулугун көбөйтүү үчүн) коюлган болучу.

9. **Эмгек ишмердүүлүгүнүн, ык, машыгууларынын үзгүлтүксүз улантылуусу.** Жаш жеткинчек кезинде балдар аткарып жүргөн иштерди алар бойго жете баштаганда абдан терендетип, өтө ке-

ңири негизде аткартууну өркүндөтүү керек. Жашында аткарган ишинде ээ болгон ык, машыгуулар балдар бойго жете баштаган да ээ боло турган жаңы ык, машыгууларды жеңил өздөштүрүү сүнө өбөлгө түзгөндөй болууга тийиш. 15—16 жаштагы өспүрүм дөргө металлды бургулоону, эгин эгип, бак тигүүгө жерди даярдоону үйрөтүүнүн зарылдыгы жок, ага балдар 4—5 жыл илгери жетишүүгө милдеттүү. Айтылуу «Павлыш» орто мектебинин окуучулары 10—12 жашында эле жерди айдап, эгин эгүүгө, техникалык өсүмдүктөрдү өстүрүүгө даярдап, булардан түшүм алууну, жемиш бактарын өстүрүүнү, жер семирткичтерди даярдап, талааларга аны чачууну, эч нерсе өспөгөн топуракту жерди түшүмдүү аянтка айландырууну, түрдүү айыл чарба техникаларын башкара билүүнү өздөштүрүшкөн.

10. Өндүрүмдүү эмгектин бары жокко жалпы тиешелүүлүк мүнөзү. Окуучу көркөм өнөр же акыл ишмердүүлүгүнүн кандай гана түрүнө жөндөмдүү, шыктуу болбосун, ал жеткинчек жана өспүрүм кезинде өндүрүмдүү эмгекке сөзсүз катышууга тийиш. Аткарылышы канчалык кызыксыз экендигине карабай, кара күч эмгегине мектептин бүт окуучулары катышуусу зарыл. Алсак, жерге көң чачуу, отоо чөптөрдү жоготуу, чөп оруу ж.б. Жамаат бүт катышкан ар кандай иш балдарды шыктандыра алат.

11. Эмгек ишмердүүлүгүнүн балдардын күч дараметине ылайыктыгы. Ар кандай эмгектенүү балдарды чарчатат, бирок эмгектенүү нерв системасын жабыркатып, денесин алсыздандырып, жүдөтүүсүнө жол койбоо керек. Балдар аткарган жумуш алардын күч кубатына гана ылайык келбестен акыл эмгеги менен күч эмгегинин, түрдүү эмгек ишмердүүлүктөрүнүн туура айкалышуусун камсыз кылуу зарыл. Бала аткарган ар кандай күч эмгегин анын бардык руханий жашоосу менен бирдикте кароо керек.

12. Көп кырдуу руханий жашоо менен эмгектин биримдиги. Адам эмгектенүү менен гана күн кечирбейт. Адамга маданий баалуулуктар, руханий жыргалчылыктар, көркөм адабият, музыка, сүрөт, спорт, саясат өндүү кубанычтар канчалык жеткиликтүү болсо, эмгек жеткире турган кубанычтын эшиги анын алдында. ошончолук кеңири ачылат. Бул жыргалчылыктар адамдын зобо лосун көтөрүп, жан дүйнөсүн тазалап, эмгектеги чыгармачылык менен жаратуучулук кубанычын баштан кечирип, туура түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Жашында баланын акылы менен жүрөгү маданий баалуулуктарын булагынын канчалык көп түрүнөн азык танса, эмгек аны ошончолук бийик көтөрүп, жан дүйнөсүн байытып, жакшыртат. Ошондуктан мектептин окуучулар жамаатында көп кырдуу руханий жашоо эч качан токтоп калууга тийиш эмес. Эмгек тарбиясын уюштурууда бардык мектептер ушул принциптерди кыйшаюсуз жетекчиликке алышса, мектептин окуу тарбия

иштеринин жемиштүүлүгү артаары шексиз. Балдардын түрдүү эмгегин камсыз кылып, аларды айыл чарба жана өндүрүш менен байланыштырып, окуучуларды жашынан эмгекке чеге турган материалдык база түзүү—бул өтө маанилүү педагогикалык проблема (29,292—299).

Мектептеги эмгек сабагынын милдеттери.

Өспүрүм жана бойго жетээр алдында бардык балдарды аң сезимдүү тандап алып, эмгектенүү менен өзүндөгү жөндөм, шыкты ачып өркүндөтө турган ык, машыгууга ээ кылуу мектеп менен үй—бүлөнүн ыйык парзы. Биринчиден, мектеп программасын аткаруу жараянында окуучулар керектүү эмгектик ык, машыгуу ларга ээ болушат. Башталгыч класстарда кол эмгеги; V—VIII класстарда тажрыйба аянтчасындагы, устаканадагы эмгек; IX—XI—класстарда—өндүрүш менен айыл чарба эмгегинин негизин үйрөнүүгө байланыштуу эмгектер. Бул сабактарда кагаз, картон, пластилин, ылай, жыгач, чыт—чыбыр, металл, пластмасса менен иштөө, топуракты иштетип, өсүмдүктөрдү асыроо, конструкциялоо жана модель жасоо, машина, механиздерди башкаруу өндүү иштер аткарылат. Мектепте эмгекти окутуунун максаты окуучуларды өндүрүштүн негизги тармактарына туура багыт берип, адистикти аң—сезимдүү тандап алуусун жеңилдете турган ык, машыгууларга ээ кылуу, экинчиден, балдарды эмгек ишмердүүлүгүнө даярдоодо жалпы билим берүүчү сабактай эле мааниге ээ болгон—балдардын шык, жөндөм, кызыгууларына ылайык өзү лөрү тандап алган эмгеги. Анткени барыга милдеттүү программалар бир жеке адамдагы бүт өзгөчөлүктөрдү толук камтуусу мүмкүн эмес. Кээ бир балдар бүт окуучулардын баары аткарып жаткан иштен башка ишти аткаргысы келет. Ал үчүн бул же тигил жумушту аткаруудагы бүт класстын окуучулары жеткен деңгээлге жетишсиздик кылат. Ал андай жумуштарды аткаруунун өтө назик жактарын да терең билгиси келет. Ошентип окуучулардагы талаптарды канааттандыруу үчүн класстан тышкаркы эмгекке үйрөтүү зарылдыгы келип чыгат. Мектепте түрдүү ийримдер уюштурулат. Алсак, техникалык ийримдердин максаты—балдарды акырындык менен техникалык чыгармачылыктын ык, машыгуусуна ээ кылуу. Жаш селекциячылардын ийриминде эгиндин жаңы сапаттуу, түшүмдүү сортторун иштеп чыгат. Мектептеги түрдүү ийримдерге жогорку класстын мыкты окуучулары, мугалимдер, айыл чарба, өндүрүштөгү тажрыйбалуу адистер жетекчилик кылышат. Окуучулардын эмгеги өндүрүштөгү илим менен техниканын жетишкендиктерин пайдаланып, чыгармачылык кеңири жайылган мүнөздө уюштурулууга тийиш. Өндүрүштүн жаш өйлөп табуучуларынын, рационализаторлордун чыгармачылык

жөндөмүн тарбиялоо; алардын техникалык маданиятынын өсүшүнө, аткарган иштин маңыз маанисин андап түшүнүүсүнө жараша болот. Эгерде окуучу жашынан ичинен күймө кыймылдаткычты башкара билсе, металлдын тетигин станокто иштете билсе, анын өсүүсү тездешет. Андай балдар 17—18 жашында эле тажрыйбалуу жумушчуга мүнөздүү техникалык маданияттын деңгээлине көтөрүлөт. Баланын ой жүгүртүүсү башында гана эмес, анын бармактарынын учунда да болууга тийиш (В.А.Сухомлинский) (28,301). Балдардагы техникалык маданиятты жемиштүү калыптандыруунун жолу—балдардын чыгармачылгынын эң бийик баскычы —ойлоп табуучулук. Мектеп баланы өз шык жөндөмүнө ылайык сүйүктүү эмгегинин бактысына ээ кылууга милдеттүү. Ансыз ал турмуштагы өз ордун таба албайт. Мектеп бул жагынан жолу жок балдарды бүтүртүп чыгарууга акысы жок.

Кол эмгеги—техникалык ой жүгүртүүнүн негизи.

Технологиялык жараян жана машина техникасы канчалык тата-алдашып өнүкпөсүн, кол эмгеги өндүрүштүн маанилүү элементи болуудан калбайт. «Кол эмгеги» деген сөздү «күч эмгеги» деп түшүнүү туура эмес. Жогорку маданияттагы кол эмгегинде чыгармачылык ой жүгүртүү даана көрүнүп турат: Эмгектин техникасы менен техниканы өздөштүрүү үчүн кол эмгегинин жөнөкөй эле ык, машыгууларын үйрөнүүгө ошончолук көп мээнет жумшоо зарыл. Кол эмгегинин узак мектебинен өткөн адам башкарган машинанын негизги түйүндөрү жана тетиктери жылма айкалышып, эч кандай секириксиз иштейт. Уздун таланты анын бармактарынын учунда деген сөздө эч кандай калет жок. Машинаны айдоодон мурда окуучу анын кыймылдуу үлгүсүн чачып, жыйнап түйүндөрү менен тетиктеринин байланышып иштөөсүн андап түшүнүп, андан кийин чыныгы машинанын бөлүктөрүн чачып, кайра жыйнап, машинаны айдашты үйрөнүүдөн мурда ушундай кол эмгегин арбын жасаган адам машинанын чыныгы кожоюну болот. Ал машинаны ишеничтүү гана айдабастан, тетиктердин бузулуп иштен чыгуусунун алдын ала алат.

Эмгек тарбиясынын усулдары.

Эмгекке тарбиялоонун усулдары акыл, адеп, эстетикалык жана дене тарбияларынын усулдары менен тыгыз байланышта. Алсак, эгерде тажрыйба аянтындагы же устаканадагы эмгек балдарды жаңы ык, машыгууларга ээ кыла турган болсо, же мурунку ык, машыгууларын терендете турган болсо, эмгек тарбиясынын усулу окутуу усулдарына жакындашат. Эгерде эмгектенүүдө биринчи планга моралдык элемент көтөрүлө турган болсо, анда ал адептүүлүк тарбиянын усулдарына жакын болот.

Эмгектин адамды жаратуучу касиети.

Эмгек күчтүү тарбиячы, бирок анын идеялык, интеллектуалдык, моралдык, эстетикалык, эмоционалдык жана денени өркүндөтүү касиетинен, чыгармачылык мүнөзүнөн, баланы кызыктыруучу жана анын организминин талабына айланып калуучу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратып койсок, башка кызыктуу нерсеге убакытты көбүрөөк үнөмдөө максатында эптеп колдон өтөөр кылып батыраак кутулуу үчүн аткарылуучу милдетке айланып калат. Андай эмгек руханий талапка айланбайт, адамдын жан дүйнесүн жакырлантып, чүнчүтүп жүдөтөт. Адамдагы эң кунук касиет болгон—жалкоолук адам иштебей бекер жүргөнүнөн эле пайда болбостон, аткарган жумуш аны шыктандырып, эргитип, анын эмоционалдык жадында жагымдуу из калтырбагандыктан да андан кунук касиеттер адамда калыптанып өркүндөй берет. Андай эмгек инсанды жаратуучу касиетинен толук ажырайт. Жогоруда биз атын атаган илимий изилдөөсүндө, К.Д.Ушинский, эмгектин биринчи натыйжасы—байлык. Андан тышкары эмгектин адамды жаратуучу касиети да бар экендигин баса белгилейт. Оюн андан ары улантып, эмгектенүүнүн натыйжасында пайда болгон байлыкты башка бирөөгө мураска калтырса да, башка бирөөдөн күч менен тартып алса да, башка бирөөдөн акчага (алтынга) сатып алса да болот. Ал эми эмгектин адамды жаратуучу касиетин башка бирөөгө мураска калтырууга да болбойт, ар кандай кудуреттүү күч менен башка бирөөдөн тартып алууга да болбойт, акчаң канчалык көп болсо да, Калифорниянын бүт алтынын чогултсаң да эмгектин адамды жаратуучу касиетин сатып ала албайсың (33) Ал касиет эмгектенген адамда гана калат деген пикирди өтө баса белгилейт. Өспүрүм куракта өзүнүн эмгектеги ордун аныктай албаса, бала сырткы дүйнөнү терең таанып билүү аркылуу өзүн да иликтеп үйрөнүп, өзүнүн руханий жашоосунун негизги белгиси болгон өзүн—өзү тарбиялоо экенине паамы жетпейт. Өзү аткарган ишинин натыйжасына сыймыктанбаган адамда гармониялык өсүү мүмкүн эмес. Адамдын жашоо турмушунун байлыгы жана бактылуулугу мына ушунда. Өспүрүмдүн ан—сезимин: «Мен киммин? Менин турмуштагы ордум кайда? Менин жашоодогу жолум кайсы? Менин колуман эмне келет?»—деген ой —санаа башкарууга тийиш. Мындай ой—санаа өзүн бир нерсе жасап көрсөтө алган, бир нерсеге кызыккан, өз курагына жараша кандайдыр бир маанилүү иш аткарып койгон балада гана пайда болушу мүмкүн. Анткени инсандын идеялык, граждандык негизин түзүүчү интеллектуалдык, моралдык, эстетикалык, эмоциялык жана дене жагынан өсүүсүнө дем берүүчү күчтүн тамырлары жогорудагыдай эмгектен таркайт. Мына эмгектин инсанды жаратуучу күчү.

Инсандын чыгармачылык жөндөмүнүн күчү ачылып өңүнө чыга турган чөйрө көп түрдүү. Окумуштуу, инженер же жалпы эле акыл эмгегинде иштеген адамда гана талант, жөндөм ачылат, деп ойлоо туура эмес. Адам кадырланган коомдо ар кандай эле эмгек чыгармачылыктын деңгээлине көтөрүлө алат. Өзүнө, эмгегинин натыйжасына жана жамаатына сыймыктанып, өзүн чыныгы жаратуучу, акын, сүрөткер катары көргөн эмгек ар бир баланын руханий чыгармачылыгына айланып калган мектепте эмгекке карата кайдыгер мамиле жасаган бала болбойт.

Ар бир окуучу менен жекече тарбиялык иш жүргүзүүдөгү педагогикалык чеберчиликтин маңыз мааниси—алардын жөндөм, шыгына жараша эмгекке болгон жандуу кызыгып берилүүсүн камсыз кылуу. Ошондо гана ар бир окуучу өз эмгегине канаат-танып, турмуштагы туура жолуна түшөт. Адам жана анын шыгы бири—бирине көз каранды эмес, адамдын тагдыры оң келишине жараша болот деген обывателдик түшүнүк туура эмес: шык, аны менен кошо тагдыр да тарбия жараянында калыптанат. Адамдагы шыкты калыптандыруу анын руханий жашоосуна эмгек канчалык терең кирип орногонуна жана ал эмгектеги мээнет менен ой пикирдин эриш аркак болуп аралашына жараша болот. Мектепте бир нерсеге кызыкпаган, бары жокко бирдей, кайдыгер окуучу болбошу керек. Математикалык формулалар менен лирикалык ырларды бирдей эле кайдыгерлик менен окуп, ошондой эле абалда бак оторгузул же станокто темир бургулаган, эч нерсе кызыктырбаган же толкундатпаган окуунун отличнигинин тагдыры коркунучтуу. Аны жөндөмүнө ылайык бир ишке кызыктыруу мектептин ыйык парзы. Мектепте ар бир окуучунун сүйүктүү иши, ошол сүйгөн ишинин атайын бурчу, чоң кишинин ага үлгү көрсөтө турган иши болууга тийиш. Окуучулардын көбү өзүлөрү гана бирдемени бирөөлөрдөн үйрөнүшпөстөн, өзүлөрүнүн билим, ык, машыгууларын бирөөлөргө беришет. Өзүнүн билимин, тажрыйбасын, чеберчилигин башка бирөөлөргө берип жатканда гына адам чындап тарбияланат. Башка бирөө менен нравалык мамиледе болуп, анын руханий байлыгы жөнүндө кам көрө баштаган адам өзүнүн чыгармачылык дараметин паамдай баштайт. Ошентип адамдагы шык ойгонот, ошентип адам өзүн—өзүн тарбиялайт. Ар бир балада кандайдыр бирдемеге болгон жөндөм үргүлөп турат. Ал—дүрмөт, аны аттыруу үчүн учкун керек. Өзүнөн улуу кишинин же теңтушунун эмгегиндеги чеберчилигине, уздугуна болгон көңүл эргип, кумарануу—ошол учкундун өзү. Эмгектин адамды жаратуучу кудуретин жана эмгек тарбиясынын усулдарынын илимий негизин акыл калчап туура түшүнгөн эл: «Көрө—көрө көсөм болот, сүйлөй—сүйлөй чечен болот», «Энени

көрүп кыз өсөт», «Устадан шакирт озот»—деген макалдарында балдардагы өзүнөн улуулардын—ата—эненин, ага, эжелеринин, мугалим, тарбиячыларынын эптүү чеберчилик менен аткарган ишине, уздугуна суктанса, эргип кумарланса —ал учкун балдардагы дүрмөттү от алдыраарын жакшы билгендигин айгинелейт. Мында балдардын бирөөлөрдү тууроого болгон ынтызарлыгынын психологиялык негизине да элдин акылы толук жеткени көрүнүп турат. Демек, эмгек тарбиясын уюштурууда биз элдик педагогиканын, даанышман бабаларыбыздын нускалуу осуяттарын угуп, кыргыз элинин улуттук психологиясындагы, социалдык абалындагы, нарк нускасындагы өзгөчөлүктү эске алсак, эмгек тарбиясын ишке ашырууда көп ийгиликтерди камсыз кылууга жетишмекпиз. Эмгек тарбиясынын түпкү максаты жогоруда биз эскерткен жагдайларды мүмкүн болушунча толук эске алуу менен балдардагы эмгекке болгон аң сезимдүү мамилени, эмгекке болгон жана эмгек адамдарына болгон сүйүүнү, коомго жана адамдарга пайда луу эмгекти аткарууга болгон психологиялык даярдыкты калыптандыруу. Бул айтылган жагдайларды таңазар албай совет өкмөтү менен компартиянын кур кыйкырыктуу чакырыктары менен эле балдардагы эмгекке болгон сүйүүнү, коммунисттик мамилени калыптандырабыз деп, бөтөнчө, акыркы чейрек кылым ичинде мектептеги эмгек тарбиясын кычыраган формализмге айландырып жибердик. Натыйжада эмгектин идеялык, интеллектуалдык, моралдык, эсететикалык, денени жетилдирүүчү жана чыгармачылык жактарын толук мойсоп, окуучулардын, студенттердин эмгегин аларды зордуктап, коркутуп—үркүтүп аткартуучу кулдун эмгегине айландырып жибердик. Башкача айтканда эмгектеги инсанды жаратуучу касиетти жоготтук Натыйжада күч эмгегин айыптуу, күнөкөр, экинчи сорттогу адамдар аткаруучу милдет катары көргөн, күч эмгегин жек көрүп, андан түрдүү айла амал менен кутулуунун жолун издеген, нравалык жана интелектуалдык деңгээли төмөн жаштарды калыптандырууга жетиштик. Азыркы коомдук турмуштагы олку—солкулукта биздин андай тарбияланып калган жаштарыбыз өзүнүн чыныгы жүзүн дароо эле көрсөтүп коюшту. Турмушта жашоонун жеңил жолун издеп, адеп—ахлагын, инсандык намыз ариетин унутуп, алдамчылыкка, сүткордукка, талап—тоноочулукка, аракечтикке, бангиге, сойкуга бат эле айланып кетишти.

Биздин ата—бабаларыбыз эмгек трбиясынын чыныгы инсанды калыптандыруудагы ролун туура түшүнүп, балдарды өтө жашынан үй—тиричилигине тынбай иштетип үйрөткөн. «Кары келсе—ашка, жаш келсе —ишке»— бул балдарды эмгекке психологиялык жактан даярдоого болгон элдин ой—мүдөөсүн чагылдырган

макал. «Кылганын биз үчүн болсо, үйрөнгөнүң өзүң үчүн» деп балдарды ата—эне гана эмгекке чекпестен, ар бир тууган урук, ар бир жээк жат, ар бир айылдаш өз ишин балдарга аткартуу аркылуу арбир адам элдин кызыкчылыгы үчүн эмгектенүүсү инсандык парз экендигин балдарга жашынан түшүндүрүү максатын ишке ашырышкан. Эмгек тарбиясындагы мындай элдик система, жемиштүү усулдарды иликтеп үйрөнүп, ата—эне жана мугалим дерди алар менен куралдандыруу өтө зарыл.

Экономикалык маалымат берүү жана сарамжалдуулукка тарбиялоо.

Экономикалык сабаттуулук жана үнөмдүүлүккө үйрөтүүчү чарбачылдык—ишмердүүлүктү жакшыртып, өндүрүштү сарамжалдуу башкарууну активдештирүүнүн негизги шарты. Коомубузду социалдык—экономикалык жактан өркүндөтүү талабы бүгүн биздин алдыбызга окуучуларды экономикалык жакшы маалымат тарга ээ кылып, сарамжалдуулукка көндүрүү милдетин курч коюп олтурат.

Төмөнкү жагдайларды эске алуу менен окуучулардын экономикалык ой жүгүртүүлөрүн өстүрүү зарыл.

Биринчиден, базар экономикасынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн өздөштүрүп, азыркы учурдагы коомдук өндүрүштүн иштөө механизмдерин жана өнүгүү закондорун билүү;

Экинчиден, бүгүнкү саясатка ылайык экономикалык назариятты жакшы билүү, өндүрүштү тез өркүндөтүү маселесин практикалык жагдайда чечүү усулун жана жолдорун билүү, коомдук байлыкка сарамжалдуу мамиле кылып, өндүрүштүн чыныгы ээси болоо алуу.

Үчүнчүдөн: өндүрүштүн экономикалык иштерине активдүү катышууга мүмкүндүк бере турган ыкка ээ болуу, эмгектин алдыңкы методдору менен формаларын тез арада үйрөнүп алуу;

Төртүнчүдөн; эмгекти туура баалаган ач көздүккө, дүйнө парастыкка келишпес активдүү позицияны, ысырапкерчиликке жол койбогон сарамжалдуулукту калыптандыруу.

Экономикалык билим жана сарамжалдуулук тарбия бүт предметтерди окутууда эле ишке аша берет. Экономикалык ой жүгүртүүнү өстүрүүгө бөтөнчө «Коом таануу», «Укук таануу», «Тарых», «География», «Эмгек жана адистикке багыт берүү» сабактары жана атайын факультативдик сабактар чоң роль ойнойт. Класстан тышкаркы иштерди өткөрүүдө коомдук жана жеке менчик, өндүрүштүк план, эмгек тартиби, маяна түшүнүгү кеңейип, окуучуларды өндүрүштүк мамилелерге тартууда өздөштүрүлгөн экономикалык маалыматтар ого бетер бекемделет. Айрыкча эмгек

тарбиясы экономикалык тарбия менен байланышы өтө терең бо лууга тийиш. Анткени бардык байлык эмгектин натыйжасы. Пешене тери менен тапкан каражатты ар кандай эле адам сарамжалдуу пайдаланаарын байкаган ата—бабаларыбыз «Отун алба ганга от жактырба» деген осуят калтырган.

Өзү эмгектенбеген адам эмгекти да, эмгек адамын да кадырлабайт. Эмгектенип тапкан нан ширин. Кыргыздын элдик жомогунда, акча буюмдун, азык—оокаттын кайдан келгенин билбеген бекерпоз уулун атасы: «Бар, уулум, иштеп пешене терин менен акча таап кел»—деп үйүнөн айдап жиберет. Уулу талаалап ойноп жүрүп, жолдошторунан акча сурап алып: «Мына иш аткарып, акысына алып келдим» деп атасына узатат. Атасы ал акчаны күйүп жаткан отко ыргытып жиберип, баласын дагы ишке айдайт. Ал дагы бекер жүрүп күн өткөрүп, атасынын досторунан сурап алган акчаны атасына узатат. Атасы аны да отко салып күйгүзүп жиберет: Баласын дагы ишке айдайт. Бул жолу бирөөгө жалданып бир жума иштеп тапкан акчысын алып келип атасына узатат. Атасы ал акчаны да күйүп жаткан отко ыргытат. Уулу акчаны отко түшүрө койбой боюн таштап кармап калат. Ошондо атасы: «Уулум, бул акчаны чын эле өз пешене терин менен тапкан экенсиң» —деген экен. Эмгектенген адам эмгек адамынын да, буюм—теримдин да, нандын да кадырын билет. Коомдук мүлккө, өз менчигине, табиятка сарамжалдуу мамиле жасайт.

8—БАП

ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ

Эстетикалык тарбиянын мазмуну, максаты жана милдеттери. Этетика деген сөз гректин сезилчүү, сезүү аркылуу кабыл алын чу деген сөзүнөн келип чыккан. Азыркы кыргызча маниси—обьективдүү чындыкты эстетикалык кабыл алуунун мыйзам че немдүүлүгү жана табияты жөнүндөгү, сулуулуктун мыйзам ченемдүүлүгүнө бап чыгармачылык жөнүндөгү окуу.

Эстетикалык тарбия—адамдын объективдүү чындыкка карата болгон белгилүү эстетикалык мамилесин калыптандыруу. Эстетикалык тарбия берүү жараянында белгилүү коомдогу эстетикалык баалуулуктардын дүйнөсүнө берилүүчү мүнөздөмөлөргө ылайык инсандын ошол баалуулуктарга карата туура багыты иштелип чыгууга тийиш. Ошол эле учурда эстетикалык тарбия жараянында инсандагы объективдүү чындыкты эстетикалык кабыл кылып, эстетикалык баалоо жөндөмүн калыптандыруу жана өстүрүү, эстетикалык табитин жана эстетикалык идеалын тарбиялоо менен, анын сулуулуктун мыйзам ченемдүүлүгүнө ылайык чыгармачылык жөндөмүн, искусстводо, эмгек ишмердүүлүгүндө, жашоо турмушунда, жүрүш—турушунда эстетикалык баалуулуктарды

жаратуу жөндөмдүүлүгүн оожалдыруу.

Сулуулук—адеп—ахлактын тазалыгынын, руханий байлыктын, дене жагынан өркүндөгөндүктүн күчтүү булагы. Эстетикалык тарбиянын негизги милдети—сырттан курчап турган дүйнөдөгү (табияттагы, көркөм өнөрдөгү, адамдардын мамилесиндеги) руханий асылзаттыкты, боорукердикти, ак ниеттүүлүктү көрө билүүнү үйрөнгөн бала, ошолордун негизинде өзүндөгү сулуулукту түптөөгө умтулуусуна жетишүү.

Инсандын эстетикалык талаптарынын, эстетикалык сезимдеринин, эстетикалык баалоолорунун байлыгынын эң негизги шарты болуп анын интеллектуалдык жактан терең жетилүүсү эсептелет. Ошондуктан эстетикалык тарбиянын максаты баланы дүйнөлүк маданияттын жетишкендиктери, адамзаттын маданий баалуулуктары менен тааныштыруу болуп эсептелет.

Эстетикалык тарбиянын каражаттары.

Белгилүү саясий, нравалык, диний жана көркөм идеалдарды жаштарда калыптандырууга умтулган философтор, көркөм өнөр ишмерлери, педагогдор, саясатчылар, насаатчылар байыртадан эле эстетикалык тарбияга көңүл бөлүп келишкен. Байыркы доордо эстетикалык маданиятты калыптандыруунун бирден бир каражаты катары көркөм өнөр эсептелген. Эстетикалык тарбиянын мүдөөсү көркөм чыгармачылыкка болгон жөндөмдү калыптандыруу деп түшүнүшкөн алар. Пифагорчулардан баштап байыркы грек философтору эстетикалык тарбиянын негизги каражаты катары музыканын ролун өтө жогору баалашкан.

Байыркы дүйнөнүн башка ойчулдарына караганда Аристотель эстетикалык тарбиянын коомдук мыкты адамды тарбиялоодогу маанисин кеңири түшүнүп, адабият менен театрдын эстетикалык адептик таасирин иликтеп үйрөнгөн. Анткени менен, ал дале тарбия назариятындагы негизги басымды адамдагы адептүүлүк касиетти калыптандыруудагы музыкалык обондордун, ал турмак музыкалык аспаптардын ролун изилдөөгө багыттаган.

Кайрадан Жаралуу доорунун назариятчылары гумандуулукка тарбиялоонун маанилүү каражаты деп көркөм өнөрдү эсептешкен. Көркөм өнөрдүн негизин өздөштүрүү универсалдык билими бар адамды тарбиялоо системасынын зарыл элементтерине кирген. Ф.Рабленин «Гаргантюа и Пантагрюэль» деген чыгармасынын персонаждарынын бири да калбастан окуй, жаза, ырдай, музыкалык аспаптарда ойноп билишкен.

Агартуучулар да көркөм өнөрдүн тарбиялык мааниси өтө чоң деп эсептешкен. Дидро менен Лессинг көркөм өнөрдү адептүүлүк түн мектеби деп, социалдык үгүт—насыяттын трибуну деп эсептешкен. Анын үстүнө агартуучулар адептүүлүк тарбиядагы жана

өтө күчтүү көркөм табитти калыптандыруудагы эң негизги ролду сүрөтчүлүк өнөрү менен театрга ыйгарышкан: Руссо көркөм өнөр табиятка жан дили менен берилип, чындыкты чагылдырууга тийиш деген идеяга негиздеп, эстетика менен этиканын биримдик баштылышын дагы өзүнүн эстетикалык идеалын түзгөн.

Социалист—утописттер —Т.Мор, кийинчерээк Р.Оуэн, Сен—Симон ж.б. эстетикалык тарбияны бүткүл коомдук милдет, инсанды жетилдирүүнүн, анын граждандык жана адеп—ахлак сапаттарын калыптандыруунун каражаты деп карашкан. Социалист утописттердеги негизги идеялардын бири—жалпы эстетикалык баалуулуктарды өндүрүүдө жана пайдаланууда да бардык адам дардын бирдей катышуусуна жетишүү болгон.

Орус төңкөрүшчүл демократтары—В.Г.Белинский, А.И.Герцен, Н.Г.Чернышевский, Н.А.Добролюбов—жаштарга билим берүүнүн негизги каражаты, коомду, жаштарды адеп—ахлак жана саясий жактан тарбиялоонун күчтүү куралы көркөм өнөр деп карашып, мезгилдин талабына, руханий маанайына ылайык көркөм адабиятты биринчи орунга коюшкан Орустун материалисттик философиясы менен эстетикасынын идеясына негиздеп К.Д. Ушинский өзүнүн балдарга көркөм өнөрдүн билим берүү жана эстетикалык тарбия берүү принциптерин иштеп чыккан. Балдарга көркөм элестүү ой жүгүртүү мүнөздүү деп эсептеп, окутуу жараянында көркөм өнөрдү кеңири пайдаланууга үндөгөн Ошону менен бирге көркөм ойлоонун өсүшү балдардагы адептүүлүктү тарбиялоо үчүн да зарыл деп эсептеген, анткени сулуулукка чындап рахаттануунун өзү эле адептүүлүк сезимин ойготот. К.Д.Ушинскийден кийин орус педагогикасында эстетикалык тарбияга дайыма тийиштүү орун берилген. Динчил идеологияны калыптандырууда чиркөө эстетикалык тарбияны өтө кеңири пайдаланат. Орто кылымдагы Августин, Ф.Аквинскийлердин эмгектеринде эстетикалык тарбияны элди чындыкты, айрыкча социалдык чындыкты өзгөртүү үчүн күрөштөн алагды кылып, дүйнөгө диний негизде көз карашка тарбиялоо деп эсептешкен. Чиркөө, мечеттер бүгүн дале ушул тенденцияда иш жүргүзүшөт.

Азыркы эстетика жана педагогика, өткөндөгү эстетика жөнүндөгү окуунун көп жактарын, барыдан мурда, адамды калыптандырууда эстетикалык тарбияны башка социалдык жагдайлар менен бирдикте кеңири пайдалануу өндүү элементтеринен ажыратты. Анын залакасы көп элдердин бүгүнкү социалдык абалына тескери таасир тийгизип жатат. Алсак, азыркы кыргыз мектептеринде жана үй—бүлөлөргө эстетикалык тарбияга жетишээрлик баа берилбей, аны кычыраган формализмге айландыруу—жаштардын жан дүйнөсүн жардылантып, аларды массалык бекерпоздук

ка, жатып ичер жалкоолукка, аракечтикке, баңгиликке, сойкулукка, намыз ариетсиз, адепсиз жүрүш—турушка дуушар кылып жатат. Эстетикалык табити айныган адамда өзүн урматтап, өз наркын сактоого умтулуу болбойт. Адам коомунун башатынан, байыркы дүйнөдөн баштап эле эл бул маселеге бекеринен бүт көңүлүн бурган эмес экендигин түшүнүү керек.

Эстетикалык тарбия—чыныгы инсанды калыптандыруунун эң зарыл составдуу бөлүгү болуп эсептелет. Мектеп жана үй—бүлө нүн негизги милдети —балдарды жашынан эле сырткы дүйнөдөгү, табияттагы, коомдук мамилелердеги сулуулуктарды түшүнө билүүгө үйрөтүү болуп эсептелет. Чыныгы сулуулукту кабыл алуу жана түшүнүү—бул эстетикалык билимдин негизи жана өзөгү, ансыз ар—кандай көркөм кооздукка дүлөй болуп кала бе ре турган, адамдын сезиминин, эстетикалык маданиятынын чордону. Ошондуктан баланын жашоо турмушунун бүт чөйрөсү — анын акыл жана күч эмгеги, чыгармачылыгы, коомдук ишмердүүлүгү, эстетикалык—нравалык мамилелери, достугу, сүйүүсүчыныгы сулуулукту туура баалап, аны этияттап коргоо, сактоо керек деген ой кызыл жиптей тепчип өтүп туруусуна жетишүү зарыл.

Мектепте эстетикалык тарбияны уюштурууну туура жолго коюп, өз иш тажрыйбасынын кыскача мазмунун баян эткен В.А. Сухомлинский мындай деп жазат: Адам өз колу менен биринчи эмгек куралдарын жасагандыгы менен гана айбанат дүйнөсүнөн бөлүнүп чыгып, бары жокко жөндөмдүү жаныбарга айланган эмес. Ал көк асмандагы мелтиреген түрдүү түстү, жымындаган жылдыздарды, таңкы күн чыгаардагы жана кечки батаардагы магдыраткан кооздукту, бүркөлүп ачылаардагы күндүн манат тай кызарып батышын, мелмиреген учсуз, чексиз талааны, мелтиреген көк асмандагы шурудай тизилген каркыралардын учканын, эрте мененки мөлтүрөгөн тунук шүүдүрүмдөгү күндүн чагылышын, күзгү бүркөө күндө үй түгүлөп жааган майда жамгырды, байчечекейлердин назик сабагы менен коңгуроо кейиптүү жашыл гүлдөрүн көрө алган. Көрүп аларга сүктануу менен өзүнүн сулуу кооздуктарын жарата баштаган. Сен да ошол сулуулуктарга карап таңдана алсаң, сенин жүрөгүндө да сулуулук гүлдөй ачылат. Адам ушинтип адам болгон. (28,352)

Адамдын адам болгону ал жалбыректардын шуудурап жыбыраганын, чегирткенин сайраганын, жазгы булактын шылдыраганы менен жайкы түпсүз асмандагы торгойдун күмүш коңгуроодой үнүн, чилдедеги кардын кыйчылдаганы менен терезеден улуган бороондун үнүн, толкундун шарпылдап эркелеткен дабышы менен бейпил түндөгү салтанаттуу тынчтыкты угуп эшите алат,

дем чыгарбастан жүздөгөн, миңдеген жылдар бою жашоонун ушулар өңдүү шумдуктуу музыкасын муюп угуп келе жатат. Сен да ушул музыканы уга бил деп үйрөтөбүз окуучуларыбызды. Ан сыз эстетикалык тарбияны жемиштүү уюштуруу кыйын экендигин баса белгилейт (28,352).

Курчап турган чөйрөдөгү сулуулук жөнүндөгү ата—энелердин, мугалимдердин элестүү, эмоционалдуу сөзү болбосо, балдар сулуулукту таанып билүүсү кыйын. Балдар сулуулукту өз көзү менен көрмөйүнчө сулуулук жөнүндөгү сөз ага эстетикалык таасир тийгизбейт. Сырттан көрүп байкоо жана угуу, көргөндү жана укканды баштан кечирүү—бул сулуулук дүйнөсүнө көз чаптыра турган биринчи терезе десек болот.

Сулуулукту көрүп, сезе биле турганды үйрөтүү, мындай жөндөм ойгонгондон кийин, жан дүйнөдөгү таңдануу менен айкөлдүк касиетти бүт өмүрү бою сактап калууга үйрөтүү мугалим менен ата—эненин негизги милдети.

Мындай милдетти чеберчилик менен аткарган В.А.Сухомлинскийдин мектебинин иш тажрыйбасына сарасеп салып көрөлү.

Алардын эстетикалык тарбия системасында сулуулук дүйнөсүнө саякат жасоого —экскурсия жана жүрүштөргө, табияттын түрдүү кубулуштарына байкоо жүргүзүп, аларды талдоого чоң маани берилген. Сулуулук бардык жерде эле бар. Аларды балдарга ачып көрсөтүү максатында Павлыш мектебинин мугалимдери окуучуларын талааларга, өрөөндөргө, дарыя, көлдөрдүн жээктерине, токойлорго, кокту—колотторго, жемиш бактарына алып барышкан. Жылдын түрдүү мезгилдеринде—күздө да, кышта да, жазда да, жайында да барышкан. Сулуулуктун кандай жаралып, кандай өөрчүгөнүн балдардын көзүнө көрсөтүшкөн. Балдар түстөрдүн кубулушун көрүп, табияттын музыкасын угушкан. Күз башталгандан кыш түшкөнгө чейин токойдун бир эле жерине балдарды бир нече жолу алып барышкан. Ар бир барган сайын жалбыректардын түсүндөгү өзгөрүүлөргө балдар көңүл бурушкан. Ал түстөрдүн кубулушу балдардын эрте менен, түштө же кечкурун келгенине, күндүн тийишине, желдин согушуна, аба ырайына жараша болгонун балдар байкап сезишкен.

Мектеп турмушундагы күздүн мелүүн ачык бир күнүн балдар токойдо, талаада, жайытта өткөрүү Павлыш мектебинде салт болуп калган болучу. Таңгамаал балдарды кыштак четине алып чыгышкан. Жарык нур чачкан таң шооласына балдар кумардана көз чаптырышкан. Түстөр кубулуп, асмандын мындай сулуулугу жөнүндө балдар башта эч нерсе билбегендей. Жылдыздар бирден батып жоголуп, жарык кирип, күн чыкканын көрүшкөн. Паранда лардын ойгонгон шыбырты, кашаадагы койлордун маараканы, алыскы талаадагы трактордун үнү угулуп турган. Андан соң то-

койго барып балдар түшкөн жалбыректарды теришет, өзгөчөрөөк түстөгү жалбыракты табууга ар кимиси аракеттенет, талаага гоктоп от жагышат, балдар курук отун жыйнап, суу алып келишет, кыздар ботко бышырышат.

Кечинде күн отургандан кийинки асманды, жылдыздардын чыкканын, талаалардын, адырлардын, жайыттардын, алыскы горизонтто көрүнгөн дөбөлөрдүн түсүнүн өзгөргөнүн байкашкан. Түнкү мемиреген тынчтыкты тыңшашкан, түнкү сираган парандалардын үнүн угушкан, чегирткенин кубулжута сайраган эшитишкен. Бул күн өмүр бою балдардын эсинде калган. Бул күндү эскерүү табияттын сулуулугун жаңы кабыл алган учурдагы эмоционалдык боекту дагы күчтүүрөөк өнүнө чыгарган. (28,353-355).

Ушул биринчи күздө эле мугалимдер сулуулук—ак ниет, айкөлдүктүн энеси экендигине ынынышкан. Демек, чеберчилик менен пайдалана билген тарбиячыга табият тарбиянын, айрыкча эстетикалык тарбиянын, эң күчтүү каражаты болуп эсептелет. «Павлыш» мектебинин иш тажрыйбасынын айрым учурларын майда чүйдөсүнө чейин саймерендеп көрсөткөн себебибиз, көпчулук ата энелер менен мугалимдерибиз балдарга таалим, тарбия берүүдө биз өйдө жакта көрсөткөндөй, табияттын мүмкүнчүлүк төрүн бир да пайдалана билишпейт. Бул жагдайда биздин жергебизге тең тайлаша турган өлкө ааламда өтө эле аз. Кыргыздар дыкындай ажайып кооз тоолор, көлдөр, токойлор, дарыяларды тегеректүн төрт бурчунан эле жолуктура бербейсиң.

Табият жараткан жергебиздин теңдеши жок кооздуктары эл дин оозеки чыгармаларында, Жеңижок, Барпы өндүү сөз чеберлеринин ырларында шумдуктуудай сүрөттөлөт.

Балдардагы сулуулукка болгон дилгирликти ойготууга Ысык Көл, Соң—Көл, Чатыр—Көл, Сары—Челек, Кулунду өндүү көлдөрдөгү кооздукту, Карра—Алма, Орток, Кадуу, Жылан—Темир, Арсланбаб өндүү ааламдагы уникалдуу токойлордун, Алай, Суусамыр өндүү жайыттардын кереметтүү ажайып келбетин балдарыбызга ачып көрсөтө алсак, өлкөбүздүн жаратылышынын кооздугун чагылдырган элдик оозеки чыгармаларды (мисалы, «Тал—Чокунун сүрөттөлүшү) Жеңижок, Барпы өндүү залкарлардын жаратылышты чагылдырган чыгармаларын жаштарга терең талдап, орчундуу жерлерин жаттатып үйрөтө алсак, эстетикалык тарбияны туура нукка салган болоор элек. Ошондо гана жаштарыбыз сөз аркылуу жаратылыштын ажайып кооздугунун өтө назик кубулуштарына чейин паам парасат менен акыл салчап түшүнмөк. Бул түшүнүк сөздөгү эмоционалдык боекторду андап так байкоого үйрөтмөк. Ошондо гана көркөм сөз жаштардын ой жүгүртүү каражатына айланып, алардагы түрдүү жөн-

дөмдүүлүктөрдү ойготмок. «Өнөр алды кызыл тил» деген накыл сөздүн педагогикалык маныз мааниси мына ушунда.

Сулуулук—инсандын нравалык байлыгынын булагы. Джеймс Олдридж окурмандарынын алдында чыгып сүйлөгөн сөздөрүнүн биринде уяты жок бетпак киши Диккенсти сүйүп окушу мүмкүн эмес. Бир адамга мындай инсандык касиеттер сыйышпайт деген экен. Бала кезинен эле сулуулукту адамды адеп жагынан тарбия лоонун эң күчтүү куралына, анын чыныгы адамгерчилигинин булагына айландыруу—мектеп менен үй—бүлөнүн ыйык парзы. Бала жашынан эле адамдын колунан жасалган ажайып сулуулукка, табияттын кол менен жасай алгыс шумдуктуудай кооздуктарына таң калып, тамшанып, жан дүйнөсү менен рахаттануу га көнүшү ылазим. Ансыз чыныгы инсанды тарбиялоо да, адамзаттын маданиятын калыптандыруу да мүмкүн эмес. Анткени адамдын маданияттуулугу анын сезиминин маданиятында. Мектепте өздөштүргөндөрүн окуучу бара—бара акырындык менен унутат, ал эми адамдын ой санаасына таасир тийгизген маданий баалуулуктар анын жан дүйнөсүндө, айрыкча сезиминде түбөлүк көз из калтырат.

Ошондуктан балдар мектепке келген күнүнөн баштап эле элдин жүгүн көтөргөн коомдук ишмерлер, баатырлар, даанышмандар жана алардын жосундуу жоруктарындагы, акылман идеяларындагы сулуулук жөнүндө түшүнүк берип, ал түшүнүктүн каны менен жаны болгон турмуштагы айкөлдүк, баатырдык иштердин конкреттүү мисалдары менен бекемдөө өтө маанилүү.

Адамдагы, анын жорук—жосунундагы сулуулуктун эң маанилүүсү анын руханий дүйнөсүнүн сулулугу—ишениминин бекемдиги, чынчылдыгы, жамандык менен келишпестиги.

Оозеки жана жазма адабияттагы персонаждардын нравалык жана эстетикалык идеалдарынын биримдиги жөнүндө окуу менен эле чектелбестен, балдар андай адамдар жөнүндө көп ойлонуп, ошолордой болууга кыялдануусуна жетишүү өтө маанилүү.

Эстетикалык тарбиянын системасы жана принциптери.

Мектеп эстетикалык тарбияны максатка ылайык, белгилүү сис темада жүргүзүүгө тийиш. Эстетикалык тарбиянын системасы деген түшүнүк инсандын калыптануусун камсыз кылуучу максат, мазмун, принциптердин, уюштуруу формалары менен усулдарынын биримдигин өзүнө камтыйт.

Педагогикалык жамаат жана ар бир мугалим кандай максатка умтулуп жатканын, билим берүүнүн ар бир деңгээлинде кандай милдеттер негизги багыт берээрин ачык билүүсү ылазим.

Мектептеги эстетикалык тарбия көркөм өнөрдүн чыгармаларын

дагы идеялык жана көркөмдүк биримдүүлүк принцибине негиз-делет. Бул көркөм өнөр каражаты менен эстетикалык жана нравалык тарбияны бирдей ишке ашырууну талап кылат. Бул принципти кыйшаюсуз жетекчиликке алуу менен чыныгы көркөм өнөрдүн чыгармаларын жасалма чыгарма сөрөйлөрдөн ачык ажырата билүүгө өбөлгө түзө турган туруктуу идеялуулукту жана терең ишенимди окуучуларда калыптандыра алабыз.

Инсанды калыптандыруудагы илим менен көркөм өнөрдүн ага тийгизген таасиринин байланыштуулук принциби да эстетикалык тарбия системасында өтө маанилүү. Көркөм өнөр билим менен бекем байланышканда гана баланын акылын өстүрүп, сырткы дүйнө жөнүндөгү илимий түшүнүгүн калыптандырат.

Көркөм өнөрдүн кубулуштарын окуучуларга таасир тийгизүүчү каражат катары карап, ал эми балдарды бул таасирдин объектиси катары кароо туура эмес. Окуучулардын өз алдынча чыгармачылыгын өстүрүү принциби да эстетикалык тарбия берүү системасында чоң мааниге ээ. Азыркы мектептеги эстетикалык тарбиянын мүдөөсү—окуучулардагы балалыкты көркөмдөп кооздоо, күндөлүк ишмердүүлүктөрүндөгү сулуулукту жаратууга, жашоо тиричиликти жакшы жакка бурууга жана өзгөртүүгө туруктуулук менен умтулууга окуучуларды үндөө. Окуучулардын өздүк чыгармачылык иштеринин мазмун, формаларынын байлыгына жетишүү эстетикалык тарбиянын жемиштүүлүгүн камсыз кылат. Азыркы мектептерде көркөм адабий студиялар, мектеп театрлары, музыканы, сүрөт өнөрүн сүйүүчүлөрдүн клубу, кечелер, концерттер ж.б. кеңири жайылган.

Эстетикалык тарбия адеп тарбиясы менен өтө тыгыз байланышта. Кээде бул экөөнүн арасындагы чек байкалбай да калат. Адам коомунун маданий деңгээли жогорулаган сайын бул чек жоюла берүүгө тийиш. Барабара адамдын эстетикасы анын этикасына айланып калууга тийиш.

Эстетикалык тарбия берүүдөгү окуулуктардын ролу

Мектептеги бардык предметтерди окутууда эстетикалык тарбия ишке ашырылат. Башталгыч класстарда эле бала сулуу жазууга, сөздөрдү так айтып, сүйлөп, үн кубулта окууга үйрөнүшөт. Жакшы уюштурулган көркөм окуу башталгыч класстын окуучуларына эстетикалык тарбия берүүдө чоң роль ойнойт. Эстетикалык тарбия системасында адабият сабагы негизги мааниге ээ. Өспүрүмдөрдүн жан дүйнөсүнө көркөм өнөрдүн кириши алардын сөздөгү сулуулукту таанып билүүсүнөн башталат. Эң жеткиликтүү да, эң кудуреттүү да көркөм өнөр—бул көркөм адабият. Сөздүн сулуугун таанып билүү—бул көркөм дүйнөгө карата эң биринчи ташталган маанилүү кадам. Сөз назик сезимди кынап-

тап курчутуунун кудуреттүү ыкмасы. Сөз өстүрүү, адабият сабак тарында эне тилиндеги сөздөрдүн булактарына саякат жасоонун мааниси баа жеткис. Сөздөгү сулуулукту жана эмоционалдык боекторду таанып билүү аркылуу бала ой жүгүртүүнүн энергиясына кабылат. Сөздүн түрдүү эмоционалдык боекторун, каймана маанисин туюнуп сезген бала гана өзүнүн үргүлөгөн акылын ойгото алат. Сөздүн бүт касиетине паамы жеткен бала өзүн көркөм адабиятты окууга даярдайт. Сөз бүтүндөй касиеттери менен баланын эмоционалдык жана логикалык эсте сактоосуна бөлүнүп жайгашканда гана көркөм адабият окуу анын руханий талабына айланат.

Ошондуктан адабият сабагын биология же математика сабагындай өтүүгө болбойт. Адабият мугалими акын, жазуучулар өндүү эле чыгармачыл адам болууга тийиш. Ал көркөм сөз каражаты менен окуучулардын жан дүйнөсүнүн эң терең, эң назик жерлерине үңүлүп жетүү жөндөмүнө ээ болуусу ылазим. В.А.Сухомлинскийдин эмоциясы жок адабият сабагында окуучулардын акылы уктап калат деген осуятын бир минута да эсинен чыгарууга адабият мугалиминин акысы жок.

Лирикалык чыгармалардагы образдардын каймана маанисинин терендиги, сөздөрдүн эмоционалдык байлыгы, назиктиги, боекторунун көп түстүүлүгү лириканы музыкага өтө эле жакындаштырып жиберет. Лирикалык чыгарманы, поэтикалык кара сөздү түшүнүп, эч перде сезбеген адам дүлөй, ал музыкага кайдыгер. Аны эч качан түшүнбөйт. Ошондуктан адабият мугалими лирикалык ырдагы сөздөрдүн музыкалык үнүн угууну балдарга үйрө түүгө тийиш. «Манас» баш болгон эпостордо, акындардын ырларын, жазуучулардын чыгармаларынан тийиштүү үзүндүлөрдү окуп берүүсү, көркөмдөп, коздоп айтып берүүсү керек.

Музыка инсандын руханий өсүүсүндөгү лирикалык поэзиядан кийинки этап болуп эсептелет. Ал адамдын нравалык, эмоционалдык жана эстетикалык чөйрөсүн бириктирет. Музыка—сезимдин тили. Адамдын жан дүйнөсүндөгү сөз жете албаган эң терең, эң назик жерине музыка жетет. Ошондуктан тарбия музыкасыз болсо ал кемчил болуп калат. Музыка менен ыр—окуу предмети эле эмес. Эгерде музыканы—сезимдин тилиндеги окуу китеби деп эсептесек, анда бул предметтин алиппеси табияттын музыкасын угуудан башталат. Табияттын музыкасы канчалык сонун болбосун, чындап келгенде ал музыка деле эмес. Ал тамга, аны үйрөнүп алган кишн гана сезимдин тилиндеги китепти окууга кирише алат. Чоордо ойнолгон эң жөнөкөй обон музыкалык маданиятка булбул менен торгойдун ажайып сайраган үнүнөн миң эсе жакын. Табияттын музыкасын угузуудан балдарды жашынан

музыкалык аспаптарда ойноону үйрөтүүгө, музыканы угузуп, музыкалык чыгармачылыкка алып баруу зарыл. Д.Кабалевский айткандай, музыка адамдын жашоосуна кошумча эмес, ал жашоонун өзү: Адам музыканы канчалык көп угуп, өзү тынымсыз кыңылдап ырдап жүрсө гана, анын бүт инсандык сапаттары өсүп, шык, таланттары оожалат. Улуу Ч.Дарвин: «эгерде мен жарык дүйнөдө кайрадан дагы бир жолу жашап калсам, эң жок дегенде аптасына бир жолу бир нече ыр окушту жана музыка угушту эреже кылып алат элем. Ушундай үзгүлтүк сүз көнүгүүнүн натыйжасында азыркы мээмдеги шал болуп калган бөлүктөрдөгү активдүүлүктү, мүмкүн, сактап калаар белем. Бул табитти жоготуу бакытты жоготууга барабар эмеспи, мүмкүн акыл жөндөмүмө, андан да көбүрөөк адеп ахлагыма мунун зыяны тийип жаткандыр» деген ойду айтат.

Сүрөт өнөрү назик, нурдуу, асылзат дүйнөнү көрө турган жарык терезенин дагы бири болуп эсептелет. Боек менен тартылган сүрөт баланын жан дүйнөсүнө адамдын сулуулугун жана улуулугун сездирип, анын зоболосун көз көрүнөө көкөлөтөт.

Сүрөттү көрүү—эмоционалдык эстетикалык таасирдин музыка өндүү эле татаал ыкмасы. Бала кездеги ой жүгүртүүнүн конкреттүү жана элестүүлүгү сүрөттөгү жалпыланган мазмунду түшүнүүнү татаалдаштырат. Сүрөттү паамдап түшүнүүнүн алипеси болуп табиятка байкоо жүргүзүү эсептелет.

Сүрөттү түшүнүп, баалап, сүйүү үчүн адам табият дүйнөсүндөгү сезимдердин узак мектебинен өтүүсү керек.

Мектепте сүрөт сабагы балдарга эстетикалык тарбия берүүнүн күчтүү каражаты. Мугалим, биринчиден, окуучулардын көңүлүн дептерлерин кооздоп жазып, таза тутууга бурат. Дептерди булгоого, сүрөттөрдү орунсуз жайгаштырып ысырап кылууга жол коюу керек эмес.

Сүрөтчүлүк өнөр балдардын коомдук иштери менен да тыгыз байланышта. Жакшы тартылган сүрөттөрдүн конкурстарын, көргөзмөлөрүн уюштуруу, түрдүү салтанаттарда, майрамдарда кооздоо иштерине катышуу өндүү түрдүү формадагы класстан тышкаркы иштер окутуу процессинин эстетикалык тарбия берүү мүмкүнчүлүктөрүн күчөтө алат.

«Окуучулардын руханий дүйнөсү» деген китебинде В.А.Сухомлинский башталгыч класс окуучуларынын жан дүйнөсүнүн баюусун дагы сүрөт сабагынын таасирине жүргүзүлгөн байкоосун баяндайт. Жаңыдан таанып билген чындыкка же баштан кечирген кубулуштарга таасирленип, эмоционалдык жактан эргип турган учурунда, төрт жыл бою мугалимдер балдардын башынан кечирген абалын сүрөт менен берүүнү талап кылышкан. Окуучулар предметтерди жана айтылган элестерди чоң эргүү менен сүрөткө

түшүрүп гана койбостон, ал сүрөткө карата өз мамилелерин да эң сонун чагылдырышкан. Көпчүлүк окуучуларда уккан, көргөндөрүн сүрөткө чагылдыруу талабы калыптанып калган. Окуучулардын баары эле сүрөткер болгон эмес, бирок сүрөт сабактары алардын жан дүйнөсүндө терең из калтырган. Ошол тажрыйбаны башынан кечирген окуучулар назик, туруктуу сезимдүүлүгү, кызыгууларынын өтө кеңдиги, ой жүгүртүүлөрүнүн так жана ийкемдүүлүгү менен өзгөчөлөнүп турушкан. Бүт балдарына сүрөт тартууну тамганы жазууну окуткандай кылып үйрөткөн өлкө көркөм өнөрдүн бардык түрү боюнча башка өлкөлөрдү бат эле басып өтүп кетерин Дидро өз учурунда өтө баса белгилеп көрсөткөн.

Демек, музыка жана сүрөт сабактары инсандын ар тараптан өркүндөп жетилүүсүнүн эң эле күчтүү каражаттары.

Биздин билим берүүнү башкарып тейлеген чиновниктердин, мугалим, ата—энелердин көбүнүн түркөйлүгүнөн ушундай маанисиз чоң предметтер мектепте кандайдыр бир кошумчаланган, анча маани берилбеген сабак катары каралып, көп учурда талапка ылайык өтүлбөйт. Аларды окутуу, кээде туш келген эле дөдөйлөргө ишенип бериле берет. Ушундай мамилебиз менен элибиздин акыл потенциалын чектеп, окуучулардагы талант, шык, чыгармачылык жөндөмдүн өсүшүнө бөгөт болуп жатканыбызды түркөй билермандар сезип койбогону өтө эле өкүнүчтүү.

Тарых сабагын өтүү системасында да эстетикалык тарбия ишке ашат. Граждандык тарыхты өтүүдө маданияттын тарыхына орун берилет. Окуучулар архитектура, скульптура, сүрөт жана башка көркөм өнөрдүн түрлөрү менен таанышышат. Окуучулар чыгаан сүрөткерлердин өмүр баяны, чыгармачылгы менен таанышуу аркылуу бул же тигил көркөм өнөр чыгармаларынын баалуулугу менен гана таанышпастан, искусствонун өнүгүшү тарыхый кырдаалга байланыштуулугун да, искусство мезгилдеги өзгөчөлүктү чагылдыраарын да, анын тарыхый өсүүгө тийгизген таасирин да, ошондой эле искусство инсанияттын эстетикалык талабын кандыраарын да түшүнүшөт.

Табият таанууга байланыштуу сабактарда сырткы дүйнөнүн сулуулугуна байкоо жүргүзүүнүн жемиштүү ыкмаларын үйрөтүү аркылуу окуучуларга эстетикалык тарбия берилсе, математикага байланыштуу сабактарда балдарда так жана сулуу ой жүгүртүү ыгына ээ кылат. Мектепте окутулган бүт эле сабактар эстетикалык тарбия берүүнүн каражаттары болуп эсептелет.

Эстетикалык тарбия класстан тышкаркы иштердин түрдүү формаларында да ишке ашат. Класстан тышкаркы иштердин өз

гөчөлүгү—ага катышуу каалоо боюнча, жөндөм, шыгына ылайык, кызыгуусуна жараша болот. Бирде класста өтүлгөндөрдү терендетсе, башка учурда өз алдынча мааниге ээ түшүнүктөр берилет. Эстетикалык тарбия боюнча кеңири жаылтылган класстан сырткаркы иштерге түрдүү ийримдер кирет. Алсак, адабият, ыр, хор, драмалык, көркөм окуу, хореографиялык, сүрөт тартуу ийримдери.

Адабият ийриминде окуучулар сабакта алган билимдерин терендетишет, сабакта өтүлбөгөн көркөм чыгарма менен таанышуу аркылуу жалпы кругозорун кеңейтишет, өз кызыгууларын канааттандырып, жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүшөт. Аларда окуучулардын сөз байлыгы өсөт, чыгармачылык жөндөмдүүлүгү, элестүү ой жүгүртүүсү, эстетикалык табити өнүгөт. Драмалык ийримде көркөм окуу өнүгөт, өлкөнүн жана чет элдиктердин пьесаларын инсценировкалашат. Адабият жана тарыхтан билимдери терендеп, окуучулардын көркөм табити, кыймыл аракетиндеги сулуулук, артисттик жөндөм, шыгы өсөт. Ыр—хор ийриминде балдар ырдоо, музыкалык аспаптарда ойноо ыгына ээ болушат. Сүрөт өнөрү боюнча ийримге катышуучулар балдардагы сүрөткерликке, скульптурага, оймо—чиймеге, прикладдык искусствого болгон шык, жөндөмүн өркүндөтөт. Ал эми хореографиялык ийримде балдардагы ритманы сезүүнү, келбеттүүлүктү, кыймыл аракеттин сулуулугун оожалдырып, балдардагы бийге болгон жөндөмдү канааттандырат.

Мектептердеги музейлерди, көргөзмөлөрдү уюштуруу, мектептин түрдүү майрам, салтанаттарына, концерттерге катышуу да балдардагы эстетикалык табитти калыптандырат.

Балдарга эстетикалык тарбия берүү алар жашаган үйдүн жана окуган мектебинин тазалыгынан, жабдууларынын кооздугунан, үйдү, мектепти көөмп турган дарак, гүлзарлардын ырааттуу, сулуулугунан башталат. Үйдү, окуган класс, кабинеттери, айбан, бөлмөлөрү жасалгалуу, таза тутулган, адамдын көңүлүн ача турган жарык, көз уялтып, эстетикалык рахатка батырып турса, балдар чыгармачылык эмгекке умтулуп, шыктанып окуйт, үй эмеректерине, мектеп буюмдарына этияттап мамиле жасоого умтулуп, камдуу, чыйрак болушат. Ушундай талаптын барына бардык окуу китептери жана түрдүү окуу куралдары да жооп берүүгө милдеттүү.

Окуучуларды үй—бүлөдөгү жана мектептеги бак—даректарды, аянтчаларды, үйдү жана мектепти жасалгалоого катыштыруу өтө маанилүү. Мындан балдардын көркөм табити гана өспөстөн, алардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрү калыптанып, кийин

ки иш ордун, жашаган үйүн сулуулуктун мыйзамы менен жабдуу ыгына ээ кылат.

Эстетика окуучулардын, жалпы эле адамдын жүрүш—туруш маданияты менен өтө тыгыз байланышта. Сылыктык, кичи пейилдик, жөнөкөйлүк, жупунулук, айкөлдүк өндүү адамдагы касиет тер жашоону кооздойт, адамдардын көңүлүн көтөрүп, бактылуу кылат. Элдин көз алдында инсандын зоболосун бийик көтөрөт. Эстетикалык табити өскөн адам эне тилин жакшы билип, аны ыйык тутат. Эне тилин урматтаган, анын бай арсеналын мыкты пайдалана алган киши гана башка тилдерди да жакшы билип, ал элдин маданиятын, тарыхын өздөштүрүп, ал элдин өкүлдөрүнө сый урмат менен мамиле жасоого, ал элдин маданий баалуулуктарына башын ийип таазим кылууга умтулат. Өзүнүн жүрүш турушу менен тегерегиндегилер үчүн ыңгайсыз кырдаал түзбөөгө далалаттанат.

Эстетикалык табити начар адам өзүнүн наркын, беделин сактай албайт. Алсак, эне тилине ар кыл тилден кошуп сүйлөө, орунсуз ойсондоо, ажыкызданып бирөөнү күлдүрүүгө аракеттенүү, жасалма кылыктар менен же өзгөчөлөнгөн модадагы кийим кечеси менен башкачараак көрүнүүгө умтулуу—бул адамды эл көзүндө кемсинтээрине, келекеге айлантып жатканына эстетикалык тарбиясы туура эмес болгон адамдын паам, парасаты, акыл дарамети жетпейт.

9—БАП.

ДЕНЕ ТАРБИЯСЫ

Дене тарбиясы жөнүндөгү окуунун өнүгүү динамикасы.

Дене тарбиясы—адамдын ден соолугун бекемдеп, дене жагынан туура жетилүүсүн камсыз кылуу максатында жүргүзүлүүчү жалпы тарбия системасынын составдуу бөлүгү.

Чоң адамдардын эмгек жараянын, уучулукту, согушчандыкты тууроочу оюндар түрүндө, ошондой эле балдардын ар кандай кыйынчылыкка чыдамкайлыгын сыноо, түрдүү үрп адаттар формасында дене тарбиясы алгачкы коомдо эле ишке аша баштаган. Табигаттын катаалдыгы менен, ошондой эле, түрдүү душмандары менен күрөшүүдө алгачкы коомдун адамына зарыл болгон эрктик сапаттарды калыптандыруу дене тарбиясы менен органикалык бирдикте ишке ашкан.

Кул ээлөөчүлүк коомдо, байыркы Греция жана Римде тарбия өркүндөгөн. Анткени кул ээлөөчү таптын балдарын граждандык милдетин аткарууга, согуш кызматын өтөөгө даярдоочу мамлекеттик системанын мүнөзүнө дене тарбиясы да ээ болуп калган.

Феодалдык коомдо, алгачкы орто кылымдагы аскетизмдин жа на денени коюп рухту тиги дүйнөгө даярдоо үгүтүн күчөтүүнүн на

тыйжасында дене тарбиясы өтө начарлап кеткен. Ал эми феодализмдин дүркүрөп өсүүсү менен дене тарбиясы жаш рыцарларды тарбиялоо системасына биригип, өзүнө атчан жүрүштү, сууда сүзүүнү, жаа атууну, найза сайууну, рыцардык мелдеште жекече кармашууну, уучулукту чогуу камтый баштайт. Дене тарбиясынын илимий негиздерин изилдөөгө бара бара көңүл бөлүнө берет.

VIII—XIII кылымдардагы Жакынкы жана Орто чыгыштын, Орто Азия окумуштуу—энциклопедиячыларынын (Беруни, Ибн Сина, Фараби, Омар Хайям, Кей Кавус, Жусуп Баласагын ж.б.) эмгектеринде дене тарбиясынын илимий негиздерин изилдөөгө айрыкча көңүл бурула баштайт. «Кавус Намеде» балдардын денеси менен рухун бирдей өстүрүү зарылдыгын баса белгилейт.

Улуу аалым бабабыз Ибн Сина «Эмчилик илиминин мыйзамы» деген фундаменталдык изилдөөсүнүн төрт бабын балдарга дене тарбиясын берүү маселелсине арнаган. Аалым баланы тарбиялоону ал бойго бүтө электе баштоону сунуш этип, жаңы төрөлгөн ымыркайдын өздүк гигиенасынын илимий назариятын биринчи негиздөөчүлөрдөн болуп, көнүгүүнүн кайсынысы акылдын өсүшүнө, кайсынысы дененин чыңалышына таасир тийгизээрин илимий негизде чечмелеп, дене тарбиясындагы көнүгүүлөрдүн ролун өтө жогору баалаган. Ибн Синанын илимий жактан негиздеген педагогикалык идеялары Чыгыштын көп элдеринин улуттук тарбиясынын тажрыйбаларына кеңири пайдаланылгандыгын күбөлөгөн изилдөөлөр көп кездешет.

«Кыргыздардын улуттук оюндары» деген Актан Тыныбековдун китебиндеги (3—53—беттер) балдар оюндарын, Г.Н.Симаковдун «Общественные функции киргизских народных разлечений в конце XIX начале XX века» Л.«Наука», 1984 (2—150—беттер) карагыла. Ибн Синанын көп кеңештери элдик идеяга айланып кеткени көрүнүп турат.

Кайрадан Жаралуу доорунда дене тарбиясына кызыгуу ого бетер күчөйт. Бирок гуманисттердин дене тарбиясын мектептерге киргизүү жөнүндөгү аракети ийгиликке ээ болбой кала берген. Феодализмден капитализмге өтүү мезгилинде балдарды дене жагынан туура тарбиялоо үчүн болгон күрөш өтө күчөйт, бул жагдайда бир топ прогрессивдүү назарияттар пайда болот.

Францияда Ф.Рабле менен М.Монтень дене тарбиясын акыл тарбиясы менен бирдикте ишке ашыруу зарылдыгын үгүттөп чыгышат. Я. Коменский дене тарбиясын педагогикалык жараяндын эң маанилүү бөлүгү деп эсептейт. «Улуу дидактика», «Энелер мектеби» деген эмгектеринде гигиена, тамактануу, балдардын оюну, денесин чындоо боюнча көнүгүүлөргө бөтөнчө көңүл бө-

лүп, дене тарбиясын өтө эрте баштоо керектигин көрсөткөн. «Тарбия жөнүндөгү ойлор» деген китебинде Дж.Локк дене тарбиясынын негизги милдети балдардын ден—соолугун чыңдап, алардын кыймылдоого болгон табийгый талабын канааттандыруу деп эсептеген. Ж.Ж.Руссо «Эмиль, же тарбия жөнүндө» деген чыгармасында балдардын акылын өстүрүп, эмгекке үйрөтүүдөгү дене тарбиясынын маанисин баса белгилеп, аялдарды тарбиялоо догу анын ролун жогору баалаган. Дене тарбиясынын усулун өркүндөтүүдө Г.Песталоцци бир төп салым кошкон.

Орустун алдыңкы педагогдору жана коомдук ишмерлери балдарга дене тарбиясын берүүгө атайын көңүл бурушкан. Дене тарбияны балдарга жашынан берип, алардын ден соолугун коргоого үндөп, В.Г.Белинский 7 жашка чейин тарбия денени өстүрүп, ден соолукту чыңдоого арналууга тийиш деген, А.Добролюбов, Н.Г.Чернышевский, К.Д.Ушинскийлер дене тарбиясын күч эм геги менен байланышта карап, аны адамдын акыл, адеп, дене жагынан өсүүсүнүн негизги шарты деп эсептеген. Ушинский мек тептеги сабакка көнүгүүлөрдү киргизүүнү талап кылган. Дене тарбиясы акылдын чарчоосуна жол койбостон, көңүл буруунү сергитип, эсте сактоону күч алдырат деп эсептеген.

Анатомиячы педагог П.Ф.Лесгафт дене тарбиясынын ориги налдуу системасын түзгөн. Ал дене тарбиясы балдардын кабыл алып, эсте тутуусун өстүрөт, инсандын ар тараптан жетилүүсүнө өбөлгө түзөт деп эсептеген.

19—20—кылымдарда дене тарбиясынын каражаты катарында спорттун көптөгөн түрлөрү бардык өнүккөн өлкөлөрдө кеңири таркады. Спорттун мелдешчилдик мүнөзү, ошондой эле мелдеште жогорку натыйжаларга жетиш максатында тынымсыз узак мезгилге көнүгүү анын тарбиялык ролун өтө жогору көтөрдү.

Дене тарбиясынын назариятын өркүндөтүүдө Маркс, Энгельс, Ленин, Крупская, Макаренко, Сухомлинскийлердин ролу чоң. К.Маркс эркин коомдо коомдук өндүрүштү кеңейтүү максатында эмес, ар тараптан жеткилең адамдардын калыптандыруунун бирден бир каражаты катарында белгилүү куракка жеткен балдардын баары үчүн окутуу өндүрүмдүү эмгек менен жана гимнастика менен айкалышат деген ойду баса белгилеген. (15). Ушул жобонун негизинде жана тарыхый мыкты тажрыйбаларды эске алып, совет педагогикасы дене тарбиясынын мазмунун, милдеттерин, усулдарын иштеп чыккан. 1931—34-жылдарда дене тарбиясынын системасынын бирдиктүү негизин түзгөн «Готовь к труду и обороне СССР» ГТО деген физкультуралык комплексти иштеп чыгып бекиткен.

Дене тарбиясынын мазмуну, максаты жана милдеттери.

Дене тарбиясынын негизги милдеттерине: ден—соолукту чыңдап, денени чыйралтып өстүрүү, зарыл кыймылдардын ык, машыгууларына ээ кылуу, физический жөндөм, шыктарды өстүрүү, керектүү моралдык эрктик сапаттардын калыптануусуна өбөлгө түзүү кирет. Анүчүн тийиштүү гигиеналык шартта спорттук көнүгүүлөрдү системалуу жасоо, чуркоо, лыжа менен басуу, сууда сүзүү, калак тартуу, кыймылдуу спорт оюндарына катышуу, гигиеналык гимнастиканын атайын көнүгүүлөрүн жасоо ж.б. зарыл.

Дене тарбиясы, улуу Ибн Сина айткандай, эненин курсагында эле башталат. Боюнда бар эне эмгектенүү, эс алуу, тамактануунун гигиенасын жакшы сактоого тийиш. Төрөлгөндөн 3 жашка толгонго чейин алардын денесин чыңдап, ден соолугун коргоо, убактылуу гигиенанын талабына ылайык тамак берүү, системалуу киринтип, таза абада узагыраак кармоо жана жакшы уктатуу. Алардын табийгый кыймылдарын өркүндөтүү (басуу, чуркоо, отуруу, туруу, секирүү ж.б.). Бул өндүү кыймылдар көптөгөн булчуңдардын ырааттуу иштөөсүн талап кылат. Эгерде балдардын кыймылына ата-эне, улуулар акылга тете жекчилик кылбаса, балдардын айрым кыймылдары, оюндары денесинин келбетине, ден соолугуна зыян келтирип коюусу ыктымал.

Мектепке чейинки курактагы балдарга (3—7 жаш) дене тарбиясын берүү бир топ татаалдашат. Денесин чыңдап, ден соолугун коргоону улантуу менен алардын физически өсүүсүн өркүндөтүп, ден соолугуна зыяндуу сырткы чөйрөгө организми кебелбей туруштук бергидей кылып тарбиялоо, курак жашына ылайык негизги кыймылдардын туура ык, машыгуусуна, кыймылдардын ылдам, элпек координациясына ээ кылып, тартиптүү, демилгечил, коллективде аракеттенүү ыгына тарбиялоо.

Мектепте дене тарбиясынын негизги каражаттары—гимнастика, спорт, туризм. Булар мектеп программасы боюнча өтүлүүчү физкультура сабактарында жана класстан тышкаркы иште пайдаланылат. Дене тарбиясынын милдети мектепти бүткөндөн кийин балдар жашоо тиричилиги талап кылган күч эмгегин аткарууга даярдоого жана ар тараптан жетилүүгө өбөлгө түзүү.

Дене тарбиясынын негизги багыттарынын бири болуп балдарды жана чоң адамдарды физкультурага тартуу эсептелет. Элдин дене жагынан өркүндөөсү үчүн түзүлүп пайдалануучу атайын каражаттардын жыйындысы, жалпы маданияттын бир бөлүгү—бул физкультура. Физкультуранын негиздерин өздөштүрбөгөн адам маданияттуу деп эсептелбейт.

Биздин мектептердеги балдарга дене тарбиясын берүү систе-

масына төмөнкү звенолор кирет: ден соолукту чыңдоо, денени чыйралтуу, дененин туура өсүүсү, организмдин иш жөндөмдүүлүгүн арттыруу, кыймылдоонун ык, машыгууларын калыптандыруу жана өркүндөтүү, кыймылдын жаңы түрлөрүн үйрөтүү, алар жөнүндө билим, маалымат берүү, негизги кыймылдоо сапаттарын (күчтүүлүк, чыдамкайлык, ылдамдык, шамдагайлык) өстүрүү, эркти, кайраттуулукту, тырышчаактыкты, тартиптүүлүктү, коллективизмди, жолдоштук, достук сезимди, маданияттуу жүрүш—туруштун машыгууларын, эмгекти сүйүүнү тарбиялоо; денеенин чыңдоо боюнча көнүгүүлөрдү системалуу жасоого кызыгуунун туруктуулугун тарбиялоо жана адаттарды калыптандыруу;

денени чыңдоо жана көнүгүүлөр ойноо гигиенасы жөнүндө билим берүү, гигиеналык машыгууларга ээ кылуу;

Уюштуруучулук машыгууларга ээ кылуу, физкультуралык активди даярдоо.

Эгерде окуучу өзүнүн физически өркүндөөсү үчүн зарыл ыктарды билип, алрды өз жашоосун уюштурууга пайдалана алса, жогорудагы системанын ишке ашышын канааттандыраарлык деп эсептейбиз, бул багыттагы негизги каражатка ГТО кирет.

Физкультура сабагындагы дене тарбия

Окуучулардың дене тарбиясын уюштуруунун негизги формасы болуп сабак эсептелет. Жакшына ойлонулуп, кызыктуу мазмунда, эмоционалдык эргүү менен өтүлгөн физкультура сабагы балдардын аң сезиминде терең из калтырып, алардын дене жагынан өсүүсүнө чоң таасир тийгизет. Ар кандай эле физкультура сабагы негизинен үч бөлүктөн турат: даярдоочу, негизги, жыйынтыктоочу бөлүктөр. Сабактын башталышында физкультурага активдүү катышып, татаал көнүгүүлөрдү жасоого болгон каалоону камсыз кыла турган шаңдуу маанай түзүү үчүн мугалим түрдүү ыкмаларды пайдаланат. Ошондуктан көбүнчө дененин жалпы жетилүүсүнө өбөлгө түзө турган түрдүү кыймылдуу басуулар, жүгүрүлөр сабактын башталышында өкүм сүрөт. Сабактын негизги бөлүгүндө белгилүү класстын программасына ылайык көнүгүүлөр жасалат. Андай көнүгүүлөр жана сабакта ойнолуучу түрдүү кыймылдуу оюндар балдардын делебесин козгоп, сезимин ойготуп желиктирип коет. Жыйынтыктоо бөлүмүндөгү негизги милдет—балдардагы желигүүнү басаңдатып, кийинки сабакка даярдоо. Сабактын бул этабында басуу, катарга тизилүү, түрдүү терең дем ала турган жеңил көнүгүүлөрдү жасоо керек.

Физкультура сабагы маалымат берүүчү, тарбиялоочу, ден соолукту чыңдоочу милдеттерди аткарат. Маалымат берүүчү милде-

ти—программада көрсөтүлгөн көнүгүүлөрдү жасоого балдарды үйрөтүү жана ал көнүгүүлөрдү өз турмушунда колдонуунун ык, машыгууларына ээ кылуу. Сабактын тарбиялоочу милдети—бал дардын көңүл буруусун, тартибин, тыкандыгын, буюмдарга этият мамиле жасаган камкорлукка көнүктүрүп, жолдоштук, достук сезимин, эркинин күчүн, максатка умтулуусун, өз алдынчалыгын, кыйынчылыкты жеңүүдөгү чыдамкайлыгын калыптандыруу. Негизги тарбиялык милдети физкультура сабагына системалуу катышууга жана аны сүйүүгө болгон кызыгууну тарбиялоо. Тажрыйбалуу мугалимдер сабакты кызыктуу уюштуруп, балдарга көп жаңы нерселерди берет, сабакка болгон иштиктүү мамилени түптөйт.

Сабактын ден соолукту чыңдоочу милдетин аткарууга санитардык—гигиеналык нормага ылайык сабактын туура өткөрүлүшү өбөлгө түзөт. Биринчи класстан эле физкультура сабагындагы жүрүш—турушуна, кийимине белгилүү талап коюп, ал талап балардын адат, машыгууларына айланып кетүүсүнө жетишүүгө умтулат. Балдардын аң сезимдүү тартиби, тыкандыгы, чыйрактыгы ушинтип калыптанат.

Сабактан сабакка акырындап, аз аздан адамдын организми жөнүндө маалыматтарды киргизип, алардын өсүүсүнө физкультура сабагынын тийгизген таасири жөнүндө баяндоо маанилүү Мындай маалыматтар жыйналгандан кийин балдарга бул же тигил булчуңун чыңдоо үчүн көнүгүүлөрдү тандоону анын өзүнө тапшырса боло берет.

Уйкудан турган балдардын организминин функциясы төмөндөп, дем алуусу үстүртөн, жүрөгүнүн согушу акырындап, булчуңдары бошошуп, кан басымы басаңдап калат. Бала уйкусурап кыймылы бошоңдойт. Зарядка жасап, муздак суу менен жууну п, сүртүнүү балдардын организмин уйкудан ойготуп, чыйрак, иштиктүү маанайды пайда кылат. Мындай зарядканы тынымсыз дайыма жасоо организмдин ар тараптан жетилүүсүнө жана спорттун ар кыл түрүнө киришүүгө өбөлгө түзөт. Зарядка жасоону адатка айландыруу үчүн мугалимдер үй—бүлө менен бирдикте иш алып барууга тийиш. Бул адатты калыптандыруунун негизги шарты-режим. Ошондуктан балдарды өз убагында жатып уктап, өз убагында туруп көнүгүү жасоого үйрөтүү зарыл. Ага кошумча мектепте сабак башталгыча ачык абада зарядка өткөрүү балдардын ден соолугуна өтө пайдалуу.

Сабакта жана үйдө тапшырма аткаруу учурунда физкультминутка өткөрүү да пайдалуу. Убагында туура өткөрүлгөн физкультминутка көңүл бурууну, активдүүлүктү күчөтүп, материалды өздөштүрүүнү жакшыртат, организмдин туура өсүүсү үчүн өбөлгө түзөт.

Балдардын дене тарбиясы жашаган үйдүн, уктаган бөлмөнүн, мектептин имаратынын, класстык бөлмөлөрдүн, устакана, лаборатия, библиотека, дем алуу жайларынын санитария жана гигиенасынан башталат. Уктаган, окуган, эс алчуу жайларын таза тутуп, абасын улам алмаштырып, мебель балдардын жаш курак өзгөчөлүгүнө ылайык болсо, балдардын организмдери туура өсүп, ийгиликтүү окуп, жемиштүү эс алышат.

Дарыгерлер, психологдор, педагогдордун кеңеши боюнча акыл күчүн талап кылган сабактардын түрдүү эмгек, эс алуулар менен туура айкалышуусу дененин туура өсүүсүнө өбөлгө түзөт.

Класстан тышкаркы иштердеги дене тарбия.

Туристтик жүрүш.

Дене тарбиясы боюнча класстан тышкаркы иштерде негизинен физкультура сабагына коюлган милдеттер ишке ашат. Алардан соолуктун чыңдалышына, организмдин чыйралышына, окуучунун ар тараптан жетилүүсүнө, физкультура сабагынын программасынын ийгиликтүү аткарылышына, балдардагы белгилүү уюштуруучулук машыгуулардын калыптанышына, физкультура сабагына жана спорттун айрым түрлөрүнө катышуу адатына көнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Мектептен тышкаркы иштерди уюштуруу боюнча физкультура жана спорттон атайын жамаат түзүлөт, төмөнкү класстарда болсо ийримдер уюштурулат. Жетекчилик жамааттын кеңешине жана физкультура ийримдердин иши башталгыч класстын мугалимдеринин бирине тапшырылат. Ар бир класстан бирден физкультуранын уюштуруучусу шайланат.

Класстан тышкаркы иштердин түрлөрүнө секциялар, ийримдердин иштери, спорттук мелдештер, жүрүштөр, туристтик жүрүштөр, физкультура жана спорт майрамдары кирет. Булардын уюштурулуп өткөрүлүшүнө белгилүү педагогикалык талаптар коюлат. Балдардагы кызыгуу, жекече өзгөчөлүктөр эске алынат.

Алсак, окуучулар өтө кызыгып, жан дили менен катышкан дене тарбиясын уюштуруунун бир формасы—туризм. Анда балдар түрдүү жүрүштөрдө жашоонун ык, машыгууларына ээ болушат, эркин чыңалат, достук, коллективисттик сапаттар калыптанат. Туристтик жүрүштөрдүн маршруттары, мөөнөттөрү ар кыл болоберет. Алыска, жакынга жүрүш, бир күндүк, көп күндүк, жөө, кайыкта, шайтан арабачан, аттуу ж.б.. Балдардын жаш өзгөчөлүгү дайыма эске алынат.

Туристтик жүрүштөрдө дене тарбиясы балдардын түрдүү таанып билүү иштери жана коомдук пайдалуу эмгектери менен айкалышат. Алар белгилүү аймактын табияты, тарыхы, экономикасы, маданияты менен таанышышат, кээде өндүрүмдүү коомдук пайдалуу эмгекке чегилишет. Ошондуктан мындай туристтик жү

рүштү уюштурууга сабак окутуучу мугалимдер активдүү катышышат. Алар маршрут, программа түзүүгө катышып, аларды аткарууга балдарды даярдашат, айрым окуучуларга жекече тапшырма беришет. Ушул эле максатта кээде экскурсиялар да уюштурулат.

Жайкы учурда балдардын ден соолугун чыңдоо үчүн лагерлерде, балдар санаторияларында, ден соолук аянтчаларында, балдар эс алуучу маданият бактарында көп иштер жүргүзүлөт.

Күч эмгеги жана дене тарбиясы.

Күч эмгеги менен дене тарбиясы ажыралгыс. Күч эмгегинин мааниси ден соолукту чыңдап, денени өстүрүүдө спорт менен эле бирдей. Чыңдап эмгектенип чарчабаган адам эс алуунун рахатын сезбейт. Эмгек жараянынын көп түрлөрүндө адамдын денесин гимнастикалык көнүгүүлөрдөгүдөй сулуу, ыргактуу кыймылга келет. Алсак, чалгы чабуу, имаратка кыш коюу. Жамаатта мындай иштерди өтө берилүү менен рахаттана ишке ашырышат. Мындай иште спорттон артыкчылык бар десек да болот. Анткени андай иште адамдын кара күчү чеберчилик, ыктуулук менен айкалышат. Андай шыктандыруучу күч балдар өзүндөгү сулуулукту жаратуусуна өбөлгө түзгөн—ошол эмгектеги сулуулук.

Балдарды дене жагынан туура тарбиялоону мектеп ата—энелер менен бирдикте ишке ашырганда гана ал ийгиликке жете алат. Баланын жашоо шарты, тамактануусу, режим, жаратылыштын табийгый факторлорун пайдалануу, көнүгүүлөр жана түрдүү оюндарды ата—энелер балдарды дене жагынан тарбиялоонун каражаты катары пайдалана алышат.

Балдардын дене жагынан жетилүүсү ата—энелердин активдүүлүгүнө жараша болот. Көпчүлүк ата—энелер балдарынын окуудагы ийгилиги деп соолугуна көз каранды экендигин билишет. Дене тарбиясына көңүл бурушат, бирок мектептин алар менен бирдикте жүргүзгөн иштери кээде үзгүлтүккө учурап калат. Ошону туура нукка салуу мугалимдин ыйык парзы.

Режим жана дене тарбиясы.

Баланын организми жаш, бат чарчайт. Анын иштиктүүлүгүн калыбына келтирүү үчүн акылга тете режим сактап, таза абада көбүрөөк болуп, туура тамактанып, физкультура, спортко катышуу маанилүү экенин физкультура, биология ж.б. мугалимдер ата—энелерге түшүндүрүүсү ылазим. Ошону менен бирге мектеп балдарга дене тарбиясын берүүдө ар бир жылы кандай жаңы милдеттерди коюп жатканын ата—энелер менен макулдашууга тийиш. Мындай ишти жүргүзүүдө мектеп дарыгери менен физкультура мугалиминин ролу чоң.

Ата—энелерге оозеки үгүт жүргүзүү менен гана чектелбестен,

эрте мененки зарядканын комплексин, тийиштүү кийимин, режимди уюштурууну жана башка моменттерди көрсөтүп, кээде фильмдерди пайдаланса болот. Балдардын эмгектенүүсү менен дем алуусун туура айкалыштырып, бош убагын туура пайдалануусун, жеке коомдук гигиенаны сактоосун, физкультура жана спортко системалуу катышуусун адатка айландырууда ата—эне мектепке жардам берүүгө милдеттүү. Баланын үй—бүлөдө жашоо жана иштөө шарты көп көңүл буруунуу талап кылат. Үй тапшырманы аткарып жатканда бала кантип олтурат? Анын иш орду кайда? Ага жарык кандай тиет? Иш ордунда аба алмаштырып туруу жакшыбы? Булар балдардын ден соолугуна, көрүүсүнө, келбетине, көңүлүнүн көтөрүңкүлүгүнө тике таасир тийгизет. Окуудагы баланын ийгилиги деле ушуларга жараша болот.

Дене тарбиясында балдарга индивидуалдык мамиле жасоо керек. Мында да мектептин үй—бүлө менен бекем байланышы талап кылынат. Мугалим ата—энелер менен иштөөдө баланын үстүнөн жүргүзүлгөн медициналык изилдөөлөрдүн маалыматтарын пайдалануу өтө маанилүү. Дарыгердин кеңешин мугалим ата—эне менен бирдикте ишке ашырууга тийиш.

Медициналык кароонун натыйжасына ылайык окуучулар дагы үч—негизги, даярдоочу жана атайын топторго бөлөт. Ар бир топ өзүнчө программа менен иштейт. Дене тарбиясы туура коюлган жерде рекордго жете тургандарга караганда негизги көңүлдү ден соолугу начар (атайын топтогу) балдарга көбүрөөк буруруга тийиш. Балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша, уул балдар үчүн башкача ден соолугун оңдоого өбөлгө түзүүгө ылайыкталган гимнастикалык оюндардын комплексин иштеп чыгуу маанилүү. Спорт ко ар бир окуучу кызыгып катышса гана ал тарбия берүүчү каражатка айланат.

Балдардын бош убактысы жана дене тарбия.

Балдардын эс алуусу бекерпоздукта да, активдүү ишмердүүлүктө да өтүшү мүмкүн. Өтө көп кара күчтү же акыл күчүн жумшап катуу иштегенден кийин бекер, бош олтуруп эс алса болот. Бирок адам өзүнүн жан дүйнөсүн байытпай текке кетирген бир да минута болбоого тийиш. Эс алууну туура пайдалана билген адамдын эс алуу учурунда табиятка же искусствонун чыгармаларына байкоо жүргүзүүсү да чыгармачылык иш болуп эсептелет. Жайкы эс алуу лагерлеринде окуучуларды курортко келген кишилердей тейлөө туура эмес. Жөн убакта өзүн өзү тейлей турган иштерди башка бирөөлөргө аткартып коюп, балдарды бекер отургузуп эс алдыруу жакшылыктын жышаанасы эмес. Анткени эс алуу ден соолукту чындап, денени гана өстүрбөстөн, руханий күч

төрдү да өстүрүүгө тийиш экендигин окуучунун билүүсү ылазим. Балдарды ишмердүүлүктө, активдүү эс алууга жашынан үйрөтүү биздин тарбия системабыздын негизги эрежелеринен болууга тийиш.

Баланын үзүрлүү эмгектенип, ийгиликтүү окуусу анын ден соолугуна жараша болот. Баланын ден соолугун чыңдоонун эненин курсагынан баштап, ал эми жарык дүйнөгө алты саны аман келген балага төрөлгөн биринчи минутасынан тартып денесин тарбиялоо эксперименти менен, анын натыйжалары менен ааламга даңаза болгон Б.П.Никитин, жубайы Л.А. Никитина экөө, баланы төрөлөрү менен энесинин эки эмчегин тең какшыта эмизип, кара уузга тойгузуу зарыл экендигин өтө кеч билишип, ал идеяны дароо эле тажрыйбада текшерип көрүшкөн. Анткени кара уузга тойгон балада бир нече ондогон жугуштуу жана ата—бабадан тукум куун өтүп жүргөн ооруларга каршы иммунитет пайда болот. Бала чоңойгондо сөөгү чучукка толоо, кубаттуу, чыйрак болот. (19,168—186). Муну кыргыздардын ата—бабалары деле жакшы билишкен: Алар малы тубары менен энесин эмизүүнү зарыл деп эсептешкен. Кара уузга тойбогон кулундан жакшы ат чыкпасын жана башка малдардын тукуму дале ошондой болорун ар бир мал киндиктүү кыргыз жакшы билген. Бул табигат тын өктөм талабы экенине элдин паам, парасаты жеткен, Бул мыйзам ченемдүүлүктү өзүн сактоо жана тамактануу инстинктинин күчү менен бир да жаныбар айбандар бузушпайт Эксперименталдык изилдөөнүн натыйжасында СССР медицина Илимдер Академиясынын курак жаш физиология жана патология лабораториясынын башчысы академик И.А.Аршавский төрөлөрү менен баланы эмизүү системасына өтүүнү эски союз боюнча бардык төрөт үйлөргө сунуш кылганына жарым кылымга жакын убакыт өттү. Бирок ал ишке ашпай жатат. Бул дарыгерлердин жаңылыкты өз тажрыйбасына кем пайдалангандыгына далил, экинчиден, чиновниктик—бюрократтык системада мындай прогрессивдүү көрүнүштөргө ийкемдүүлүк жоюлган болучу.

Америка Кошмок Штаттары баш болгон көп өлкөлөр балдарды төрөлөрү менен энесин эмизүүнүн пайдалуулугун орустардан угуп, түшүнүп, бат эле ал системага өтүп кетишкен.

Никитиндердин уникалдуу эксперименттеринин башталганына 40 жылдай мезгил өттү. 1975—аяк ченинде СССР Илимдер Акадеясынын социологиялык изилдөөлөр институтунун илимий кызматкерлери З.Янкова, Ю.Рюриковдор Никитиндердин экспериментинин айрым жыйынтыктары жөнүндө «Литературная газетага» төмөндөгүдөй деп жазышкан: Никитиндердин системасында баланы ар тараптан жетилдирүү өтө эрте башталат. Алар бал-

дарына төрөлгөн биринчи жуманын ичинде заарасы кыстаса тос кула деп сураныштыүйрөтүшөт. Балдары жалайык булгабайт, сураңары менен ата—энеси аларды тосуп, керебетке туурасынан колуна бата турган жоондуктагы таякты байлап коюшат. Бала колун созуп, аны кармап тартынат, колу күчкө кирет. Натыйжада баланын мээсиндеги колунун кыймылын башкаруучу механизм өнүгөт. 3—4 айлыгында ал бир колу менен тартынып өз боюн көтөрүп асылып тура алат. 2—3 жашында турникте бир колу менен асылып турчу болот. 2—3 жашында өз салмагына барабар жүктү көтөрө алат. 4 жашында жүрүштө күнүнө 20 км жол басат. Бир жашка чейин такыр оорубайт. Андан кийин тенттуштарынан 10-15 эсе аз оорушат. Эң кенжесинен башкасы тукум куучулук диатез менен гана оорушкан. Кенже кызында ал болбоду. Себеби Никитиндер Аршавскийдин сунушун угары менен аны өз амалиятында дароо пайдаланышкан, Балдары кокустан ар кандай ооруга чал дыкса, ал ооруну жеңил өткөзүшөт.

Шамдагай, кубаттуу, чыйрак баланын өз кудуретине болгон ишеними күчөп, ийкемдүү кыймылы менен келбеттүү денесине ыраазы болуп, көңүлү көтөрүлгөн баланын жан дүйнөсү эркин өсөт. Никитиндер ойлоп чыгарган оюнчуктар жана оюндар балдардын акыл күчүнүн дүрмөтүн оожалдыруучу учкундай. Балдар ойноп жүрүп (3—4 жашында) окушту, санашты, 4 жашында) жазышты үйрөнүп алышат. Ал эми 5—6 жашында карта, планды өз алдынча түшүнүп, моделден чийме жасай алышат. Мектепке барганда эч кыйналбай окушат. Жаңылыкты дароо паамдап, заматта өздөштүрүшөт. Акыл деңгээлдери өтө бийик.

Демокрит жана Аристотель, Ибн Сина менен Жусуп Баласагын, Коменский менен Корчак, Макаренко менен Сухомлинский эңсеген гумандуу педагогикалык идеаларды Никитиндер өтө чеберчилик менен амалиятка ашырууга жетишишти. Анткени алар даанышман бабаларынын ушундай идеяларына шыктанып, тарбия иштерин педагогикалык негизде жүргүзүшкөн. Чыныгы адис ата, адис—эне болуп эсептелишет. Ата—эне болуу адистигине ар бир кудайдан үмүтү бар инсан ээ болушу зарыл. Педагогиканы терең билген адис ата—эне гана баланы ушундай тарбиялай алат.

10—БАП

ҮЙ—БҮЛӨДӨ БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛОО.

Үй—бүлөдө бала тарбиялоо назариятынын өнүгүү тарыхы.

Үй-бүлө, коомдун баштапкы уюму катары пайда болгондон тарбиялоонун бирден бир фактору катары кызмат өтөп келе жатат. Кул ээлөөчүлүк, феодалдык коомдордо балдар негизинен үй—бүлөдө гана тарбияланышкан. Мектеп жана башка тарбия мекемелери өтө эле аз болуп, бир ууч гана коомдун төбөлдөрүнүн балдарына тарбия бере алган. Коомдун таптык сословиелик мүнөзү ар бир социалдык топтордогу үй—бүлө тарбиясынын мазмун жана багытын аныктаган. Үй—бүлөдө тарбиялоонун кылымдарды карыткан тажрыйбасы үй—бүлөнүн балдарды тарбиялоодогу, турмушка, эмгекке, белгилүү коомдук мамилелерге даярдоодогу ролу жөнүндөгү стихиялык педагогикалык көз карашка айланган.

Капитализмдин орношу менен үй—бүлөдө тарбиялоо көп убакытка чейин үстөмдүк кыла берген. Ошону менен бирге атайын мекемелерде, алсак мектепте, балдарга коомдук тарбия берүү дүркүрөп өсө баштаган. Коомдук жаңы талаптар, машиналуу өндүрүш, илим—техниканын өсүшү коомдун турмушундагы социалдык жана маданий мамилелердин татаалданышы мектепте таалим, тарбия берүүнүн зарылдыгын аныктады. Буржуазиялык түзүлүштүн чыңдалышы менен мамлекеттин коомдук турмушка, анын ичинде мектеп ишин уюштурууга кириштүүсү күчөдү.

Биринчи педагогикалык назарияттар өнүп чыккан топурак үй бүлөдөгү тарбия болгон. Адегенде үй—бүлөдөгү тарбиянын өзгөчөлүгүн айгинелөөгө, же анын негизинде коомдук педагогикалык тыянак чыгарууга аракет болгон эмес. Мектеп пайда болгондон кийин гана жаш муундарды тарбиялоодогу мектеп менен үй—бүлөнүн катнаштык мамилелерин аныктоо проблемасы келип чыккан. Ал проблема үстөмдүк кылып турган коомдук түзүлүшкө же педагогдун, ойчулдун социалдык саясий көз карашына ылайык чечиле берген.

Байыркы Римдеги тарбия назариятчысы Квинтилиан үй-бүлөгө бир топ талап коюу менен мектепте окутуп тарбиялоонун артыкчылыгын баса белгилеген. Коменский жаш муундардын өсүүсүн ар бири алты жылдан турган төрт баскычка бөлүп (балалык, өспүрүм курак, жаштык, эр жеткендик), балалыктын мектеби «эненин койну»—эне мектеби ар бир үй—бүлөдө болууга тийиш деген. Үй—бүлөдө баланы гувернердун жетекчилиги менен тарбиялоону колдоп англис ойчул педагогу Дж.Локк сыпайы сылык адамды тарбиялоо идеясын көтөргөн. Ж.Ж.Руссо баланы өз ата энеси тарбиялоого тийиш деп эсептеген. Анын Эмилин жетим болгондуктан тарбиячы асырап чоңойткон. Муну менен Руссо

Эмилди эски феодалдык коомдун тарбиялык таасиринен сактап, аны келечекте эркин коомдун баштапкы жаңы уюмун—жаңы үй—бүлөнү түзүүчү катары көрсөтүүгө умтулган. Француздук материалист ойчулу Гельвеций, эгер мектеп чиркөөдөн ажырап мамлекеттин колуна өтсө, баланы мектепте окутуп, тарбиялоо түзүк болот деген. Башкалар мектепте тарбиялоону үй—бүлөдө тарбиялоого мынчалык деңгээлде эч качан карама каршы коюшкан эмес. Песталоцци тарбиянын максаты «инсанчылыктын чыңдыгын» ачуу деп эсептеп, ар ким өзүнүн адам баласына таандык экендигин үй—бүлөлүк тарбияда гана сезе алат деген. Коомдук тарбияда үй—бүлө тарбиясындагы артыкчылыктарды пайдалануу зарылдыгын да баса көрсөткөн..

Мектептин үй—бүлө жана чөйрө менен тыгыз байланыш таасирлерин кеңири түшүнүү Ушинскийди тарбиянын элдүүлүгүн жөнүндөгү залкар идеяга алып келген. К.Д.Ушинскийдин педагогикалык системасын Л.Н.Толстой, П.Ф.Лесгафт жана башка 19—кылымдагы орустун алдыңкы педагогикалык ойчулдары улантышкан.

Тарбиянын чыныгы демократтык духтагы элдүүлүк идеясын толук ишке ашырууга бардык социалдык карама каршылыктарды күчөтүп, эл массасын жакырлантып, үй—бүлөнү да кыйроолорго учураткан коомдогу өсүштүн капиталисттик мүнөзү болгон. Марксизм—ленинизмдин классиктери коомдук тарбиянын прогрессивдүү маанисин баса белгилөө менен капиталисттик коомдогу карама—каршылыктарды социалисттик коом гана жоет деген тыянакка келишкен.

Социалисттик коомдогу үй—бүлөлүк тарбия назариятын иштеп чыгууга Н.К.Крупская, А.С.Макаренко, В.А.Сухомлинскийлер чоң салым кошушкан.

Бала тарбиялоодогу үй—бүлөнүн ролу жана милдеттери.

Баланы үй—бүлө ал төрөлгөн күнүнөн баштап эле тарбиялайт. Эненин карап эмизип, режим сактоосу, ага жасаган мамилеси бөбөктүн биринчи адаттарынын калыптануусуна таасир тийгизет. Үй—бүлөдөгү бардык адамдар анын тарбиячысы. Алардын ар биринин жүрүш—турушу бөбөктүн көңүлүн бурат, анын инсан катары өсүшүнө өбөлгө түзөт. Үйдөгү ар бир буюм, үйдүн жасалгасы, үй—бүлөнүн алдына жаңы педагогикалык милдеттер коюлат. Эң негизгиси балага үйдөгүлөрдүн баары бирдей талап коюусу ылазим. Бири катуу талапчан, экинчиси өтө жумшак, бири жазаласа экинчиси мактаса бала сөзсүз айныйт, ар кандай кырдаалды өз талабын канааттандырууга пайдалануу ыгын издей баштайт. Ал эми бирдей талап болсо, айтканды аткарып, элпек болуп чоңоет. Үй—бүлөдөгү туура уюштурулган тарбиянын негизги шарттарынын

бири—балдарга индивидуалдык мамиле жасоо. Алсак, кыймылдоосу акырын, флегматисттик мүнөздөгү балдарды батыраак реакция жасоого, тескерисинче тез ачууланып, шашма кыймыл дуу балдарды токтоорок, реакцияны акырындатууга үйрөтүү ылазим.

Баланын мектепке барышы анын өзүнүн турмушунда даты, үй—бүлөнүн турмушунда дагы чоң окуя. Ушундан баштап тарбия үйдө да, мектеп жамаатында да жүргүзүлөт. Мындан үй—бүлөнүн тарбиялык ролу эч кандай төмөндөбөйт, эми анын таасири мектептин таасири менен макулдашылып жүргүзүлөт. Ошону менен бирге билимге гана ээ кылбастан балдарды эмгекти сүйүп, тырышчаак болууга тарбиялап, мүнөзүн калыптандыра турган күнүгө ырааттуу уюштурулуп жаткан окуу ишмердүүлүгүнө байланыштуу анын жашоо турмушунун негизги мазмунуна ылайык үй—бүлөдөгү тарбиянын мазмуну да, педагогикалык милдеттер да өзгөрөт. Айрым ата—энелер баланын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруудагы үй—бүлөнүн ролун же өтө тар түшүнөт, же тапта кыр эле түшүнбөйт. Алар керектүү нерселерди сатып берип, иш ордун ырастап коюп, өтө кыйналган учурда гана жардам бериш болушат. Бул таптакыр жетишсиз. Мектеп турмушу баланын таасирленүүсүн, түшүнүгүн байытат, анын сезимин козгоп, ой жүгүртүүсүн ойготот. Андыктан үй—бүлөдө баланын руханий жашоосун терендете турган кырдаал түзүү керек. Үй—бүлөнү баланын алган баасы гана кызыктырбастан, анын турмушуна кирип жаткан жаңылыктар да кызыктырууга тийиш. Анын үй тапшырмасын гана көзөмөлгө албастан, бала менен анын окуусуна байланыштуу темада аңгемелешип, аны жаңылыктар менен, турмуштук фактылар менен байытып, мектепте үйрөнгөн ык, машыгууларын бекемдей турган көнүгүүлөрдү берип иштетип, үйдө түрдүү китептерди окуусун уюштуруу ылазим. Бала мектепте окуп эле жүрбөстөн жамаатчылык турмушта жашайт дагы, коомдук пайдалуу иштерге катышат, мугалимдер, окуучулар менен көп түрдүү карым катнаш мамиледе болот. Мектептеги окууларды туура түшүнүүгө жардам берип, бала өзүнүн жана өзгөлөрдүн жүрүш—туруштарына туура баа бере билүүсүнө, коллективде жашоого үйрөнүүсүнө ата—эне көмөк көрсөтүүгө тийиш.

Баланын окуусу жана коомдук пайдалуу эмгекке катышуусу анын үй—бүлөнүн тиричилик турмушунда активдүүлүк көрсөтүп, белгилүү милдет аткарып, эмгектенүүсүн туура айкалыштыруусун талап кылат. Окуучу үй—бүлөнүн жалпы эмгегинде өзүнүн үлүшү болууга тийиш экендигин дайыма эсинен чыгарбоосу керек. Ал үй—бүлөдөгү бардык адамдардын, алардын ичинде өзүнүн да укугун жана милдеттерин аңдап сезүүсү ылазим. Кээ бир үй—бүлөдө баланы бардык милдеттеринен бошотуп, өзүнүн та

лаптары жөнүндө гана кам көрүүсүнө анын көңүлүн бурушат. Андай балдар үй—бүлөдөгү милдеттерин таптакыр унутуп, жалкоо, эгоист болуп чоңоюшат. Мунун негизги себеби—ата энелердин бактылуу балалык жөнүндөгү туура эмес түшүнүгү.

Башталгыч классты бүткөн балдар балалыктан акырындап өспүрүмдүккө өтүп, адегенде кыздар, анан уул балдар бой тартып, жыныстык сезимдери ойгонуп, мурундары тенендей баштайт. Алардагы өз алдынчалыкка умтулуу күчөп, кээде ата—энени ук пай өз билгенин кылууга аракеттенишет.

Ата—эне балдардын талап жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алып, жашоо үчүн зарыл шмердүүлүктүн көп түрлөрүнө өспүрүмдөрдү үйрөтүүсү ылазим. Өспүрүм спортко кызыкса, анын бир нече түрүнөн ийгиликке жетүүгө умтулат. Анын туристтик жүрүшкө, саясатка кызыгуусу артып, эстетикалык талаптары өсө баштайт. Балдар оюнчуктарынан жана жөнөкөй оюндарынан баш тартып, модель жасоого, конструкциялоого, музыкага, живописке кызыга баштайт. Ата—эне балдардын мындай талаптарын колдоп, бал дарга музыкалык аспаптарды, мүмкүнчүлүктөрүнө жараша спорт тук жабдууларды, түрдүү китептерди сатып берип, үй—бүлөнүн каражатынан киного, театрга, музей, көргөзмөлөргө балдар ба руусу үчүн, шаардан сыртка алар менен өзүлөрү да чогуу чыгуу үчүн акча бөлүп, балдардын класстан, мектептен тышкаркы иш терге, коомдук пайдалуу эмгекке катышуудагы активдүүлүктөрүн колдоо зарыл.

Балдар бойго жеткен сайын ата—эненин кепешине жана кол доосуна талабы көбөйөт. Ата—энелер муну эсинен чыгарып ко юуга эч кандай акысы жок. Бул милдеттерин унуткандардын күйүтүн көрсөткөн В.А.Сухомлинскийдин иш тажрыйбасындагы эки окуяга окурмандардын көңүлүн бурабыз. Уралдык бир жак шы жумушчу адамдан Сухомлинский кат алат. «Мени орден ме нен сыйлашты. Үй толо кубаныч, баары куттуктап жатышат. 12 жашар өспүрүм. 5—класста окуган уулум да мени куттуктады— үйдөн качып кетти... Мен үчүн бул күндөр коркунучтуу болуп турат. Эмнелерди кылып, кантип жашаганымды эсиме түшүрүп, ой жүгүрттүм. Уулум эмес, мен айыптуу экенине көзүм жетти. Анын кантип, эмне деп жашап жүргөнүн таптакыр билбепмин. Бар болгон эрдигим аны жарык дүйнөгө төрөткөнүм экен... Аны бир жолу да балалык кубанычка батырган эмес экенмин. Мектеп теги анын иши оң келбей калган учурда токмоктой берипмин. Уулум мени жек көрүп калган экен. Эми мен арсар абалдамын: жашоодо эң негизгисинен ажырагандан кийин мага ордендин, даңктын, жолдоштордун урмат сыйынын эмне кереги бар?»—деп жүрөгүнүн каны менен жазылгандай (29, 404). «Биздин райондо

бир жакшы айкөл, сый, урматка ээ, эмгекчил комбайнчы адам бар эле,—деп жазат В.А.Сухомлинский, —жан аябай эмгектенип орден алган. Гезиттерге сүрөтү көп чыгып, көчөгө да чоң стендге Иван Филипповичтин сүрөтүн тартып, бул кишиден үлгү алгыла деп жазып коюшкан. Иван Филипповичтин Иван деген уулу бол гон. Ата—энеси жалгыз уулун өтө сүйүшкөн, бирок алардын сү йүүсү акылга тете эмес эле. Ивасиктин бардык талабын аткара беришчү, ал 14 жашар болуп калса деле эркелетип. Уулдары атасынын даңазасына чөмүнүп, эч кыйынчылыкты билбей, жал коо болуп чоңойгон» Ал каалаганын оңой эле жасай алат, бала лык жана өспүрүм курагында бакыт, кубанычка адам канчалык оңой ээ болсо, чоңойгондо анын чыныгы кубаныч, бакыты ошон чолук сейрек болот. Кымбаттуу ата—энелер, тарбиянын ушул мыйзам ченемдүүлүгү жөнүндө ой—пикир жүргүзгүлө деген ча кырык менен окурмандарга кайрылат. Мугалимдер мектепке ча кырса Иван Филипповичтин колу тийбейт эле. Бирде ал колхоз башкармасынын жыйынында, бирде районго тажрыйба алмашуу га кеткен, бирде коңшу колхоздун социалисттик мелдеш жөнүн дөгү келишимин текшерип жүрөт. Мектепте кырсык болот. Иван классташ кызынын башы-көзүн жарып сабап, мектепке дарыгер чакырышат. Баланыздын иши чатак, мектепке дароо барыңыз, Иван Филиппович, деп киши келет. Эмне чатак деп чочуп ке тет. Иштин жайын түшүндүргөндөн кийин ал: «балам бир деме болгон десе...»—дейт, жеңилдей түшүп,..Азыр мектепке бара албайм. Эпкиндүүлөрдүн чогулушуна барам. Кечинде Иван Фи липповичти эптеп мектепке алып келишет. Тарбиячынын күйүп бышып айткан сөзүн угуп, үндөбөй үйгө келип, «Мени экинчи мектепке чакыргыс кылайын»—деп, уулун сабайт, эртеси Ивасик талаадан эки чеңгел ылай алып келип, стендде тартылган сүрөт төгү атасынын көздөрүн шыбап таштайт. Иван Филиппович тар бия акыл менен жүрөктүн өтө назик иши экенин түшүнөт... би рок өтө кеч түшүнөт» (29, 403—404).

Урматтуу ата—энелер, өндүрүштөгү, чыгармачылыктагы, бий ликтеги ишиңер канчалык маанилүү, канчалык кызыктуу, канча лык жоопкерчиликтүү болбосун—үйдө силердин коомдук милде тиңерден маанилүү, өтө кызыктуу, өтө жооптуу, өтө эле назик иш—адамды, чыныгы инсанды тарбиялоо иши күтүп турат! Баа рыбыз түшүнүшүбүз керек го, тарбия көрбөгөн адепсиз, сабатсыз, наадан, мотору бузук самолет сыңары, ал өзү эле кыйроого учурабайт, адамдарга да ажал алып келет!...

Үй—бүлөдө балдарды туура тарбиялоо шарттары.

«Үй—бүлөнүн педагогикасы» (Ата—энелер педагогикасы) деген китебинде В.А.Сухомлинский: «Энеси кызын мектепке алып келди. Ал 10 жыл мурун бардык сабактарын абдан жакшы окуп, бүтүрүү экзамендеринде даярдыксыз жооп берип, эң жакшы деген бааларга тапшырган...Жылдар өтүп, эми эне...Кызын мектепке даярдоо тайпасына жаздырганы келген. Анын турмушу жөнүндө кызыгып турганымды билгендей: Институтка кирип окуп, эки курс бүтүрдүм. Жакшы окугам. Тагдыр башка экен. Күйөөгө чыктым. Күйөөм көчүп жүрө турган кызматта экен. Институтту таштоого туура келди. Күйөөм менен жарым жыл гана турмуш күттүм. Ажырашып кеттик. Бул жөнүндө бирөөлөргө айтсам—боору ооругандай дым болуп үндөшпөйт, же оюна келгенди айтып сооротумуш болушат. Боору оорусунун дале, сооротуунун дале магакереги жок. Бизди балакатка жетээр мезгилде тарбиялагандарга капамын (29, 398).

Ал үшкүрүп үндөбөй калды. Мени көптөн бери тынчымды алып жүргөн маселе анын да тынчын алып жатканын сезип, сурап калдым: «Тарынчыңыз кандай?» —Бизди үй—бүлөлүк турмушта жашоого даярдаган эмес. Күйөөм экөөбүз бири—бирибизди жаман көргөндүктөн же көнүмүш сөз менен айтканда «ыркыбыз келишпегендиктен» ажырашып кеткен жокпуз да. .Жок, биз жөнэле жашоону билбепбиз. Бири—бирибизди сүйө билбепбиз. Сүйүү адамдан көп нерсени талап кылат. Жубайлардын сүйүүсү эмне экендигин түшүнбөдүк. Ал жөнүндө бизге бир адам да эч нерсе айткан эмес. Бирин—бири сыйлоо эмне экенин да билбедик. Жанында киши бар экенин сезбейсиң. Бири—бирибизди угуп, сөзүнө тан бере билбейбиз. Акылыбыз сезимибизди башкара албайт, жашоону баалай билбейбиз—оо, жашоону баалоо кандай маанилүү!». Биз узак сүйлөштүк. Бул менин эсимде да, жүрөгүмдө да түбөлүк сакталат. Эми «Үй—бүлөнүн педагогикасын» жазайын деп жатып, анын биринчи бети кайда деп ойлоном. Балээнин баары ошол биринчи беттин жоктугунда болуп жатпайбы! Имарат куруп жатабыз—пайдубалы жок. Чынында эле биз мектепте балдарды эң негизги нерсеге—турмушта жашоого даярдабайбыз. Аларды бары жоктун барына үйрөтөбүз, керегин да, керексизин да окутабыз. Алар баарын билишет. Бирок адам үй-бүлөдөгү турмушка кантип даярданаарын—кантип колукту, кантип күйөө болушту, кантип өз балдарына эне —ата болушту билишпейт.

Биздин ар бир гражданин билүүгө милдеттүү болгон турмуштагы даанышмандык—бул адамдардын жан дүйнөлөрүнүн карым катнаш мамилеси экендигине педагогдордун да, ата—энелердин

да паам парасаты жетпей жатат. Кооздоп айта турган болсок, адамдан төрөлгөн жаныбар али адам эмес макулук экендигин, аны адам кылуу керек экендигин биз унутуп коюп жатпайбызбы деп жазат Сухомлинский (29,398—399).

8—9—класстын окуучуларына тарбиялык саатта «Жаш үй—бүлөдөгү эри менен аялынын мамилеси» жөнүндө аңгеме курган мугалимди эл апендидей эле көрүшөт. Чынында жаштарга бул темада айтып берүү,, байыркы Римдин маданияты же Галактиканын борбору жөнүндө айтып бергенден маанилүүрөөк экенин түшүнүүгө акыл дараметибиз жетишпей жаткансыйт. Сабакта жогорку класстарда (алсак, адабият сабагынын программасынын талабы боюнча) сүйүү, нике, бала төрөш жөнүндө сөз козголуп калса эле окуучулар бирин бири чыканагы менен түртүп, шыбырашып күлө башташат. Жаштардын турмушундагы эң маанилүү маселеге карата улуулардын жеңил ойлуу, кайсарлык мамилеси так мына ушундан эле көрүнүп турат.

Сүйүү, нике, перзент жөнүндө сөз кеткен учурда ар кандай адам—анын ичинде ар бир окуучу, бала, өспүрүм да өзүн—өтө эмоционалдуу тарбияланган адам искусствонун миң жылдык эстелигин көргөндө таңданып магдырагандай сезсе, ошондой абалды мен идеал деп эсептемекмин» деген ойду баса белгилейт. В. А.Сухомлинский (29)

Эң улуу, эң кооз—сүйүү, нике, перзент көрүү, жубайлардын өмүр бою аруулугу, өлүм жана бири—бирининн арбагын сыйлоо жөнүндө балдарга айтып берүүнү жана ой жүгүртүүнү улуу муундарыбыз жакшы үйрөнбөй туруп, биз балдарыбызды таза ойлуулукка, ак ниеттүүлүккө, жакшы сезимге үйрөтө албайбыз. Бул чөйрөдөгү наадандык балдарыбыздын кайгы—муңу менен көз жашына айланат.

Балдарды никелешкен үй—бүлөдө жашоого даярдоо зарыл. Жакшы жубай болуп жашоо үчүн алардын ар бири өз каалооло рунун маданияттуулугуна жетишүүсү ылазим. Ага жетишкен адам жанындагы адамды байкап, анын каалоосун бшкара билет. Мындай маданияты жок, жубай болууга, ата—эне болууга даяр эместерден төрөлгөн баланын шору шорподой кайнайт, ал коом үчүн да чоң кайгы.

Демек, никеге, үй—бүлөлүк турмушка, бала тарбиялоого окуучуларды даярдап, жубайлардын мамилелеринин маданиятына ээ кылуу өтө маанилүү. Буга мектептин окуу планында атайын сабак катары орун берилүүгө тийиш. Анткени бардык эле окуучу математик, химик же биолог болбойт, ал эми ар бир окуучу сөз сүз эр, аял, эне, ата болот. Муну баары эле көрүп турбайбы. Му

нун үстүнөн ой жүгүртүүгө да чоң акыл керекпи?!...

Ата—энелердин кадыр баркы жана үлгүсү:

Кыргыздын элдик педагогикасында балдарды үй—бүлөлүк турмушка тарбиялоого, жубайлык милдетке, ата—энелик функцияга даярдоого бөтөнчө көңүл бөлүнгөн. Биздин ата—бабаларыбыздын үй—бүлөсү эки—үч, кээде төрт, кез—кезде беш муундан турган учурлары да болгон. Жаш жубайлардын ата—энеси жаңы чоң ата, чоң энелери менен чогуу бир үй—бүлөдө жашоо шартынын өзү эле алардын бири—бирине туура мамиле жасап, бири—бири жөнүндө кам көрүп, балдарды туура тарбиялоосу үчүн чоң көрсөтмөлүү сабак болгон. Турмушка бай, тажрыйбалуу, акылы толоо муундардын салт—санаасын, үрп—адаттарын көзү менен көрүп, кыргыздын үй—бүлөсүндөгү улуттук өзгөчөлүктөрдүн жаш муундарда кыргыз пейилин калыптандыруучу амалияттык маанисин, өткөн муундардагы элдин жүгүн кебелбей көтөргөн эр азаматтардын, уруунун, элдин, улуттун намызын ыйык тутканын даанышман айыл аксакалдары, уруу башчылары, эл аталарынын нарк нускалуу иштери жөнүндөгү үй—бүлөдө улгайган карыялардын айтып берген икаялары, ал болмуштар жөнүндөгү икаяларды корутундулап келип айткан акыл насааттары жаштарда кыргыз пейили менен улуттун намыз ариетин сактоого болгон психологиялык даярдыкты түптөөдөгү назарияттык маанисин жаш жубайлар жакшы түшүнүшкөн. Уруунун, элдин, улуттун намызын ар кандай кыргыз уулу, кыргыз кызы өтө бийик коюп, ыйык тутканын. Ошондой кырдаалда таалим—тарбия алгандар эч качан кара курсак, көр тириликтин айынан пас кетип, ыплас иш жасаган эмес. Алар эркектин наркын, кыздын абийирин бийик тутушкан. «Жети атасын билбеген—кул»—деген макал сөздүн мааниси: атасынын, чоң атасынын, бабасынын, бубасынын, кубарынын, жотосунун, тегинин ысымдарын гана билүү дегенди түшүндүрбөйт. Ал өткөн муундардын ар бири элдин камын кандай ойлогон, элдин жүгүн кантип көтөргөн, элдин намызын кантип сактаган, кандай адам болгон? Ошолорду билип, ошолорго сыймыктануу, ошолордун нарк нускалуу иштерин улантып, өзүнүн пастыгы, ыпластыгы менен аларга доо кетирип койбосун дегенди түшүндүрөт. Маркум В.А.Сухомлинский таппай түргөн ата—энелер педагогикасынын биринчи бети мына ушул макал сөз боло алмак., эгерде кыргыздар ата—энелердин педагогикасын жазам десе.

Академик Волков Г.Н. 1970—жылдардын башында Ысык—Көлдө эс алып жүрүп кездешкен кыргыз пейилинин бир көрүнүшү жөнүндө «Созвездие земли» деген монографиясында тим эле таң данып, тамшанып жазат: «Бир топ кыргыз карыялары менен маектуруп олтурдук эле. Кызматына бара жаткан, Ата Мекендик со

гуштун катышуучусу, улгайып калган, полковник даражасындагы аскердик наамы бар уулун чакырып алып, бир карыя ачууланып: **«Сен согушта өлүп калганында менин үч уулум болот эле, менин эки эле уулум бар»—деди. Анын** эки уулу согушта курман болуп, ушул уулу эсен—соо кайтып келип, райондук аскер комиссариатын да мүдүр болуп иштеп жүргөн экен. Карыянын ызаланган себеби уулу жолдоштору менен ичимдик ичип, кызуу келип, аялына акаа рат кылып, кол көтөргөнүн атасы эшитип калган экен.

Ичимдиктин айынан кыргыз пейилинен кетип, эркектин наркын сактабай уят болгуча өлүп калган өйдө деп жатпайбы бул карыя. Академикти таңдандырып, тамшанткан элибиздин: «Уят—өлүм дөн катуу»—деген залкар педагогикалык идеясы. «Атага баш ийүү—кудайга баш ийүү»—деп макал айткан элдин педагогика лык ой—толгоосунун дараметине, «Кыздын кырк чачы улуу»-деп, аялзатын ыйык туткан кыргыз элинин бийик маданиятына тан берип, акыл калчаган аалым Волков Г.Н. элибиздин таалим, тар бия жөнүндөгү идеяларынын залкарлыгына таң калып, тамша нат.

Бул идеяны жаштарыбыз турмак айрым аттуу—баштуу, эл ишенич көрсөткөн чоң кызматтагы абийирдүү деген адамдарыбыз таназар албай коюп жатышпайбы. Буга жогоруда биз үстүртөн кеп салган салт—санаалуу үй—бүлөнүн бузулуп, үйлөнгөн уул аялынын тилинен чыга албай ата—энесинен тез аранын ичинде бөлүнүп кетүүсү да негизги себептердин бири деп эсептейбиз. Ата—энесинен бөлүнүп алган жаш үй—бүлөдө эч кандай салт, үрп—адат деген болбойт. Жаш жубайлар каалаганын жасашат. Алардын тартынып, уялып кала турган да, ойлонуп, түйшүк тартып кам көрө турган да, акыл—насаат айтып, андай болгула, мындай болгула дей турган да эч кимиси жок. Андай жаш жубай лардын башы баш, багылчагы кара таш! Алар балдарын да ой келди тарбиялашат. Андай тарбияланган балада кыргыз пейили, улуттун жүзү кайдан болсун.

Ата—бабаларыбыздын, салттуу, нарктуу үй—бүлөсүндө бала ны чоң энелер тарбиялаган. Алар табигый, чебер, даанышман, тубаса тарбиячылар болушкан. Энелер баланын да, тарбия жа раянынын да табиятын назик түшүнүшкөн. Даанышман энелер баланын жан дүйнөсүнүн эң терең булуң бурчуна чейин үңүлүп кирүү жөндөмүнө ээ болушкан. Жылуу—жумшак коюнуна ка тып, жонун кашып, эркелетип, айланып—үргүлүп, өөп—жыттап мээрин төгүү менен баланын жүрөгүн элжиретип, денесин бал кыткан. Эненин мээрине карк болгон балада чоң эне, чоң ата, өз ата—энесине, тууган—туушкандарына болгон чыныгы инсан дык сүйүү сезими ойгонот. Ал чоңойгондо жалпы эле адамга боорукер, ыйманы пакиза, намыз ариеттүү инсан болот. Анын

жубайына жана балдарына болгон сүйүү сезиминин негизи даа нышман эненин коюнунда түптөлгөн.

—Ника, анын кишени же барып турган жакшылык, же барып турган балакет деген ойго келген улуу Вольтер. Ал жакшылык болгондо көктөн тилегенинди жерден табасың... Эгерде сен ника байланышынын бүт азап—тозогун атуулдук милдет, жан дүйнө менен дененин, акыл менен идеалдын парзы деп эсептесең, анда ника барып турган жакшылыкка, эмгектин жыргал майданына айланат. Урматтуу ата—энелер, чыныгы инсандык сүйүү дегени биз так ушул арып чарчоону билбеген, чоң эмгек экенин эскертет, француз элинин ойчулу, чыгаан жазуучу, публицист Вольтер.

Үй—бүлөдө бала тарбиялоодогу даанышмандык так ушул эмгектин назик жактарында. Чыныгы инсандык сүйүү—карама—каршы жыныстагы адамдардын бири—бирине дегдөөсүнө негиз делген инстинкттик башталышсыз мүмкүн эместигине карабастан бул табийгый энсөө жана табийгый инстинкт эмес. Инсандык сүйүү болбостон, табийгый энсөө менен табийгый инстинкт никеге алып келген болсо, жубайлардын, бири-бирине кызыгы бир айда эле толук канып бүтүшөт. Инсандык сүйүү—бул рух менен денениин, акыл менен идеалдын, рахат менен парздын ынтымактуу бирдиги болууга тийиш.

Бул биримдикти кызыл жиптей тепчип өткөн чоң, арып чарчоону билбеген эмгек гана жубайларды руханий жактан байытат. От оттон тутанган сыңары жубайга карата сүйүү эне—атага болгон сүйүүдөн пайда болот. Өз энесин адамча сүйө албаган жигит жубайын эч качан адамча сүйө албайт.

Үй—бүлөдө балдарды адамгерчиликтүү адеп—ахлакка, ыйман дуулукка тарбиялоонун эң таасирлүү каражаттарынын бири өлгөн ата-энелерди, жакындарды эскерип, алардын элесине сыйынуу, анткени көзү өткөндөрдү жадынан чыгарып койгон адамды арбак урат деген сөз бар. Жакшы түшүм бере турган айдоо жерди уйгак баскандай—адамдардагы таш боордук, мыкаачылык, сурданган тажаалдык—арбактын урганы эмей эмне?... Көзү өткөндөрдү эскерип, арбагын сыйлоо—бул тирүүлөргө чоң пайыз менен пайда берип жаткан капитал—деп жазат В.А.Сухомлинский— бул адамгерчилик деп аталган бай түп даракка жерден ширелүү азык жеткирип, аны көгөртүп туруучу ипичке тамырлар (29,419).

«Энени көрүп кыз өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт»—дейт эл макалы. Балдарды туура тарбиялоодо ата—эне өзүнүн эмгекке, коомго, жолдошторуна кылган мамилелери менен балдарындагы чынчылдыкты, тартиптүүлүктү, мээнеткечтикти, эмгекти сүйүүнү, принципиалдуулукту тарбиялоодо аларга үлгү болууга тийиш.

Анүчүн ата—эне балдарына койгон талапты биринчи өздөрүнө коюп, өзү аны ийне жибине чейин так аткарууга жетишүүсү ылазим. Ата—эне балдарынын өсүп жетилүүсүн туура көзөмөлгө алып, алардын кызыгуусун, шык, жөндөмүн туура аныктап билип, алардын өнүгүүсүнө туура багыт берсе, балдарын жан дили менен сүйүп, аларга маданияттуу мамиле жасаса, алар балдарынын алдында чыныгы авторитетке ээ болот. Тилекке каршы ата—энелердин көбү балдарынын алдында жалган авторитетке ээ болууга умтулган учурлары кездешет. Алардын максаты, балдарын эптеп эле тил алдыруу. А.С.Макаренко ата—энелердин эң кеңири таркалган жалган авторитеттеринин төмөнкү түрлөрүнө мүнөздөмө берет:

1. **Басмырлоо авторитети** өтө эле зыяндуу болбогону менен аябай коркунучтуу. Көбүнчө маданияты төмөн, орой аталар мындай авторитетти пайдаланып балдарга кыйкырып, өкүрүп, сабап, өзүнөн алыстатат, мындай үйдө эненин ролу таптакыр жоголот. Үйдө дайыма коркунуч өкүм сүрөт.

2. **Аралыктагы авторитетти** айрым ата—энелер пайдаланышат. Мындай аталар атайын өзүнө бөлмө жасатып, ошерде иштеп, балдарга көрүнбөй тамактанат. Өз талабын аялы аркылуу балдарына жеткирет. Муну кээ бир энелер да пайдаланып, чоң эненин же үй кызматкерин ортомчу коюп балдарына тарбиялык иш жүргүзөт.

3. **Төрөпейилдик авторитет.** Бул аралыктагы авторитеттин өтө зыяндуу түрү. Ата өзүн башкача, өтө эле кадырман сезет, өзүнгана мактап сүйлөйт, Башкалардан, ал турмак балдарынан да өзүн оолак тутат. Мындай энелер да болот. Аныкындай көйнөк эч кимде жок. Ал курортко бара алат, аны айтып мактанат. Бул балдарына тез эле жугуучу адат.

4. **Бышыксынган майдачылдык** (педанттык) авторитет. Мындай авторитетти сактаган ата—энелер өзүлөрүнүн үй—бүлөдөгү төрөлүк бийлигинен башка эч нерсени билбейт. Айтканы айткан, дегени деген, аны бузууга жол жок.

5. **Куру чечендик авторитет.** Мындай ата—энелер балдарынын кулагынын кужурун алып эле акыл насаат айта берет, үйрөтө берет, баланын мээсин көгөртүп жиберет.

6. **Сүйүү авторитети.** Бул авторитеттин өтө коркунучтуу түрү. Балдарынын сүйүүсүнө ээ болуу үчүн ата—эне аларды кыйын сүйгөн дүгүн көрсөтүүгө умтулат. Бизди өтө эле кыйын сүйөт, өтө эле назик деген балдарына обу жок мүнөздөмө берүүчү, негизсиз сөздөр көп айтылат.

7. Кайрымдуулук авторитети. Мында да балдарды тил алдыруу үчүн алардын сүйүүсү пайдаланылат. Ата—эне балдарынан эч

нерсе аябоочудай, аларды жан дили менен сүйүүчүдөй көрүнүп, алардын көбүн эрке талтаң кылып чоңойтушат.

8. Достук авторитет. Мында ата—энелер балдары менен дос, тең ата. Мында жүрө—түрө буйрукту балдар бере баштаган учур көп кездешет. Түбү жакшылыкка алып барбай турган авторитет.

9. Сатып алуу авторитети. Бул авторитеттин эң абийирсиз, куни ги. Балдардын тил алуусу үчүн белек берет же бир нерсе берүүгө убадалашат.

Булардан сырткары айрым үй—бүлөлөрдө шайырлануу, сулуу лануу авторитети, окмуштуулук авторитет деген өңдүү жалган кадыр баркка умтулган ата—энелер бар. (17,59—72).

Үй—бүлөдөгү режимдин ролу. Мектеп, коомчулук менен бирге иштөө.

Балдардын ден—соолугун, ишке болгон жөндөмдүүлүгүн сактоо максатында алардын эмгектенүү, эс алуу, тамактануу, уктоо, оюн—шоокторун ырааттуу айкалыштырууну уюштуруу ылазим. Үй—бүлөдөгү режим мектептин режиминин табийгый уландысы болууга тийиш, бирок ар бир үй—бүлөнүн жашоо шарты, баланын индивидуалдык өзгөчөлүгү эске алынып түзүлгөн режим гана жемиштүү болот. Дем алыш күндөрү жана каникул учурларында режим өзгөчө түзүлүүгө тийиш. Режимди сактоого балдарды башталгыч класста окуп жатканда көнүктүрүү өтө пайдалуу.

Балдарды үй—бүлөдө ийгиликтүү тарбиялоонун негизги шарттарынын бири болуп анын мектеп жана коомчулук менен бекем, туруктуу байланышы эсептелет. Мектепте, класстарда ата—энелер комитеттери, активисттери уюштурулат, айрым үй—бүлөлөргө жардам берүүдө коомчулук да көп түрдүү иштерди жүргүзүшөт. Мектеп жана коомчулуктун ыйык милдеттеринин бири ата энелердин арасында педагогикалык үгүт—насаат жүргүзүү.

Мектептин, коомчулуктун, класс жетекчилери жана мугалимдердин үй—бүлө менен байланышуусунун көп формалары бар. Алсак, класстын ата—энелери менен чогулуш өткөрүү, жалпы мектеп боюнча ата—энелер чогулушу, үй—бүлөдө бала тарбиялоо догу иш тажрыйбаларды алмаштыруу максатында конференция ларды өткөрүү, айрым ата—энелер менен жекече иш алып баруу жана ата—энелерди педагогикалык жактан агартуу ишин жакшыртуу максатында алар үчүн педагогикалык лекторийлер уюштуруу ж.б. Буларда жүргүзүлгөн иштер ар түрдүү болушу ыктымал. Мисалы, лекциялар, семинарлар, диспуттар, суроо—жооп кечелери, жолугушуулар ж.б..Бирок көпчулук мектептерде бул иштер анда—санда отчет үчүн өткөрүлөөрүн эл билет.

Мектептеги бүт балдарды ийгиликтүү окутуп, туура тарбиялагысы келген мектеп жамааты ар бир үй—бүлөнүн, ар бир ата—

энени педагогика, психология илимдеринин минимумуна ээ кылуу га жетишүүсү ылазим. Бул жагдайда В.А. Сухомлинскийдин же текчилиги менен «Павлыш» орто мектебинде уюштурулган иш тажрыйба ар бир мектеп үчүн эң сонун үлгү боло алат. (28,37—38).

Педагогика баары үчүн—мугалимдер үчүн да, ата—энелер үчүн да зарыл илимге айланууга тийиш—деп эсептеп, В.А.Сухомлинский кийинкилер үчүн атайын педагогика жана психология илимдеринин мектебин уюштурган. Ал эми мектепке ата—энелер балдары окууга тартылаардан эки жыл илгери катыша башташкан. Ал окуу балдары толук мектепти бүтүргүчө улантылган. Бул мектептин угуучулары балдарынын жаш өзгөчөлүктөрүнө карай беш топко бөлүнүшкөн: 1. 5тен 7ге чейинки, балдардын ата—энелери, 2. 1—2—класстын, 3. 3—4—класстын, 4. 5—7—класстын, 5. 8—10—класстын окуучуларынын ата—энелери. Ар бир топ айына эки жолу окууга келишкен. Окутуу мектеп директору, завучтары жана билими күчтүү, тажрыйбалуу мугалимдердин лекция, аңгемелери түрүндө уюштурулган. Психология, педагогикадан алган назарияттык билимдерин ата—энелер балдарын тарбиялоонун күндөлүк амалиятында кеңири пайдаланышкан. Мектептин угуучуларынын программасы педагогика курсундагы тарбиянын бардык түрлөрүн, курак жаш психологиясын, инсандын (личность) психологиясын бүтүндөй камтып, 250 сааттык сабак тар өтүлгөн. Бул мугалим даярдоочу университеттер жана институттардагы назарияттык курстардан бир кыйла көп эле. Ата—энелерге терең психологиялык, педагогикалык системалуу билим бөрбей туруп, балдарга үй—бүлөлүк жана коомдук тарбия берүүнү жемиштүү уюштуруу чындыгында эле акылга гуура келбейт. (28,34—43).

АДАБИЯТТАР

1. Айтматов Ч. «Биринчи мугалим», «Ак кеме», «Кыямат» ж:б:
2: Амонашвили Ш.А. Обучение: Оценка. Отметка. М:1990
3. Беруни, Абу—р—Райхан Мухаммед Ибн Ахмед. Собрания для познания драгаценностей (минерология), М.,АПН ССР,1963
4. Бекембай Апыш Педагогика Ош—1993
5. Выготский Л.С.Собрание сочинений в 6 т. М.,1981—1984
6. Волков Г.Н. Чувашская народная педагогика, Чебоксары,1958
7. Гербарт И.Ф. Избранные педагогические сочинения, М.,1940
8. Жусуп Баласагын «Кут алчу билим», Фрунзе, 1989
9. Жеңижок. Фрунзе, 1982
10. Ибн Сина, Абу Али, Канон врачебной науки, Ташкент, «Фан», в 5 т.т. 1980—1982
11. Кабус—Наме, М.,иЛ. 1958
12. Кыргыздар 2 томдук, Бишкек, 1991.
13. Коменский Я.А. Избр.пед.соч. М., 1955, стр.161—376:
14: Ленин В.И. О воспитании и образовании М., 1973
15. Маркс К. и Энгельс Ф. О воспитании и образовании, В. 2.тт. М., 1978
16. Мурас, Фрунзе «Кыргызстан», 1990
17. Макаренко А.С. Соч. в 8 томах, М., 1983—1986. т.4
18. Манас 1—китеп, Фрунзе, 1958
19. Никитин Б.П. Первые уроки естественного воспитания, Лениздат, 1990.
20. Омар Хайям Трактаты, М.,1968.
21. Педагогикалык изденүү, Фрунзе, 1989
22. Педагогика сотрудничества «Учительская газета» 18—октябрь 1986г.
23. Песталоцци И.Г. Избранные педагогические сочинение в 2х т.М., 1981
24. Руссо Ж.Ж. Эмил. или о воспитании. Избранные произведения. Т.1 стр. 5455—748.
25. Спрингер С., Дейч Г.Левый мозг, правый мозг, М., 1983.
26. Солтоноев Т. Кызыл кыргыз тарыхы, Бишкек, 1993, 1—2—томдор.
27. Сухомлинский В.А. Избр. пед.соч. В 3х т., т.1:
28: Сухомлинский В.А. Т.2.
29. Сухомлинский В.А. Избр. пед. соч. в 3х т., т.3
30. Сыдыкбеков Т. «Көк асаба», Фрунзе, 1989.
31. Толстой Л.Н. Педагогические сочинения, М., 1953.
32. Токомбаев А. Тандалган чыгармалардын 3 томдук жыйнагы, Фрунзе, 1972
33. Ушинский К.Д.Избранные педагогические произведения, М., 1968
34. Януш Корчак Как любить детей, М., 1990.

МАЗМУНУ

Сөз башы

1—БАП

Тарбия жараянынын маңыз мааниси жана мыйзам ченемдүүлүктөрү 6
Тарбия назарияты жөнүндөгү ойлордун өнүгүшү 10
Тарбия жараянынын табиятынын таатаалдыгы 14
Тарбия жараянынын мыйзам ченемдүүлүктөрү 18
Өзүн-өзү тарбиялоо 26

2—БАП

Тарбия жараянынын жалпы усулдары 30
Үйрөтүү усулу 32
Көнүгүү усулу 34
Ишендирүү усулу 36
Аңгеме усулу 37
Үлгү көрсөтүү усулу 39
Балдардын турмуш тиричилигиндеги ишмердүүлүктөрүн уюштуруу усулу 39
Мактоо усулу 40
Жазалоо усулу 41

3—БАП

Мектептеги окуучулар жамааты 44
Окуучулар жамаатын уюштуруу принциптери 45
Класс—мектеп жамаатынын негизи 50
Перспективалуу багыт назарияты 52
Жамааттын калыптануу баскычтары 54

4—БАП

Окуучулардын дүйнөгө болгон илимий көз карашын калыптандыруу 56
Көз караш жөнүндө түшүнүк 56
Көз караштын структурасы, негизги белгилери 57
Окуучулардын акылын өстүрүп, көз карашын калыптандыруудагы окуулуктардын ролу 61
Көз караш жана акыл ишмердүүлүгү 66
Илимий көз караш жанан атеизм 67

5—БАП

Адеп—ахлак тарбиясы 67
Адеп—ахлактын тарыхий жана таптык мүнөзү 68
Адептүүлүктүн негизи 69
Адептүүлүк, ыймандуулуктардын башаты—жөнөкөй эле боорукердик 71

Адептүүлүк—жан дүйнөнүн байлыгы 72
Жыныстык тарбия 76

6—БАП

Саясий —идеялык, экологиялык жана укук тарбиялары 78
Саясий—идеялык тарбиянын мазмуну жана милдеттери 78
Экологиялык тарбия 84
Укук тарбиясы. Окуучулар кылмыш ишине баруусунун алдын алуу 86

7—БАП

Эмгек тарбиясы жана сарамжалдуулукка үйрөтүү 88
Эмгек—тарбиянын эң күчтүү каражаты катары 88
Өндүрүмдүү эмгекти окутуу менен айкалыштыруу 89
Эмгек тарбиясынын системасы жана принциптери 91
Мектептеги эмгек тарбиясынын милдеттери 94
Кол эмгеги—техникалык ой жүгүртүүнүн негизи 95
Эмгек тарбиясынын усулдары 95
Эмгектин адамды жаратуучу касиети 96
Экономикалык маалымат берүү жана сарамжалдуулукка тарбиялоо 99

8—БАП

Эстетикалык тарбия 100
Эстетикалык тарбиянын мазмуну, максаты жана милдеттери 100
Эстетикалык тарбиянын каражаттары 101
Эстетикалык тарбиянын системасы жана принциптери 106
Эстетикалык тарбия берүүдөгү окуулуктардын ролу 107

9—БАП

Дене тарбиясы 112
Дене тарбиясы жөнүндөгү окуунун өнүгүү динамикасы 112
Дене тарбиясынын мазмуну, максаты жана милдеттери 115
Физкультура сабагындагы дене тарбия 116
Туристтик жүрүш 118
Күч эмгеги жана дене тарбиясы 119
Балдардын бош убактысы жана дене тарбиясы 120

10—БАП

Үй—бүлөдө балдарды тарбиялоо 123
Үй—бүлөдө балдарды туура тарбиялоо шарттары 128
Ата—эненин кадыр баркы жана үлгүсү 130
Үй—бүлөдөгү режимдин ролу. Мектеп, коомчулук менен бирге иштөө 134
Адабияттар 136

окуу басылма

Бекембай АПЫШ

Теория воспитания

(учебних)

Тарбия назарияты

(окуу китеби)

Редактору Аскар Чукутаевич **КАКЕЕВ**

Сүрөтүн тарткан Мухтар Зулпукарович **ИСМАИЛОВ**

Тех редактору Махарам **ГАЗИЕВА**

Корректору Аписа **ЧОКМОРОВА**

Арип терүүчү Гүлсара **МАТЖАКЫПОВА**

Терүүгө 4.05.96-ж берилди. Басууга 7.09.96-ж кол коюлду. Форматы 60x84 1/16, 8,75 басма табак буюртма № 4138 Нускасы 30000 Келишим баада.

Ош шаары, облустук басмаканасы, Курманжан датка көчөсү № 209